**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**А. А. АЛТМЫШБАЕВ атындагы ФИЛОСОФИЯ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш Д 09. 22. 657

Кол жазма укугунда

**УДК: 172.1:930. 1(575.2)(04)**

**Нусубалиева Елиза Шамшарбековна**

# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАШТАРЫНЫН «ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛУК » ТҮШҮНҮГҮНӨ ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

09.00.11 – социалдык философия

Философия илимдеринин доктору
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
диссертация

Бишкек - 2024

**ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН СТУДЕНТ ЖАШТАРЫНЫН "ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮНӨ" ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ**


**КИРИШҮҮ**.........................................................................................................3

**БАП 1. ЖАШТАРДЫН ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ**

**1.1.**Идентгүүлүк феноменин изилдөөгө жалпы философиялык-теориялык негиздер.........................................................................................................15

**1.2.**"Кыргыз Жараны"концепциясынын философиялык - методологиялык негиздери.........................................................................................................42

**1.3.**Этнос, улут, эл, жаран, жарандык идентификация түшүнүктөрүнө философиялык анализ……………………………………………………………………65

**1.4.Диний иденттүүлүк жана анын жарандык иденттүүлүктү калыптандыруудагы ролу......................................................................80**

**БАП 2. ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК БИРДИКТҮҮ СТРУКТУРА КАТАРЫ**

**2.1.** Жарандык иденттүүлүктүн структуралык компоненттери (когнитивдик,эмоционалдык-баалоочу, аксиологиялык, ишмердик компоненттери).........................................................................................118

**2.2.** Студент жаштардын жарандык иденттүүлүгү: коомдун заманбап социалдык-маданий трансформациясынын маанилүү элементи

катары.........................................................................................................134

**2.3.** Кыргызстанда жалпы жарандык идентүүлүктү калыптандыруу контекстиндеги этникалык жана диний факторлордун

катышы.........................................................................................................152

**БАП 3. СТУДЕНТ ЖАШТАРДЫН ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН КОНЦЕПТУАЛДЫК НЕГИЗДЕРИ**

**3.1.** Студент жаштар өзгөчө социалдык феномен

катары.........................................................................................................170

**3.2.** Жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруудагы мамлекеттик бийликтин ролу.........................................................................................181

**3.3.** Жогорку билим берүү системасында студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу модели..................................................185

**БАП 4. "КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ" КОНЦЕПЦИЯСЫ: ИШКЕ АШЫРУУ ТАЖРЫЙБАСЫ, КЕЛЕЧЕГИ ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨРҮ**

**4.1.** Кыргызстандын ЖОЖдорунда студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун көйгөйлөрүн концептуалдык чечүү.................................203

**4.2.** Азыркы Кыргызстандын шарттарындагы Кыргыз Жараны Концепциясынын ишке ашыруу тажрыйбасы.................................................219

**КОРУТУНДУ**…………………………………………………………….223

**АДАБИЯТ**……………………………………………………………….228

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

## Диссертациянын темасынын актуалдуулугу

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы көп улуттуу жана көп конфессиялуу мамлекет болуп саналат. Бул контекстте мамлекет башчысынын 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү Концепциясы жарлыгы жарандык жана социалдыкк жоопкерчиликти мындан ары жогорулатуунун натыйжалуу куралы болуп калат.

Кыргыз Республикасындагы Кыргыз жараны – жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү концепциясы Кыргыз Республикасындагы элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо боюнча ишке ашырылып жаткан Улуттук өнүктүрүү стратегиясынын бир бөлүгү болуп саналат жана Кыргыз жараны – жарандык иденттүүлүктү Кыргыз Республикасынын бардык жарандарын бириктирүүчү жарандык иденттүүлүк катары курууга карата мамилени алдыга коет.

Кыргыз Республикасынын 2040-жылга карата келечегинин жалпы картинасы ар түрдүү маданий, этникалык, диний каада-салттарга ээ болгон эл ийгиликтүү жана өнүккөн мамлекетти курууга умтулуусу менен бириккен өлкө катары берилген. Жарандык иденттүүлүк өлкөнүн эгемендүүлүгүн жана анын жыргалчылыгын чыңдоонун негизин түзөт. Эркин, ийгиликтүү жарандар чынчылдык, адилеттүүлүк, өзү, үй-бүлөсү жана өлкөсү үчүн жоопкерчилик принциптери менен жашашат.

Стратегиялык документтердин, анын ичинде 2018-2040-жылдарга Улуттук өнүктүрүү стратегиясынын кабыл алынышы коомду жалпы улуттук максаттардын айланасында консолидациялоого жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бекем пайдубалына айлантууга мүмкүндүк берди, ал эми жарандык иденттүүлүк өлкөнүн эгемендүүлүгүн жана анын бакубаттуулугун чыңдоонун негизин түзөт.

Концепцияга байланыштуу Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу өлкөбүздү мекендеген элдердин мындан аркы өнүгүүсүнүн, ар

кандай заманбап коом үчүн абдан зарыл болгон туруктуулукту, улуттар аралык жана конфессиялар аралык тынчтыкты камсыз кыла ала турган өнүгүүнүн негизги шарттарынын жана багыттарынын бири экендигин баса белгилей кетүү керек. Бирок, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун өзү өтө татаал иш экенин жана ага иш жүзүндө жетишүүнү жөнөкөй декларация, жакшы тилектер, атүгүл улуттар аралык жана конфессиялар аралык тынчтыкты сактоо зарылчылыгы менен камсыз кылуу мүмкүн эмес экенин эстен чыгарбоо керек, ошону менен бирге ар кандай заманбап көп улуттуу жана көп конфессиялуу коом тышкы күчтөрдүн оюнунун курмандыгы болуп калышы мүмкүн экендигин да айта кетели.

Жарандык иденттүүлүктүн бардык башка формаларынын – уруулук, этникалык, улуттук, диний ж.б. ичинен өзүнө иденттүүлүктүн бир нече формаларынын камтуу менен, чындыгында эң татаал жана ошого жараша туруксуз келет жана ага жетишүү да кыйынга турат.

Салттуу калыптанып калган баалуулуктар системасын, бекемдеп калган көз караштарды жана жүрүм-турум стереотиптерин бузуу, дүйнө таанымдык ориентирлерди жоготуу шартында, “идентификация кризисинин” шартында өзүн-өзү аныктоого аргасыз болгон өз алдынча, активдүү жана атаандаштыкка жөндөмдүү инсан чындык болуп чыгат. Мамлекеттин келечегинин негизи болуп саналган жаш, калыптанып келе жаткан инсан үчүн өзүн-өзү аныктоо жана социалдашуу процесси айрыкча татаал болот.

Социалдык өзгөрүүлөр өзгөрүп жаткан коомдо жаштардын социалдык ролуна жана функциясына байланышкан көйгөйлөрдү изилдөөгө түрткү берет. Саясий системанын жана бийлик түзүмдөрүнүн алмашышы, экономикалык реформалар жана коомдун башка маданияттарга ачык болушу менен байланышкан маданий процесстер коомго жана жаштарга эбегейсиз зор таасирин тийгизди. Жаштардын басымдуу бөлүгү коом ээ болгон экономикалык жана саясий эркиндиктерди олуттуу баалуулук катары кабыл алат, бирок ошол эле учурда алар жүргүзүлүп жаткан реформалардын социалдык кесепеттерин ачык эле четке кагышат.

Калктын олуттуу бөлүгүнүн жашоо деңгээлинин төмөндөшү, кылмыштуулуктун өсүшү, саясий жана экономикалык коллизиялар, терроризм, маданий шок, моралдык жана нравалык принциптердин жоголушу – мына ушул факторлордун бардыгы жаштардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна, социалдаштыруунун позитивдүү негиздерин бурмалоо жана жок кылуу менен таасирин тийгизет. Буга байланыштуу болуп жаткан социалдашуудан четтөө жаштарга конструктивдүү социалдык байланыштарды жана мамилелерди, баалуулуктарды жана нормаларды сактап калууга жана кайра өндүрүүгө тоскоол болууда.

Жаштар өлкөдөгү кылмыштуулуктун деңгээлине, коррупцияга жана кылмышкерлердин таасири күчөп баратканына катуу кабатырлануударын билдиришүүдө, бирок ошол эле учурда криминалдык чөйрө барган сайын социалдык нормаларды көбүрөөк буйруп келет. Жүрүм-турумдун референттүү моделдерин жана үлгүлөрүн тандоо алардын мыйзамдуулугу менен эмес, жашоодо ийгиликке жетүү үчүн алар канчалык технологиялуу жана натыйжалуу экендиги менен шартталган. Конструктивдүү инновациялык нормаларды жана баалуулуктарды кабыл алуу менен бирге деструктивдүү мүнөздөгү социалдык жүрүм-турумдун үлгүлөрүн өздөштүрүү жүрөт.

Азыркы коомдун көп маданияттуу талаасын өздөштүрүү менен жаштар улуттук тарыхтын жана маданияттын баалуулугун жана маанисин вербалдык таанышат, бирок иш жүзүндө алар бул предметтер боюнча билиминин төмөн деңгээлин көрсөтүп, массалык маданияттын примитивдүү стандарттарын жетекчиликке алышат. Буга параллелдүү «душман» образынын ар кандай терс проекцияларына негизделген этномаданий иденттүүлүктүн жогорку деңгээли байкалат.

Коом башынан өткөргөн курч социалдык көйгөйлөр мамлекет, өлкө жаштар үчүн терминалдык баалуулук болбой калышына алып келди.

Жаш муундун жарандык иденттүүлүгүнүн ушул жана башка карама-каршылыктарын изилдөө зарыл. Изилдөөнүн актуалдуулугун жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууну изилдөөгө концептуалдык

ыкмаларды иштеп чыгуу зарылдыгы да ырастайт.

Коомдогу жаштарды идентификациялоо көйгөйүнүн ар түрдүү аспектилерин жана чектерин чагылдырган теориялык концепцияларды жана практикалык илимий иштелмелерди талдоо бул эмгекте айтылган маселени изилдөө үчүн белгилүү бир теориялык жана методологиялык өбөлгөлөр катары белгиленди айтууга мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда жаштарды социалдаштыруунун, социалдык жана маданий идентификациялоонун заманбап теорияларынын алкагында аларды жарандык идентификациялоо маселеси иш жүзүндө каралбайт. Албетте, системалык кризистин басымы астында өзгөрүлмөлүү, кыймылдуу социумда социалдык реалдуулук жарандык иденттүүлүктүн ишке ашуусу үчүн жаңы параметрлерди жана талааларды жаратат, алардын негизинде жаңы социалдык практикалар калыптанат. Бул коомдук практикалар барган сайын коомдук кайра жаралуунун негизине айланууда.

**Диссертациянын темасынын билим берүү жана илимий мекемелерде жүргүзүлгөн приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен болгон байланышы**. 2021-жылы 2021-2026-жылдар аралыгында «Кыргыз жараны» – Кыргыз Республикасында жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү Концепциясы, Кыргыз Республикасында 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы жана 2021-2026-жылдарга «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясы» менен тыгыз байланышып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тармактык илимий программасына жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун тематикалык планына кирет.

Кыргызстан жарандарынын – Кыргыз жараны бирдиктүү коомчулугун түзүүгө багытталган.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**

Изилдөөнүн максаты жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу жана анын негизинде жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн абалын жана динамикасын иликтөө болуп саналат.

Бул максатты ишке ашыруу төмөнкүдөй милдеттерди коюуну жана чечүүнү шарттайт:

1. жаштардын жарандык иденттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык-философиялык негиздерин аныктоо; азыркы социалдык-философиялык ойлордун контекстинде жарандык иденттүүлүк көйгөйүнө карата негизги изилдөөчүлүк мамилелерди карап чыгуу; жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн абалын жана динамикасын белгилөө;
2. жарандык иденттүүлүктүн генезиси жана мазмуну тууралуу илимий көз караштар контексинде «жарандык иденттүүлүк» дефинициясын, анын мазмунуна жана түзүмүнө, калыптандыруунун өзөктүк негиздерине өзгөчө көңүл буруу менен, тактоо.
3. изилдөөнүн методологиялык негиздерин ачыктоо менен жарандык иденттүүлүктүн баалуулук-ченемдик негиздеринин мүнөздөмөсүн аныктоо; жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн объективдүү жана субъективдүү негиздеринин айкалышын талдоо; жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн негизги тенденцияларын аныктоо.
4. студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруудагы мамлекеттик бийликтин ролун изилдөө; жарандык иденттүүлүктүн түзүмдүк жана мазмундук мүнөздөмөлөрүн ачуу; студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун мыйзамченемдүүлүктөрүн аныктоо;
5. изилдөөнүн алкагында жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн моделин иштеп чыгуу жана инструменталдык моделин конструкциялоо; глобалдаштыруу, “иденттүүлүктөрдүн кагылышы” процесстерин, азыркы мезгилдин альтернативалык моделдерин табуу контекстинде маданияттардын диалогун карап чыгуу; жарандык иденттүүлүктүн интегративдик маңызын жана анын түптөлүшүнүнө карата

интегративдик мамилени ачуу;

6. жарандык коом жана анын саясий туруктуулугунун инсандын калыптанган жарандык иденттүүлүгүнөн көз карандылыгын талдоо; студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун көйгөйлөрүн концептуалдык чечүү маселелерин аныктоо; студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун объективдүү процессинин жөндөгүчү (регулятору) катары мамлекеттин ролу; азыркы жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун стратегиялык концепциясына негиздеме берүү.

**Изилдөөнүн илимий гипотезасы:** Баалуулукка багытталган ишмердүүлүктө студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу төмөнкү иштер аткарылган учурда жүзөгө ашырылат:

– инсандын иденттүүлүгүнүн маңыздык-мазмундук мүнөздөмөсүн тарыхый ретроспективаны эске алуу менен ачуу;

– инсандын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун модели түзүү жана апробациялоо;

– үзгүлтүксүз билим берүү системасында этномаданий социалдаштыруу процессинде инсандын жарандык идентүүлүгүн калыптандырууну технологиялык камсыздоону иштеп чыгуу жана кийирүү;

– коомдо бекемделген укуктар жана милдеттемелерди аңдап түшүнүүнү, жарандык коом тууралуу билимдердин диапазонун, демократиялык жүрүм-турумдун ыкмаларын кеңейтүүнү аныктоочу көйгөйлүк-баалуулукка багытталган талкуулардын ар кандай түрлөрүнө студенттерди кызыктырып тартуу иштерин аткаруу;

– студенттердин субъекттик позициясын активдештирүү жана жоопкерчиликтүү жарандык жүрүм-турум тажрыйбасын топтоону камсыз кылуучу полимаданий-жарандык, жарандык-аксиологиялык жана жарандык-партисипативдик кырдаалдардын топтомун жүзөгө ашыруу.

Студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышы мамлекеттик жаштар жана билим берүү саясатын жүзөгө ашырууда эске алынуучу кыргыз коомунун социалдык-маданий трансформация кырдаалындагы өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө, түзүмүнө, мазмунуна, мыйзам ченемдүүлүктөрүнө, өнүгүү практикасына ээ.

Жаштардын жарандык иденттүүлүгү жаштардын социалдык интеграциясынын жана социалдык кайра жаралуусунун комплекстүү көйгөйү

катары азырынча өзүнчө изилдөө предмети болуп чыга элек. Азыркы Кыргызстанда жаштардын жарандык иденттүүлүгүн изилдөөгө арналган изилдөөлөр жок, жарандык иденттүүлүк жөнүндө маселе концептуалдуу түрдө учурда коюла элек.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн комплексттүү изилдөөгө багытталган милдеттердин жыйындысы менен аныкталат. Ал жарандык иденттүүлүктүн жана муундардын ишмердүүлүгүнүн түзүмүн жана айрым аспектилерин калыптандыруунун өз ара көз карандылыгы жана өз ара шартталышы жөнүндө теориялык жобого негизделет жана төмөнкүдөй чагылдырылат:

1. жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн талдоонун негизинде бул категорияны жана анын түзүмдүк компоненттерин изилдөө үчүн маанилүү аныктама такталды;
2. жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда мамлекеттик бийликтин ролу аныкталды;
3. инсандык жарандык иденттүүлүгүнүн: когнитивдик, эмоционалдык, аксеологиялык, аракеттик (жүрүм-турум) компоненттери сыяктуу мазмундук компоненттери аныкталды;
4. көп маданияттуу коомдо студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун комплекстүү механизми ачылды;
5. Студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышынын өзгөчөлүктөрү аныкталды.

Коомдук-саясий мейкиндиктеги өзгөрүүлөр мамлекеттүүлүктүн ийгиликтүү келечеги үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон: жалпы туруксуздук жана социалдык-маданий трансформация мезгилинде жаш муундун жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу процесси кандай болушу керек? деген суроого жооп берүүнү талап кылат, ошондуктан, биринчи кезекте, аталган процессти ийгиликтүү ишке ашыруунун теориялык-методологиялык негиздерин аныктоо керек.

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси**, эң алды менен, иште изилденген көйгөйлөрдү чечүүнүн сунушталган варианттарында чагылдырылган. Аларга мамлекеттик бийлик органдары тигил же бул чараларды кабыл алууда жана студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууга, калктын этностук жана жарандык иденттүүлүк көйгөйлөрүн жоюуга багытталган программаларды иштеп чыгууда кайрыла алышат. Алынган натыйжалар этностук чыр-чатактардын жана сепаратисттик тенденциялардын пайда болушун чечүү жана алдын алуу ишинде, ошондой эле мамлекеттик жаштар саясатын жүргүзүүдө жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу боюнча улуттук стратегияларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн дисциплиналар аралык мүнөзү анын материалдарын жана теориялык натыйжаларын илимдин ар кандай тармактарында жана ар кандай предметтер боюнча окуу программаларында: философияда, психологияда, педагогикада, этникалык конфликтологияда, этикада колдонууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле, алар заманбап глобалдаштыруу процесстерин изилдөө боюнча, иденттүүлүк маселелери боюнча, этика боюнча, ошондой эле жалпы эле мамлекеттик жаштар саясаты боюнча атайын курстарды иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого сунушталган жоболор:**

1. Жарандык иденттүүлүк – бул жарандык идентификациянын натыйжасы, башкача айтканда, индивид таандык болгон жарандык жалпылыкка мүнөздүү ченемдерди, идеалдарды, баалуулуктарды, ролдорду жана моралдык сапаттарды инсан тарабынан кабыл алуу жана өздөштүрүү процесси. Социалдык иденттүүлүктүн бир түрү катары жарандык иденттүүлүктүн түзүмдүк компоненттери: когнитивдик, эмоционалдык, баалуулук, жана иш-аракеттик (жүрүм-турум). Калктын консолидациясы жана тилектештиги көйгөйү өзгөчө актуалдуулукка ээ болгон трансформацияланып жаткан коомдор үчүн жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу процессинде баалуулукка багыт алуу

жана руханий баалуулук катары атуулдук (мекенчилдик) негизги ролду ойнойт.

2. Мульти маданий мамиле-ыкманын алкагында каралып жаткан «кыргыз жараны» жаңы жарандык иденттүүлүк жергиликтүү, локалдык (этностук, диний ж. б.) иденттүүлүктөр менен бирге жанаша жүрүү менен кыргызстандык коомду консолидациялоонун механизми болуп саналат.
3. Жарандык иденттүүлүк социалдык иденттүүлүктүн түзүмдүк компонентин жана когнитивдик жана эмоционалдык деңгээлдеги тиешелүү социалдык топтор менен субъекттин өзүн-өзү аныктоо, окшоштуруу процессинин натыйжасын билдирет. Жарандык иденттүүлүк инсандын (топтун) өзүн бардык социомаданий өлчөмдөрдө коом менен байланыштыруусунун натыйжасы болуп саналат, анын натыйжасында индивид өзүн мамлекет, коом, өлкө менен идентификациялайт, өзүн «өзүбүздүкүлөр» жана «башкалар» топтору менен байланыштыруунун бекемделген көз караштарынын, критерийлеринин жана параметрлеринин жыйындысын түзүү болуп калат.
4. Жаштардын жарандык иденттүүлүгүн жана позициясын калыптандыруу өлкө үчүн сыймыктануу сезиминен түздөн-түз көз каранды болот. Жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча башкы багыттар болуп төмөнкүлөр саналат: «кыргыз жараны» категориясын мазмундуу эмоционалдык-когнитивдик жана социалдык-саясий толуктоолорун өнүктүрүү; негизги жарандык укуктарды, милдеттерди жана ролдорду өздөштүрүү; жарандык жана топтор аралык идентификациялоонун артыкчылыктарын орду-орду менен коюу; өлкөнүн өнүгүү кызыкчылыктарына кошулуу; коомго жана мамлекетке карата субъективдик активдүүлүктүн маанилүүлүгүн жогорулатуу.
5. Кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруудагы кыйынчылыктар жана көйгөйлөр жарандардын негизги саясий жана

мамлекеттик институттарга ишениминин төмөн деңгээли, социалдаштыруучу таасир көрсөтүүнүн жөнгө салынган механизмдеринин жана жарандыкты калыптандыруунун так, анык саясатынын жоктугу менен шартталган.

6. Азыркы этапта жарандык иденттүүлүктү бекемдөө максатында студент жаштарды социалдаштыруу процессин оптималдаштыруунун негизги шарты мамлекеттик өнүгүүнүн баалуулуктары жана максаттары жөнүндө коомдук түшүнүктөрдү калыптандыруу саясатын мамлекет тарабынан ишке ашыруу болуп саналат.
7. Студент жаштарды социалдаштыруу процессинде жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу көйгөйлөрүн саясий элитанын кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө гана чектеп киргизүүгө болбойт. Саясий социалдаштыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн бийликтин көпчүлүк институттарына ишенбөөчүлүктүн даражасы өтө жогорку деңгээлге жеткендиктен, мамлекет башка коомдук институттардын социалдаштыруучу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүшү керек.
8. Студенттердин жарандык иденттүүлүгү негизги атаандаш иденттүүлүк – этникалык иденттүүлүк менен айкалыштырылышы мүмкүн, бирок тең салмаксыз болушу да мүмкүн. Тигил да, бул да иденттүүлүк гиперболизацияланган түрдө конфронтациялык болууга жөндөмдүү.
9. Студенттердин жарандык жана диний иденттүүлүгү бири-бирине карама-каршы келбейт, тескерисинче алар бири-бирин толуктап турат.
10. Иденттүүлүккө социалдык топтор да, ошондой эле айрым индивиддер да ээ болушат, ошол эле учурда алардын айрым аспектилери бири-бирин толуктап турган бир нече иденттүүлүккө ( улуттук, маданий, диний ж.б.) ээ болушат. Иденттүүлүктөрдү тандоо алардын «кагылышуусуна» эмес, «цивилизациялардын кагылышуусуна» эмес, глобалдык жана өз ара көз каранды келген дүйнөнүн маданий көп түрдүүлүгүн таанууга негизделген ар кандай улуттук иденттүүлүктөрдүн өз ара

аракеттенүүсүнө алып келиши керек, анда адамдар, улуттар өздөрүн жергиликтүү коомдорунун гана эмес, бүтүндөй адамзаттын бир бөлүгү катары сезиши керек.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** Негизги тыянактар жана жоболор жарандык иденттүүлүктү, анын мазмундук компоненттерин жана айрым аспектилерин талдоо жаатындагы теориялык-методологиялык жана практикалык түшүнүктөрдү, көз караштарды тереңдетүү үчүн, ошондой эле азыркы Кыргызстандын жарандык идентификациялоо процессинин алкагындагы ишмердүүлүктүн институционалдык мамилелерин, ченемдик базасын жана практикасын өркүндөтүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

Алынган жыйынтыктар ушул тематикадагы илимий эмгектерди жазууда да керектелиши мүмкүн, айрыкча диссертацияда кайрылган айрым темалар өзүнчө дагы өз алдынча изилдөө багыттары катары андан ары кылдат иштеп чыгууну талап кылат.

**Изилдөө натыйжаларын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн үстүндө иштөө процессинде илимий изилденүүлөрдүн аралык натыйжалары автор изилденүүчү теманын айрым аспектилерин ачууга арнаган бир катар макалаларда чагылдырылган. Изилдөөнүн жыйынтык-натыйжалары боюнча эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда Кыргыз Республикасында (2012-2024), Россия Федерациясында (2023-2024), Украинада (2023), АКШда ( 2024) макалалар жарыяланып, талкууланып, жактырылган. И. Арабаев атындагы КМУнун студенттери менен иштөөдө колдонулду.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылуусунун толуктугу**

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу негизделет, көйгөйдүн иштелип чыгуу даражасы каралат, аны изилдөөгө карата негизги ыкмалар талданат, объект, предмет аныкталат, гипотеза түзүлөт, изилдөөнүн милдеттери жана максаты коюлат, изилдөөнүн жаңылыгы, коргоого алып чыгуучу жоболор ачылат, иштин теориялык-методологиялык жана маалыматтык базалары баяндалат.

# БАП 1.

# ЖАШТАРДЫН ЖАРАНДЫК ИДЕНТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-ФИЛОСОФИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ

## 1.1. Иденттүүлүк феноменин изилдөөгө жалпы теориялык-философиялык негиздер

Акыркы ондогон жылдар аралыгында иденттүүлүктү изилдөөгө карата кызыгуулар улам өсүп барат. Бул топтордун иденттүүлүгү аркылуу азыркы жашоонун алгылыктуу белгилери, коомдун абалы, социалдык жана этникалык топтордо изилденгендиги менен байланыштуу. Жарандык иденттүүлүктүн абалы – коом изилденип жаткан призма гана эмес, ошондой эле адамдарды мобилизациялоонун, алардын тилектештигинин маанилүү фактору катары каралат.

Дал ошондуктан акыркы убактарда мамлекеттик бийликтин институттары, саясий багыттардын лидерлери сыяктуу эле, алар кызыкдар болгон баалуулуктарга карата туруктуу идентүүлүктү калыптандырууга кызыкдар болуп келишет.

Жаштар, алардын арасында социалдык-гуманитардык профилдеги ЖОЖдордун жана факультеттердин студент жаштары коомдук аң-сезимдин абалын божомолдоону түзүүгө мүмкүндүк берүүчү изилдене турган топ болуп саналат. Студент жаштардын жарандык жана этникалык иденттүүлүгүндөгү чыныгы тренддерди аныктоо иденттүүлүктөрдүн мазмунундагы тенденциялар тууралуу кеп кылуу үчүн гана эмес, ошондой эле алар өздөрү кийин болочок муундун өздүк аң-сезимин калыптандырууга катышат тургандыгы менен маанилүү.

Иденттүүлүктү изилдөө - инсандык жана социалдык иденттүүлүктү изилдөө – анын мазмунун, калыптандыруу механизмдерин, функцияларын изилдөө ар кайсы дисциплиналардын илимпоздорун – философторду, педагогдорду, психологдорду, социологдорду, , антропологдорду кызыктырып келген.

«Иденттүүлүк» термини 1970-жж. ортосунда коомдук илимдерде кеңири жайылтылган. Олуттуу салымды психолог Э.Эриксон кошкон, анын ысымы менен бул түшүнүктүн пайда болушун да байланыштырышат. Иденттүүлүк маселесин ал расалык жана социалдык кескин айырмалар, мигранттардын калың толкуну орун алган кырдаалдардагы – 1940-50-жж. АКШ үчүн стратегиялык деп атаган.

Психосоциалдык иденттүүлүктү Эриксон коом менен инсандын ортосундагы өз ара аракеттердин продуктусу катары түшүнгөн, анын үстүнө ал жетилген инсан үчүн мүнөздүү, анын өзүн-өзү иденттүүлөштүрүүсү социалдык түзүмдөргө интеграцияга умтулуу менен синтезделет.Ал индивидуалдык тажрыйбанын деңгээлинде иденттүүлүктүн бир нече элементтерин бөлүп көрсөткөн:

- иденттүүлүк сезими – бул инсандык окшоштуктун (иденттүүлүктүн) жана инсандын тарыхый үзгүлтүксүздүгү сезими;

- идентүүлүктү аңдоо эки байкоого негизделген: биринчиден, өзүн идентүү катары кабыл алуу жана убакыт жана мейкиндикте өзүнүн жашоосунун үзгүлтүксүздүгүн аңдоо; экинчиден – ошол идентүүлүктү жана үзгүлтүксүздүктү башкалар тааный турган фактыны түшүнүү;

- идентүүлүк сезими жаш курактын жогорулашы жана инсандын өнүгүшүнө жараша күчтөнөт, себеби адам баласы башынан өткөргөн күндөрдүн, өзүнүн келечеги тууралуу божомолдорун, өзүнө карата башкалардын күтүүлөрүн кантип кабыл ала тургандыгынын ортосундагы өз ара байланыштарды сезет [219, 220].

Ошентип, идентүүлүктүн өнүгүүсү биологиялык, социалдык жана эго-процесстердин өз ара аракеттеринде жүрөт. Адам баласынын жашоосунун ар кайсы этаптарында идентүүлүк ар кандай механизмдер менен калыптанат: ымыркай кезде болочок идентификациялар үчүн негизди интроекциянын жана проекциянын механизмдери даярдашат, жана алар эне менен баланын мамилелеринен көз каранды; андан соң бала кезде идентүүлүктүн калыптанышынын негизги механизми – маанилүү орду бар адамдар менен идентификация түзөт; өспүрүм куракта инсандык психосоциалдык идентүүлүктүн калыптанышы башталат.

Бала кездеги идентификациялар кийин жок болуп, башкалар кабыл алынат, идентүүлүк андан ары эки карама-каршылыктуу тенденциялардын таасири алдында өнүгөт; бир жагынан, биологиялык жана социалдык өзгөрүүлөр идентүүлүктүн дайыма түрүн өзгөртүүсүн талап кылат; экинчи жагынан, идентүүлүк сезимин жоготуу ар кандай терс абалдарга, жада калса депрессияларга жана өзүнө-өзү кол салууга чейин алып барышы мүмкүн, ошондуктан адам баласы дайыма идентүүлүк сезимин сактап жана кармап турушу керек. [219 ]

Окумуштуу Эриксонго идентификациялоодогу идеологиянын мааниси тууралуу маселени коюу таандык – анын баамында идеология идентификациялоонун куралынын ролун аткарат (Миддин «жалпыланган досунун» аналогу). Инсандын идентүүлүгүнүн кризистери түшүнүгү жана алардын коомдун кризистери менен байланыштары тууралуу тыянак да Э.Эриксонго таандык.

Инсандык идентүүлүгүнүн кризистери коомдун кризистеринин дооруна жаңы идентүүлүктүн элементтерин түзүүнүн баштапкы чекити катары кызмат

кылат, ошондуктан иденттүүлүктү дайыма убакыттын – тарыхый, саясий ж.б. убакыттын контекстинде кароо зарыл.

Буга чейин кеп инсандын иденттүүлүгү туурасында болгон. Топко карата иденттүүлүктү изилдөө когнитивизмдин алкагында социалдык психологдор Г. Тэжфел жана Дж. Тернер [22, 23] тарабынан башталган.

Иденттүүлүк, алардын пикирине ылайык, жүрүм-турумду жөнгө салуучу, когнитивдик системаны («Мен-концепциясын») билдирет, жана эки подсистеманы камтыйт: инсандык жана социалдык иденттүүлүк.

Инсандык иденттүүлүк инсандын физикалык, интеллектуалдык жана адеп-ахлактык белгилери боюнча терминдердеги инсандын өзүн-өзү аныктоосун камтыйт.

Социалдык иденттүүлүк «Мен-образынын» аспекттеринен келип чыгат, алар болсо өзүн белгилүү бир социалдык топтун (жынысы, классы ж.б.) мүчөсү катары аңдоодон улам келип чыгат. Социалдык иденттүүлүк үчүн өзүн-өзү категориялаштыруунун үч деңгээли маанилүү:

1) өзүн адам баласы катары категориялаштыруу;

2) топтук өзүн-өзү категориялаштыруу – социалдык иденттүүлүк;

3) инсандык өзүн-өзү категориялаштыруу – инсандык иденттүүлүк.

Топтук өзүн-өзү категориялаштырууну күчөтүүчү факторлор индивидуалдуу өзүн-өзү кабылдоону деперсонализациялашат, башкача айтканда, социалдык категориялаштыруу операцияларынын индивид тарабынан колдонуунун натыйжасында, өзүнүн жана өзүнүн эмес топтордун ортосундагы айырмалар айрыкча байкала баштаган учурларда, социалдык иденттүүлүк инсандык иденттүүлүктүн үстүнөн басымдуулук кыла баштайт, жана индивид эки топтун позициясынан улам аракет кыла баштайт.

Өзүн кайсыл бир топко кошуу менен индивид аны терс гана оң жагынан баалоого умтулбастан, ошондой эле өзүнүн пайдасына карата («интоптук фаворитизм» феномени) баалоого умтулат, ошону менен позитивдүү иденттүүлүккө жетишет, мындан тышкары, топко тиешелүүлүк эмоционалдуу боектуулукка ээ болот.

Эгер коом индивид таандык болгон топту негативдүү бааласа, индивидде терс иденттүүлүктү калыптандырышы ыктымал, бул учурда индивид топтон чыгып кетүү, же болбосо анын макамын жогорулатуу аракеттерин көрөт.

Классикалык социологияда (М.Вебер, Э.Дюркгейм, Г.Зиммель, К.Маркс) коом жана индивиддин мамилелери маселеси коомдун өнүгүшүнүн объективдүү жана жалпы мыйзамченемдүүлүктөрдүн контекстинде каралган.

Буга ылайык индивид – адамдардын ортосундагы өзгөрүлүүчү мамилелердин продуктусу, анын иденттүүлүгү социалдык-экономикалык мамилелер, маданияттын ченемдери, басымдуулук кылган баалуулуктар системасы тарабынан такталат.

Иденттүүлүк маселеси символикалык интеракционизмдин алкагында Дж. Г.Мид, Ч.Х.Кули тарабынан, ошондой эле психоаналитикалык салттар алкагында индивидуалдуу инсандык иденттүүлүктү калыптандыруу З.Фрейд , Э.Фромм,К.Хорни, К.-Г. Юнг тарабынан каралган, алардын эмгектеринде жаштардын иденттүүлүк маселелери да камтылган [201, 202,222].

Социалдык иденттүүлүк концепциясы когнитивдик психологиянын алкагында таризделген. Биздин изилдөө темабыз үчүн төмөнкү авторлордун эмгектери өзгөчө мааниге ээ:Дж.Дэвис, С.Московичи, Дж.Тернер, Р.Тернер, Г. Тэжфел, Э.Эриксон алардын мамилелерине ылайык иденттүүлүк бир катар маанилүү параметрлер боюнча өзүнүн тобун башка топтор менен салыштыруунун логикалык операциялары аркылуу аныкталат.

Ошондой эле контексттик негизде жарандык иденттүүлүктү калыптандыруудагы идеологиянын мааниси каралган.

Адам баласы өзүнүн жашоо-турмушунун активдүү субъекти катары - П.Бурдьенин теориясындагы социалдык иденттүүлүктүн маселелерин карап чыгуунун предмети [47]. Иденттүүлүк маселелери постмодерндин теорияларындагы борбордук маселелердин бири болуп саналат (З.Бауман, У.Бек, И.Валлерстайн, Д.Келлнер, Дж.Фридман, Э.Хобсбаум ж.б.).

Мамлекеттик-жарандык иденттүүлүк, этникалык иденттүүлүк боюнча изилдөөлөр Л.М.Дробижева, С.В.Рыжова, У.Солдатова тарабынан жүзөгө

ашырылган [21, 170, 181]. Акыркы жылдары бул маселеге А.Г.Здравомыслов, М.Ф.Черныш кайрылышкан [106,213]. Этникалык иденттүүлүктү изилдөөгө карата психологиялык мамилелер Т.Г.Стефаненко ж.б. кайрылышкан [185].

Азыркы убакта жаштардын баалуулуктарынын багыттуулугун тарбиялоо жана калыптандыруу процессин социомаданий детерминациялоо маселелерин изилдөөлөрдү В.С.Боровик, А.Э.Воскобойников, Ю.А.Зубок, Н.С.Кожеурова, Л.А.Микешина, К.Т.Мяло, С.Г.Спасибенко ж.б. сыяктуу окумуштуулар алектенишкен. Азыркы жаштардын иденттүүлүгү социалдаштыруу процесси аркылуу каралган, айрыкча, П.И.Бабочкин, Ю.Г.Волков, О.И.Даниленко, С.П.Иваненков, И.М.Ильинский, О.Д.Маслобоева, Л.Ф.Новицкая, Г.Г.Силласте, А.К.Уледовдор ушул өңүттөн карашкан.

Г.Брейкуэллдин ою боюнча инсандык жана социалдык иденттүүлүк өнүгүү процессиндеги бөлүктөр эмес, ар кандай чекиттер болуп саналышат. социалдык иденттүүлүктүн жана социалдык ролдордун категориялары инсандык иденттүүлүктүн түзүмүн (өзүн-өзү сүрөттөө үчүн колдонулуучу мүнөздөмөлөрдүн топтому) жана референттик топ тарабынан ошол түзүмдү баалоону камсыз кылат.

Иденттүүлүктүн түзүмүндө Брейкуэлл төмөнкүдөй компоненттерди бөлүп көрсөтөт:

1) биологиялык организм, анын социалдык контекст менен өз ара аракеттешүүсүнүн продуктусу иденттүүлүк болуп саналат;
2) мазмундук өлчөм, ал индивиддин өзүн-өзү сүрөттөөсүнүн бардык мүнөздөмөлөрүн камтыйт;

3) баалуулук өлчөм, мазмундук мүнөздөмөлөрдү баалоону камтыйт; бул баалоолорду индивид социалдык ченемдерден жана баалуулуктардан улам өзүнө каттайт;

4) субъективдүү убакыт, иденттүүлүк өнүгө турган убакыт. Ошентип, иденттүүлүктүн түзүлүшү өзгөрүлмөлүү, динамикалуу жана социалдык контекстке жооп берүүчү катары берилет [10].

Иденттүүлүктү топтор аралык конфликттин натыйжасы катары бихевиористтер, айрыкча, М.Шериф караган. Бул багыттын окумуштуулары топтор

аралык конфликттерден индивиддердин ортосундагы мамилелерди эмес, конфликттер көйгөйүн социалдык деңгээлге чыгаруу менен, топтор аралык мамиле-катыштардын функциясын көрүшөт.

Д.Кэмпбеллдин оюу боюнча конфликт атаандаштык мамилелери жана башка топ тарабынан коркунучтарды күтүүлөр менен шартталган. Бул өз учурунда, коркунучтун булагына карата кастыкты, топ ичиндеги тилектештиктин көбөйүшүн, топтук ченемдердин айланасындагы ири консолидацияланууну, аларды бузгандыгы үчүн репрессиялардын көбөйүшүн шарттайт [10].

Ошентип, иденттүүлүк теориясына психологиядан жана социалдык психологиядан бул феномендин маанилүү мүнөздөмөлөрү алынып келинген.

П.Бергер жана Т.Лукман, коомду объективдүү жана субъективдүү чындык катары кароо менен, иденттүүлүк субъективдүү чындыктын өзөктүү элементи болуп санала тургандыгын жана «индивид менен коомдун диалектикалык өз ара байланышынан» келип чыккандыгын баса белгилейт.

Индивид өзү дүйнөдө көрө алат жана ошол эле убакта аны объективдүү чындык катары кабыл алат. Алгачкы социалдашуу процессинде инсандык иденттүүлүк бекемделет, экинчи жолку социалдашуу процессинде - социалдык иденттүүлүк түптөлөт.

Социалдашуу процесси эмгек жөнөкөй бөлүнгөн жана билимдер минималдуу бөлүштүрүлгөн коомдордо максималдуу ийгиликтүү болуп саналат, мындай коомдордо өзүн-өзү аныктоо маселелери жаралбайт. Билимдерди жайылтууга жана коомдун татаалданышынын өсүшүнө жараша ийгиликсиз социалдашуу барган сайын көбүрөөк байкалууда [10].

Иденттүүлүк темасы структуралык функционализмде да чагылдырылган. Т.Парсонс иденттүүлүктү индивиддин коомдогу абалынын өз ара байланышкан эки аспектисине тиешелүү деген ойду айткан.

Биринчиси – бул адам баласы иш-аракет кылган системаны билүү, анын ченемдерин түшүнүү.

Экинчиси – ошол ченемдик мейкиндиктеги индивиддин өзүн-өзү аныктоо маселеси.

Жекече идентүүлүк – бул коддордун системасы, анын алкагында инсандык маанилер символдоштурулат жана аракет кылууга карата жетекчилик колдонмо болуп чыгат.

Р.Мертон боюнча адам баласынын идентүүлүгү рефлексивдик топко карата мамиле боюнча калыптанат, анын үстүнө индивид ал топко тиешеси жок болушу да мүмкүн, ал үчүн жеткиликсиз, же болбосо ойдон чыгарылган болушу ыктымал.

Идентүүлүктүн азыркы теориялары классикалык мамилелерди сындашат, алсак, П.Бурдье объективдүүлүк мамилеге габитус теориясын өнүктүрүү менен, социотүзүмдүк мамилени карама-каршы коет.

*Габитус – жашоонун белгилүү бир шарттарында өздөштүрүлгөн бекем ийкемдүү система; габитус бир эле учурда продукт жана жекече жана жаматтык практикалардын жаратуучусу.* Окшош габитустардын негизинде коомдун түзүлүшү дайыма жанданып турат. Ошентип, индивид габитус боюнча – габитусту сактоо жана коргоо үчүн адамдар менен идентификацияланат.

Жогоруда биз биздин мезгилдеги идентүүлүктүн маанисин иллюстрациялоо үчүн З.Баумандын цитатасын келтирип өттүк [30]. Социалдык идентүүлүктү айрыкча, анын трансформацияларын изилдөө модернизмдеги жана постмодернизмдеги борбордук көйгөйлөрдүн бири болуп жаткандыгы мыйзамченемдүү көрүнүш.

Идентүүлүк эми глобалдаштыруу, салттуулуктан оолак болуу, модерндин ордуна постмодерндин келиши, үзгүлтүксүз өзгөрүүлөр жана тобокелдиктердин жогорулашы процесстеринин контекстинде талкуланууда. Бауман боюнча идентүүлүк – модернизмди ойлоп табуу, ал эми постмодерн доорунда индивид үчүн көйгөй топ алдындагы милдеттемелерден баш тартуу жана тандоо эркиндигин, аныксыздыкты талдоодо жатат.

Д.Келлнер, модернисттик жана постмодернисттик идентүүлүктү айырмалоо менен, идентүүлүктү өндүрүш тармагынан керектөө жана көңүл ачуу тармагына калыптандырууда акцепттин өткөндүгүн баса белгилейт [18].

Ю. Хабермас өзүнүн «идентүүлүк тең салмактуулугу» концепциясында инсандык жана социалдык идентүүлүктү эки өлчөм катары, алардын тең

салмактуулугунун ортосунда Мен-иденттүүлүгү жаралгандыгын карап чыккан.

Инсандык иденттүүлүк – вертикалык өлчөм, ал адамдын жашоо тарыхынын байланышын камсыз кылат. Социалдык иденттүүлүк – горизонталдык өлчөм, ал адам баласы таандык болгон бардык колдук системаларда аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн берет [27].

Иденттүүлүктүн мобилизациялык потенциалын, иденттүүлүк саясатын изилдөөлөр акыркы жылдары кеңири жайылтыла баштады.

Алсак, А.Смит иденттүүлүктүн ар кандай түрлөрүн топторду мобилизациялоого потенциалдуу жөндөмдүү катары карайт. Смиттин пикири боюнча диний жана этникалык иденттүүлүк ири потенциалга ээ.

Орус изилдөөчүлөрү иденттүүлүк маселелерине 1990-жж. башында – коомдун радикалдык трансформациялануу доорунда, социалдык-саясий деңгээлдеги жалпы иденттүүлүк маселеси совет адамынын иденттүүлүгүн жоготуунун натыйжасында, ошондой эле ошол учурдун этникалык чакырыктарынан улам өзгөчө мааниге ээ болгон учурда кайрылышкан. Социалдык иденттүүлүк маселелери социалдык психологдор тарабынан да (Абульханова-Славская К. А., Андреева Г. М., Шихирев П. Н.), жана социологдор тарабынан да (Кон И. С, Ядов В, А.) иштелип чыккан.

Алсак, И.Кон инсандын социалдашуусунун, өзүн-өзү түшүнүүнүн маселелерин, социалдык иденттүүлүктүн калыптанышынын маданий-тарыхый тенденцияларын, жаш курактык кризистерди изилдеген.

Жарандык иденттүүлүк тарыхый жактан калыптанат жана анын «коомдук чөйрөсүнүн» калыптануу даражасына карабастан ар кандай коомдо орун алат. *Ар бир коом жарандык иденттүүлүктүн спецификалык касиеттери менен мүнөздөлөт, алардын калыптанышына туруктуу социалдык-маданий өзгөчөлүктөр, саясий, улуттук, диний, экономикалык, маданий жана башка өзгөчөлүктөр, тарыхый жактан калыптанган менталитет таасир этет.*

Жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн ошол социумга жалпы инструменталдык жана түпкү максаттарга жана баалуулуктарга, анын ичинде

өлкө, мамлекет, мекен сыяктуу баалуулук комплекстери аркылуу биригүү менен интеграциялоо ниети турат. Эң алды менен, социалдык-саясий өзгөрүүлөр доорунда мамлекеттүүлүктүн жаңы формаларын издөөнүн, жарандардын милдеттерин мамлекетке жана мамлекеттин функцияларын өзүнүн жарандарына карата өзгөртүүнүн зарылчылыгы жөнүндө маселе көтөрүлүп турганда жарандыктын, жарандык иденттүүлүктүн жана жарандардын мамлекеттеги укуктарынын жана эркиндиктеринин көйгөйлөрү актуалдуу болуп чыгат.

Жарандык иденттүүлүк феномени – индивид үчүн өтө маанилүү болгон адамдын тигил же бул мамлекеттин жарандарынын коомчулугуна таандык экендигин, өлкөнүн социалдык жана саясий турмушуна катышуусун аңдап билүү; жамааттык субъект катары жарандык иденттүүлүктү мүнөздөгөн жарандык коомчулуктун белгисине негизделет.

Иденттүүлүк түшүнүк катары окшоштукту, бирдейликти билдирет. Бүгүнкү күндө индивидуалдык иденттүүлүктүн кризисин, аны менен бирге жамааттык кризисти да байкоого болот. Бул көптөгөн күнүмдүк нормалардын кыйрашынан, жалпы жана жеке деңгээлдеги коммуникациядагы жана социалдык өз ара аракеттенүүдөгү айырмачылыктардан улам жүрөт.

Бул мезгилде полииденттүүлүк менен мүнөздөлгөн, башкача айтканда бүдөмүк инсандык деп аталган, аң-сезиминин чачырандылыгы менен мүнөздөлгөн жана алар ким деген суроого жооп бере албаган көптөгөн индивиддер пайда боло баштады.

Ааламдашуунун кысымы астында адамдын да, ошондой эле бүтүндөй этностук топтордун да өзүн-өзү идентификациялоо сезимдери азыр күмөн жаратууда, мурунку салттарда калыптанган иденттүүлүктүн салттуу нормаларынын бузулушу байкалууда. Бул көйгөй, айрыкча, этникалык жана диний топтордун өкүлдөрү арасында өзгөчө курч сезилет. Жалпы биригүү менен “мен” салттуу сезими басаңдап барат.

Чынында жарандык идентификациянын үзгүлтүккө учурашы орун алды, мында кеткендер жаңысы менен компенсацияланышы керек. Мындай өтүүнүн

жоктугу тынчсызданууу жана түшүнбөстүк сезимин пайда кылат, ал обочолонуунун жана жабыктуулуктун күчөшү менен коштолуп, маданий салттарды жана жүрүм-турум нормаларын локалдаштырууга кайтууга себеп болот.

*Азыркы дүйнөдө инсан бир нече түрдүү социалдык иденттүүлүктөргө ээ.*

*Статустардагы жана ролдордогу айырмачылыктар, менчик жана бийлик мамилелери, эмгекти коомдук бөлүштүрүү, ресурстар үчүн күрөш, маданияттардагы айырмачылыктар, ошондой эле топтордун жашоосунун жалпы шарттарына, тактап айтканда, башка топтордун таламдарынан айырмаланган кызыкчылыктарга негизделген түрдүү топтордун калыптанышы негиз катары чыгышы мүмкүн.*

*Жагдайга, убакытка жана ордуна жараша социалдык иденттүүлүктөрдүн иерархиясы өзгөрүшү мүмкүн.*

*Көпчүлүк учурларда жарандык коомго таандык болуу жеке аң-сезимдүү чечим менен эмес, берилген – жагдайлардын эрки (жашаган жери, туулган жери) менен аныкталат.*

*Натыйжада, индивид бул топту сырттан ыйгарылган катары кабыл алат, демек, жаран өзүнүн социалдык ролуна дайыма эле оң баа бере бербейт.*

*Ошентип, адамдын өзүнүн жарандыгын кабыл алуу векторунун багыты жарандык иденттүүлүктү терс же оң багытта кабыл алуусунан түздөн-түз көз каранды.*

*Жүргүзүлгөн изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине ылайык, бул иште социалдык иденттүүлүктүн жарандык иденттүүлүк сыяктуу түрүнө көңүл борбору бурулган.*

Л.М. Дробижева жарандык иденттүүлүктү аныктоонун эки жолу бар деген тыянакка келет.

*Биринчисине ылайык, бул аныктамага күнүмдүк лоялдуулук жана тилектештик, мамлекетти өзүнүкү катары таануу, бир элге таандык болуу сезими катары аныктаса болот.*

*Экинчи ыкма изилдөөлөрдүн, кроссмаданий салыштырма изилдөөлөрдүн натыйжаларына негизделет, жарандык иденттүүлүктү төмөнкү параметрлер менен өлчөйт: мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн аракеттенүүгө даяр болуу, өлкөдөгү иштер үчүн жоопкерчилик, тилектештикти билдирүү, коомдук акцияларга катышуу, айланадагыларга ишеним артуу [69].*

Кыргызстандын окумуштуулары жарандык иденттүүлүктүн түптөлүшүнүн жана калыптанышынын төмөнкүдөй факторлорун белгилешет:

-  мифтерде, уламыштарда жана символдордо кайрадан жаралган бул жамааттын бар экендигин тамырлаш жана мыйзамдаштыруучу жалпы тарыхы (жалпы тагдыр);
-  жарандык коомчулуктун өзүнүн аталышы;
-  баарлашуу каражаты жана жалпы маанилерди жана баалуулуктарды өнүктүрүүнүн шарты болгон жалпы тил;
-  жамааттын ичиндеги мамилелердин негизги принциптерин жана анын институционалдык түзүмүн бекиткен, биргелешип жашоонун белгилүү тажрыйбасына негизделген жалпы (саясий, укуктук, экономикалык) маданият;
-  бул жамааттын, өзгөчө реалдуу саясий аракеттер менен байланышкан биргелешкен эмоционалдык абалын баштан кечирүү. ( шилтеме)

Е.А. Гришина жарандык иденттүүлүк эки компоненттен турат деп ырастайт: субъективдүү, ал индивид тарабынан салыштырмалуу өзүм билемдик менен; жана объективдүү формалдуу эмес – басымдуулук кылган маданий жана социалдык нормалар жана стандарттар менен жана формалдуу түрдө – мамлекет жана укук менен белгиленип түзүлөт.

Тиешелүү социалдык практиканы жүзөгө ашыруу аркылуу социалдык кайра өндүрүштү камсыз кылуу объективдүү жана субъективдүү компоненттердин катышы аркылуу жарандык иденттүүлүктүн бүтүндүгүнүн жана функционалдуулугунун даражасы менен аныкталат[66].

Мисалы, туруктуу коомдо объективдүү компонент, ал эми коомдо

социалдык-маданий баалуулуктар менен нормалардын түп-тамырынан бери өзгөрүшү болгон учурда субъективдүү компонент үстөмдүк кылат.

*«Жарандык иденттүүлүк» түшүнүгү «жарандык» түшүнүгү менен тыгыз байланышта болгону менен бирдей эмес. Жарандык белгилүү бир укуктардын, эркиндиктердин жана милдеттердин ээси катары индивиддин конкреттүү формалдык-укуктук статусун жана башка өлкөлөрдүн жарандарынан айырмасын көрсөтөт.*

Жарандык иденттүүлүк индивиддин өзүнүн тигил же бул өлкөнүн жарандарынын коомчулугуна таандык экендигин аңдап-түшүнүүсү, бул мамлекеттин саясий жана коомдук турмушуна катышуусу менен байланышкан. О.Э. Егоровдун ою боюнча, жарандык коомчулуктун белгиси жарандык иденттүүлүктүн негизин түзөт жана аны жамааттык субъект катары мүнөздөйт жана дал ушул аныктама социологиялык мааниге ээ.

**Жарандык идентификация** социалдык идентификациялоонун компоненти катары индивид мүчөсү болуп саналган жарандык коомго мүнөздүү идеалдарды, нормаларды, ролдорду, баалуулуктарды жана моралдык сапаттарды инсан тарабынан кабыл алуу жана өздөштүрүү процессин **билдирет.**

Бул процесстин натыйжасы жарандык иденттүүлүктүн пайда болушу, б.а. өзүн жаран катары аңдап-түшүнүү абалы. Жаран – бул «таандык болуу» менен белгиленген, так укуктарга жана милдеттерге эгедер, тигил же бул мамлекеттин субъекти болуп саналат.

Индустриалдык коомдун цивилизациясынын эволюциясынын жүрүшү менен коомдук түзүлүш дагы татаалдашты, коомдук мамилелер өзгөрдү, коомдук түзүлүштөгү инсандын ролу жогорулады. Жарандардын толук укуктарынын нормага айландырылышына, жалпы шайлоо укугунун киргизилишине байланыштуу жаран статусуна ээ боло баштаган адамдардын саны кеңейди.

*Жарандык жарандын өзүнүн белгилүү бир мамлекетке таандык экендигин аңдап-түшүнүүнүн мыйзамдуу укугун билдирет.* Ал жарандын

статусунун өбөлгөсү жана негизи болуп саналат. ***Жарандык – мамлекет менен инсандын ортосундагы мамилелердин белгилүү бир комплекси, адамдын мамлекет менен туруктуу укуктук байланышы, алардын өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы менен чагылдырылган адамдын мамлекетке таандыктыгы. (с)***

Т. Парсонстун концепциясы боюнча, азыркы социумда жарандык адамдардын жаңы типтеги социалдык мүчөлүгү катары салттуу коомго мүнөздүү жарандыктын ордуна келүүдө. Жарандыктын өнүгүшү үч этапты камтыйт: биринчи этапта, «укуктук же жарандык алкактар түзүлөт, жарандын укуктары аныкталат, аны коргоо мамлекеттин биринчи милдети болуп саналат»; экинчиси – «жарандардын коомдук иштерге катышуусун» билдирет; үчүнчү фаза – «жарандыктын социалдык компонентин өнүктүрүү, башкача айтканда, жарандык жана шайлоо укуктарын жакшыраак ишке ашыруу үчүн реалдуу шарттарды түзүү» [29].

М.А. Юшиндин ою боюнча, жарандык иденттүүлүктүн калыптанышынын механизмдери бар, б.а. инсандын мамлекетке карата инсандыгын, атуулдугун, инсандын жарандык сапаттарын, жарандык укуктарды пайдаланууга, жарандык милдеттерди аткарууга жөндөмдүүлүгүн жана даярдыгын калыптандырууга багытталган ырааттуу өз ара байланышкан ыкмалардын, аракеттердин жана айкалыштардын туруктуу системасы.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, изилдөөчүнүн пикиринде, мамлекеттин (жаштар саясатын ишке ашыруу аркылуу) жана жарандык коомдун жалпы милдети [225].

В.Ю. Журавлеванын изилдөөсүнө ылайык, өнүккөн мамлекеттер жарандарды идентификациялоонун кандайдыр бир чен-белгиси (критерийи) катары кызмат кылган, саясатка, улуттук коргонууга, экономикалык жана мамлекеттик институттардын иштешине коомчулуктун катышуусу үчүн моралдык негиз түзүүчү, ошондой эле өздүк кадыр-барк жана өзүн-өзү сыйлоо сезимдерин конкреттештирген, лоялдуулукту колдогон өзөктүү символикалык элементтердин белгилүү жыйындысына ээ.

Мамлекеттердин алдында ушундай символикалык идентификациялык катарды табуу көйгөйү турат, анын жардамы менен жарандар өздөрү жөнүндө өз ойлорун билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушмак. Саясий коомчулук бир нече ар кандай тилдик, диний жана этникалык топторду камтыган учурда жаңы жарандык иденттүүлүккө ээ болуунун оңой эмес процесси татаалдашат [225].

М.С. Тюрин жарандык иденттүүлүктүн калыптануу жана анын улуттук (этникалык) иденттүүлүк менен өз ара байланышын көйгөйүн бүткүл коомдук системанын трансформациялык процесстеринин шарттарында кароодо эки негизги ыкманы колдонууну сунуштайт. Биринчисине ылайык индивиддин өзүн-өзү аныктоосунун өзөгү анын улуттук идентификациясы болуп саналат, ал кийинчерээк коомдун турмушунун бардык тармактарынын модернизациялануу мезгилинде жарандыкты калыптандырат. Экинчиси, жарандык коомдун жетишээрлик өнүккөн шартында жарандык иденттүүлүк жеке (анын ичинде этникалык) деңгээлдерди жеңип, социалдык идентификациянын жогорку деңгээлине айланат дегенди билдирет [198].

Бирок реалдуу турмушта, иш жүзүндө жарандык иденттүүлүк социалдык жана маданий элементтердин белгилүү бир туруктуулугуна ээ.

Анын деңгээлдери маданияттын салттуу түрлөрү менен байланышкан, алардын туруктуулугу глобалдык дүйнөлүк процесстер менен конфронтацияга алып келет. Өзүнүн маданий, улуттук өзгөчөлүгү бар Кыргызстан үчүн азыркы ааламдашуу процесстери татаал сыноо болуп саналат, аны маданияттардын өз ара аракеттешүүсү жана алардын улантуучулугу аркылуу жеңүүгө болот. Жарандык иденттүүлүк боюнча изилдөөлөрдөгү аныктамалар;

Таблица 1.1.

| № | Изилдөөчүлөр | Аныктама |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |

| | | |
|---|---|---|
| 1. | А.Г. Асмолов [57] | индивиддин жалпы маданий негизде белгилүү бир мамлекеттин жарандарынын жамаатына жеке таандыктыгын аңдап билүүсү жана инсандык аңдап-түшүнүүсү. |
| 2. | Л.М. Дробижева | өзүн өлкөнүн жарандары, анын мамлекеттик-аймактык мейкиндиги менен окшоштуруу; мамлекет, коом, өлкө, Биз образы жөнүндө түшүнүктөр; мамлекеттеги кырдаал үчүн жалпылык, тилектештик, жоопкерчилик сезими. |
| 3. | А.А. Логинова | субъектинин өзүнүн мамлекетке таандыктыгын билүүгө, өзүн өлкөнүн жараны, жарандык коомдун активдүү жаратманы жана кайра түзүүчүсү катары түшүнүүгө мүмкүндүк берген жарандык жалпылык менен, анын баалуулуктары жана ченемдери менен өзүн салыштыра билүү жөндөмдүүлүгү. |
| 4. | А.Н. Махинин | өзүн-өзү аңдап билүүнүн, сезүүнүн, кабылдоонун, түшүнүүнүн жана инсандын өзүнүн аныктыгын жана үзгүлтүксүздүгүн кабылдоонун, интериоризациялоонун жана референттик-маанилүү субъекттер, социалдык институттар, жамааттар тарабынан трансляцияланган, социомаданий моделдин жүрүшүндө ишке ашыруусунун жол-жоболорунда чагылдырылуучу элемент. |
| 5 | Е.А. Гришина | социомаданий элементтерди (социомаданий баалуулуктарды, тилди, дүйнөнүн картинасын, менталдуулукту, нормотиптик жүрүм-турумду) интериоризациялоонун негизинде субъектти социум менен окшоштуруу. |
| 7 | Л. В. Байбородова, А. В. Репина | жарандык сапаттарды тарбиялоону аныктоочу интегративдик сапат. |

| | | |
|---|---|---|
| 8 | М. А. Юшин | жарандыктын болушу менен коштолгон милдеттерди аткарууга даярдыгында жана жөндөмдүүлүгүндө чагылдырылуучу инсандын жарандын статусуна окшоштугу. |
| 9 | В.В. Дьякова | субъектти жаран катары мүнөздөмөсү, ал таандык болгон жарандык топко мүнөздүү болгон ченемдерди, бекемделген көз караштарды, баалуулук багыттарын, ролдук функцияларды жана моралдык-нравалык сапаттарды түшүнүү жана өздөштүрүү учурунда аны белгилүү бир жарандык жалпылыктын мүчөсү катары түшүнүүнүн натыйжасы. |
| 10 | Н. В. Безгина | «Биз» тобун «Алар» тобуна карама-каршы коюунун маанилик ориентирлеринин жана түшүнүктөрүнүн жыйындысын түзүү үчүн кызмат кылган жеке сапаттардын, баалуулуктардын, ишенимдердин калыптанышын аныктаган, аны жарандардын жалпылыгы менен идентификациялоонун натыйжасы болгон инсандын субъективдүү сезими. |
| 11 | А.А.Николаева | субъекттин мамлекеттин мекендештеринин жамаатына саясий-укуктук таандыктыгын түшүнүүсүнүн натыйжасында калыптанган жана баалуулукка багытталган коомдук ишмердүүлүктө чагылдырылган интегративдик сапат. |
| 12 | Ю.А. Семенова | өзүн жарандык коомдун мүчөсү катары кабылдаган жана көрсөткөн, өзүн-өзү өзгөртүүлөрдүн жана социалдык кайра жаратуунун автору жана демилгечиси катары чыккан, өз эркиндигин өнүмдүү тескеп, тариздеген жана мамлекеттин белгилүү окуяларына жана башка адамдарга байланыштуу жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл алууну билген субъекттин сапаттарынын динамикалык системасы. |
| 13 | О.В. Болтыков | инсандын өзүнүн конкреттүү жамаатка таандыктыгын аңдап билүүсү, курчап турган чындыкка жана башка адамдарга таандыктыгы, катышы бардыгы, жарандык позициянын жана активдүү социалдык ишмердүүлүккө карата даярдыгынын чагылдырылышы. |

| | | |
|---|---|---|
| 14 | Е. В.Еремина, В. Н. Ретинская | инсандын жарандык жалпылыкка таандык экендигин аңдап-түшүнүүсүнүн когнитивдик, баалуулук жана эмоционалдык процессинин натыйжасы, ал жарандык жалпылыктын субъектисинин идентификациялык жүрүм-турумунун белгилүү тибинде жана жарандын жүрүм-турум моделин ал тарабынан кабыл алуусунда көрүнөт. |
| 15 | О. А. Коряковцева, Т. В. Бугайчук | белгилүү бир социалдык-саясий контекстте субъекттин тигил же бул мамлекеттик жалпылык менен байланышынын же бирдейлигинин аң-сезимдүү процесси. |
| 16 | С. Н.Голикова | инсандык өзүн-өзү аныктоосунун натыйжасына негизделүүчү жана жарандык билим берүүдөгү компетенттүүлүктү камсыз кылуучу, бекемделген көз караштарда жана мамилелерде чагылдырылган, мекендештер коомчулугуна тиешелүүлүгүн субъект тарабынан аңдап-түшүнүү, кабылдоо жана баалоо. |
| 17 | Н. В. Сафин | субъекттин өзүнүн жарандык таандыктыгын аңдап билүүсү, өзүнүн жарандык абалына жеке баа берүүсү, социумдун терс таасирлерине туруктуулукту камсыз кылуучу, жарандык компетенттүүлүктүн калыптанышына өбөлгө түзүүчү мамлекеттин жарандык баалуулуктарын алып жүрүүчү катары өзүн аңдап билүүсү. |
| 18 | М. Б. Хомяков | индивиддин негизги жарандык сапаттарынын болушун аныктоочу, жарандык абалдын туруктуулугунун моралдык шарты катары ишенимдин негизинде субъекттердин бири-бирине болгон белгилүү бир мамиле. |
| 19 | Е. Ю. Уварина | коомдун социалдык-саясий, экономикалык, улуттук-маданий, диний мүнөздөмөлөрүнүн таасири астында субъектти калыптандыруучу социалдык-психологиялык продукт. |

| | | |
|---|---|---|
| 20 | И.В. Конода | субъекттин саясий-укуктук компетенттүүлүгүн, саясий активдүүлүгүн, жарандык катышуусун, жарандык жалпылык сезимин мазмундуу интеграциялаган саясатка багытталган категория. |
| 21 | Р.Ю. Шикова | когнитивдик жана эмоционалдык деңгээлдердеги белгилүү социалдык жалпылыктар менен инсандын өзүн-өзү аныктоосунун натыйжасында аныкталган социалдык иденттүүлүктүн түзүмдүк компоненти. |
| 22 | А. С. Остроухова, Л.Г | субъекттин аң-сезиминде же белгилүү бир өлкөгө (мамлекетке) таандыктыгында чагылдырылган, оң же терс коннотация (эмоционалдык боек) жана тиешелүү жүрүм-турум формалары менен мүнөздөлгөн менталдык-когнитивдик феномен. |
| 23 | Н.Х. Мухтарова | инсандын коомго кошулуусунун маанилүү символдорун чагылдырган өзүн-өзү аңдоонун эң жогорку формасынын продуктусу, жаран катары өзүн-өзү түшүнүүнүн жана рефлексиянын натыйжасы. |
| 24 | О.Н. Жукова, Е.И. Шляпина | турмуштук тажрыйбанын уникалдуулугу жана кайталанбастыгы менен мүнөздөлгөн социалдык жана инсандык иденттүүлүккө кирген маданий-тарыхый феномен. |
| 25 | О.Н. Баева | цивилизациялык прогресстин жана тарыхтын субъектисинин социалдык аң-сезиминин цивилизациялык жүрүм-турум ыкмалары менен ишмердүүлүгүнүн катышы, ошол бүтүндүктүн аң-сезимдүү жалпы кызыкчылыктарынын негизинде иш-аракет кылууга даярдыгы менен чагылдырылган максаттуу өтө татаал феномен. |

| | | |
|---|---|---|
| 26 | Э.М. Дымов | социалдык процесстерде калыптанган, социалдык мамилелер тарабынан өзгөртүлүүчү, колдоого алынуучу, субъективдүү чындыктын негизги элементи. |
| 27 | И. Ф. Габидуллин | субъекттин өзүнүн өлкөгө, коомго жана мамлекетке, алардын укуктук, маданий жана тилдик мейкиндигине таандыктыгын аңдап-түшүнүүсү. |

Трансформацияланып жаткан коомдор үчүн патриоттук (атуулдук) жана жарандык баалуулуктарды аныктоо маселеси ачык бойдон калууда. Тарыхта жаңы жарандыкты аңдап-түшүнө биле албаган, белгилүү бир учурга чейин жаңы объективдүү чындыктын талаптарына жооп берген жарандык караштарга, пикирлерге ээ болбогон адамдар жашаган жаңы коомдор жана мамлекеттер пайда болгон учурларда (Австровенгер, Оттоман, Француз, Британ жана башка империялар) мамлекеттик түзүмдөрдүн кыйраган учурлары белгилүү. Бул көз караштан алганда, муундар аралык өз ара аракеттенүү жаңы мааниге ээ болуп чыгат. Эгерде коомдун кадыресе өнүгүү шарттарында бул мамилелердин объектиси болуп өсүп келе жаткан муун каралса, кризистик мезгилде бардык курактык генерациялар өзгөрүп жаткан шарттарга ылайык жаңы практикаларды жана тажрыйбаларды иштеп чыгуу көйгөйүнүн алдында турушат.

Психологиялык изилдөөнүн предмети болуу менен, иденттүүлүк төмөнкүдөй каралат, алсак:

- статикалык болуп саналган жана ички жана тышкы импульстарды тең салмактоочу динамикалык мотивациялык тенденцияларды камтыган инсандын шарттуу конструкциясы (И. Кон [64]);

- болмуштун топтолушу, ички позитивдүү негиз, өзөк, субъекттин

чыныгы жашоо-турмуш болмушу, системанын ичиндеги «башкы каарман, аракеттеги тарап» болуу чечими (Г. У. Солдатова [116]);

- «өз» тобунун конкреттүү социалдык-маданий чөйрөгө таандыктыгын аңдап билүү менен шартталган, жеке өзүн-өзү аныктоону оптималдаштыруунун, башкалардан обочолонуунун, өз автономиясын бекемдөөнүн багытын аныктаган башка социалдык объектилер менен салыштыруу процессинин натыйжасы (Т. Г. Стефаненко [118]);

- Мен-концепция, Мен-система же Мен-тажрыйба түшүнүктөрүндө ачылган жетилген (бойго жеткен) инсандын, инсандык жандыктын бүтүндүгүнүн, өзүнүн чындыгынын, башкаларга жана коомго биргелешип катышуусунун көрсөткүчү (Э. Эриксон [142]);

- коом менен ырааттуу жана карама-каршылыктуу эмес өз ара аракеттенүүдө индивиддин өнүгүшүн аныктоочу максаттуу багыттардын, бекемделип калган көз караштардын, ишенимдердин бүтүндүгү (К. В. Злоказов [45]);

- инсандын динамикалык касиети, ал өзүнүн «Мен»дигине толук окшоштугу жана «Мен»ден алыстоосу, б.а. эки уюлдуулуктун континууму болуп саналат; тышкы социум – дүйнөнүн жана аны курчап турган субъекттердин контекстине интеграцияланган өзүнүн өздүк образын дайыма тактоодо, түзүүдө, өркүндөтүүдө пайда болгон комплекстүү, ички түзүлүш (Г.И. Малейчук [79]);

- социалдашуунун жана индивидуалдаштыруунун бирдиктүү процесстеринин натыйжасында мейкиндикте жана убакытта инсандын өз алдынчалыгын аныктоочу муктаждыктарды, мотивдерди, жөндөмдөрдү, ынанымдарды, баалуулуктарды, бекемделип калган көз караштарды уюштуруунун татаал динамикалык системасы (С.Ф.Арутюнян [6]).

Педагогика илиминде «иденттүүлүк» түшүнүгү төмөнкүдөй маанилеринде каралат:

✓ индивиддин жүрүм-турум ыкмаларына, ой жүгүртүүсүнө, баалуулук багыттарына жана турмуштук маңыздарына таасир берүүчү

инсандын негизги маанилик борборлорунун бири (Н. Л. Иванова [47]);

- ✓ катышуу (англ. – identity, кийинки лат. – identicus), өзүндөн артык болгон нерсеге (үй-бүлө, достор, мектеп, Мекен, Аалам, Кудай) катыштыгы бар болуу [147-148, 153];
- ✓ субъекттин өзү үчүн маанилүү башкаларды бөлүп көрсөтүү аркылуу түзүлгөн өзүн «кандай болсо ошондой» түшүнүүсүнүн, кабылдоосунун натыйжасы (Д.В. Григорьев [31]);
- ✓ өткөндүн тажрыйбасынын, учурдун маалыматтарынын жана келечектеги күтүүлөрдүн негизинде ички жана тышкы таасирлердин таасири астында калыптануучу инсандын уникалдуу сапаты;
- ✓ физикалык жана психикалык «мен»дин үзгүлтүксүздүгүндө таанылган индивиддин «өз ичиндеги» ички макулдашуусу;
- ✓ индивид «коом», «класс», «улут» ж. б. сыяктуу социалдык категорияларга болгон өзүнүн мамилесин аныктоочу, өзүн-өзү таанытуунун символикалык каражаттардын жыйындысы (Е. П. Казанова [56]);
- ✓ инсан тарабынан иштелип чыккан антропо-образдардын жана үлгүлөрдүн өздөштүрүлгөн, модификацияланган жыйындысы менен берилген, индивид тарабынан тиешелүүлүгүнө жараша «меники», «мени чагылдырган», «мага карама-каршы келбеген» деген сыяктуу категорияланууучу жана сыртка жүзөгө ашырылуучу бүтүндүктүн жана карама-каршылыктуу эместиктин деңгээлинин айырмасын чагылдырган, өзүн-өзү таануунун динамикалык мүнөздөмөсү (М.В. Шакурова [136]).

А.В. Мудрик [86], В.Г. Бочарованын [18] социалдык-педагогикалык изилдөөлөрүндө субъекттин социалдашуусунун маанилүү көрсөткүчү катары иденттүүлүктү, анын түптөлүү жана калыптануу механизмдеринин социалдашуу жана тарбиялоо механизмдери менен айкалышуусун пайдалануу мүмкүнчүлүгү чагылдырылган. Иденттүүлүк субъекттин кайда,

качан жана ким менен байланышкандыгы менен гана эмес, ошондой эле ички аң-сезими, өзүн, башкаларды ички жан дүйнө менен билүүсү [53], курчап турган дүйнөнү таанып билүү активдүүлүгү жана билим берүү практикасында референттик-маанилүү адамдар тарабынан берилген ориентирлер, багыттар [156] менен аныкталат.

Иденттүүлүк төмөнкү инварианттык мүнөздөмөлөр менен берилет:

а) «өздөштүрүүчүлүгү» менен – башка жактардан өздүк «Мен» карата алынган реакция менен, инсан жөнүндө маалыматтардын булагы жана аны өнүктүрүүнүн зарыл каражаты катары иш алып барат;

б) сүрөттөөчү-ченемдик үлгүлөрдүн дифференциациясын эске алуу менен жалкыга жана жалпыланганга багыт алуу менен;

в) тандалмалуулугу менен – тышкы (жалпы кызыкчылыктары жана баалуулук багыттары бар адамдарга ориентация кылуу) жана ички (субъект өзүн угат);

г) адаптацияланыучулугу менен – тышкы таасирлерге ыңгайлашуунун жүрүшүндө жаңы тажрыйба алуу менен, алар өзүн-өзү аңдап билүүгө киргизилет, иденттүүлүктүн белгилерин, сектерин коррекциялайт;

д) мейкиндиктүүлүгү менен – өзүнүн айланасындагы мейкиндикти уюштурууда өзүнүн иденттүүлүгүн баса белгилөө менен;

е) аякталбагандыгы – иденттүүлүктүн өзгөрүлмөлүүлүгүн кабылдоо менен, аны сактоонун, бекемдөөнүн, ырастоонун зарылчылыгы менен (М.В. Шакурова [136]).

Демек, педагогикалык жана социалдык-педагогикалык изилдөөлөрдө бул термин өзүн курчап турган дүйнөгө оптималдуу репрезентациялоо, өзүн-өзү аңдап билүү чөйрөсүн өнүктүрүү контекстинде, инсандын өсүү, жетилүү процессинин ар кандай социалдык жана билим берүү маселелерин чечүү, атайын уюштурулганпедагогикалык тышкы башкаруу процессинде инсанды окутуу жана тарбиялоо, калыптандыруу жана бекемдөө, социалдаштыруу жана адаптациялоо процесстеринин алкагында иштелип чыккан (субъекттин өзү жөнүндө түшүнүгү, өзүн-өзү кабыл алуу, болгон сапаттарды

рефлексиялоо жана башка маанилүү сапаттар менен идентификациялоо [154]).

Социология жаатындагы адистердин көңүлү иденттүүлүктү төмөнкү контексттерде карап чыгууга багытталган (латын тилинин identicus деген сөзүнөн алынган, которгондо «ошол эле», «бирдей» дегенди билдирет):

- индивиддин өзүн башкалардан айырмаланган инсан катары таануусунун натыйжасы контекстинен (Социологиялык энциклопедиялык сөздүк [117]);

- белгилүү бир социалдык жалпылыкка сезимине, кабылдоосуна, тажрыйбасына, таандыктыгына (гендердик, куրактык, экономикалык, этностук, кесиптик ж. б.) ылайык инсандын мүнөздөмөсү контекстинен (В.А. Ядов [145]);

- ар түрдүү күтүүлөрдү тартипке келтирүү жана аларды өздүк индивидуалдуулукту сактоо менен айкалышта коомдук тартипке шайкеш келтирүү логикасындагы аңдап-түшүнүү ишинин процесси жана натыйжасы контекстинен (Х. Абельс [1, 72-бет]);

- инсандык, формалдуу эмес, түздөн-түз коммуникация процессинде пайда болгон жалпыланган интеракцияларды өз алдынча өзгөчө чагылдыруу контекстинен (Ч. Кули [133]);

- субъекттин өзүнүн жүрүм-турумун жана жашоосун таанып-билүү процесстеринин маанилүүлүгүнүн алкагында бүтүн бирдиктүү катары кабыл алуу жөндөмдүүлүгү, өзгөчө өз ара аракеттенүүнүн жүрүшүндө инсандык өзүн өнөктөштөрдүн көз карашы менен кабылдоого мүмкүндүк берген рефлексиялар, б.а. «башканын (өзгөнүн) социалдык ролун кабыл алууну» жүзөгө ашыруу контекстинен (Дж. Г. Мид [83]);

- конкреттүү социалдык-тарыхый контексттин алкагында субъект менен социумдун өз ара аракеттенүүсүнүн жүрүшүндө конструкциялануучу социалдык үлгүлөр, жалпылыктар, ролдор, түзүлүштөр, белгилер, сапаттар, ынанымдар, ишенимдер менен өз ара байланышта болуунун жана окшоштуруунун акыркы натыйжасына карата инсандын абалы контексинен

(С.В. Амирханова [4]).

Белгилей кетсек, социологиядагы «иденттүүлүк» түшүнүгү топтук өз ара мамилелер көйгөйү менен, инсандын социалдык ролун башкалардын кабылдоосу аркылуу аңдап билүүсү жана анын аткарылышынын тийиштүү ченемдик функционалын ишке ашыруу менен; социалдык чөйрөнүн трансформациялары менен шартталган, башкага окшошпогондук аркылуу өзүнүн «Мен»ин конструкциялоо менен байланышкан, шарттуу социалдык-детерминисттик конструкция катары иденттүүлүктүн өзгөрмөлүүлүгү менен байланышкан.

Ошентип, изилденүүчү дефинициянын мазмунун дисциплиналар аралык талдоо «иденттүүлүк» термини: социалдык өз ара аракеттенүүнүн жана социалдык-инсандык ишмердүүлүктүн (социумдун иденттүүлүгү) алкагында инсандын мүмкүн болгон репрезентацияларынын социомаданий шартталган, убакыт жана мейкиндик боюнча өзгөртүлгөн конгломератынын алкагында; курчаган чындыкка, башкаларга, өздүк «Мен»ге карата маңыздык-баалуулук мамилени аныктоочу, коомдук аң-сезимдин жыйынтыгы, жүрүм-турумду оно салууну жана жалпы эле турмуштук стратегияны конструкциялоону оптималдуу тандоого багытталгандык; адамдын жашоо-турмушунун туруктуулугун жана «Мен-башкалар (өзгөлөр)» теңдигиндеги «Мен-индивид» деген ынанымды кайра жаратууну аныктоочу ыйгарылган эрежелердин, ченемдердин, принциптердин, баалуулуктардын жыйындысы катары каралат деп айтууга мүмкүндүк берди.

- философиялык аспект (жарандык иденттүүлүк социалдык аң-сезимдин татаал комплексттүү кубулуш, маданий-тарыхый феномен, субъекттин өзүн коомдук болмуштун жараны катары аңдап билүүсүнүн процесси жана натыйжасы катары, т.а. социалдык капиталдын дефинициясы менен айкалышкан (социалдык биримдик жана өзүнүн жарандык укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн жарандын коомдук ресурстарды топтоосу), мамлекеттин жана коомдун өзгөрүп жаткан реалдуулуктарында жалпы адамзаттык баалуулуктарды жана жарандык жашоонун жаңы тажрыйбасын

ыйгарган өлкөнүн баалуулуктарына жана тарыхына тиешелүү каада-салт жана инновацияларды алып жүрүүчү-субъекттин жүрүм-турум ыкмаларын жүзөгө ашыруу менен байланышкан социалдык-маданий трансформациялардын шарттарындагы өзгөртүлүүчү категориялар түшүнүлөт);

- социологиялык аспект (жарандык иденттүүлүк субъекттин жарандык жалпылыкка таандыктыгын түшүнүүсү, социум менен, ар кандай социалдык ролдорду өздөштүрүүнүн негизинде социалдык топтор менен окшошуу, Ата Мекендин тагдыры үчүн жоопкерчилик, коомдук мамилелерди, ишенимдерди, социалдык бекемделип калган көз караштарды, ынанымдарды активдүү ыйгаруу контекстинде кыргыз коомунун социалдык структурасын кайра жаратууда өзүнүн ролун аңдап-түшүнүү, комдук ченемдерди, жарандык укуктарды жана милдеттерди ишке ашырууда компетенттүүлүктү жана жоопкерчиликти калыптандыруу, бийликтин коомдон обочорлонуусун минималдаштыруу катары каралат);

- саясий аспект (жарандык иденттүүлүк көп түрдүү категориялар – жарандык жалпылыктын негизги түзүүчү элементи, менталдык когнитивдик феномени, сясий социалдаштыруунун, улуттук-мамлекеттик конструкттун жыйынтыгы катары саясатка багытталган категория, б.а. субъектинин конкреттүү саясий же социомаданий жамаат менен бирдейлигин, коомдук-саясий мамилелер системасында өзүнүн ордун табуунун продуктуулугун, мамлекеттин ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо мүмкүнчүлүктөрүн актуалдаштырууну, жарандыктын болушу менен байланышкан милдеттерди активдүү жүзөгө ашырууну жана укуктарды пайдаланууну, саясий системанын негизги институту катары мамлекеттин жашоосуна жоопкерчиликтүү катышууну чагылдырган жарандык коомдун туруктуулугунун, социалдык жана саясий тең салмактуулугун сактоонун ачкычы катары бааланат);

- психологиялык аспект (жарандык иденттүүлүк көп түрдүү категорияларда берилген – социалдык-психологиялык продукт, өзүн-өзү

идентификациялоонун интегративдик сапаты, аң-сезимдүү жана аң-сезимсиз психологиялык түзүлүштөрдүн комплекси, жарандык коомго таандыктыгын жана жарандын социумдагы ролун инсандык жактан аңдап билүү, дүйнөгө жана айланадагыларга тиешелүүлүгү, жеке аң-сезимдин алкагында өздүк образдын маанилүүлүгүн кабылдоо, – инсандык сапаттарды, жарандык көз караштарды, дүйнө таанымды жана инсандык маңыздарды калыптандыруу үчүн, инсандар аралык идентицикациянын механизминин логикасындагы жеке-жамааттыктын оптималдуу катышы, инсандык потенциалдардын жана жеке ресурстардын жыйындысы катары иденттүүлүк капиталын топтоо, дүйнөнүн өзгөрүлүп жаткан реалияларында инсандын психологиялык туруктуулугун жана токтоолугун калыптандыруу үчүн зарыл болгон баалуулук ориентирлерин калыптандырууга багытталган);

- педагогикалык аспект (жарандык иденттүүлүк белгилүү бир курактык этапта субъекттин жашоо турмушунун үлгүлөрүнүн коомдук-легитимдүү системасына, ар кандай жамааттарга (билим берүү, маданий, социалдык, кесиптик, этникалык, чоңдор-балдар ж. б.), референттик маанилүү социалдаштыруу агенттеринин (үй-бүлө, мектеп, коом) ченемдик-баалуулук позицияларын, кыргыз улутунун баалуулуктарын жана жарандык коомдун маданий моделдерин трансляциялоонун негизинде өзүн-өзү таануунун элементи, инсандык жана жарандык өзүн-өзү аныктоонун жүрүшүндө пайда болгон интегративдик сапат катары аныкталган, коомдун жарандык турмушуна жигердүү киргизүү үчүн Кыргызстандын өткөн тарыхы, азыркы жашоосу жана келечегинин үзгүлтүксүздүгүнүн негизинде адамдын жарандык сапаттарын тарбиялоо катары аныкталган).

## 1.2. «Кыргыз Жараны» концепциясынын философиялык-методологиялык негиздери

Кыргыз Республикасынын алдында бүгүнкү күндө жарандык иденттүүлүктү бириктирүүчү коомдун туруктуу негиздерин калыптандыруу маселеси курч турат. Бул маселени чечүү глобалдык процесстерден гана эмес,

мурунку коомдун кыйрашынан улам келип чыккан иденттүүлүк кризисин шарттарында жүрөт. Азыркы учурдагы глобалдаштыруу шартында иденттүүлүктүн бир кездеги бекемделген бекем негиздери бузулуп барат.

Арийне, иденттүүлүктү калыптандыруу процессине мамлекеттик идеологиянын таасири гана басаңдабастан, ошондой эле үй-бүлөнүн, «бирдей кызыкчылык топторунун», этникалык маданияттын, диндин таасири да азайып барат. «Идеологиялык вакуум» жаралды, ал эми жаштар арасында ар кандай иденттүүлүк, анын ичинде диний фанатизм менен чектешкен иденттүүлүк калыптанууда. Улуу жана жаш муундардын ортосунда иденттүүлүктү түшүнүүдө муундар аралык айырмачылыктар бар.

Ошону менен бирге, карама-каршы тенденция да байкалат – динамикалуу, ыкчам өнүгүп жаткан дүйнөдө жашоонун ишенимдүү таянычын издөөдө адам топтук же таптык артыкчылык идеяларына, диндин догмаларына же сектанын окууларына, этно-архаикалык каада-салттарга же улутчулдук ураандарга кайрылат. Бул учурда тандалган иденттүүлүктү коргоо, социалдык-топтук, таптык, этникалык, диний, улуттук айырмачылыктарды алып жүрүүчүлөргө сабырсыздык менен мамиле кылуу социалдык чыр-чатактардын булагы болуп калат. Демек, глобалдашып жаткан дүйнөдө бири-биринен айырмаланган адамдардын зомбулуксуз, конструктивдүү өз ара аракеттенүү маселеси да өзгөчө мааниге ээ болот.

Мындай кризисти жеңүү жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу кыргыз мамлекетинин саясатынын маанилүү милдети катары жарыяланат. Мындай саясаттын негизги багыттары расмий документти – 2021-2026-жж. мезгилине Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны – жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү концепциясын кабыл алуу менен бекитилген (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 15-майындагы №124 Жарлыгынын редакциясында), ал документтин авторлору ырастагандай, 2013-2017-жж. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясынын логикалык уландысы болуп саналат. Концепция азыркы учурда ишке ашырылып жаткан

2018-2040-жж. Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы сыяктуу эле, өлкөнүн эгемендүүлүгүн жана анын бакубаттуулугун бекемдөө аракети менен бириккен маданий, этностук жана диний айырмачылыктарына карабастан, Кыргызстандын жарандарынын – Кыргыз жараны бирдиктүү коомчулугун түзүүгө багытталган.

Бирок, инсандын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу «жогору жактан» ишке ашырылып жатса, жарандык коомду өнүктүрүү мамлекет тарабынан демилгеленсе, de jure жаран эч качан de facto жаранга айлана албайт. Инсанга айланбайт. Азыркы Кыргыз Республикасында жаран жарандык укуктардын жана милдеттердин ээси, алып жүрүүчүсү болуп саналат, бирок жаран болуу деген эмнени билдирет жана кантип жаран болуу керек деген суроо жеке инсан үчүн ачык бойдон калууда. Маселе расмий документтердин философиялык-методологиялык негизинин, ошондой эле жарандык иденттүүлүк мейкиндигинде, өзгөчө кыргызстандык жаштарды тарбиялоо чөйрөсүндө болуп жаткан процесстердин социалдык-философиялык рефлексиясынын жоктугу менен да татаалдашууда.

Жарандык иденттүүлүктүн табиятын жана маңызын түшүнүүдө философиялык-методологиялык базаны иштеп чыгуу зарылдыгы анык. Мындай муктаждык айрыкча жаштарга жарандык билим жана тарбия берүү тармагында байкалат. Либералдык баалуулуктарга өтүү шартында социалдашуу үчүн жаш муунга мурунку муундардын билимдерин өткөрүп берүүнүн классикалык механизмдерине негизделген жарандык тарбиянын мурдагы баалуулук негиздери универсалдуу маңызын жоготту. Бирок, жарандык билим жана тарбия берүү системасынын жана жарандык сапаттарды калыптандыруунун жаңы негиздери али түзүлө элек.

Муну менен кыргызстандык жарандык иденттүүлүк чөйрөсүндө болуп жаткан процесстердин философиялык-методологиялык негиздерин жана социалдык-философиялык рефлексияны иштеп чыгуунун зарылдыгы аныкталат, бул дагы тандалган багытта илимий издөөнүн мыйзамдуулугун шарттайт.

Кыргызстандык жаштардын жарандык калыптанган көз караштарын жана сапаттарын калыптандыруунун социалдык параметрлерин изилдөө үчүн, арийне, эвристикалык мааниге ээ болгон социалдык-философиялык мамиле-ыкмалар жана философиялык-методологиялык негиздер изилденүүчү көйгөйдү жеке болмушту тышкы социалдык формалар менен байланыштырган социалдык детерминанттарды сүрөттөөгө карата редукцияга белгилүү бир даражада таасир этет, бул ушул параграфтагы изилдөөлөрдү актуалдаштырууну негиздемелейт.

Бул параграфтагы мындай изилдөөнүн максаты – жарандык иденттүүлүктү изиолдөөдөгү теориялык жана методологиялык мамиле-ыкмаларды жана көйгөйлөрдү жана анык коомдогу калыптануу факторлорун карап чыгуу.

Социалдык-философиялык илимде жарандык иденттүүлүк темасына өтө көп көңул бурулган. Жалпысынан индивиддин социалдык идентификациясы көйгөйү социалдык философтор, психологдор жана социологдор тарабынан изилденген.

Учурдагы ааламдашуу шартында иденттүүлүктүн бир кездеги бекем негиздери бузулуп бараткандай. Арийне, иденттүүлүктү калыптандыруу процессине мамлекеттик идеологиянын таасири гана азайбастан, ошондой эле үй-бүлөнүн, «кызыкчылыктар топторунун», этникалык маданияттын, диндин таасири да азайып барат. «Идеологиялык вакуум» пайда болуп, жаштар арасында ар кандай иденттүүлүк, анын ичинде диний фанатизм менен чектешкен иденттүүлүктөр калыптанууда. Улуу жана жаш муундардын ортосунда иденттүүлүктү түшүнүүдө муундар аралык айырмачылыктар бар.

Ошону менен бирге, карама-каршы тенденция да байкалат – динамикалуу, ыкчам өнүгүп жаткан дүйнөдө жашоонун ишенимдүү таянычын издөөдө адам баласы топтук же таптык артыкчылык идеяларына, диндин догмаларына же сектанын окууларына, этно-архаикалык салттарга же улутчулдук ураандарга кайрылат. Ошол эле убакта тандалган иденттүүлүктү

коргоо, социалдык-топтук, таптык, этникалык, диний, улуттук айырмачылыктарды алып жүрүүчүлөргө карата сабырсыздык сезимдери социалдык чыр-чатактардын булагы болуп чыгат. Демек, глобалдашкан дүйнөдө бири-биринен айырмаланган адамдардын зомбулуксуз, конструктивдүү өз ара аракеттенүү маселеси да өзгөчө мааниге ээ болот.

Мындай кризисти жеңүү жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу кыргыз мамлекетинин саясатынын маанилүү милдети катары жарыяланат. Мындай саясаттын негизги багыттары расмий документ – 2021-2026-жылдарда Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны – жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү концепциясын (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 15-майындагы УП №124 Указынын редакциясында) кабыл алуу менен бекитилген [1], ал документтин авторлору ырастагандай, бул 2013-2017-жж. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясынын логикалык уландысы болуп саналат [2]. Концепция, азыркы учурда ишке ашырылып жаткан 2018-2040-жж. Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы [3] сыяктуу эле, өлкөнүн эгемендүүлүгүн жана анын бакубаттуулугун бекемдөө аракети менен бириктирилген маданий, этностук жана диний айырмачылыктарга карабастан, Кыргызстандын жарандарынын – Кыргыз жаранынын бирдиктүү коомчулугун түзүүгө багытталган.

Бирок, инсандын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу «жогорудан» ишке ашырылса, жарандык коомду өнүктүрүү мамлекет тарабынан демилгеленсе, de jure жаран эч качан de facto жаранга айланбайт. Азыркы Кыргыз Республикасында жаран жарандык укуктардын жана милдеттердин алып жүрүүчүсү болуп саналат, бирок жаран болуу деген эмнени билдирет жана кантип жаран болуу керек деген суроо жеке инсан үчүн ачык бойдон калууда. Көйгөй расмий документтердин философиялык-методологиялык негизинин, ошондой эле жарандык иденттүүлүк мейкиндигинде, айрыкча кыргызстандык жаштарды тарбиялоо чөйрөсүндө болуп жаткан процесстердин социалдык-философиялык рефлексиясынын

жоктугу менен татаалдашып барат.

Жарандык иденттүүлүктүн табиятын жана маңызын түшүнүүдө философиялык-методологиялык базаны иштеп чыгуу зарылдыгы анык. Мындай муктаждык айрыкча жаштарды жарандык тарбиялоо тармагында ачык байкалат. Либералдык баалуулуктарга өтүү шартында жаш муунга социалдаштыруу үчүн мурунку муундарга билимдерди өткөрүп берүүнүн классикалык механизмдерине негизделген жарандык тарбиянын мурдагы баалуулук негиздери универсалдуулук маңызын жоготту. Бирок жарандык тарбиянын жана жана жарандык сапаттарды калыптандыруу системаларынын жаңы негиздери али түзүлө элек.

Муну менен кыргызстандык жарандык иденттүүлүк чөйрөсүндө болуп жаткан процесстердин философиялык-методологиялык негиздерин жана социалдык-философиялык рефлексиясын иштеп чыгуу зарылдыгы аныкталат, бул тандалган багытта илимий издөө жүргүзүүнүн мыйзамдуулугун шарттайт.

Кыргызстандык жаштардын жарандык бекемделген көз караштарын жана сапаттарын калыптандыруунун социалдык параметрлерин изилдөө үчүн эвристикалык мааниге ээ болгон социалдык-философиялык мамил-ыкмалар жана философиялык-методологиялык негиздер жеке болмушту тышкы социалдык формалар менен байланыштырган социалдык детерминанттарды сүрөттөөгө карата изилденүүчү көйгөйдүн редукциясына белгилүү бир өлчөмдө таасир этет, бул ушул изилдөөлөрдү актуалдаштырууну негиздүү кылат.

Мындай изилдөөнүн максаты – жарандык иденттүүлүктү жана анын коомдо калыптанышынын факторлорун изилдөөгө карата теориялык жана методологиялык мамиле-ыкмаларды жана көйгөйлөрдү карап чыгуу.

Жарандык иденттүүлүк темасына социалдык-философиялык илимде жетиштүү көңүл бурулуп келген. Жалпысынан алганда, индивиддин социалдык иденттүүлүк көйгөйлөрү социалдык философтор, психологдор жана социологдор тарабынан изилденип келген.

Азыркы гуманитардык илимдеги «иденттүүлүк» жана «жарандык иденттүүлүк» сыяктуу терминдер философтор, социологдор, психологдор, тарыхчылар, саясат таануучулар, этнографтар жана башка илимий дисциплиналар тарабынан кеңири колдонулуп келет. Бул концепцияларды теориялык жактан иштеп чыгууга ар түрдүү тармактардын илимий билимдерин өнүктүрүүгө салым кошкон окумуштуулар катышты. Иденттүүлүк феноменин изилдөөгө байланыштуу чоң иштерди чет өлкөлөрдө антропологиялык мектептин өкүлдөрү Ф. Арес, Р. Босс, К. Леви-Стросс жасашкан; Г. Гарфинкел жана Х. Сакс сыяктуу этнометодологияны иштеп чыгуучулардын арасында бул тема кызыгууну арттырды; ошондой эле ал социалдык кубулуштардын өкүлдөрү А. Шюц, П. Бергер, Н. Лумандын тарабынан текшерүүгө алынган. Психоанализдин жаратуучусу З. Фрейд жана америкалык социалдык психологдор Э.Эриксон, Г. Тэджфел жана Дж. Тернер да анын өнүгүшүнө бир катар маанилүү ойлорду кошушкан. Алардын илимий эмгектерин кылдаттык менен изилдөө өтө актуалдуу, анткени алар сунуш кылган идеялар бул жаатта андан ары жемиштүү иш алып баруу үчүн методологиялык негиз болуп калышы мүмкүн.

Эми азыркы социалдык философиядагы жана социологиядагы иденттүүлүктү изилдөөгө карата философиялык-методологиялык мамиле-ыкмаларды карап чыгабыз.

Эгерде М.Вебердин «түшүнүү» социологиясындагы бул көйгөй кантип чечилерин карап көрсөк, анда анын социалдык аракет теориясына көңүл буруу керек, анын баштапкы пункту «социалдык» деп маңызы боюнча башка адамдардын жүрүм-турумуна багытталган иш-аракетти» айтуу болот деген ырастамасы чыгат [4]. Буга ылайык, социалдык иш-аракеттердин түзүмү сөзсүз түрдө эки компонент менен мүнөздөлөт: 1) субъективдүү мотивация менен, аны эске албастан, адамдын эч кандай иш-аракети жөнүндө айтууга болбойт, жана 2) башкаларга багыт алуу менен, ансыз иш-аракет социалдык деп каралбайт. Бирок башка адамдардын иш-аракетинин мотивдерин түшүнүү үчүн, өзүңүздү алардын ордуна кое билишиңиз керек, б.а. аларга

окшош болуу же аларга окшошууга умтулуу. Ошентип, түшүнүү индивидди башка же башкалар менен идентификациялоо менен түздөн-түз байланыштуу, ал өз кезегинде башка же башкалар да бул кадамды жасоого даяр экендигин «ачыкка чыгарууну» күтүүгө негизделген.

М. Веберден адамдарды улутка бириктирген жалпы максатка ээ болуусу, акыры, өз мамлекетин түзүүгө умтулуу деген өтө маанилүү, бирок сейрек кайталануучу тезисти табууга болот. Бул учурда, ал мамлекетти түшүнүүгө өзүнүн башка концепцияларына сыяктуу эле, ченемдик-баалуулук аспектини киргизет. «Эгерде биз – «эмпирикалык чындыкта мамлекет идеясына эмне туура келет» – деген суроо берсек, – деп жазат Вебер, анда биз чексиз диффуздук жана дискреттик аракеттерди жана пассивдүү реакцияларды, иш жүзүндө жана юридикалык жактан иреттелген, же болбосо мүнөзү боюнча жалкы, же болбосо дайыма кайталанып туруучу байланыштарды; чындыгында маанилүү ченемдерге ишенүү менен бириккен адамдардын ортосундагы байланыштарды табазы» [4]. Мындан тышкары, немис окумуштуусунун эмгектеринде камтылган идеялар эмпирикалык материалды түзүмдөөгө жана коммуникативдик процессте орун алган жарандык иденттүүлүктүн жана этностор аралык калыптанган мамилелердин байланыштарын адекваттуу кароого көмөктөшө алат.

Баарын камтыган жана терең иштелип чыккан коммуникативдик концепцияны түзүү баарынан мурда К. Дейчтин илимий изденүүлөрүнө байланыштуу, анда окумуштуу социалдык топтордун улуттар аралык жана маданияттар аралык деңгээлде биригишине (демек, аларды идентификациялоо процесси) алардын ортосундагы байланыштардын, мамиле-катыштардын жана алмашуулардын көлөмүнүн жана ар түрдүүлүгүнүн көбөйүшү өбөлгө түзөт деген тыянакка келет. Маанилүү нерсе, илимпоз тарабынан түзүлгөн коммуникативдик мамиле-ыкма аны изилдөөчүлөрдү адамдардын ортосундагы ар кандай байланыштарды кароого киргизүүгө багыттайт. Дейч, ошондой эле улуттардын маалыматтык концепциясын иштеп чыгуучу болгон, алар аларга мүчө болгондорду «жалпы

көз караштар, түшүнүктөр» жана «өз кошуналарын жалпы жактырбоо» менен байланыштырган жамааттар болуп саналат [5].

Б. Малиновский жана А. Редклиф-Браун (1920-1930-жж., ошондой эле 1950-1960-жж. Т. Парсонс жана анын жолдоочулары тарабынан) түзүлгөн функционалдык, андан кийин функционалдык эмес концепциялар интеграциянын фундаменталдык өбөлгөлөрү социалдык өз ара аракеттенүүгө дем берүүчү этносаясий факторлордун орду жана ролу, ошондой эле интеграциянын катышуучуларынын турмуштук маанилүү кызыкчылыктарын шарттаган функциялар жана алардан келип чыгуучу баалуулуктар менен аныкталат деген жоболорго негизделет.

Структуралык функционализмдин жаратуучусу Т. Парсонс өзүнүн теориясын иштеп чыгуунун бир топ өзгөчө стратегиясын тандаган, анын ою боюнча, мурункулар иштеп чыккан концепциялардагы болгон бардык рационалдуу нерселерди алууга жана синтездөөгө аракет кылган. Бул, акыры, «волюнтаризм – детерминизм», «субъективизм – объективизм», «номинализм – реализм» сыяктуу альтернативалардын элдешпестигин жоюш керек болчу. «Америкалык социолог үчүн тартип маселеси эң маанилүү болгондуктан, коомдун ireттүү түзүлүшүн талдоо ал үчүн өзгөчө артыкчылык мааниге ээ болуп, ал эми ар кандай өзгөрүүлөр экинчи орунда турган» [6].

Социалдык система өз ара аракеттенүүчү акторлордун жыйындысы экендигине таянып, Парсонс анын төрт негизги функциясын белгилейт: 1) адаптация, 2) максатка жетишүү, 3) интеграция жана 4) баалуулук образын колдоп туруу. Бул функциялардын негизинде социалдык системанын төрт структурасы бөлүп чыгат, алардын ичинен эң маанилүүсү маданият чөйрөсү болуп саналат: «Бул чөйрөдө тигил же бул даражада коомдун бардык мүчөлөрү тарабынан бөлүшүлгөн жана биологиялык тукум куучулук аркылуу эмес, укумдан-тукумга окутуу процесси аркылуу берилген нормалдаштырылган маданий салт түзүлөт жана сакталат. Ага структураланган, же институтташтырылган, көп сандагы индивиддердин

ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн уюшулган системалары кирет» [6]. Биздин изилдөө темабызга карата колдонулганда, бул пассажда коомдун курамына кирген индивиддердин социалдык иденттүүлүгү институционалдаштырылган мүнөздү алып жүргөн окутуу аркылуу муундан муунга өткөрүлүп берилген маданий каада-салттар менен аныкталаары баса белгиленет. Социумду интеграциялоо ишинде маданий компоненттин ролу жана анын узак мезгил бою өз түзүмдөрүн кайра жаратуу мүмкүнчүлүгү өзгөчө көзгө урунат.

Парсонс тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маанилүү темаларынын бири XX кылымдагы жарандуулук институтунда байкалып жаткан өзгөрүүлөр болгон. «Социалдык жамааттын» мүчөлүгүнө байланышкан эволюцияны талдоо менен, америкалык социолог салттуу коомго мүнөздүү болгон «букаралыктын» ордуна азыркы батыш коомунда «жарандык» «адамдардын социалдык мүчөлүгүнүн» жаңы түрү катары келет деген тыянак чыгарат. Бул процесс, Парсонстун айтымында, үч фазаны камтыган. «Биринчи этапта социалдык жамаат менен өкмөттүн же «мамлекеттин» ортосундагы чек ара мамилелерин таптакыр жаңыча аныктаган укуктук же жарандык алкак түзүлдү» [6]. Жарандыкты өнүктүрүүнүн экинчи этабына келсек, ал көпчүлүк учурда жарандардын коомдук иштерге катышуусуна байланыштуу болгон. Экинчи жагынан, ошону менен катар эле жарандардын бакубаттуулугу, аларга кандайдыр бир жашоо минимуму камсыз кылынышы, билим алууга жана саламаттык сактоо кызматтарын жеткиликтүү пайдаланууга жетүү үчүн коом тарабынан жоопкерчиликти өзүнө алуу процесси жүрдү. Бул процесс жарандыктын «социалдык» компоненти үстөмдүк кылган үчүнчү фазасынын өнүгүшүнө алып келди. Мында төмөнкүдөй мыйзам ченемдүүлүк байкалат: «Эгерде жарандык укуктар жана шайлоо укугу өзүнүн жарандык статусун автономдуу түрдө ишке ашырууга мүмкүндүк берсе, анда социалдык компонент бул укуктарды жакшыраак пайдалануу үчүн реалдуу шарттарды түзүү менен байланышкан» [6]. Биздин өлкөдө – Кыргыз Республикасында жарандык

институтун өнүктүрүүгө карата бул мезгилдештирүүнү колдонуу менен, өлкө дагы эле биринчи баскычта турат деп айтууга болот, анткени биздин коомдо инсандын укуктары менен эркиндиктеринин артыкчылыгы бекемдеоип-бекитилген эмес, ал эми мамлекет көп параметрлер боюнча бюрократиялык болуп, Конституцияда көрсөтүлгөн укуктар менен эркиндиктерди коргоого даяр болгон, жетилүүнүн деңгээлине жете элек.

Парсонстун структуралык функционализми сыртыган гана эмес, ошондой эле ичинен да, Дж. Александер жана П. Коломи тарабынан катуу сынга кабылган, алар анын концепциясын модификациялап, неофункционализм деп аташкан. Олуттуу мааниге ээ болгон неофункционализмдин негизги методологиялык принциптери, анын ичинде иденттүүлүк көйгөйлөрүн иштеп чыгуу үчүн, төмөнкүлөр болуп калды: 1) бир факторлуу детерминизмден баш тартуу жана социалдык структуранын бардык элементтеринин өз ара аракеттенүүсүнүн плюралисттик мүнөзүн бекитүү; 2) аракетке (өзгөрүлмөлүүлүккө) да, иреттүүлүккө да (туруктуулукка) бирдей көңүл буруу; 3) интеграцияга кызыгууну сактоо, бирок кандайдыр бир ишке ашкан факт катары эмес, кандайдыр бир мүмкүнчүлүк катары; 4) системалардын тең салмактуулук (туруктуулук) көйгөйүн мурдагыга караганда кеңири планда изилдөө; 5) системалардын тең салмактуулук абалына гана эмес, аларга мүнөздүү конфликттик абалдарга да көңүл буруу [7].

Жарандык иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн тактоодо немис философу жана социологу Ю. Хабермас жүргүзгөн жарандык түшүнүгүн талдоо маанилүү методологиялык ролду ойнойт. Анын ою боюнча, жарандык саясий өзүн-өзү аныктоодон жана элдин эгемендүүлүгүнөн келип чыгат жана бул маанисинен алганда ал этникалык иденттүүлүктөн көз каранды эмес. Өзүнүн негизинде жаралуу тегинин жалпылыгына, жалпы каада-салттарга жана тилге ээ болгон улуттук таандыктыктан (этникалык мааниде) айырмаланып, жарандык иденттүүлүк элдин саясий бүтүндүгүнүн жана эгемендүүлүгүнүн болушун мүнөздөйт. Жарандык, немис социологунун айтымында, төрөлгөн

учурда мурасталбайт жана муундан-муунга уруулук абал катары берилбейт, ал өзүнүн эок-ниетин эркин билдирүүнүн негизинде демократиялык жол менен ээ боло турган абал. Ошол эле учурда Хабермастын пикири боюнча жарандыкты түшүнүү салттуу «юридикалык букаралыкка» караганда маанилик жактан кеңири, б.а. конкреттүү адамдардын белгилүү бир мамлекетке таандыктыгы катары берилет. Немис социологунун айтымында, жарандыкты азыркы учурдун көз карашы менен түшүнүүдө жарандыктын мүнөздүү белгилери болуп, мамлекетке же кеңири саясий коомчулукка таандыктыгын билдирген, сөзсүз түрдө өз алдынча тандоо жана өз тагдырын өзү аныктоо укугу менен байланышкан, жарандык уктарды ишке ашыруунун ар түрдүү формаларында коомдук пайдалуу иш-чараларга аздыр-көптүр туруктуу катышууну болжолдогон индивиддиердин эркин жана ыктыярдуу мүчөлүгү саналат.

Буга байланыштуу Хабермас жарандыктын эки моделин – коммунитаристтик-этатикалык (алгачкы жолу Аристотель тарабынан сүрөттөгөн) жана либералдык (Дж. Локк башында турган). Биринчи моделге ылайык, индивиддер саясий жамаатка бөлүктөрдүн бүтүндүккө интеграцияланышы катары биригишет, бул жеке мүчөлүк мамилелерде эмес, өзүн-өзү аныктоонун жамааттык практикасында чагылдырылат, анын жүрүшүндө ар бири коомдук консенсусту жана жамааттык биримдикти сактоо боюнча өз аракеттерин жүзөгө ашырып келет. Экинчи (либералдык) моделдин өзгөчөлүгү жарандар тарабынан иденттүүлүккө ээ болуу айрым этностук-маданий окшоштуктардын негизинде эмес, «катышууга жана коммуникацияга өздөрүнүн демократиялык уктарын активдүү колдонгон жарандардын тажрыйбасында» жүзөгө ашырылгандыгында турат [8]. Экинчи моделге ылайык жарандык «коомдук пайдалуу активдүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө социалдык катышуу, жарандык уктарды актуалдаштыруунун көптөгөн моделдеринин жана формаларынын болушу» менен түздөн-түз байланышкан жана бекемделген болуп калды [14]. Бул индивиддин жаранга айланышы букаралыктык практикадан түп-тамырынан айырмаланган

күнүмдүк жарандык практиканы ишке ашыруу аркылуу гана мүмкүн экенин билдирет.

Методологиялык жактан иденттүүлүктүн ар кандай түрлөрүн изилдөөдө социологиялык конструктивизмдин өкүлдөрү П. Бергер жана Т. Лукмандын [9,10] эмгектери баа жеткис жардам бериши мүмкүн. Бул эмгектерде көбүнчө адам өзүнүн мотивациясынын, ага мүнөздүү интеллектуалдык жана инсандык мүмкүнчүлүктөрүнүн жана акырында ага мүнөздүү пассионардуулуктун негизинде аны курчап турган социалдык чындыкты өзү курат деген ой негиздемелет. Бул окумуштуулардын эмгегинин артыкчылыгы, алар социалдашуу процессинде индивиддердин инсандык активдүүлүгүнүн чектерин кеңейтишти, чыныгы мааниде чыгармачылык процесс экенин баса белгилеп, ал аркылуу адам баласы дүйнөнүн кандайдыр бир субъективдүү образын гана жаратпастан, кандайдыр бир деңгээлде аны курчап турган реалдуулуктун өзүн жарата тургандыгын белгилешкен. Андан тышкары, анын жеке индивидуалдуулугу анын социалдашуу жаатындагы активдүүлүгүнүн чектери жана ушул процесстин өзгөрүлмөлүүлүгү менен аныкталат.

Экинчи жагынан, француз психологу жана социологу С. Московичи жүргүзгөн социалдык көз караштар, пикирлер жаатындагы изилдөөлөр методологиялык жактан да бир топ мааниге ээ. Г. Лебондун эмгектерине таянып, бул илимпоз массалык таңулоонун жана эмоционалдык тасирлентүүнүн механизмдерин изилдөөнү улантууда, анын натыйжасында инсан өзүнүн жеке касиеттерин толугу менен жокко чыгарат жана толугу менен жалпы массага аралашып кетет, сынчыл ой жүгүртүүгө болгон эркин жана өз иш-аракеттери үчүн жооптуу болуу жөндөмүн жоготот. Московицинин ою боюнча, «элдин негизги өзгөчөлүгү – бул жеке адамдардын бирдиктүү акылга жана сезимге биригиши, бул инсандык айырмачылыктарды бүдөмүктөтүп, интеллектуалдык потенциалды төмөндөтөт. Ар бир индивид өзү менен байланышкан жакынына окшош болууга умтулат. Бул топтолгондор аны, деңиз толкуну шагыл таштарды

алып кеткендей, өзүнүн массасы менен кызыктырып тартат. Бул учурда катышуучулардын социалдык катмары, билими жана маданияты кандай болгондугу баары бир болот» [11]. Бул жеке идентүүлүктү толугу менен жоготуу абалы, инсандыктын толугу менен кыйрашына алып келүүчү өздүк «Мен» аннигиляциясы эмей эмине.

К. Леви-Стростун этнологиялык структурализми гуманитардык таанымдын методологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, айрыкча идентүүлүк көйгөлөрүнө таандык болгондо, кыйла кеңейтет. Леви-Строс адам баласын анын адамзат менен болгон байланышынан абстракциялоо менен түшүнүүгө болбойт деген постулатты негиз кылган. Бирок адамзатты анын бүтүндүгүнөн көрүү үчүн аны тээ алыстан, сыртынан, башкача айтканда, анын тарыхый өнүгүүнүн басып өткөн жолун толугу менен карап чыгуу керек. Ал эми адамзат тарыхынын багытынын вектору өткөн тарых, азыркы турмуш жана келечек өмүр сыяктуу ар кандай убакыт чекиттерин бириктирүү аркылуу гана түшүнүктүү болот. «Өткөнгө болгон кызыгуу, – деп баса белгилейт Леви-Строс, – чындыгында азыркыга болгон гана кызыгуунун өзү; азыркыны өткөн менен бекем байланыштыруу менен, биз ага көбүрөөк туруктуулук берип, азыркы учурду бекемдейбиз деп үмүттөнөбүз, жана анын ыкчам өтүүсүнө жана өткөнгө айлануусуна жол бербөө аракетин көрөбүз» [12]. Коммуникативдик мейкиндикке канчалык көп адам кошулса, алар тарыхка ошончолук тереңирээк «карап», ошону менен мезгилдер байланышына аралашышат.

Леви-Строс «...адамзаттын эч бир бөлүгү өзүн башка элдер тарабынан кабылданып түшүнүүдөн башкача түшүнө албайт» деп бир нече жолу белгилеген [12]. Бул жерден элдердин бири-бирине карата сабырсыздыгын жеңүүнүн эң мыкты каражаты болуп маданияттар аралык диалог жана алардын салыштыруу, ар түрдүүлүк жана өз ара аракеттенүү кырдаалында пайдалуу болууга умтулуусу жана каалоосу саналат. Дал ушул маданияттар аралык диалогдо маданияттардын бөлүп-жаруучу бөтөнчүлүктөн интегративдик тартылып-катышууга өтүүсүнө көмөктөшүүчү билим жана

көндүмдөр калыптанат. Тааныш эмес маданият менен «жолугушканда», адамдар анын жалпы мүнөздүү белгилерин гана катташат, ошондуктан алгач андагы нерселердин бардыгы бирдей көрүнөт. Бул эмне үчүн кытайлардын, япондордун жана африкалыктардын же австралиялык аборигендердин жүздөрү алгач европалыктарга монотондуу, окшош көрүнгөнүн, б.а. алардын баары «бир жүздүү» сезилерин түшүндүрөт. Бирок алардын маданияты менен таанышып, маданияттар аралык байланыштар өнүккөн сайын, мурда байкалбаган деталдар акырындык менен ачыла баштайт. Ошол эле учурда, ар кандай расадагы жана улуттагы адамдар менен бири-бирин таанып-билүүнүн жана жакындашуунун жүрүшүндө, алардын ички социалдык өзгөчөлүктөрү барган сайын ачыгыраак белгилене баштайт жана тескерисинче, алардын биринчи караганда окшош эмес маданияттарында жалпы белгилер көбүрөөк байкалыпи келет. Ушундан улам француз антропологу жана социологу төмөнкү мыйзам ченемдүүлүктү белгилейт: бири-биринен катуу айырмалануучу жамааттардын ортосундагы маданияттар аралык диалогдо башка маданият менен тышкы мамилелердеги окшоштуктардын акырындык менен аңдап-түшүнүү алардын ички маданият чөйрөсүндөгү айырмачылыктарды түшүнүүгө карата тескери пропорционалдуу байланышта болот. Кыскача айтканда, эгерде маданияттар бири-биринен маңызы боюнча айырмаланбаса, анда алар эч качан бири-бирине тартылбайт.

Ошентип, Леви-Стростун структуралык антропологиясында маданияттар аралык коммуникация өзүн-өзү таануу ыкмасы гана эмес, ошондой эле элдердин дифференциалдык интеграциясы болуп саналат. Диалог жана социалдык өз ара аракеттенүү аркылуу жакындашуу менен, маданияттар бири-бирин жакындан таанып гана тим болбостон, бири-биринде тынчтыкка жана чыгармачылыкка болгонумтулууну, ниетти ойготуп, өзүн-өзү идентификациялашат. Тескерисинче, каны жана менталитети боюнча бири-бирине жакын элдердин ортосундагы маданий айырмачылыктарды күч менен жок кылуу жана идеологиялык же саясий себептерден улам алардын биринин өздүгүн жоготуусу чоң чыр-чатактарга,

ал тургай согуштарга алып келиши мүмкүн. Коңшу маданияттардын ортосунда айырмачылыктарды жок кылуу критикалык мааниге жеткенде, башкача айтканда, «айырмачылык кризиси» пайда болгондо, өзүн басылып жаткандыгын сезген маданият өзүнүн иденттүүлүгү үчүн күрөшөт жана бардык мүмкүн болгон жолдор менен, анын ичинде куралдуу каршылык жана согуштук аракеттерди колдонуу менен өзүн коргой алат. Мунун баары эл тарабынан айырмачылыктарга жана өзүнүн маданий иденттүүлүгүнө ээ болуу үчүн жасалып жатат. Леви-Стростун антропологиялык структурализми катуу сынга алынганына карабастан, өзгөчө ата мекендик философияда жана социологияда, бул доктринада камтылган бир катар идеялар методологиялык жактан жемиштүү экени талашсыз: бул ар кандай маданияттарды алып жүрүүчүлөрдүн ортосундагы диалогдун зарылдыгы жөнүндө ой, онтологиялык бөлүнүүнү жана жалгыздыкты жеңүү жолу катары маданий коммуникация теориясын иштеп чыгу, ошондой эле айырмачылыктардын монотондуулуктан артыкчылыгын баса белгилөөдө маданий ар түрдүүлүктү коргоо. Ошондуктан француз этнологу жана антропологу азыркы мультикультурализмдин чыныгы жаратуучусу деп эсептелгени бекеринен эмес.

Азыркы коомдо адамдын иденттүүлүгү кандайча калыптанарын түшүнүүгө чоң салым кошкон британиялык социолог Э. Гидденс. Ага «Коомдун уюштурулушу» аттуу китеби кеңири атактуулукту алып келген, анда структуралаштыруу теориясы иштелип чыккан. Структуралоо деп окумуштуу социалдык системаларды тариздөө процессин, б.а. формалдуу түзүүчүлөрү социалдык иш-аракет жана өзүнө социалдык институттарды камтыган социалдык түзүм болуп саналган коомду мерчемдештирүү процессин билдирет. Структурация теориясынын маанилүү элементи, Гидденстин айтымында, «рутинизация» болуп саналат. «Күнүмдүк, – деп жазат ал, - коомдук ишмердин күнүмдүк иш-аракеттеринин жүрүшүндөгү анын инсандыгынын бүтүндүгүн камсыз кылат, ошондой эле коомдун институттарынын маанилүү компоненти болуп саналат...» [13]. Мунун

негизинде мурунку муундардын тажрыйбасын топтогон жана аны көбөйтүүгө жардам берген өткөн жана байыркы үрп-адаттар салттуу коомдо урматталып келген. Modernity доорунун азыркы коомунда болсо коомдук институттар салттуу байланыштарды жана мамилелерди бузган өзүнүн динамизми менен айырмаланат. Бул адамдардын күнүмдүк жашоо-тиричилигинин табиятын жана ага байланыштуу практикаларды түп-тамырынан бери өзгөртөт. Натыйжада, бир кездеги бирдиктүү дүйнө бытыранды болуп, баары солкулдап, туруксуз, дайыма коркунуч жана тобокелдик абалда болот. Жана бул индивиддин өзүнүн иденттүүлүгүн, тагыраагы өзүн-өзү таануусун курууга олуттуу таасир этет. Modernity доору индивиддин «Мени» алсыз, жука жана морт, майдаланган жана бөлүнгөн, нарциссизмге дуушар болушу менен мүнөздөлөт. Бирок акыркыны күнүмдүк өзүн-өзү сүйүүгө, өзүнө-өзү суктанууга аралаштырбоо керек. Азыркы индивиддин нарциссизми ал бардык тышкы окуяларды өзүнүн муктаждыктарына жана каалоолоруна байланыштырып, «бул мен үчүн эмнени билдирет» деген суроо менен гана алек болуу менен мүнөздөлөт. Бул өзүн-өзү таанууну туруктуу жана гипертрофиялык издөөгө алып келет, бирок берилген издөө «сезимсиз» болуп калат, анткени «мен киммин» деп дайыма изденүү жана ошону менен алек болуу бизди курчап турган дүйнө менен байланыш түзүү үчүн реалдуу эмес, нарциссисттик чөгүп кетүүнүн көрүнүшү болуп калат.

Индивиддин жеке эркин тандоого көңүл буруусу анын аң-сезиминде экзистенциалдык шектенүү көйгөйүн жана онтологиялык ишенимсиздик жана туруксуздук сезимин жаратат. Бул экзистенциалдык шектенүүнү басуу жана онтологиялык коопсуздукту орнотуу үчүн, индивид өзүнүн өздүк «жашоо образын» түзүүгө умтулат, ал, бир караганда, балким ошондой сезилет чыгар, анын буга чейинки эркин тандоосуна эмес, тескерисинче, иш-аракеттердин жана жүрүм-турумдун жолдорун сунуш кылган жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан таңууланган стандарттарга негизделген.

Гидденстин концепциясында көрсөтүлгөндөй, азыркы доордо индивиддин иденттүүлүгүн (өзүн-өзү идентификациялоо) калыптандыруу

процесстерин сүрөттөө төрт пунктту камтыйт. «Биринчиден, унификация жана фрагментация, анткени «мен» рефлексивдүү долбоору көптөгөн контексттик окуяларды жана ортомчу тажрыйбанын формаларын камтыйт, алар аркылуу «андан ары илгерилетүү курсу» тартылышы керек. Экинчиден, алсыздык жана менчиктештирүү (өздүк кылып алуу): жеткиликтүү болуп калган жашоо образы көптөгөн өздөштүрүп өздүк кылып алуу мүмкүнчүлүктөрүн сунуштайт, бирок алсыздык сезимин жаратат. Үчүнчүдөн, авторитет жана белгисиздик: аяккы бийлик жок болгон шартта, белгисиздик абалы менен күрөшүү үчүн рефлексивдүү «мен» долбоору ошол учурда авторитет катары тандала турган нерсеге өз алдынча таянышы керек. Төртүнчүдөн, жекелештирилген тажрыйба: «Мен» баяны жеке адамга стандартташтырылган үлгүлөрдүн таасири астындагы шарттарда түзүлүшү керек» [13]. Гидденстин концепциясы, биз карап жаткан көйгөй менен алектенген изилдөөчүлөр үчүн маанилүү методологиялык жардам болуп саналат, анткени анда азыркы доордо индивиддин иденттүүлүгүн калыптандыруу процессинин бардык карама-каршылыктары баса белгиленген.

Иденттүүлүк маселелерин изилдөө Кыргызстандын социалдык-гуманитардык илимдеринде каралуучу актуалдуу маселе болуп саналат. Бул теманын социалдык аспектисин атайын иштеп чыгуу үчүн С.Камчибекованын «Социологиялык аспектиде жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги» аттуу диссертациясы арналган. Жалпысынан кыргыз элинин улуттук иденттүүлүгү, улуттук аң-сезими, этникалык иденттүүлүгү маселелерине кайрылган окумуштуулардын катарына төмөнкү окумуштуулар кирет: Ж. Жунушалиев, А. Асанканов, А. Джусупбеков, З. Курманов, С. Абдрасулов, Ж. Урманбетова, А. Бугазов, А. Токтосунова, А. Элебаева, Г. Аалиева, саясат таануучу Ж. Жоробеков, К. Исаев, С. Нурова, Р.Б. Салморбекова, Н.А. Омуралиев, Н. Меңдибаев, М. Амердинова, Г. Горборукова, К. Молдобаев, Т. Шаршембиева, Б. Малтабаров, С. Сыргабаев, Б. Кошбакова ж.б. Алардын кыргыздардын иденттүүлүгү жөнүндөгү, анын

ичинде жарандык иденттүүлүк системасы жөнүндөгү, илимдин ар кайсы тармактарында жазылган эмгектерин талдап көрүү менен, төмөнкүдөй негизги баскычтарды бөлүү аракетин жасадык: биринчи баскыч – көчмөндөр (номаддар) цивилизациясынын калыптанышындагы жамааттык иденттүүлүк баскычы. Экинчи этап маданияттын бирдиктүү советтик системасын түзүү жана өнүктүрүү. Үчүнчү баскыч – кыргыз коому эгемендик алгандан кийинки алгачкы 10-15 жыл. Төртүнчү баскыч –кыргыз коомунун иденттүүлүгүн калыптандыруу үчүн түпкү тегине кайтуу, кайрылуу. Жергиликтүү окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып төмөнкүдөй деп айтууга болот: (1) кыргыз коомунда уруулук жана салттуу иденттүүлүк сакталып калган; (2) кыргыз коомунун иденттүүлүгү 1990-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин калыптануу мезгилин баштан кечирип жатат; (3) кыргыздардын социалдык-маданий жана жарандык окшоштуктарынын калыптанбагандыгынын негизги себептери катары: бирдиктүү иденттүүлүктүн жоктугун айта алабыз.

Жыйынтыктап айтканда, иштин жүрүшүндө азыркы мезгилдин гуманитардык чөйрөдөгү окумуштуулары тарабынан иштелип чыккан концепциялардын кеңири спектри каралып, анда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу маселеси ар кандай методологиялык позициялардан жана ага байланыштуу кыйынчылыктар изилденген. Ушул мезгилдеги эң ири окумуштуулар иш алып барган негизги түшүнүктөр талданды. Адабияттарга жана изилдөө багыттарына сереп салуу социо-гуманитардык илим тарабынан бул маселени изилдөөдө кеңири тажрыйба топтолгонун айгинелейт.

Жогоруда жүргүзүлгөн талдоону жыйынтыктап жатып, жарандык иденттүүлүк, биринчиден, тигил же бул мамлекеттин жарандарынын жамаатка таандык экендигин, индивид үчүн маанилүү маңызга ээ экендигин аңдап билүү катары аныкталат; экинчиден, жеке аң-сезимдин үстүндөгү феномен катары, бул жалпылыкты жамааттык субъект катары мүнөздөгөн жарандык жалпылыктын белгиси (сапаты) катары каралат. Бул эки аныктама бири-бирин жокко чыгарбайт, тескерисинче, жарандык иденттүүлүктүн ар кандай аспектилерине: индивид тарабынан жана жалпылык тарабынан өзгөчө

көңүл бурат. Жарандык иденттүүлүк индивиддин кызыкчылыктарынын жарандык коомчулук менен биримдигин каттайт, ошондой эле жарандык коомчулукка таасир этүүгө мүмкүндүк берет. Жарандык иденттүүлүктүн түзүмү төмөнкүдөй түзүмдүк компоненттердин калыптанышын болжолдойт: когнитивдик (таануучулук), эмоционалдык-баалоочу (коннотативдик), баалуулук-багыттоочу (аксиологиялык), жүрүм-турумдук. «Жарандык иденттүүлүк» түшүнүгү «улуттук иденттүүлүк» түшүнүгүнүн синоними болуп саналат, эгерде экинчиси улутка мекендештик катары мамиле кылуунун алкагында каралган болсо Этникалык жалпылыктын өнүгүшүнүн белгилүү бир баскычы катары улуттун мамиле-ыкмаларында «жарандык иденттүүлүк» жана «улуттук иденттүүлүк» түшүнүктөрү бирдей эмес.

Ар кандай илимий дисциплиналарда жарандык иденттүүлүк бир аз башкача түшүнүлөт. Социалдык психологдор негизинен өзүн-өзү аныктоону – «биз кимбиз?» дегенди аныктоону түшүнүшөт. Философтор, тарыхчылар, айрым учурларда социологдор «биз кандайбыз?» деген кызыктырат. Ошентип, кеп тар же кеңири мамиле-ыкма жөнүндө болууда. Бул жана башка изилдөөчүлөр көбүнчө социалдык психологдор иштеп чыккан түшүнүктөргө – баарынан мурда Э. Эриксондун эмгектерине таянышат, ал иденттүүлүктү социалдык-маданий негизи бар өзүн-өзү аныктоо катары түшүнгөн жана иденттүүлүк идеологияга байланыштуу деген жыйынтыкка келген. Бул идентификацияны калыптандыруу механизмин изилдөөгө багытталгандыктан, абдан маанилүү болгон. Г. Тэджфел менен Дж. Тернердин эмгектеринде, биздин көңүлүбүздү адамдын социалдык кабылдоосунун негизин категориялаштыруу турат деп эсептегендиктери бурду. Бул да маанилүү, анткени символдорду, идеологияларды түзүүдө мамлекеттин ролу менен байланыштуу. Бул ой менен изилдөөчүлөр талашпастан макул болушууда. Д.Г. Миддин иденттүүлүк башка адамдар менен болгон мамиледе калыптанат деген мамилесин баары кабыл алышат. Жарандык иденттүүлүктү кантип аныктоого болот? деген суроо каралат жана изилденет. Эки көз караш бар [162].

Мисалы, жарандык иденттүүлүк айрым учурларда мамлекетке берилгендик катары каралса, башка учурларда «тилектештик жана күнүмдүк берилгендик, бир элге таандык болуу сезими жана мамлекетти өзүнүкү катары таануу» дегенди билдирген сыяктуу. Башкача айтканда, аныктамада мамлекет гана эмес, ошондой эле жалпылык – эл пайда болот. Бир катар эмгектер мамлекеттик жана жарандык иденттүүлүктү айырмалоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт, бул жарандыкты азыркы учурдун көз карашынан түшүнүү менен байланыштуу. Бул учурда, жарандык иденттүүлүк, мамлекеттик жана этникалык иденттүүлүктөн айырмаланып, бирдиктүү маданиятты, бир баалуулук багытын же мифтик «улуттук аймакты» билдирбейт.

Жарандык иденттүүлүктү көп учурда мамлекеттик иденттүүлүк менен байланыштырышат. Эгер биз Кыргыз Республикасынын жарандык иденттүүлүк концепциясынын расмий документтерин талдай турган болсок, анда жарандык иденттүүлүк мамлекеттик-жарандык иденттүүлүк катары каралат деген тыянакка келебиз. Жарандык иденттүүлүк – коомдун консолидациясынын, коомдук күчтөрдүн биримдигинин көрсөткүчү, мамлекеттин бүтүндүгүнүн белгилүү бир шарты. Ошондуктан аны изилдөөгө карата кызыгуу жаралып келет. Биздин гана өлкөдө эмес, ошондой эле башка өлкөлөр да өздөрүнүн иденттүүлүгүн издеп келишет.

Жарандык жалпылыктын жамааттык субъективдүүлүгүнүн бекемделишинин жана анын колдоонун факторлорунун арасынан төмөнкүлөр өтө маанилүү болуп саналышат: 1) жалпы тарыхый тажрыйба (жалпы тагдыр); 2) жарандык жалпылыктын өз аталышы; 3) коммуникациянын каражаты жана бөлүнүүчү маңыздарды жана баалуулуктарды иштеп чыгуунун шарты болуп саналган жалпы тил; 4) биргелешкен жашоонун белгилүү бир тажрыйбасына негизделген жалпы маданият (саясий, укуктук, экономикалык); 5) өзгөчө реалдуу саясий иш-аракеттер менен байланышкан биргелешкен эмоционалдык абалдын бул жамаат тарабынан кабылдагышы. Өздүк символиканын болушу

идентификациялоочу фактор болуу менен ошол жамааттын ичинде коммуникациянын универсалдуу каражаттарын камсыз кылат. Мындан тышкары, символ биримдик, бүтүндүк идеясынын материалдаштырылган алып жүрүүчүсү болуп саналат жана биргелешкен иш-аракеттерге түрткү берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ал коомчулук үчүн маанилүү баалуулуктарды жана образдарды чагылдырат. Жарандык иденттүүлүктүн интегралдык көрсөткүчү болуп жашаган жердин жана туулган жердин образы саналат, себеби аны менен жарандык коомчулуктун жашоосу менен байланышкандын бардыгы концентрацияланат жана жалпыланат.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда ар бир адам өзүн белгилүү бир аймакта эң маанилүү субъект болгон мамлекет менен жакындыкта карайт. Ошол эле учурда биз мамлекет катары Кыргыз Республикасы менен же кыргыз жарандык коому менен позитивдүү идентификациянын дайыма эле байкала бербестигин көрүп турабыз. Тарых көрсөткөндөй, жарандык иденттүүлүктүн өзгөрүшү күчтүү кризис менен коштолушу мүмкүн жана анын калыптанышы терең социалдык-гуманитардык илимий изилдөөлөрдү талап кылат. Жарандык иденттүүлүктү куруунун мүмкүнчүлүктөрүн карап жатканда, бул эки башка мамиле-ыкма менен каралат тургандыгын белгилей кетүү керек. Биринчиси, иденттүүлүк – бул аны тандоого да, өзгөртүүгө да болбой турган ыйгарылган нерсе катары карайт. Башка мамиле-ыкма – тескерисинче – иденттүүлүк конструкция болуп саналат жана аны кандайдыр бир долбоордун негизинде түзүү мүмкүн. Мисалы, канадалык тажрыйба иденттүүлүктү консирукциялоого мүмкүн болорун көрсөтөт [14]. «Конструкторлор» өз аракеттеринде чектелүү болушат, себеби алар алардын иденттүүлүк «конструкциясы» орун ала алган чөйрөнү да эске алууга аргасыз болушу башка маселе.

Социалдык-гуманитардык илимдеги «жарандык иденттүүлүк» түшүнүгүнүн маңызы жөнүндө азыркы түшүнүктөрдү изилдеп чыгып, жарандык иденттүүлүктүн негизин коом, мамлекет жана өлкө менен идентификациялоо түзөт деген тыянак чыгарууга болот. Жарандык

иденттүүлүк калкты бириктирип турат, социалдык интеграциянын бекемдөөчү өзөгү болуп саналат. Кыргызстандын жарандык иденттүүлүгүн куруу диний, этникалык ж. б. у. с. белгилер боюнча ар кандай топторго бөлүнбөй өлкөбүздүн жалпы биримдигин сактоо үчүн, биригип, өз маданий баалуулуктарын – этникалык ар түрдүүлүгүн сактоо менен азыркы өзгөрүлүп жаткан коомдо татыктуу ордун табууда маанилүү.

## 1.3. Этнос, улут, эл, жаран, жарандык идентификация түшүнүктөрүнө философиялык анализ

Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу көйгөйүнүн көп өлчөмдүүлүгү жана аны менен байланышкан «улут», «этнос», «эл», «жаран», «жарандык» деген түшүнүк категорияларынын катышын тактоону жана аныктап табууну шарттайт.

Этнология жаатындагы эмгектерди талдоо «этнос» жана «улут», «эл» деген терминдер илимий категория катары таанылат деп эсептөөгө мүмкүндүк берет, бирок алардын бири да алардын тарыхый-маданий фонунун татаалдыгынан жана карама-каршылыгынан жана анын мазмунунун түшүндүрмөлөрүнүн көп түрдүүлүгүнөн улам дүйнөлүк илимде жалпы кабыл алынган болуп саналбайт.

Этностун аныктамасын алгач советтик этнолог С. М. Широкогоров берген (1923), ал «Этнос – бул бир тилде сүйлөгөн, өздөрүнүн бир тегин тааныган, салт менен сакталган жана ыйыкталган жана башкалардан айырмаланган, каада-салттардын комплексине, жашоо тартибине эгедер, адамдардын тобу» деп белгилеген. Этностун маңызын ушундай социалдык жактан шартталган тараптан түшүнүү советтик, чет өлкөлүк жана ата мекендик этнологдордун «социологиялык мамиле-ыкма» деп аталган багыттагы кийинки эмгектеринин көпчүлүгү үчүн негиз түздү[ 266].

С. М. Широкогоровдун түшүндүрмөсүндө этностун маани-маңызын түшүнүүнүн өзү этностун тилдик, тарыхый жана маданий жалпылык катары интегративдик биримдигин чагылдырат.

Бул идея советтик этнолог Ю.В. Бромлейдин эмгектеринде өнүктүрүлөт, анда С.М. Широкогоровдун эмгектеринде көрсөтүлгөн этностун жалпылыгынын белгилери менен катар бир этносту экинчисинен айырмалап турган психикалык жана социалдык белгилер да белгиленет.

Айрыкча, Ю.В. Бромлей этносту «тилдин, маданияттын жана психиканын жалпы салыштырмалуу туруктуу өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле өзүнүн биримдигин жана башка ушул сыяктуу түзүлүштөрдөн айырмалангандыгын аңдап-түшүнүү сезимине ээ болгон, белгилүү бир аймакта тарыхый жактан калыптанган адамдардын туруктуу топтому» катары аныктайт» [48]

Этностун экономикалык өзгөчөлүгүнө басым жасаган, этностун ушуга окшош түшүндүрмөсү Н. Н. Чебоксаровдун эмгектеринде берилген.

Г.Е. Марков этностордун өкүлдөрүн өз ара идентификациялоонун өзгөчө ролун, аны «өздүк окшоштукту аңдап билүү жана өзүнүн жалпылыгын башка ушул сыяктуу жалпылыктардан «биз – алар» антитезасы түрүндө айырмалоо» деп атоо менен, бул кийин советтик этнологиялык мектептин улантуучулары тарабынан этносту түшүнүүсүн айырмалоочу типтүү мүнөздөмөлөрдүн бири болуп калат белгилеген [159].

Жогоруда айтылгандардын негизинде, биздин изилдөөдө биз этностун тилдин, аймактын, тарыхтын, маданий каада-салттардын, психиканын жана турмуш-тиричиликтин тартибинин биримдигинин, ошондой эле өзүнүн башка этностордон айырмалангандыгын аңдап билүү сыяктуу маңыздуу мүнөздөмөлөрүнө таянабыз.

Бирок бул «этнос» түшүнүгүнүн бир гана аныктамасы. Аны менен катар, адамдардын бул жалпылыгынын маңызы боюнча бири-биринен айырмаланган көптөгөн башка көз караштар да бар. Этнос деген эмне экендиги боюнча ар кандай көз караштардын ар түрдүүлүгүнөн бир нече

негизги мамиле-ыкмаларды бөлүп белгилөөгө болот.

Этнологиядагы биринчи, тарыхый жактан эң алгачкы багыт примордиализм болуп саналат, аны дагы эссенциализм катары белгилешет. Мында адамдын этникалык таандыктыгы табигый объективдүү берилген «нерсе» катары кабыл алынган мамиле-ыкма. Этнос бул жерде адамдардын табиятынан мүнөздүү болгон «каны боюнча» өзгөрүлгүс, алгачкы жалпылыктары катары чыгат, демек, аны башка этностон айырмалоого мүмкүндүк берген так аныкталган туруктуу алгачкы маалыматтар менен берилет.[2]

Примордиализм этнос тууралуу көз караштарга олуттуу таасирин тийгизген, алардын көпчүлүгүнүн андан аркы өнүгүшү дал ошонун өзүнүн чегинде жүргөн. Анда бири-бири менен байланышпаган көптөгөн ар кандай теориялар жана концепциялар бар. Россиялык авторлордун көпчүлүгү аларды эки негизги багытка: социобиологиялык жана эволюциялык-тарыхый багытка бөлүүнү туура көрүшөт [75]

Примордиализмдин социобиологиялык багытынын өкүлдөрү адамдын этникалык теги тээ башынан эле алгач берилген таандыктык, анын генетикалык кодуна киргизилген жана анын өзгөрүлгүс мүнөздөмөсү деп эсептешет. Өзүнүн этникалык таандыктыгын билүү адамдарды бул өзгөчө биологиялык – туугандык жамааттарга бириктирүү үчүн негиз болуп саналат.

Бирок, айрым бир жалпы көз караштарга карабастан, социобиологиялык багытты карманган авторлордун арасында этнос деген маселе боюнча бирдиктүү пикир жокко эсе жана ушундан улам биз анын ар кандай аныктамалары менен иштөөгө туура келет.

Мисалы, ушул примордиализмдин көрүнүктүү чет элдик өкүлдөрүнүн бири Пьер ван ден Берг этносту альтруисттик мотивдердин аркасында пайда болгон жана өзүнүн генофондун сактоо жана көбөйтүү максатын көздөгөн «кеңейтилген туугандыкты карманган топ» деп чечмелейт.

Социологиялык багыттын көрүнүктүү өкүлү катары Л.Н. Гумилев жана анын жолун улагандарды эсептешет. Ал иштеп чыккан этногенездин

пассионардык теориясынын алкагында этнос адамдардын жамааты түрүндө сунушталат, ал табигый түрдө жүрүм-турумдун жалпы стереотипинин негизинде бирдиктүү биримдиктүү энергетикалык системага биригет.

Этностордун ар бири өзүнүн жашаган жеринин ландшафтынын өзгөчөлүгүнөн, ошондой эле өзүнүн өздүк каада-салттарынан турган уникалдуу өнүгүү жайына эгедер, ага таандык болуу анын өкүлдөрүнө өздөрүн башка этностук жамааттардан бөлүп көрсөтүүгө жана аларга каршы туруууга мүмкүндүк берет. Автордун ою боюнча, мындай этностук өзүн-өзү аныктоо үчүн негиз болуп комплиментардуулук саналат, аны ал «өз» жана «бөтөндөргө» бөлүнүүнү аныктоочу особдордун аң-сезимсиз өз ара жактыруу (жактырбоо) сезими» деп аныктаган [75].

Мындан тышкары, Гумилев этностун эч бир чыныгы белгиси, мейли тили, жаралуу мезгили, каада-салты, материалдык маданияты, идеологиясы жана башка таандык белгилери болбосун дейли, дайыма жана ар учурда эле аныктоочу учур боло албайт деп эсептеген. Аларга ар бир субъект өзүнүн этностук жамаатынын калган өкүлдөрү менен жалпылыгын жана анын башка этностордон айырмалангандыгын таануусу гана саналат.

Ал ар бир субъект өзүнүн этностук жамаатынын калган өкүлдөрү менен жалпылыгын жана анын башка этностордон айырмалангандыгын таануусу гана болуп саналат.

Л.Гумилевдин этногенезинин пассионардык теориясы атамекендик, тактап айтканда советтик этнологияда мазмуну боюнча примордиализмдин эволюциялык-тарыхый багытына альтернативдүү концепцияны билдирген.

Бул мамиле-ыкманын жактоочулары этносторду табигый эмес, коомдук-тарыхый өнүгүүнүн натыйжасында түптөлгөн социалдык жамааттар катары карашат. Алар адамдын өзүнүн этностук таандыктыгын билүүсү социобиологиялык факторлор менен эмес, ошондой эле социалдашуу жана маданиятташтыруу процесстеринин натыйжасында өздөштүрүлгөн ошол жамааттардын жана айрым жеке инсандардын маданиятынын мазмунун жана маанилүү белгилерин аныктаган конкреттүү

социалдык-тарыхый шарттардын таасири менен да шартталган деп эсептешет.[1]

Бул багыттын эң белгилүү чет элдик өкүлдөрү: К. Гирц, У. Коннор, Э. Смит жана Дж. Армстронг. Орус изилдөөчүлөрүнүн катарына эволюциялык-тарыхый примордиализмдин жактоочуларына Ю.В Бромлей, В И. Козлов, К.И. Козлов жана башка авторлор кирет.

Этнос түшүнүгү улут түшүнүгү менен тыгыз байланышкан. Улут аныктамасынын ар түрдүү интерпретацияларына карабастан, көптөгөн изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде улуттун белгилери ири даражада этностун белгилери менен дал келет (В.И. Козлов, С.А. Кравченко, Г.Е. Марков, В.В. Пименов, В.И. Семенов, М. Тимофеев, С.А. Токарев, Н.Н. Чебоксаров, И.А. Чебоксарова, С.М.Широкогоров, В.А. Авксентьев, С.А. Арутюнов, А.Г. Здравомыслов, Ю.В. Бромлей, М.С. Джунусов, В.Н. Козлов). Жогоруда аталган авторлордун изилдөөлөрүндө улут аймактык, тилдик, диний, этнонимикалык, психикалык биримдикке ээ болгон генетикалык-тарыхый этностук жамаат катары түшүнүлөт.

Улуттун психикалык биримдигин «элдин жан дүйнөсү, «улуттук мүнөз», улуттук рух, улуттук менталитет деп атап келишет, бул О. Шпенглер менен Н.Я. Данилевскийдин маданий-тарыхый типтердин концепцияларынан, орус эмиграциясынын философтору Н. А. Бердяевдин, П.А. Струвенин, орус диний философтору С. Трубецкийдин, В.В. Розановдун эмгектеринен башат алат.

Бирок, улутту этностук түшүнүктөн айырмалап турган дифференциалдаштырып түшүнүү экономикалык жана саясий белгилер менен байланыштуу.

Атап айтканда, Ю.И. Семенов этносту маданияттын, тилдин, өзүн-өзү таануунун жана өзүн-өзү аңдоонун биримдигине ээ болгон социалдык жалпылык катары таанып, этностун жана улуттун көрүнүштөрүн так ажыратат [209].

Ю.И. Семеновдун айтымында, улут «этникалык көрүнүш эмес, ал баарынан мурда саясий көрүнүш, жалпы Ата Мекен менен бириккен адамдардын топтому».

Ошондуктан А.Г. Дугин, улут – «этностун экинчи туундусу» деген ойду айткандыгы бекеринен болбосо керек, себеби муну менен этностун, улуттун жана элдин байланышы баса белгиленет.

«Улут» түшүнүгү «эл» түшүнүгү менен тыгыз байланышкан. Латын тилинен которгондо «эл» дегенди билдирген «улут» деген сөздүн мааниси буга этимологиялык далил болуп саналат.

Мындай көз карашты чет элдик изилдөөчүлөр да айтышат, алар эмгектеринде улут адамдын өзгөрүлгүс табигый берилген «белгиси» эмес, экономикалык өзгөрүүлөрдүн, индустриалдык революциянын, азыркы мамлекеттердин жана жалпы билим берүү системасынын (О.Бауэр, М. Хрох, Э. Геллнер, Д. Бройи, Э. Хобсбаум, А. Коэн, Г. Дилигенский, В. Дойч ж. б.) продуктусу экенин белгилешет. Жогоруда айтылгандар, улут экономикалык-саясий факторлор аркылуу да, билим берүү аркылуу да калыптанат деген ойду баса белгилейт.

Жогоруда келтирилген улут түшүнүгүнүн аныктамалары улуттун экономикалык жана маданий-тарыхый мүнөздөмөлөрү менен катар улут түшүнүгүн чечмелөөдө саясат*, жарандуулук жана мамлекеттүүлүк* сыяктуу мүнөздөмөлөр принципиалдуу экендигин айкын көрсөтүп турат.

Бул мүнөздөмөлөрдү талдоо алардын олуттуу иденттүүлүгүн көрүүгө мүмкүндүк берет, анткени саясат мамлекеттин максаттарына жана жарандардын мамлекеттин иштерине катышуусуна байланыштуу (В.И. Ленин), ал эми мамлекеттүүлүк коом алдындагы милдет жана жоопкерчилик сезимин билдирет (жаңы философиялык Энциклопедия).

**«Улут»** түшүнүгү менен өз ара байланышкан **«улуттук иденттүүлүк»**, «жарандык иденттүүлүк» түшүнүктөрү постсоветтик мезгилде коомдук-саясий дискурста колдонулган.

Жарандык идентификация социалдык идентификациялоонун компоненти катары индивид мүчөсү болуп саналган жарандык коомго мүнөздүү идеалдарды, нормаларды, ролдорду, баалуулуктарды жана моралдык сапаттарды инсан тарабынан кабыл алуу жана өздөштүрүү процессин билдирет. Бул процесстин натыйжасы жарандык иденттүүлүктүн пайда болушу, б.а. өзүн жаран катары аңдап-түшүнүү абалы.

Жаран – бул «таандык болуу» менен белгиленген, так укуктарга жана милдеттерге эгедер, тигил же бул мамлекеттин субъекти болуп саналат.

Жаңы мезгилге чейин, жарандар деп, адатта, ички саясий жамааттагы адамдардын чектелген, салыштырмалуу тар тобуна кирген адамдарды билишкен.

Индустриалдык коомдун цивилизациясынын эволюциясынын жүрүшү менен коомдук түзүлүш дагы татаалдашты, коомдук мамилелер өзгөрдү, коомдук түзүлүштөгү инсандын ролу жогорулады. Жарандардын толук укуктарынын нормага айландырылышына, жалпы шайлоо укугунун киргизилишине байланыштуу жаран статусуна ээ боло баштаган адамдардын саны кеңейди. Жарандардын толук укуктары нормага айлангандыктан, жалпы шайлоо укугунун киргизилиши жарандык статуска ээ болгон адамдардын санын көбөйттү.

Жарандык жарандын өзүнүн белгилүү бир мамлекетке таандык экендигин аңдап-түшүнүүнүн мыйзамдуу укугун билдирет. Ал жарандын статусунун өбөлгөсү жана негизи болуп саналат.

Жарандык – мамлекет менен инсандын ортосундагы мамилелердин белгилүү бир комплекси, адамдын мамлекет менен туруктуу укуктук байланышы, алардын өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы менен чагылдырылган адамдын мамлекетке таандыктыгы.

Жарандыктын үч концепциясы бар: грек, рим жана Англия, Америка, Франция революцияларынын мезгилдеринен баштап каралган – азыркы концепция.

*Биринчи концепцияга* ылайык, жарандыктын теориялык негиздемесин Аристотель берген: адам адам баласы болгондуктан, коомдо өзүнүн потенциалын ишке ашыра турган, антпесе анысы эч жерде байкалбай калып кала турган, саясий жаныбар.

Бул «polis»ти жакшылыкка умтулган жамаат катары аныктоого мүмкүндүк берет. Рим империясында «civitas» түшүнүгү жана анын мааниси кыйла конкреттүү түрдө түшүндүрмө берилип, аныктала баштаган, б. а. коом алдында белгилүү бир укуктарга жана милдеттерге ээ болгон жаранды билдирген. Жарандыкты *азыркы-либералдык-демократиялык* түшүнүгүнө ылайык, жарандардын ортосундагы теңчилик, тең укуктуулук эркектер менен аялдардын улам көбүрөөк санына жайылышы керек жана ошол учурдан тартып, жарандар тең укуктуу, ошол эле учурда ар башка болуу менен, жарандыктын негизги маңызын түзгөн элементтердин татаалдашына алып келет.

Т. Парсонстун концепциясы боюнча, азыркы социумда жарандык адамдардын жаңы типтеги социалдык мүчөлүгү катары салттуу коомго мүнөздүү жарандыктын ордуна келүүдө. Жарандыктын өнүгүшү үч этапты камтыйт: биринчи этапта, «укуктук же жарандык алкактар түзүлөт, жарандын укуктары аныкталат, аны коргоо мамлекеттин биринчи милдети болуп саналат»; экинчиси – «жарандардын коомдук иштерге катышуусун» билдирет; үчүнчү фаза – «жарандыктын социалдык компонентин өнүктүрүү, башкача айтканда, жарандык жана шайлоо укуктарын жакшыраак ишке ашыруу үчүн реалдуу шарттарды түзүү» [33]

Т. Х. Маршаллдын айтымында, жарандык үч түзүүчүнү камтыйт, алардын ар бири конкреттүү социалдык институттар менен байланышкан [160].

Жарандык-укуктук элемент эркин инсан жана жеке эркиндик үчүн зарыл болгон укуктар менен берилет (ойдун эркиндиги, сөз эркиндиги, абийир эркиндиги, мүлккө ээ болуу укугу ж.б.), ал өзүнүн укуктарын башка адамдар менен тең укуктуулук жагынан коргоого жана бекемдөөгө мүмкүндүк берет

жана мыйзам аркылуу, бул учурда көп жагынан ассоциацияланган институт болуп соттор саналат.

Саясий элемент бийликтин өкүлчүлүктүү органы катары же ошол органдын өкүлдөрүнүн шайлоочусу катары саясий бийликти жүзөгө ашырууга катышуу укугун камтыйт; парламент, жергиликтүү кеңештер тиешелүү институттар болуп саналат.

Социалдык элемент – бул белгилүү бир экономикалык жыргалчылыкка жана коопсуздукка болгон укуктан тартып, коомдо түптөлүп калган стандарттарга ылайык маданий мурастарга аралашуу укугуна чейинки укуктардын бүткүл спектри; билим берүү системасы жана социалдык камсыздоо системасы бул элемент менен тыгыз байланышкан институттар болуп саналат.

«Жарандык иденттүүлүк» түшүнүгү «жарандык» түшүнүгүнө окшош эмес, а бирок аны менен тыгыз байланышта болуп саналат. Жарандык инсандын конкреттүү формалдуу-укуктук статусун, белгилүү бир укуктардын, эркиндиктердин жана милдеттердин ээси катары жана башка өлкөлөрдүн жарандарынан айырмаланарын көрсөтөт.

Жарандык иденттүүлүк инсандын тигил же бул өлкөнүн жарандарынын жамаатына өзүнүн таандыктыгын аңдап билүүсү, ошол мамлекеттин саясий жана социалдык турмушуна катышуусу менен байланышкан.

Л.М. Дробижеванын пикири боюнча, улутту мындай түшүнүү «мамлекетке карата лоялдуулукту гана эмес, ошондой эле өзүн өлкөнүн жарандары менен окшоштурууну, бул жамаат жөнүндө көз караштарды карманууну, өлкөнүн тагдыры үчүн жоопкерчиликти жана ага байланыштуу адамдар башынан өткөргөн сезимдерди» камтыйт [79].

Ушундай эле пикир В.А. Тишковдун эмгектеринде айтылат, ал улут түшүнүгү бүткүл элге тиешелүү деп эсептейт жана улуттук иденттүүлүктү этникалык, диний, социалдык жана саясий айырмачылыктардан алыстатып, жарандык иденттүүлүк катары калыптандырууну сунуш кылат[234].

Улут түшүнүгүнүн чет өлкөлүк изилдөөлөрдө, анын ичинде ири көп маданияттуу өлкөлөргө – АКШ, Канада, Австралияга карата чечмелениши, ошондой эле этникалык негиздер улуттук кызыкчылыктарды жарандык түшүнүүгө киргизилген «жарандык улут» идеясы менен байланыштуу.

Ушундан улам ***мамлекеттүүлүк*** улуттун маанилүү түзүүчү белгиси болуп саналат. Улуттун мындай чечмелениши биздин изилдөөбүз үчүн абдан баалуу көрүнөт, анткени улуттук иденттүүлүктү өзүнүн өлкөсүнө таандык катары калыптандыруу ар бир өлкөнүн азыркы коому үчүн артыкчылыктуу болуп саналат.

Иденттүүлүк, илимий гуманитардык дискурста инсандын өзүнүн тигил же бул социалдык топко таандык экендигин аңдап билүүсү, башкача айтканда, «мен ким экенимди элестетүү» (Э. Фромм, Э. Эриксон) деп чечмеленет.

Айрыкча, Э.Эриксон ийгиликтүү өзүн-өзү идентификациялоо инсандын туруктуулугу үчүн зарыл экенин, ал эми анын алсырашы адамдын күнүмдүк жашоо-тиричилик чөйрөсүн бөтөн, түшүнүксүз жана каардуу дүйнөгө айландырарын баса белгилеген. Бул учурда адам баласында көп учурда, ал коркунуч алдында жалгыз калгандай таасир калтыргандай сыяктанат, бул аны «ар ким өзү үчүн!» деген формуланы жетекчиликке алган антисоциалдык жандыкка айландырышы ыктымал.  Мындай абалды З. Фрейд «массанын психологиялык жакырчылыгы» деп атаган.

Жогорудагы улут жана иденттүүлүктү түшүнүүдөн улам биз улуттук иденттүүлүк түшүнүгүн өзүн белгилүү бир улутка аң-сезимдүү «кошуу» катары жана мекендештердин этностук эмес саясий жыйындысына таандык болуу катары интерпретациялайбыз.

Бул ой АКШнын, Канаданын, Австралиянын көп маданияттуу педагогикасында өнүккөн инсандын жамааттык иденттүүлүк теориясын иштеп чыккан Т. Парсонс менен Ю. Хабермастын эмгектеринде тастыкталган. Университеттик билим алуунун натыйжасында студенттерде уникалдуу жамааттык иденттүүлүк сезими калыптанат, анын негизинде студенттердин бардык жеке иденттүүлүгүнүн синергиясына негизделген, өзүнүн

мамлекетинин жалпы баалуулуктары жана милдеттери менен бириктирилген улуттук иденттүүлүк түптөлөт деп эсептелет.

*Жарандык иденттүүлүктү* калыптандыруунун негизин өлкөнүн масштабында болгон жана анын улуттук доктринасында ишке ашырылуучу жалпы идея жана баалуулуктар түзөт, иденттүүлүк элде улуттун өкүлү катары өзүнүн өлкөсүнө таандык болуусунун алкагында «Мен-концепция» деңгээлинде байкалат, башкача айтканда, мамлекеттик-жарандык иденттүүлүк. Э.Я. Баталов туура белгилегендей, *жарандык иденттүүлүк* бир мамлекетте ар түрдүү адамдарды бириктирген моралдык-этикалык, адеп-ахлактык, социалдык-психологиялык көз караштардын жана умтулуулардын жыйындысы катары улуттук аң-сезимдин уникалдуу аксиологиялык платформасын билдирет[29].

Автор улуттун психикалык көз карашы жана өзүнүн мамлекетине таандык болуу сезимин калыптандыруучу моралдык-этикалык, адеп-ахлактык, социалдык-психологиялык көз караштарды жана умтулууларды жөнгө салуучу баалуулук багыттардын жана улуттук аң-сезимдин өз ара таасири сыяктуу бириктирүүчү факторлордун маанилүүлүгүн баса белгилейт.

*Билим берүү чөйрөсүндө жарандык иденттүүлүктү Мен-концепция катары калыптандыруу ар кандай коммуникативдик тажрыйбалар жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жайылтылган социалдык, илимий, көркөм жана саясий дискурстар аркылуу жүзөгө ашырылат.*

Мында жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда мамлекеттик жалпы улуттук идеянын айланасында мамлекеттин өкүлү катары элди ийгиликтүү бириктирүүгө жөндөмдүү улуттук-мамлекеттик атуулдук (патриоттук) символдор (мамлекеттик желек, гимн, атуулдук (патриоттук) ураандар, мамлекеттик майрамдар, улуттук же жарандык баатырлар жана мифтер) маанилүү роль ойнойт.

*Жогоруда айтылгандарды жалпылоо менен, биздин изилдөөдө биз жарандык иденттүүлүктүн маңызын түшүнүү үчүн төмөнкү принципиалдуу түшүнүк категорияларына таянабыз:*

***Этнос*** *– бул белгилүү бир аймакта тарыхый жактан калыптанган, тилдин, маданияттын жана психикалык түзүлүштүн салыштырмалуу туруктуу өзгөчөлүктөрүнө, өзүнүн биримдигин жана башкалардан айырмалангандыгын аң-сезимине ээ болгон жана улуттун негизин түзүүчү болууга жөндөмдүү адамдардын туруктуу топтому;*

***Улут*** *– мамлекеттик саясий системанын айланасында калыптанган жана бирдиктүү улуттук максаттын алкагында баалуулук, адеп-ахлактык, социалдык-психологиялык, дискурсивдик жана жарандык көз караштар аркылуу белгилүү бир өлкөнүн адамдарын бириктирген социалдык этностук түзүлүш;*

***Эл*** *– улуттун өкүлү, анын улуттук ишке ашуусу, тилди, маданиятты, менталитетти жана жарандыкты алып жүрүүчү;*

***Иденттүүлүк*** *– инсандын өзүнүн тигил же бул социалдык топко таандыктыгын аңдап билүүсү.*

**«Жарандык иденттүүлүк»** түшүнүгү «жарандык» (гражданство) түшүнүгү менен тыгыз байланышта болгону менен бирдей эмес. Жарандык белгилүү бир укуктардын, эркиндиктердин жана милдеттердин ээси катары индивиддин конкреттүү формалдык-укуктук статусун жана башка өлкөлөрдүн жарандарынан айырмасын көрсөтөт.

Жарандык иденттүүлүк индивиддин өзүнүн тигил же бул өлкөнүн жарандарынын коомчулугуна таандык экендигин аңдап-түшүнүүсү, бул мамлекеттин саясий жана коомдук турмушуна катышуусу менен байланышкан. О.Э. Егоровдун ою боюнча, жарандык коомчулуктун белгиси жарандык иденттүүлүктүн негизин түзөт жана аны жамааттык субъект катары мүнөздөйт жана дал ушул аныктама социологиялык мааниге ээ [77].

**Жарандык идентификация** социалдык идентификациялоонун компоненти катары индивид мүчөсү болуп саналган жарандык коомго мүнөздүү идеалдарды, нормаларды, ролдорду, баалуулуктарды жана моралдык сапаттарды инсан тарабынан кабыл алуу жана өздөштүрүү процессин билдирет. Бул процесстин натыйжасы жарандык иденттүүлүктүн

пайда болушу, б.а. өзүн жаран катары аңдап-түшүнүү абалы. Жаран – бул «таандык болуу» менен белгиленген, так укуктарга жана милдеттерге эгедер, тигил же бул мамлекеттин субъекти болуп саналат.

**Жарандык** өзүнүн белгилүү бир мамлекетке таандык экендигин аңдап-түшүнүүнүн мыйзамдуу укугун билдирет. Ал жарандын статусунун өбөлгөсү жана негизи болуп саналат. Жарандык – мамлекет менен инсандын ортосундагы мамилелердин белгилүү бир комплекси, адамдын мамлекет менен туруктуу укуктук байланышы, алардын өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы менен чагылдырылган адамдын мамлекетке таандыктыгы.

Жарандык иденттүүлүктүн мазмунун жана ага байланыштуу этнос, улут жана эл түшүнүктөрүн интерпретациялоо көп маданияттуу коомдо студенттердин жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышы боюнча социалдык процесстин төмөнкүдөй спецификалык белгилерин аныктоого мүмкүндүк берет:

- студенттердин жарандык иденттүүлүгү – бул жамааттык иденттүүлүк болуп саналат, ал ар түрдүү этностордун өкүлдөрүнүн көптөгөн жеке өздүк иденттүүлүктөрүнөн куралып, бирдиктүү этностук бүтүндүн сапаттык жаңы белгилерине ээ болуп келет;
- студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун каражаттары болуп мамлекеттик-социалдык системалар жана институттар: билим берүү, коммуникация жана ЖМК системасы, маданият саналат.
- Студенттердин жарандык иденттүүлүгүн улуттук билим берүү чөйрөсүндө максатка ылайыктуу калыптандыруу ар түрдүү генетикалык жана маданий тажрыйбанын болушуна карабастан мүмкүн;
- студенттердин улуттук иденттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык куралдары катары коммуникативдик практикалар

жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын ар кандай түрлөрү кызмат кылат.

- Улуттук иденттүүлүктү калыптандырууда маанилүү ролду улуттук-мамлекеттик атуулдук (патриоттук) символдор (мамлекеттик желек, гимн, атуулдук (патриоттук) ураандар, мамлекеттик майрамдар, улуттук же жарандык баатырлар жана мифтер) ойнойт;
- жалпы улуттук баалуулук концепцияларын түзүү жана бирдиктүү жалпы улуттук менталдуулукту калыптандыруу каада-салттарды карманууменен жана бириктирүүчү баалуулуктарды калыптандыруу аркылуу студенттердин жарандык иденттүүлүгүнүн динамикасына жана түзүмүнө натыйжалуу таасир этүүгө мүмкүндүк берет;
- көп маданияттуу коомдо студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун өзгөчөлүгү «биз – алар», «өзүбүз – чоочундар (бөтөндөр)», «Чыгыш – Батыш» («Түндүк» - «Түштүк») принциби боюнча орун алып келген бинардык карама-каршылыктардан көңүл борборун башкага – студенттерде жалпы улуттук аң-сезимди калыптандырууга, этностук стереотиптерди аңдап түшүнүүгө жана кайра ой жүгүртүүгө, этностор аралык чыр-чатактарды чечүүнү практикага багыттап издөөгө жана этностор аралык өз ара аракеттенүүнүн коммуникативдик технологияларына байланыштуу жалпы жана бириктирүүчү принциптерге буруууну талап кылат.

Өзүнүн белгилүү бир улуттук жалпылыкка таандыктыгын билүү, ошондой эле ошол коомчулукка мүнөздүү болгон тилди, тарыхты, маданиятты, салтты, баалуулуктарды билүү, жүрүм-турум ченемдерин билүү зарылдыгы тууралуу ой логикалык жактан көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн эмгектеринен келип чыгат (В.Л. Бенин, И.Г. Долинина, Г.Я. Гревцева, Т.В. Евгеньев, В.С. Комаровский, Л.И. Лури, С.Л. Newолодская, Л.В. Русских, В.Н.

Стегний, Н.К. Чапаев) жана улуттук иденттүүлүктүн түзүмүндөгү милдеттүү когнитивдик компоненттин бар экендигин тастыктайт.

Улуттун негизин түзгөн психологиялык байланыштын болушу, «жамааттык таандыктык сезим», бир катар изилдөөчүлөр белгилеген улуттун мүчөлөрүнүн табигый руханий жакындык сезими (мис., В.Коннор, К. Гирц) улуттук иденттүүлүктүн түзүмүндөгү *эмоционалдык-сезимдик компоненттин* бар экендиги жөнүндө айтууга мүмкүндүк берет. Т.Парсонс, Ю. Хабермас жана С. Хантингтондун эмгектеринде жеке өздүк жана жамааттын биримдиги, ишмердүүлүктүн жүрүшүндө калыптанган жана кабыл алынган жарандардын бардык жеке иденттүүлүгүнүн синергиясынын натыйжасы катары көрсөтүлгөн улуттук иденттүүлүктүн маңызы каралган, бул улуттук иденттүүлүктүн жүрүм-турумдук компоненти жөнүндө айтууга негиз берет.

Этникалык иденттүүлүк да, мамлекеттик-жарандык да иденттүүлүк – эки деңгээлде – социалдык-психологиялык деңгээлде (адамдардын көз караштарынын деңгээлинде (С.Московичи боюнча социалдык көз караштар) жана идеологиялык деңгээлде (элиталардын дискурсу аркылуу) изилденген.

Бул массалык аң-сезимде өлкөнүн дүйнөдөгү, геосаясий мейкиндиктеги ролу, анын цивилизациялык позициялаштыруу тууралуу көз караштар жаралат.

Ушул эле жерде этникалык иденттүүлүк ресурстар (инструментализм) үчүн күрөш жана топтун статусун жогорулатуу максатында элита тарабынан этникалык мобилдүүлүк үчүн кандайча колдонула тургандыгы каралат.

Адам баласы өзүнүн жашоо-тиричилигинин активдүү субъектиси катары - П.Бурдьенин теориясында социалдык иденттүүлүк маселелерин карап чыгуунун предмети болуп саналат. Иденттүүлүк маселеси постмодерндин теорияларында борбордук маселелердин бири болуп саналат (З. Бауман, У. Бек, И. Валлерстайн, Д. Келлнер, Дж. Фридман, Э. Хобсбаум ж.б.).

*Этникалык иденттүүлүк* өзүнө этникалык топ менен өзүн-өзү иденттүү кылууну, өзүнүн тобу тууралуу, тили, маданияты, топтун этникалык тарыхы, жашоо аймагы, ошондой эле топтун жалпы кызыкчылыктары тууралуу көз караштарды («биз образды») камтыйт.

*Жарандык идентүүлүк* өлкөнүн масштабында коомчулук менен өзүн-өзү иденттүү кылуу, «биз образын» жана кызыкчылыктарды билдирет. «Биз образы» бул учурда, жалпы тарых, тил, территория тууралуу көз караштардан тышкары, ошондой эле өлкөнүн дүйнөдөгү орду тууралуу көз караштарды да камтыйт. «жарандык иденттүүлүк» терминин колдонуу менен, биз мамлекетке карата лоялдуулукту гана билбестен (аны мамлекеттик иденттүүлүк деп атоого болмок), ошондой эле мамлекеттик жарандарынын коому, алардын баалуулуктар жана багыттуулуктар тууралуу көз караштарды да билдирет.

## 1.4. Диний иденттүүлүк жана анын жарандык иденттүүлүктү калыптандыруудагы ролу, Кыргызстан жаштарынын исламдык билими

Кыргызстан көп конфессиялуу жана көп этностуу мамлекет болуп саналат. Анда ар кандай диндерди тутунган 80ден ашуун этностор жашайт. Эгемендүүлүк жылдарында Кыргыз Республикасында диний уюмдардын культтук, социалдык, өндүрүштүк-чарбалык жана башка иштмердүүлүгүнө чектөөлөр алынып салынган. КР Конституциясы жана мыйзамдары Кыргызстандын бардык жарандары үчүн дин тутуу эркиндигин кепилдейт.

Динге ишенгендердин 85% дан ашыгы өздөрүн мусулман деп эсептешет. Коомду кайра исламдаштыруунун динамикалык процесси ислам инфраструктурасын түздү. Шаарлардын жана айылдардын көрүнүшү, ислам динин тутунган адамдардын жашоо образы өзгөрдү. Мусулмандар күнүмдүк пайда болгон маселелерди жаштардын жаңы кыргыз иденттүүлүгүн калыптандыруучу диний дүйнө таанымдын призмасы аркылуу кабыл алууга жана чечүүгө умтулушат.

Албетте, Кыргызстандагы исламдык идентүүлүктү изилдөө анын калыптанышына таасир берүүчү факторлордун (тарыхый, социалдык-маданий, саясий, үй-бүлө, коом, саясат ж.б.) бүтүндөй комплексинин өз ара аракеттенүүсүн эске алган ар тараптуу мамилени талап кылат. Ошондой эле жашоонун маңызын издөө, экзистенциалдык суроолорго жооп берүү, жеке

тажрыйба, айрыкча диний тажрыйба, руханий практика исламдык иденттүүлүктү калыптандырууда маанилүү ролду ойнойт

Диний иденттүүлүктүн калыптанышына ар кандай факторлордун таасири үй-бүлөлүк тарбия, социалдык-маданий чөйрө, диний булактарга жетүү мүмкүнчүлүгү, билим берүү мекемелери жана медиа сыяктуу көптөгөн аспектилерди камтыйт.

Бул параграфта диний иденттүүлүктүн калыптанышына таасир этүүчү ар кандай факторлордун таасирин карап көрөлү. Ошол эле учурда студент жаштарынын өзүн-өзү таануусунун маанилүү фактору катары ислам билиминин таасирин кененирээк карап өтөбүз.

Болуп жаткан процесстердин натыйжасын аныктоо жана анын маңызын аныктоо, жаштардын исламдык иденттүүлүгүн калыптандыруу жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун мамлекет тарабынан жүргүзүлүп жаткан саясатына каршы чыгуу болуп саналабы же жокпу? деген суроого жоопту аныктоо. Же бул салттуу ислам баалуулуктарын урматтоо, жашоонун заманбап нормалары, мамлекеттин светтик мамлекет формасына берилгендик жана коомдун турмушуна активдүү аралашуу сыяктуу симбиозбу?

Же бул процесс светтик мыйзамдарга каршы чыгууга жана аларды четке кагууга, радикалдашууга жана ислам мамлекетин түзүүгө умтулууга алып келеби?

Ошол эле учурда, диний иденттүүлүк поликонфессиялык светтик коомдо оң жана терс ролду ойношу мүмкүн экендигин эске алуу кажет. Бир жагынан, ал жалпы баалуулуктарды жана каада-салттарды бөлүшкөн дин кармангандар үчүн бириктирүүчү фактор катары кызмат кыла алат. Башка жагынан алганда, жагымсыз шарттарда ар кандай диндеги адамдардын ортосундагы чыр-чатактардын булагы болуп калышы мүмкүн.

Мамлекет үчүн бул процесстин коомдо каршылыксыз, тынч жана конструктивдүү өтүшү маанилүү.

Жаштардын диний иденттүүлүгүн калыптандырууда исламдык билим маанилүү ролду ойнойт. Ал ишеним жөнүндө негизги билимди гана камсыз

кылбастан, ошондой эле ислам окууларын, каада-салттарын жана баалуулуктарын терең түшүнүүгө жардам берет. Куранды, хадистерди, теологиялык жана укуктук тексттерди өздөштүрүү аркылуу жаштар коомдогу жүрүм-турумун жана мамилелерин жөнгө салуучу принциптер менен ченемдерди үйрөнүү аркылуу өздөрүнүн диний өзгөчөлүктөрү жөнүндө билишет.

Исламдык билим берүү жаштарга диний маселелер боюнча сынчыл ой жүгүртүүнү жана аналитикалык жөндөмдөрдү өрчүтүүгө жардам берет. Бул аларга диний билимдин маңызын жакшыраак түшүнүүгө жана жашоосунда диний принциптерге негизделген чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берет.

Бирок, ислам билиминин таасири позитивдүү да, негативдүү да болушу мүмкүн. Жетишсиз сапатагы же бир тараптуу билим догматизмге, сабырсыздыкка жана диний окууларды туура эмес, бурмалап түшүнүүгө алып келиши мүмкүн. Ошондуктан ислам билиминин тең салмактуу болушу, жаштарды билим менен байытып, сынчыл ой жүгүртүүгө жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө түрткү бериши маанилүү.

Ошентип, исламдык билим берүү жаштардын диний иденттүүлүгүн калыптандырууда маанилүү фактор болуп саналат, бирок анын таасири билим сапатынан, билимдердин ар кандай булактарынын болушунан жана окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө түрткү берүүдөн көз каранды.

Изилдөө темасынын салыштырмалуу жаңылыгы, ошондой эле ислам диний уюмдарынын билим берүү ишмердүүлүгүн чагылдырууга карата сынчыл мамиле аларга жеткиликтүүлүктүн чектелишине алып келди.

***Бирок долбоорлордун алкагында*** исламдык билим берүү боюнча изилдөөлөр жүргүзүлүп, коомчулукка чоң тарыхнаамалык материал берилди. Алгачкы изилдөөлөрдүн бири 2008-жылы Борбордук Азиядагы Америка университетинин социалдык изилдөөлөр борбору тарабынан «Ислам билим берүү институттарын коомчулуктун кеңири чөйрөсүнө интеграциялоо жана ислам билим берүү мекемелерин модернизациялоо маселелери» деген темада

жүргүзүлгөн, ал изилдөө ислам окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү үчүн көйгөйлөрдү көрсөттү. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча медреселердин окуу пландарына светтик дисциплиналарды киргизүү сунуштары берилген.

2010-жылы К.Маликовдун[1] жетекчилиги алдында «Дин, укук жана саясат» уюмунун алкагында «Кыргызстандын мусулман коомчулугу: азыркы этаптагы социалдык активдүүлүк» аттуу изилдөө жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча Кыргызстанда исламдык билим берүү «билим берүүнүн төмөн стандарттары, светтик илимдерге карата бурмаланган көз караш, заманбап көйгөйлөрдү тар түшүнүү, медреселерде ресурстардын жетишсиздиги, квалификациялуу мугалимдердин жетишсиздиги жана студенттердин дипломдорун таануунун жоктугу, жумуш табуу мүмкүн эместиги»[2] менен чектелип келет, ага байланыштуу жаштар диний билим алуу максатында чет өлкөлөргө кетип жатышат.

2014-жылы «Евразия» фонду тарабынан Кыргызстандагы исламдык билим берүүнүн абалына жана «Диний билим берүү жөнүндө» мыйзам долбооруна талдоо жүргүзүлгөн. Жыйынтыгы боюнча диний окуу жайлардын ишмердүүлүгүн тартипке келтирүү жана диний билим берүүнүн стандарттарын киргизүү каралган. Бирок диний ишмерлер каршы чыгышкан, акыр аягы, бул мыйзам алардын жабылышына алып келет деп эсептешкен.

Диний ишмерлердин исламдык билим берүүнүн сунушталган стандарттарынан четтөөсү бир нече факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн:

Биринчиден, мамлекеттик стандарттар киргизилген учурда, алар өз алдынчалыгын жана таасирин жоготуп алуудан коркушу мүмкүн, бул алардын окуу жайларды башкаруудагы жана окуу пландарын түзүүдөгү эркиндигин чектеши мүмкүн деп чочулашы ыктымал.

[1] Кыргызстандын мусулман коомчулугу: азыркы этаптагы социалдык активдүүлүк. К. Маликов ж.б. - Бишкек: 2010. - 20 б. ISBN 978-9967-25-952-2

[2] Кыргызстандын мусулман коомчулугу: азыркы этаптагы социалдык активдүүлүк. - Бишкек: 2010, р. 10.

Экинчиден, айрым диний ишмерлер диний билим берүү чөйрөсүнө мамлекеттин кийлигишүүсү светтик мамлекеттин жана дин тутуу эркиндигинин принцибин бузуу деп эсептеши мүмкүн.

Бирок диний окуу жайлардын ишмердүүлүгүн тартипке келтирүү жана диний билим берүү стандарттарын киргизүү оң аспектилерге ээ болушу мүмкүн. Бул сапаттуу жана тең салмактуу билим берүүнү камсыз кылышы, ошондой эле экстремисттик идеологиялардын жайылышына же диний тексттердин бурмаланып чечмеленишине жол бербеши мүмкүн. Мындан тышкары, мамлекеттик стандарттар билим берүүнүн ачыктыгын жана анын сапатын жогорулатууга, ошондой эле окуучулардын укуктарын коргоого жардам берет.

2012-2014-жж. Кыргызстанда «Кыргызстан коомунун динчилдиги» аттуу изилдөө жүргүзүлгөн. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй тыянактар чыгарылган: Кыргызстанда диний мекемелердин санынын өсүшү байкалууда, ислам менен формалдуу идентификация бар, өлкөнүн аймактары боюнча дин карманууунун деңгээлинде айырмачылыктар бар, жаштар көбүрөөк динчил келишет».

2016-жылы Джордж Вашингтон университетинин (АКШ) Европалык, орус жана евразиялык изилдөөлөр институтунун Борбордук Азия Программасынын колдоосу менен Ислам таануу илимий-изилдөө институту тарабынан – «Кыргызстандагы жаштардын радикалдашууга жана экстремизмге чабалдыгы жана туруктуулугу: жашоонун беш чөйрөсүндөгү анализ» деген темада изилдөө жүргүзүп, «радикалдашууга карата туруктуулукту күчтөндүргөн «Нурджулар жана Таблиг Жамаат» сыяктуу ислам топтору жаштарга оң таасир берип жатат» деген карама-каршылыктуу жыйынтык чыгарган, бул пикирге эксперттердин жана Жогорку Кеңештин депутаттарынын көпчүлүгү макул болушкан эмес.

2017-жылы Булан институту[3] «Кыргызстандагы диний билим берүү:

[3] Булан институт – көз карандысыз уюм, штаб кваритрасы Женева шаарында, Швейцария.

медреселер ыкчам реформага муктаж» деген долбоорду ишке ашырган, анын жыйынтыгы боюнча төмөнкү сунуштар берилген: исламдык билим берүүдөгү бардык кемчиликтер демөөрчүлүк каржылоодон көз каранды, сапатка зыян келтирген сандык өсүү улуттук коопсуздукка терс таасирин тийгизип, коомдун радикалдашуусуна, диний экстремизмдик идеялардын жайылышына алып келет, ал эми Пакистан, Бангладештеги шектүү окуу жайларда билим алуу чет өлкөлөрдө экстремисттик уюмдардын катарына алданып жалдоого кабылууга алып келет. Натыйжада, алар Кыргызстанга келгенде алардын идеологияларын жана саясатын жайылтуучу болуп калышы толук мүмкүн.

2018-2020-жылдары Европа Биримдигинин каржылык колдоосу менен «Дин жана демократия боюнча конструктивдүү диалогдор» долбоорун ишке ашырган эл аралык «International Alert» уюму диний чөйрөнү изилдөө боюнча активдүү иштерди жүргүзгөн. Долбоордун алкагында диндердин саясаттагы ролу, ар түрдүү диний ишенимдеги жаштардын диалогу, аялдар арасындагы радикалдашуу тенденциялары, терроризмге жана экстремизмге каршы турууда бейөкмөт уюмдардын ролу, Ош шаарында дин карманган кыздарды жана аялдарды кайчылаш басмырлоонун себептери, Интернетте зомбулук экстремизм идеологиясын жайылтуунун алдын алуу боюнча медиа стратегиялар ж.б. темалар боюнча чакан долбоорлор ишке ашырылды. Ал долбоорлор жаштарга изилдөөчүлүк көндүмдөрүн жогорулатууга, потенциалын өстүрүүгө, диний чөйрөдөгү жаш эксперттерди даярдоого мүмкүндүк берди.

Ошентип, жүргүзүлгөн бардык изилдөөлөр Кыргызстандагы ислам билим берүү чөйрөсүндөгү кырдаалдын айрым өзгөрүүлөрүнө таасирин тийгизди. Алардын сунуштары боюнча ислам билим берүүсүнө түздөн-түз же кыйыр тиешеси бар маанилүү мамлекеттик түшүнүктөр жана мыйзамдар кабыл алынган.

2008-2009-жж. Джонс Хопкинс университетинин (АКШ) колдоосу менен Дэвид Абрамзон Кыргызстандагы жана Борбордук Азиядагы исламдык билим берүүнү изилдеген алгачкы чет элдик окумуштуулардын бири болгон.

Изилдөөнүн жыйынтыктары «Борбордук Азиядагы чет элдик диний билим берүү жана исламдык кайра жаралуу: таасир жана туруктуулуктун перспективасы» деген макалада баяндалган [ 17].

Окумуштуунун тыянагында Кыргызстандагы ислам билиминин деңгээли төмөн, чет өлкөгө чыгуу радикалдашуу коркунучун жаратат, ислам окуу жайларынын тарбиялануучулары террорист жана экстремист эмес, жергиликтүү исламды терең билүү жана аны эл аралык түшүнүү экстремисттик коркунучтарга каршы турууга мүмкүндүк берет» деп айтылат.

2014-2015-жж. немис изилдөөчүсү Янти Хельцхен «Түндүк Кыргызстандагы медреселердин мисалында диний билим берүү жана маданий өзгөрүүлөр» аттуу изилдөө жүргүзгөн [34]. Жыйынтыгында төмөндөгүдөй тыянактар баяндалган: ислам коомдо адеп-ахлак жана нравалуулук менен байланышкан, Совет бийлигинин тушунда динге тыюу салуу ислам инфраструктурасынын динамикалуу өсүшүнө алып келген, Таблиги Жамааттын активдешүүсү деструктивдүү агымдарга каршы туруу менен байланыштырган. Кыргызстандагы бардык медреселер жеке менчик болуп саналат жана жергиликтүү жана чет өлкөлүк ар кандай фонддор тарабынан каржыланат. Жалпысынан, эмгек медреселерди ислам маанилүү ролду ойной баштаган социалдык чөйрө катары түшүнүүгө арналган. Мындай өз ара аракеттенүүнүн маанилүү компоненти адам баласынын адеп-ахлактык жүрүм-туруму болуп саналат.

Атамекендик изилдөөчү Н.Курбанова Кыргызстанда ислам кайра жаралуусу менен бирге динге ишенгендердин, эң оболу жаштардын радикалдашуусуна байланышкан көйгөйлөрдүн бүтүндөй комплекси пайда болгонун белгилейт. Мындай радикалдашуунун негизги себеби экономиканын кыйрашы, массанын жакырланышы жана терең руханий кризис болуп саналат. Мунун фонунда, тыюу салынган исламдык саясий партиялардын жана кыймылдардын идеялары калктын белгилүү бир бөлүгүнө жагымдуу болуп, тартылууну жаратат.

Ш.Шеровдун кыргыз тилиндеги «Кыргызстандагы диний исламдык

билим берүүнүн түзүлүшү: абалы жана көйгөйлөрү (1991-2010-жж.)» аттуу кандидаттык диссертациясында чөлкөмдөгү ислам окуу жайларынын учурдагы тармагынын аналитикалык мүнөздөмөсү берилген [258].

Исламдык билим берүү маселелери боюнча Ш.Шеров өзүнүн кыргыз тилиндеги кандидаттык диссертациясында учурдагы иштеп жаткан ислам окуу жайларынын тармагына мүнөздөмө берүү, аларды системалаштыруу жана бүтүрүүчүлөрдү Кыргызстандын жарандык коомуна интеграциялоо зарылдыгы боюнча сунуштарды берген.

Ислам билим берүүсүнүн изилдөөчүсү Г.Сейталиева «Ислам билим берүүсүндөгү дүйнө таанымдын жана аялдардын укуктарын түшүнүүнүн трансформациясы» аттуу монографиясында Кыргызстанда жүргүзүлгөн өзүнүн эмпирикалык изилдөөлөрүнүн негизинде ислам окуу жайларынын кеңири комплекстүү талдоосун сунуштаган. Эмгекте Ислам патриархалдык баалуулуктарын реанимациялоо азыркы Кыргызстандын коомунда аялдардын укуктарын басмырлоого алып келе тургандыгы аргументтелет.

Бул тармактагы илимий изилдөөлөрдүн абалын жалпы талдоо ислам маселеси жана анын ар кандай аспектилердеги көрүнүштөрү бир катар окумуштуулар тарабынан изилденген деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Кеңири фактылык материалдарды камтыган жана аны илимий жүгүртүүгө киргизген басылмалар да бар. Бирок Кыргызстандагы жаштардын иденттүүлүгүн калыптандырууга исламдык билим берүүнүн таасири жөнүндө толук түшүнүк берген концептуалдык иштелмелер жок.

Жалпыга маалымдоо каражаттарындагы маалыматтар ааламдашуу шартында Борбордук Азия мамлекеттеринин коомдук-саясий турмушундагы исламдын ролуна жана абалына арналган чоң илимий жана методологиялык материалды, ошондой эле бир катар исламчыл уюмдардын, анын ичинде Кыргызстанда тыюу салынган уюмдардын сайттарын камтыйт. Бирок ЖМКдагы басылып чыккан маалыматтарга көбүнө жоболордун жана тыянактардын объективдүүлүгүнүн деңгээлин олуттуу төмөндөтүүчү эки чектен чыгуунун бири мүнөздүү: кечиримдүүлүк же автордун кайсы

позицияда турганына жараша гиперкритикалык мамиле, бул илимий көз караштан алганда анчейин туура позиция эмес. Жарыяланган жалпылоолор терең мүнөзгө ээ эмес, ошондой эле өзүнүн улуту, дини жана ар түрдүү саясий институттарга жакындыгы сыяктуу көптөгөн субъективдүү факторлордун таасири астында басылмалардын авторлорунун ашыкча саясатташкандыгы көрүнүп турат.

Жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу таркатылган маалыматтарда ааламдашуу шартында Борбордук Азия мамлекеттеринин, анын ичинде республиканын коомдук-саясий турмушундагы исламдын ролуна жана абалына арналган кеңири илимий жана методологиялык материал камтылат. Ошондой эле ар кандай исламчыл уюмдардын, анын ичинде Кыргызстанда тыюу салынган сайттардын сайттары да маанилүү булак болуп саналат.

## ***1.***Жаштардын исламдык иденттүүлүгүн калыптандыруунун негизги факторлору

Диний иденттүүлүктүн калыптанышына факторлордун (тарыхый, социалдык-маданий, саясий, инсандык, үй-бүлө, коом, саясат, ж.б.) бүтүндөй комплекси таасир этет. Аларды кененирээк карап көрөлү.

Эреже катары, **тарыхый факторлор** исламдын кыргыздардын күнүмдүк жашоо-тиричилигинде узак таасир тийгизген түрүндө көрүнөт.

Ислам Кыргызстандын аймагында XX кылымдан баштап, бара-бара маданиятка жана каада-салттарга сиңип келе жатат. Изилдөөчүлөрдүн арасында кыргыздардын исламдашуу мезгили боюнча бирдиктүү көз караш жок. Ошону менен бирге кыргыздардын исламдашуусу акырындык менен, бир нече кылымдар бою жүрүп келген дегенге баары макул.

X кылымда Кыргызстандын аймагы Карахандар каганатынын курамына кирген. 960-жылы Сатук Богра хандын уулу Муса исламды кабыл алып, аны кагандыктын мамлекеттик дини деп жарыялайт. Ал жерди жердеген кыргыз урууларынын бир бөлүгү ислам динин кабыл алганы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Исламды кабыл алуу менен бирге караханиддер мечиттерди кура башташты, диний мектептер - медреселерди түзө башташты, бул исламдашуу

үчүн жагымдуу шарттарды түздү.

Мусулман дааватчылары жергиликтүү каада-салттарды жана үрп-адаттарды, ошондой эле жергиликтүү элге жеткиликтүү тилди ийгиликтүү колдонуп, исламды кыргыздар арасында жайылтышкан. Бул белгилүү бир маданий чөйрөдөгү адамдардын менталитетине жана жүрүм-турумуна олуттуу таасир эткен салттуу маданий формаларды жана ырым-жырымдарды колдонууну камтыган.

Кыргыз уруулары Улуу Жибек Жолунун бир бөлүгүн көзөмөлдөп турган, мусулман соодагерлер менен байланыш исламдын жайылышына шарт түзгөн.

Ислам баалуулуктардын жана дүйнө таанымдын жаңы системасын сунуштоо менен кыргыз элинин маданий жана руханий өнүгүүсүнө олуттуу салым кошту.

Бул дин кыргыздарга жашоонун маңызы, адеп-ахлак, өлгөндөн кийинки жашоо жана адам баласынын болмушунун башка маанилүү аспектилери тууралуу суроолорго жооп таап берди. Ислам окуулары кыргыздарды руханий өнүгүүгө, адеп-ахлактуулукка жана адилеттүүлүккө багыттап, алардын руханий аң-сезимин жана социалдык-маданий иденттүүлүгүн бекемдөөгө жардам берди. Ошентип, ислам дин тутуунун диний системасы гана болбостон, кыргыз коомун жана анын баалуулуктарын калыптандырууга негиз боло алды.

Кыргыздар мусулман маданиятынын элементтерин, анын ичинде араб алфавитин, ислам архитектуралык стилдерин, мусулман майрамдарын кабыл алышкан. Кыргыздар өздөрүнүн салттуу ишенимдеринен жана ырым-жырымдарынан толугу менен баш тартпаса да, ислам жана исламга чейинки элементтердин аралашуусу болгон.

XIV-XV кк. гана ислам кыргыз урууларынын арасында үстөмдүк кылуучу динге айланат. XVI кылымда ислам кыргыз элинин биригүүсүнүн идеологиялык фактору болгон. Көчмөн аймактарда жашаган салттуу ишенимдердин жактоочулары исламга чейинки ишенимдерин жана ырым-

жырымдарын сактап келишкен. Шарияттын айрым формалдуулуктарын сактоо менен, алар өздөрүнүн көпчүлүк ченемдеринин каадалык-укуктук мазмунун сактоону уланытшкан жана адатка ылайык жашоону улантышкан. Бул ченемдер кыргыз этносунун тарыхый өнүгүү процессинде калыптанган. Укуктук үрп-адаттардын сөзсүз түрдө сакталуучу системасы катары алар элдин аң-сезиминде бекемделген муундан муунга өтүп келе жаткан баалуу дүйнө таанымына жана социалдык маанилүү тажрыйбаларына негизделген. Адат каада-салттардын жана ченемдердин жыйындысы катары Кыргыз уруулук коомунун турмушун жөнгө салган.

Буга карабастан, ислам кыргыз уруулары үчүн бириктирүүчү фактор болуп, уруулук карама-каршылыктарды жеңүүгө жардам бере баштаган. Ошол эле учурда ар кайсы кыргыз урууларынын исламды кабыл алуу процесси акырындап жүргөн жана бир тектүү болгон эместигин белгилей кетүү керек. Ислам маданиятынын кыргыздардын тилине, адабиятына, архитектурасына жана жашоосунун башка чөйрөлөрүнө тийгизген таасири исламдык иденттүүлүктүн калыптанышына алып келди.

Советтик мезгилдеги СССРдин атеисттик саясаты исламдын таасирин жок кылууга аракет кылганы менен, аны толугу менен жок кыла алган жок. Ислам ошол мезгилде каада-салттарды жана ырым-жырымдарды сактоо менен, мусулман калкынын жашоосунун маанилүү бөлүгү болуп кала берди. Совет мезгилиндеги Коммунисттик партиянын жогорку даражалуу мүчөлөрү да мусулмандардын жашоо циклине мүнөздүү ислам үрп-адаттарын жана ырым-жырымдарын карманышкан. Буга бала төрөлгөндө азан (дуба) окуу, эркек балдарды сүннөткө отургузуу, ошондой эле жаңы үйлөнгөндөргө нике кыюу боюнча жаштардын никесин каттоо жөрөлгөсү кирген. Мындан тышкары, келин далууда мурдагыдай эле салттуу калым төлөп келген. Бир дагы акыркы сапарга узаган адам, атүгүл атеист болсо да жаназасыз калган эмес – мусулмандардын сөөк коюу жөрөлгөсү. Кыргыздар үчилик, жетилик, кырк күндүк боюнча бардык эскерүү ырым-жырымдарын карманышкан, ошондой эле маркумдун бир жылдыгын (ашын) аш даярдап, бардык

тугандарын жана жакындарын чогултушкан. Дин көптөгөн адамдардын жеке жашоосунун, айрыкча айыл жеринде маанилүү бөлүгү бойдон калып келген. Ислам адамдарга жашоонун кыйынчылыктарын жеңүүгө жардам берген жана аларга жамааттык сезимин тартуулуп келген.

Советтик партия жана мамлекет жүргүзүлүп жаткан мусулман ырым-жырымдарына көңүл бурбагандай мамиле кылышып келишкен жана мындай нерселер тууралуу ачык айтууга болбойт эле. Бирок көптөгөн үй-бүлөлөр, айрыкча айыл жергесинде, Орозо айт (Рамазан айында орозонун бүтүшү), Курман айт (Курмандык чалуу майрамы) жана Нооруз (ислам динине таандык болбогон, бирок байыркы каада-салттары жана ырым-жырымдары бар жаз майрамы) сыяктуу диний майрамдарды белгилөөнү улантып келишкен.

Александ Беннигсен – белгилүү француз чыгыш таануучу-советолог мындай деп жазат: «Улут менен дин адатта мусулмандардын элдик аң-сезиминде аралашат, ошондуктан диний тектеги же ошондой деп кабыл алынуучу милдеттерди сактоо улуттук мүнөздөгү өзгөчөлүк болуп эсептелет, алсак: «мусулман гана өзбек боло алат», «сүннөткө отургузулбасаң, сен мусулман эмессиң». Динге ишенбегендердин арасында, кээде атеисттик маанайдагы Орто Азиялык интеллигенттердин арасында да тараган бул пикир СССРдин мусулман элдеринин жашоосун жакшы чагылдырат.

Көпчүлүк адамдар үчүн Шариаттын осуяттары, када-салттар жана аксакалдардын авторитети, ошондой эле ырым-жырым практикалары алардын жашоосунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул аспектилер марксизмге же сырттан киргизилген жана балким ишенбөөчүлүктү жараткан башка жаңы идеологияга караганда алар үчүн маанилүү болгон ачык жана сезилүүчү чындыкка айланууда”[ 39].

Бул ырым-жырымдарды жана үрп-адаттарды сактоо деңгээли аймакка, үй-бүлөгө жана жеке ишенимдерге жараша ар кандай болгонун белгилей кетүү маанилүү.

Ислам салттарын сактоого өбөлгө болгон факторлор кыргыз элинин маданий үрп-адаттарын жана тиричилигин чыңдоо менен тыгыз байланышта

болгон. Дээрлик бардык ислам үрп-адаттары этностун маданиятынын жана жашоо образынын имаңызына терең сыйымдалган. *Диний салттарды муундан муунга өткөрүп берүүдө үй-бүлө чоң роль ойногон. Чектөөлөргө* карабастан, диний билимге ээ болуунун формалдуу эмес жолдору болгон, мисалы, жеке сабактар жана Куранды өз алдынча үйдө, кээде худжрада үйрөнүү.

Ошондой эле ислам ишенимин сактоодо руханий өзүн-өзү өркүндөтүүгө басым жасаган жана ислам иденттүүлүгүн сактоодо маанилүү роль ойногон суфий боордоштуктары да чоң роль ойношкон. Айрым руханий лидерлер Совет бийлиги менен кызматташуунун аркасында, диний жашоого белгилүү таасирин тийгизип, ислам үрп-адаттары менен иш-аракеттеринин уланышын камсыз кылышкан.

Ошентип, бардык аракеттерине карабастан, Совет бийлиги исламды мусулмандардын жашоосунан толук жок кыла алган жок. Бирок Кыргызстанда, өзгөчө өлкөнүн түштүгүндө көп сандагы мечиттердин санын кыскартуу, диний мектеп- медреселерге тыюу салуу аркылуу аларга белгилүү бир таасир тийгизе алды. Мамлекеттик коопсуздук комитетинин көзөмөлү астында диний ишмердүүлүк кескин чектелип келген. Мектепте жана жалпыга маалымдоо каражаттарында, радио, телевидениеде атеисттик пропаганда активдүү жүргүзүлүп келген. Ошентип, совет мезгилиндеги кыйынчылыктарга карабастан, Кыргызстанда ислам салттары сакталып гана калбастан, постсоветтик мезгилде кайра жандана баштаган.

**Социалдык-маданий фактор.** XX кылымдын 80-жылдарынын аягында коммунисттик идеология кулагандан кийин гана эл ата-бабаларынын динин тутууга, исламда белгиленген бардык үрп-адаттарды жана ырым-жырымдарды аткарууга толук укук алган. Кыргызстанда мусулмандардын майрамдары «Курман айт» жана «Орозо айт» расмий түрдө мамлекеттик деңгээлде таанылып, дем алыш күндөрү болуп эсептелет.

Башында диний ырым-жырымдар негизинен мусулмандардын жашоо-турмушундагы үй-бүлөлүк окуялар учурунда артыкчылыктуу түрдө

тиричиликте жүргүзүлгөн. Бирок, XX кылымдын 1990-жылдарынан баштап, бул ырым-жырымдар динге ишенгендерден тышкары белгилүү теологдор, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, ошондой эле чет элдик коноктор катышкан көптөгөн адамдардын катышуусунда эл алдында өткөрүлө баштаган.

Азыркы учурда майрамдык намаздар Бишкек шаарынын борбордук аянттарында элдин массалык чогулушунда өтүп жатат. Жергиликтүү бийлик динге ишенгендердин коопсуздугун жана ыңгайлуулугун камсыз кылуу үчүн тиешелүү территорияларда жол тосууну ишке ашырып, жол кыймылын убактылуу токтотот. Жогорку Кеңештин Парламент имаратында депутаттар үчүн намазкана орнотулган, бирок башка жерлерде жумуш убактысында намазга тыюу салынган.

Кыргызстанда XX кылымдын 90-жылдардан баштап сан жагынан мусулман коомчулугунун калыптануу процесси жүргөн. 1985-жылдан 1990-жылга чейинки мезгилде Кыргызстанда ислам баалуулуктарын кыргыз коомуна кайтуу процесси жүрүп, «исламды легитимдештирүү» [143]мезгили болгон, дин карманууучулар өздөрүнүн диний ишенимдерин ачык көрсөтүүгө жана исламдын шарттарын күнүмдүк жашоо-тиричиликкте, жазалануудан коркпостон, кармануга мүмкүндүк алышкан. Себеби бул мезгилде мамлекет исламга менен күрөшүүдөн баш тарткан.

1991-жылдан баштап, Кыргызстан көз карандысыз болгон учурдан тартып, мусулмандардын инфраструктурасынын, маданиятынын, каада-салттарынын, билим берүү системасынын, динчилдигинин сандык өсүшү жана калыбына келиши менен мүнөздөлгөн исламдашуунун биринчи толкуну өттү. Өлкөнүн коомдук-саясий процесстерине катышуу ыкмаларын активдүү издөө мусулман коомчулугун укук коргоочу, билим берүүчү жана социалдык багыттагы «Адеп Башаты», «Дил Мүрөгү», «Мутакаллим», «Ислах», «Тейба», «Борбордук Азия мусулмандарынын конгресси» ж. б. ар кандай ислам бейөкмөт уюмдарын түзүүгө алып келди. Исламдаштыруунун экинчи толкуну 2014-жылы өлкөдө диний чөйрөнү кеңири масштабдуу реформалоо башталган

учурда башталган. Өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда мусулмандардын кызыкчылыктарын эске алуу үчүн активдүү *ишмердүүлүк ислам иденттүүлүгүнүн калыптанышына жана аңдап-түшүнүүгө алып келди.*

Эгерде 1991-жылы болгону 39 собордук мечит жана Орто Азия мусулмандар дин башкармалыгына (ОАМДБ) тиешелүү бир Казыят бар болсо, 2008-жылга карата 1648 мечит жана 1800 ислам уюмдары, 2024-жылы[4] 3138 мечит жана 3432 ислам уюмдары иш алып барууда.

Таблица 1.2.

| | Кыргызстандагы ислам диний уюмдары | |
|---|---|---|
| **1.** | Ислам (анын ичинде) | **3432** |
| 1.1. | Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы | **1** |
| 1.2. | Областтык казыяттар | **9** |
| 1.3. | Мечиттер | **3138** |
| 1.4. | Диний кайрымдуулук уюмдары | **60** |
| 1.5 | Диний уюмдар | **31** |
| 1.6. | Диний окуу жайлар: | **193** |
| 1.6.1. | Ислам университети | **1** |
| 1.6.2. | Кыргыз ислам университетинин алдындагы Ислам колледжи | **2** |
| 1.6.3. | Ислам институттары | **11** |
| 1.6.4. | Диний окуу борборлору | **61** |
| 1.6.5. | Медресе | **119** |
| **2.** | Христианчылык | **408** |
| **3.** | Кыргызстандагы диний уюмдардын жалпы саны | **3854** |

Социалдык-маданий жактан алганда, бул мезгилде мусулман коомчулугунун өзүнүн ичинде сапаттык өсүш байкалат, ал ислам билиминин деңгээли жана жаш курактык мүнөздөмөлөр жаатында көрүнөт. Муфтияттын маалыматы боюнча, 1-таблицадан көрүнүп тургандай, 2012-жылы республикада 55 медресе, 7 ислам институту жана Бишкек ислам университети

[4] КР ДИМК учурдагы архиви// 01.01.2024-ж. карата стат маалыматтар.

иш алып барса, 2024-жылы ислам диний мекемелеринин саны диний борборлор менен бирге 193гө жеткен, б.а. он эки жылдын ичинде *дээрлик 3 эсеге көбөйгөн.*

2023-жылдын 28-декабрында Кыргызстандын Президенти Садыр Жапаров Билим берүү жана илим министрлигинин эгидасы астында ислам теологиясы менен байланышкан билим берүү, илимий жана басма иштерин жүргүзө турган Ислам академиясын түзүү жөнүндө Жарлыкка[5] кол койгон. Академиянын милдеттерине ошондой эле Кыргызстандагы исламдын салттуу баалуулуктарын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатка ылайык жайылтуу, илгерилетүү кирет.

Үй-бүлө коомдун уюткусу болуу менен балдардын руханий дүйнөсүнүн, адеп-ахлагын жана өз динине таандык болуу сезимин калыптандыруу үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүктөргө ээ. Социалдык чөйрө дагы башка факторлор менен бирге иденттүүлүктүн калыптанышына өбөлгө түзөт.

Ата-энеси мусулман болгон көптөгөн кыргыз үй-бүлөлөрүндө балдарды ислам салтына ылайык тарбиялап, намаз окууга, Куран окууга жана орозо кармоого үйрөтүшөт. Ата-энелер балдары менен бирге үй-бүлөдө намаз окушат, бул Аллахка ибадат кылуу гана эмес, үй-бүлөлүк байланышты бекемдөөгө, балдарды жоопкерчиликке жана тактыкка үйрөтүүгө өбөлгө түзөт. Ислам динин тутунган мусулмандар эркек балдарын мечитке өспүрүм кезинен баштап алып келип, исламдын ырым-жырымдары жана каада-салттары менен таанышууга, мусулмандардын ыйык Куран китебинин окууларына сүңгүп кирүүгө, Мухаммед пайгамбардын хадистерин изилдөөгө, анын сүннөтүн аткарууга жана диний коомчулуктун бир бөлүгү катары сезүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Жергиликтүү имамдардын жана англис тилинен которулган чет өлкөлүк имамдардын[6] көптөгөн китептери балдарды исламдын нугунда тарбиялого арналган жана балдарды исламга азыркы учурдун шарттарында натыйжалуу

[5] «Эркин-Тоо», 28-декабрь -2023.
[6] Аль Талиб ж.б. Взаимоотношения родителей с детьми (Ата эне менен баланын мамилеси). Б., 2021

тартуу боюнча кеңештер сунушталат.

Биринчиси, үй-бүлөдө ата-энелер өздөрүнүн диний тажрыйбасында *үлгү* болуп, балдарына исламдын сулуулугун көрсөткөн жагымдуу атмосфера түзүү. Экинчиси, балдар үчүн исламды үйрөнүүнү кызыктуу жана натыйжалуу кылуу үчүн салттуу жана заманбап ыкмалардын айкалышын камтыган ар кандай окутуу ыкмаларын колдонуу сунушу. Ошондой эле ислам борборлору, фонддор жана мечиттер сыяктуу диний жамааттар менен кызматташуу үй-бүлөлөргө балдарды ислам双 динінде тарбиялоого жардам берет.

Балдарга ислам билимин үйрөтүү үчүн исламга арналган балдар китептери, видеолор, оюндар жана тиркемелер сыяктуу билим берүүчү материалдарды колдонууга болот, бул динди өздөштүрүүнү жеткиликтүү жана интерактивдүү кылат. Мындан тышкары, балдар үчүн исламдын ар кандай аспектилери боюнча материалдарды камтыган көптөгөн веб-сайттар жана онлайн курстар аларга ислам баалуулуктарын кызыгуу менен өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Азыркы легитимдүүлүккө карабастан, Кыргызстанда акыркы мезгилде балдарды тарбиялоо ислам принциптерине ылайык жүргүзүлүп жаткан бала бакчалардын саны көбөйдү. Мындай мекемелердин саны аныкталган эмес жана билим берүү ведомстволору тарабынан көзөмөлдөнбөйт. Мектепке чейинки мекемелердин катастрофалык жетишсиздигин эске алуу менен 2023-жылдан баштап жеке жактар тарабынан мындай мекемелерди түзүү үчүн жол-жоболор жөнөкөйлөштүрүлдү. Алардын суроо-талапка ээ болушу коомду исламдаштыруу процессинин пайдасына күбөлөндүрөт.

Мусулман үй-бүлөлөрдөгү балдардын мындай жашоо образы исламдын осуяттарын аткарууга (хадистерди кармануугa) үйрөтөт. Мусулман коомчулугунун мүчөлөрү диндин коомдогу таасирин азайтуу балдардын исламды үйрөнүүгө анча кызыкпай калышына алып келиши мүмкүн экенин жакшы билишет. Ошондуктан азыркы учурда мусулман коомчулугун институтташтыруу светтик Кыргызстанда ислам кызыкчылыктарын коргоонун жолдорун жана механизмдерин издөөгө алып келди.

Кыргызстанда жаштардын исламдык иденттүүлүгүн калыптандырууга таасир эткен дагы бир социалдык-маданий фактор болуп ислам баалуулуктарын жайылтууга багытталган ислам жалпыга маалымдоо каражаттары жана медиа мейкиндиги саналат. Ислам жалпыга маалымдоо каражаттары калктын ар кайсы катмарын камтыйт, көбүнчө жаштарга басым жасалат, алар бардык жеткиликтүү форматтарда, анын ичинде телекөрсөтүү, радио жана журналдарда иштешет.

Акыркы жылдары Кыргызстанда ислам социалдык тармактары жана жалпыга маалымдоо каражаттары дин жөнүндө маалыматты жайылтуу, мусулман коомчулугун агартуу жана билим берүү үчүн заманбап цивилизациянын артыкчылыктарын ийгиликтүү пайдаланууда. Социалдык тармактардан мусулмандарга ислам дүйнөсүндөгү жаңылыктар жана окуялар, мусулмандардын күнүмдүк жашоосун жөнгө салуучу ченемдер жана эрежелер менен таанышуу жеткиликтүү ачык болот, алар суроолоруна жооп алышат. Бул ислам коомчулугунда, өзгөчө заманбап технологиялардын ыкчам өнүгүү шарттарында маалымат алмашуу жана өз ара аракеттенүү үчүн натыйжалуу ыкма болуп саналат.

Көптөгөн кыргыз имамдары Куран жана хадис таануу, Ислам этикасы жана руханий өнүгүү боюнча онлайн курстарын өтүп келишет. Теле каналдарда К.Маликов, М.Токтомушев, А. Нарматов сыяктуу белгилүү Ислам теологдору байма-бай көрсөтүүлөргө чыгып сүйлөшөт.

Мусулмандар үчүн Орозонун Ыйык мезгили болгон Рамазан айында алардын көпчүлүгү муктаж болгондорго азык-түлүк чогултууга чакырышат. Жаштар бул ыктыярдуу кыймылга активдүү катышып, азык-түлүк топтомдорун карылар үйлөрүнө жана жардамга муктаж адамдарга жеткиришет. Бул социалдык жоопкерчиликтин жана тилектештиктин көрүнүшү жакын адамга кам көрүү жана кыйынчылыкка туш болгондорго колдоо көрсөтүү сыяктуу исламдын терең баалуулуктарын чагылдырат. Мындай демилгелер коомдук тилектештикти бекемдейт жана ислам коомчулугунда социалдык колдоонун маанилүүлүгүн көрсөтөт

Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы ай сайын чыгуучу Ислам маданияты гезитин 4500 нуска менен кыргыз тилинде чыгарат [Email: *islam_madanyati@mail.ru]*. Анда Кыргызстандын мусулман коомчулугунун маселелери чагылдырылат. Ислам жалпыга маалымат каражаттарында чагылдырылган темалар, биринчи кезекте, Куран жана сүннөттөрдү чечмелөө, Ислам майрамдарын жана окуяларын түшүндүрүү, фатвалар жана ислам боюнча суроолорго жооптор, белгилүү мусулмандардын өмүр баяны, ислам цивилизациясынын тарыхы ж.б.у.с. мааламаттар басылып чыгат. Исламдагы үй-бүлө жана нике, балдарды тарбиялоо, адеп-ахлак жана этика, кайрымдуулук жана муктаж адамдарга жардам берүү менен байланышкан чоң рубрика бар. Белгилей кетсек, Ислам ЖМКларынын тематикасы маалымат медиалардын уюштуруучуларына, тилге жана багытталып жаткан аудиторияга жараша өзгөрүп турат.

Бул ислам медиалары коомдук пикирди калыптандырууда жана Кыргызстандагы дин, мусулман маданияты жана баалуулуктары жөнүндө маалыматты жайылтууда маанилүү ролду ойнойт.

«Умма» журналы жана «Ислам Ажары» гезити ислам принциптерине жана баалуулуктарына негизделген көз карашты чагылдырат, бул мусулман коомчулугунун руханий байланыштарын чыңдоого жана алардын ислам тууралуу түшүнүгүн кеңейтүүгө жардам берет.

Уюштуруучусу Өзүбек ажы Чотонов болгон «Аян» телеканалы жана «Марва ТВ» телестудиясы да диний жана социалдык-маданий маселелерди исламдын көз карашы менен талкуулоого аянтча түзүп берип келет. Бул дин жөнүндө билимдин жайылышына өбөлгө түзөт жана динге ишенгендерге ислам окууларын жакшыраак түшүнүүгө жана күнүмдүк жашоосунда кармануга жардам берет.

Бул медиа платформалар биригип, динге ишенгендерди тарбиялоодо жана агартууда маанилүү ролду ойнойт, бул ислам практикасына жана аны түшүнүгүнө аң-сезимдүү жана интеллигенттүү мамилени калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Белгилүү ислам насаатчысы, мурдагы муфтий Чубак ажы Жалилов эң көрүнүктүү аалымдардын бири болгон, ал миңдеген аудиторияны чогултуп келген. Чубак ажы Жалилов, жума күнү намаз окуу үчүн түшкү тыныгууну узартууну бийликке сунуштаган. Мамлекеттик телеканалдарда, ошондой эле «Марал» радиосунда өзүнүн берүүлөрү менен активдүү чыгып турган.

Ошентип, акыркы жылдары Кыргызстанда жогоруда аталган факторлор жаштар арасында исламдык иденттүүлүктүн калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизүүдө: биринчиден, намаз окуган, Рамазан айында орозо кармаган, исламдык кийим кийген жаштардын көбөйүшү, ислам иш-чараларынын жана лекцияларынын, адал тамактануунун популярдуулугунун өсүшү, айрым светтик каада-салттардан жана оюн-зооктордон баш тартуу, консервативдүү жашоо образына умтулуу.

Экинчиден, өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы диний көпчүлүктүн кызыкчылыктарын коргоо, мамлекетке карата атуулдук көз караштын пайдасындагы эмес, исламдык иденттүүлүктү калыптандырды. Жогоруда белгиленген процессти башкаруу жана аны конструктивдүү нукка буруу үчүн жаштар менен иш алып баруунун мамлекеттик саясатынан баштап билим берүү мекемелерине жана үй-бүлөгө чейинки кыргыз коомунун бардык деңгээлдеринде күч-аракеттерди жумшоо зарыл.

Кыргызстан жаштарынын жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууда исламдык билим берүүнүн таасири.

Ислам дини басымдуулук кылган Кыргызстанда исламдык билим берүү коомдун жашоо-турмушунда маанилүү роль ойнойт. Арийне, ал жарандык иденттүүлүктүн калыптанышына түздөн-түз таасир этет. Бир жагынан исламдык билим берүү жаштарга адилеттүүлүк, улууларды урматтоо сыяктуу этикалык баалуулуктарды сиңирип, жаштарга жамаатка, ислам цивилизациясына таандык болуу сезимин өздөштүрүүгө, эгедер болууга жардам берет.

Айрыкча Кыргызстанда исламдын архаикалык формада кайра жаралышын эске алганда, билим алууга жана карьералык өсүүгө

мүмкүнчүлүктүн чектелгендигине байланыштуу жаштарды светтик маданий жана баалуулук ченемдерден обочолонтуунун реалдуу коркунучу бар. Жаштардын дин кармануу деңгээли негизинен исламдык билим берүүнүн сапатына жана аны көрсөтүү ыкмасына жараша болот. Билим деңгээли жетишсиз болгон учурда жаштарда сабырсыздык сезимдери күч алып, гендер, теңчилик маселелерин, үй-бүлөлүк мамилелерди, саясат жана башка аспекттерди бурмаланган кабыл алуу коркунучу бар. Ошондуктан, бул көйгөйдү талдоо жана баалоо жаштарга таасир этүүчү факторлордун кеңири спектрин эске алышы керек.

Кыргызстанда исламдык билим берүү системасынын өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү жана чакырыктары бар. Бул системада формалдуу жана формалдуу эмес билим берүү мекемелери, анын ичинде мечиттер, медреселер жана ислам университеттери бар. Бирок, бул мекемелерде билим берүүнүн сапаты бирдей эмес болушу мүмкүн жана айрым учурларда ислам окууларын адекваттуу түшүнүүнү жана алардын заманбап баалуулуктарга жана чакырыктарга ылайыктуулугун камсыз кылуу үчүн жетишсиз болушу мүмкүн.

Учурдагы ислам билим берүү тутумунун натыйжасында диний тексттерди түшүнүүгө жана чечмелөөгө карата ар кандай мамилелер жаралышы мүмкүн, бул гендердик маселелер, теңдик, үй-бүлөлүк мамилелер жана коомдук жашоонун башка аспектилери боюнча ар кандай көз караштарга алып келиши мүмкүн. Билим сапатынын төмөндүгү жана агартуучулуктун жетишсиздиги диний жана маданий ченемдерди бурмаланган кабыл алуунун жана сабырсыздыктын калыптанышына өбөлгө түзөт.

Бул кыйынчылыктарды жеңүү үчүн исламдык билим берүү системасын өркүндөтүү, анын ичинде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, заманбап билим берүү методикаларын жана ыкмаларын киргизүү, ошондой эле билим берүү программаларынын заманбап социалдык-маданий жана гендердик стандарттарга ылайык келишин камсыз кылуу зарыл.

Демек, белгилүү бир кырдаалда тирешүү же симбиоз бул көйгөйдүн чечилиши кандай ыкма менен болгондугуна жараша болот. Эгерде исламдык

билим берүү системасы заманбап чакырыктарга жана баалуулуктарга ыңгайлашса, анда ислам окуулары азыркы учурдагы коомго интеграцияланып, ошол эле учурда өзүнүн баалуулугун жана маанилүүлүгүн сактап кала турган симбиозго жетишүүсү мүмкүн. Бирок, билим берүү системасындагы кемчиликтерди жойбогон учурда, азыркы жана ислам баалуулуктарынын ортосундагы тирешүүнү күчөтүп алуу мүмкүн.

Көп сандаган ислам окуу жайларынын негизги максаты жогорку квалификациялуу мусулман ишмерлерин, ислам жана светтик илимдердин ар түрдүү тармактары боюнча адистерди даярдоо аркылуу коомдун руханий-адеп-ахлактык негиздерин бекемдөө болуп саналат.

1-таблицадан көрүнүп тургандай 2024-жылы жалпысынан алганда диний борборлорду кошкондо 193 ислам окуу жайы иштеп келген.

Ислам окуу жайларынын тармагын учурдагы абалына алып келүү маселеси 2014-жылы мамлекет КР Коопсуздук Кеңешинде[7] өлкөнүн диний чөйрөсүн реформалоо жөнүндө чечим кабыл алгандан кийин пайда болгон. Кыргызстан мусулмандарынын муфтийинин кеңешчиси (ошол мезгилдеги) Лома Юсур ажы Кыргызстан Ислам билим берүү Концепциясынын долбоорун иштеп чыккан, ага ылайык Кыргызстанда исламдык билим берүүнүн төмөнкүдөй системасы сунушталган: 1-деңгээл – мечиттердин алдындагы Башталгыч курстарда башталгыч диний билим берүү, анда окуучулар базалык исламдык билим алышат. 2-деңгээлде окуучулар медреседе исламдык орто билим алышат, окуу мөөнөтү – 2 жылдан 3 жылга чейин. Окуучулардын жаш курагы жаштар топтору үчүн 14 жаштан 35 жашка чейин, жогорку топтор үчүн 35 жаштан. Мечиттерде кенже диний кызматкерлердин милдеттерин аткаруу квалификациясы берилет (ритуалдык кызматтын санитарлары, муэдзиндер). 3-деңгээл –орто кесиптик исламдык билим берүү, орто күндүзгү (медресе) колледждер тарабынан камсыз кылынат; окуу мөөнөтү – 3 жылдан 4 жылга

[7] КР Коргоо Кеңешинин чечими «Диний чөрөдөгү мамлекеттик саясат жөнүндө», 03.02.2014-ж. №01; КР Президентинин жарлыгы «Кыргыз Республикасынын 2014-2020-жж. диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаты жөнүндө», 14.11.2014, http://www.president.kg/ru/news/ukazy/4901

чейин. Окуучулардын жаш курагы 16 жаштан 35 жашка чейин. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациясы – мечиттердеги орто диний кызматкерлер. 4-деңгээл – жогорку диний билим, ислам жогорку окуу *жайлары тарабынан* камсыз кылынат, мечиттерде (имам-хатыб) жогорку звенодогу диний кызматкерлердин, дин башкармалыктарынын кызматкерлеринин, диний окуу жайлардын мугалимдеринин квалификациясын ыйгаруу менен 4-5 жылдык окуу мөөнөтүндө жүргүзүлөт. 5-деңгээл – ислам компоненти бар светтик жогорку билим; Мусулмандардын дин башкармалыгы тарабынан түзүлгөн ислам университеттери (мамлекеттик эмес билим берүү мекемелери) менен камсыз кылынат; окуу формасы – күндүзгү, кечки, сырттан окуу; окуучулардын базалык билими – толук жалпы орто билим берүү + диний орто берүү. Бакалаврлардын окуу мөөнөтү – 4 жыл, адистер – 5 жыл. 6-деңгээл – жогорку окуу жайдан кийинки билим – магистратура; аспирантура, докторантура университеттер тарабынан күндүзгү же кечки окуу формалары боюнча камсыз кылынат. Окуу мөөнөтү – 2-3 жыл. Максаты – окутуучулук ишмердүүлүктү жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоо.

Жогорку Кеңештин депутаты, Кыргыз Республикасынын мурдагы Билим берүү жана илим министри Каныбек Осмоналиевдин жетекчилиги астында «Диний билим берүү жана диний окуу жайлар жөнүндө» мыйзам долбоору 2014-жылы иштелип чыккан. Бирок, диний уюмдардын жетекчилеринин баары ага каршы чыгышкан, ал долбоор азыркы учурга чейин кагаз бетинде калып келет[8].

Бүгүнкү күндө КМДБ баштапкы, орто жана жогорку исламдык билим берүүнүн 3 деңгээлин ишке ашырууда.

Диний билим берүүнүн стандарттарынын жоктугу жана түшүнүктөрдөгү башаламандык чындыгында Кыргызстандагы билим берүү системасында көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн. 2019-жылы Дин иштери

---

[8] http://www.muftiyat.kg/ https://www.facebook.com/Muftiyat/posts/380977471998936/

боюнча мамлекеттик комиссия жергиликтүү жарандык жана эл аралык уюмдар менен өнөктөштүктө «Кыргыз Республикасында диний билим берүү тартиби жөнүндө жобонун»[9] долбоорун иштеп чыккан, ал белгисиз себептерден улам кабыл алынбай калган. Долбоорду иштеп чыгуу бул тармактагы ачык жана консистенттик ченемдерди бекитүү үчүн маанилүү кадам, аракет болдуп калмак. Бул долбоор диний билим берүүнүн максаттарын жана мазмунун аныктоону, окутуучуларга жана окуу жайларына квалификациялык талаптарды белгилөөнү, ошондой эле аккредитациялоо жана сапатын көзөмөлдөө системасын иштеп чыгууну караган.

Жергиликтүү жарандык жана эл аралык уюмдар менен өнөктөштүк бул маселе боюнча кеңири талкууну жана кеңеш берүү кампанияларын камсыздай алат, бул ар кандай көз караштарды эске алууга жана стандарттарды ишке ашырууга кеңири колдоо көрсөтүүгө жардам берет. Бул процесс коомдун ар кыл секторлорунун ортосундагы кызматташтыкты да бекемдөөгө жана өлкөдөгү диний билим берүүнүн сапатын жакшыртууга салым кошо алат.

Ошондой эле жарандар өздөрүнүн билим алуусу жана билим берүү мекемелерин тандоо боюнча («Кыргыз Республикасында диний билим берүү тартиби жөнүндө жобо») аң-сезимдүү чечим кабыл алышы үчүн жалпы эле коомчулук үчүн диний билим берүү жөнүндө маалыматтын ачык-айкындуулугун жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо маанилүү.

Бирок, бул долбоорду кабыл алуудагы ийгиликсиздик ар кандай себептерден улам, анын ичинде саясий, социалдык-маданий же процедуралык факторлорго байланыштуу болушу мүмкүн. Буга карабастан, Кыргызстандагы диний билим берүү үчүн стандарттарды бекитүү жана эрежелерди иштеп чыгуу боюнча аракеттерди улантуу маанилүү.

Бул үчүн кызыкдар тараптар, анын ичинде жергиликтүү жарандык жана эл аралык уюмдар, ошондой эле коомдук жана диний лидерлер менен мындан аркы консультацияларды өткөрүү пайдалуу болушу мүмкүн. Ошондой эле ар

**[9] Кыргызстан. Вновь заговорили о реформе религиозного образования// https://prevention.kg/2022/06/%D0%BA%**

кандай жамааттардын пикирлерин жана муктаждыктарын эске алуу жана кеңири кыргызстандык коомдун кызыкчылыктарына жана баалуулуктарына шайкеш келген стандарттарды белгилөө маанилүү.

Ошону менен бирге, бул долбоор диний билим берүү тармагын келечекте толук реформалоого негиз түздү.

2-таблица.

**Медресе жана Куран курстарынын окуу программасы**

**окутуу 3 жыл [10]**

| №№ | Предметтер | Пайдалануу үчүн адабияттар | Курстар | Сааттардын саны |
|---|---|---|---|---|
| **Негизги предметтер** | | | | |
| 1. | Куран толук жаттоо | Ыйык Куран | | 648 |
| 2. | Тажвид | Тажвид | | 108 |
| 3. | Фикх | Таалимул Ислам, Ислам ибадаты | | 432 |
| 4. | Акыйда | Таухид, Акыйдалар жыйнагы | | 324 |
| 5. | Хадис | Кырк Хадис, Тандалган хадис | | 216 |
| 6. | Ислам тарыхы | Нурул якин, Кысас, Тазкиратул авлия | | 216 |
| 7. | Дене тарбия | | | 108 |
| **Жалпы** | | | | **1944** |

2-таблицадан көрүнүп тургандай, медресе жана Куран курстарынын окуу программасы билим берүү процессин калыптандырууда жана окутуунун натыйжалуулугун аныктоодо дидактиканын принциптерин эске албастан түзүлгөн.

Мындай бир жактуу окуу планында медресенин бүтүрүүчүлөрү жумушка орношууда кыйынчылыктарга дуушар болушу мүмкүн, анткени алардын билими жана көндүмдөрү эмгек рыногунун талаптарына жооп бербейт. Мындан тышкары, диний догмаларга басым жасоо сынчыл ой жүгүртүүнүн жана маалыматты талдоо жөндөмүнүн өнүгүшүнө тоскоол

[10] КМДБ учурдагы архиви. - 2020

болот. Ошондой эле, светтик предметтерди жана башка маданияттарды чектелген көлөмдө билүү башка динди тутунган адамдар менен баарлашууда кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн.

Светтик баалуулуктарды жана альтернативдүү көз караштарды жетишсиз түшүнүү ислам окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн *экстремисттик* идеологияга көбүрөөк кабылышына шартташы мүмкүн. Социалдык маселелерди түшүнүүнүн чектелиши жана социалдык жана экономикалык маселелер боюнча билимдин жоктугу радикалдуу идеологиядагы жөнөкөй чечимдерди табууга алып келиши мүмкүн. Медресенин бүтүрүүчүлөрү үчүн баарлашуу чөйрөсүнүн чектелгендигинен улам коомго интеграциялануу кыйынга турушу мүмкүн, «өзүбүздүкүлөр» жана «башкалар, өзгөлөр» деп бөлүнүүдөн улам социалдык чыңалуунун жана чыр-чатактын күчөшүнө алып келиши мүмкүн. Бүгүнкү медреселердин деңгээли 19-кылымдагы жадидисттик медреселердин деңгээлине жетпейт.

Таблица 1.4. - «Аиша-Сиддика» кыздар медресесинин окуу программасы, Таш-Булак айылы, Сузак району, Жалал-Абад областы[11]

| Дисциплиналар | | Курстар | | |
|---|---|---|---|---|
| | | I | II | III |
| Диний дисциплиналар | | | | |
| 1. | Куран | 4 | 3 | 3 |
| 2. | Тафсир | - | - | 2 |
| 3. | Хадис | 2 | 2 | 2 |
| 4. | Акыйда | 2 | 2 | 2 |
| 5. | Араб тили | 4 | 4 | 4 |
| 6. | Сарф | 2 | 3 | 2 |
| 7. | Наху | 3 | 3 | 2 |
| 8. | Фикх | 4 | 4 | 4 |
| 9. | Усулу дават | 1 | 1 | 1 |
| 10. | Ислам тарыхы | 2 | 2 | 2 |
| 11. | Адеб ахлак | 1 | 1 | 1 |
| Бардыгы: | | 25 | 25 | 25 |
| Мамлекеттик дисциплиналар (светтик) | | | | |
| 1. | Кыргыз тили | 1 | 1 | 1 |
| 2. | Медицина, анатомия, алгачкы жардам | 1 | 1 | 1 |
| Бардыгы: | | 2 | 2 | 2 |

[11] КМДБ учурдагы архиви. - 2020

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жалпы | 27 | 27 | 27 |

Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Таш-Булак айылында жайгашкан «Айша-Сиддик» аялдар медресесинин окуу планынан көрүнүп тургандай, бардык окутулган дисциплиналардын 83 пайызын диний сабактар түзөт, ал эми светтик сдисциплиналар катары – бул кыргыз тили жана биринчи медициналык жардам көрсөтүү сабактары каралган. Ошого карабастан, жергиликтүү калкты бул жагдай канааттандырат сыяктанат, кыздар медресеси – бул «адептүү кыздар институту», ал жакта баарынан мурда болочок келиндерди даярдайт.

Ошондуктан, Жалал-Абад кыздар медресесинин окуучулары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнин[12] этибарга албай, Куранда мындай ченем жок деп айтышканы таң калыштуу деле эмес. Бул окуя социалдык түйүндөрдө кызуу талкуу жаратты. Чындыгында, айрым медреселерде кыздар үй-бүлөдөгү салттуу ролдорго басым жасап, чектелген билим алышат. Билим алуу жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө болгон чектелген мүмкүнчүлүк аялдарды өздөрүнүн потенциалын ишке ашыруу, таанытуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратышы мүмкүн.

Изилдөөчү Г. Сейталиеванын айтымында, ислам окуу жайларында окуган студенттердин жалпы саны жылына 5500гө жакын адамды түзөт. Эгерде ислам окуу жайларын жыл сайын ушул жаштардын төрттөн бири же үчтөн бири бүтүрөт деп эсептесек, анда өлкөдө исламды ырааттуу түрдө жактагандардын бүтүндөй армиясы өсүп жатат деп оңой эле эсептесе болчудай. Эреже катары, алардын баары Кыргызстан Иран Ислам Республикасынан, же Сауд Аравиясынан, же кыргыз жүзү бар Ислам мамлекетинен үлгү алып, Ислам мамлекети болушу керек деп эсептешет. Светтик башкаруу шариятка жол бериши керек. Аялдар коомдук активдүү жашоодон четтетилип, мусулман мыйзамдарына ылайык, өзүнүн жаңы ордун, ролун, максатын табууга тийиш. Аялдын негизги максаты – эне жана жубай

[12] https://rus.azattyk.org/a/27697367.html

болуу. Эреже катары, мындай жандыктын инсандык сапаттары жана артыкчылыктары жок болушу керек. Күйөө, өмүрлүк жолдош тандоо да, бул анын көйгөйү эмес. Сүйүү Кудайга карата гана боло алат» [214].

Бирок, медреседе окуган кыз-келиндер келин, жубай, түгөй катары суроо-талапка ээ. Алардын көпчүлүгү окуу учурунда турмуш жолуна аттанышат. Коомдо, айрыкча аймактарда дин карманган кыз шарият тарбиясынан улам идеалдуу жубай, өмүрлүк жар болот деген стереотип бар.

Бул феномен азыркы кыргызстандык коомдогу нике чөйрөсүндөгү диний ишенимдердин, социалдык-маданий күтүүлөрдүн жана практикалардын ортосундагы татаал өз ара аракеттенүүнү чагылдырат. Түгөй тандоодо ар кандай факторлор, анын ичинде диний жана маданий мамилелер, ошондой эле социалдык жана экономикалык чөйрөлөр таасир этиши мүмкүн экендигин түшүнүү кажет.

Медреседеги билим берүү жана жашоо образы белгилүү бир ишенимдерди жана тажрыйбаларды калыптандырышы мүмкүн, бирок бул медресенин бардык бүтүрүүчүлөрү белгилүү бир социалдык ролдорду аткарат же көп аял алууну каалайт дегенди билдирбейт. Аялдардын коомдогу ролу жөнүндө ой-пикирлерди талкуулоону жана кеңейтүүнү улантуу, алардын тажрыйбаларынын жана ишенимдеринин ар түрдүүлүгүн эске алуу маанилүү.

Кыздар медреселеринин кыздары шариятта социалдашкан, ошондуктан алардын көпчүлүгү үй-бүлөдөгү аялдын экинчи даражадагы ролун, көп аялдуулукту, хиджаб кийүүнү, күйөөсүнө баш ийүүнү жана жергиликтүү ислам жарчылары бурмалап колдошкон башка көптөгөн нерселерди туура деп кабылдашат.

Жамал Фронтбек кызы жана анын «Мутакалим» уюму Кыргызстанда мусулман аялдардын укуктарын жана ислам баалуулуктарын алга жылдырууда, илгерилетүүдө маанилүү роль ойнойт. Алардын иши диний жамааттардын жана жалпы коомдун чегинде аялдар үчүн тең укуктуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылууга багытталган. Ошондой эле Кыргызстанда аялдар үчүн адистештирилген медресе жана ислам

университеттерин ачуу иштерин жүргүзүү.

Аялдар медреселери үчүн биринчи Уставды жазуу аялдардын диний билимге жетүүсүн жана алардын диний иденттүүлүгүн калыптандыруудагы маанилүү кадам болуп саналат. Уюм тарабынан өткөрүлгөн тренингдер жана окутуулар аялдарга диний жашоого активдүү катышуу жана өз укуктарын коргоо үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү жана билимдерди өнүктүрүүгө жардам берет.

Жамал Фронтбек кызы сыяктуу активисттердин жана алардын уюмдарынын аракети менен Кыргызстанда мусулман аялдар билим алууга, өзүн-өзү таанытууга жана өз укуктарын коргоого көбүрөөк мүмкүнчүлүктөргө ээ. Алардын иши коомчулуктун ар бир мүчөсүнүн үнү угулуп жана урматтала турган инклюзивдүү жана тең укуктуу коомду түзүүгө өбөлгө түзөт.

Таблица 1.4.- **Жогорку медресе жана институттардын окуу программалары**[13]

| №№ | Предметтер | Пайдалануу үчүн адабияттар | Курстар | Сааттардын саны |
|---|---|---|---|---|
| **Негизги предметтер** | | | | |
| 1. | Куран | 4 жупту жаттоо | 1-4 | 360 |
| 2. | Арабс тили | Лугатул арабия | 1-4 | 432 |
| 3. | Фикх | Мухтасар, Ихтияр, Кулурий, Канзу даканк, Шархул викая, Хидая | 1-4 | 432 |
| 4. | Акыйда | Фикхул акбар, Тахавийя, Бадул амадий, Насафий, Мати мулла жалал | 1-2 | 144 |
| 5. | Хадис | Мишкатул масобих, Риязус соолихин, Адабул муфрал, Манкалул хадис, 6 сахих хадис топтому (сихвахус ситта) | 1-4 | 432 |
| 6. | Тафсир | Жалалайн, Тафсир насафий, Байзоовий | 3-4 | 288 |
| 7. | Куран мааниси | Сөздөрдү которуу | 3-4 | 288 |
| 8. | Усулу фикх | Усул шаший, Нурул анвар, Хусамий, Тавзих, талвих | 3-4 | 288 |
| 9. | Балага | Дурусул балага, Талхис, Мухтасар маъани | 3-3 | 144 |
| 10. | Нахв | Нахвул вазих, Миату амил, Кафия, Шарх жами, Хидаятун нахви, Нахву мир, Алфия | 2-3 | 288 |
| 11. | Сарф | Тафсили акмали, Сарф мир, Илим | 2-3 | 144 |

[13] КМДБ учурдагы архиви. - 2020

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | сига, Мизаан, Муаллим сарф | | |
| 12. | Мурас | Сиражи, Илмул маварис | 4 | 72 |
| 13. | Улумул хадис | Нахбатул фикр, Тайсирул мусталах ахадис | 4 | 72 |
| 14. | Каллиграфия | Кураний, Насх, Настальик, Рикьи | 1 | 72 |
| 15. | Ислам адабияты | Унванул баян, Макоматул харирий, Маснави, Суфи Аллаер, Хумасий | 1 | 72 |
| 16. | Ислам тарыхы | Нурул якин, Кысас, Тазкиратул авлия | 1-2 | 216 |
| 17. | Диний философия | Тайсир мантык, Исагожий, Миркат, Мантыкул муфид, Суллам Шархтахзиб | 1 | 72 |
| 18. | Диний педагогика | Таълим мутаъаллим, Адабут тоолибин | 2 | 72 |
| 19. | Усулу Дават | Минхажу Даьва | 2 | 72 |
| **Кошумча сабактар** | | | | |
| 20. | Кыргыз тили | Кыргыз тили | 1-3 | 108 |
| 21. | Кыргызстан тарыхы | Мажмуат таварих | 1 | 72 |
| 22. | Информатика | | 2 | 72 |
| 23. | Орус тили | | 1 | 72 |
| 24. | Дене тарбия | | 1-3 | 108 |
| 25. | Эмгек | | 2 | 72 |
| **Жалпы** | | | | **4500** |

Жогорку медреселердин жана институттардын 4 жылдык окуу программалары кошумча сабак катары кыргыз жана орус тилдерин, Кыргызстандын тарыхын, информатиканы, дене тарбия жана эмгек сабактарын камтыйт.

Хазрети Умар атындагы Кыргызстан Ислам Университети диний дисциплиналарды да, ошондой эле светтик дисциплиналарды да өзүнүн окуу программаларына интеграциялоого жетишкен маанилүү окуу жайын билдирет. Университеттин мамлекеттик сертификациясы жана мамлекеттик дипломдорду берүү мүмкүнчүлүгү анын бүтүрүүчүлөрүнө улуттук жана эл аралык стандарттар тарабынан таанылган сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүк берет.

Бул, Ислам университетинин студенттери мамлекеттик талаптарга ылайык жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат, аларга ар кандай ишмердүүлүк чөйрөлөрүндө, анын ичинде мамлекеттик мекемелерде

жумушка орношууга мүмкүнчүлүк болот.

Мындай демилгелер диний билим берүүнү коомдук билим берүү тутуму менен интеграциялоого көмөктөшөт. Бул бүтүрүүчүлөр үчүн кеңири перспективаларды жаратат жана коомдун гармониялуу өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Чындыгында, Кыргызстандагы ислам окуу жайларынын ортосунда ресурстардын жана көңүл буруунун даражасы бирдей эмес бөлүштүрүлүшү бул институттарда билим берүүнүн сапатынын жетишсиздигине алып келиши мүмкүн. Материалдык-техникалык базанын начардыгы, жетишсиз окуу-методикалык камсыздоо жана квалификациялуу окутуучулардын жетишсиздиги бул окуу жайлардагы окутуунун сапатына терс таасирин тийгизиши, кедерги жаратышы мүмкүн.

Ислам окуу жайларында билим берүүнүн сапатын жакшыртууга багытталган реформаларды жүргүзүү зарыл. Ал диний билим берүүнүн стандарттарын иштеп чыгуу, материалдык-техникалык базаны жакшыртуу, окутуу программаларын жана методикаларын жаңылоо, ошондой эле квалификациялуу окутуучуларды жана имамдарды даярдоо камтышы мүмкүн. Ушундай чаралар аркылуу гана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана студенттердин мкутаждыктарын канааттандырууга, ошондой эле заманбап стандарттарга жана талаптарга ылайык келишин камсыз кылууга болот.

Азыркы ислам окуу жайларындагы ислам диний билиминин деңгээли жүз жыл мурдагы жадидисттик медреселерге жетпейт, аларда диний дисциплиналардын үлүшү 27-30%, ал эми светтик дисциплиналардын үлүшү 70-73% болгон[14].

XIX-XX кк. кыйырында «Галия» медресесиндеги светтик жана диний дисциплиналардын айкалышы төмөнкүдөй:

Теология төмөнкүлөрдү камтыйт: Куранды чечмелөө, хадистер, исламдын догматикалык теологиясы, ислам философиясы, исламдын

[14] *Тузбекова Л.С.* Медресе «Галия» - Башкорстандын жогорку мусулманг окуу жайы (1906-1919-жж.) –Уфа, 2010. - 339-б.

жарандык мыйзамдары, өмүр баяны, ислам тарыхы, дин тарыхы.

Окуу программаларына кийирилген *светтик дисциплиналар* төмөнкү предметтер менен сунушталган:

- философия: этика, психология, логика, дин философиясы;
- педагогика: педагогиканын тарыхы, жалпы педагогика, дидактика, методика;
- математика: арифметика, геометрия, алгебра, тригонометрия, астрономия;
- табигый: физика, химия, анатомия, физиология, гигиена, табият таануу (ботаника, геология, минералогия);
- жалпы билим берүүчү: география, экономика, элдердин жана маднияттардын жалпы тарыхы, түрк-татар тарыхы, түрк тарыхы;
- филологиялык: татар тилинин сөз байлыгы, араб тилинин сөз байлыгы, түрк тилинин сөз байлыгы, орус тилинин сөз байлыгы.

Ошондуктан, бул ислам окуу жайынын бүтүрүүчүлөрүнүн дээрлик бардыгы интеграцияланган дисциплиналарды окутуунун жогорку деңгээлинин аркасында түрк элдеринин тарыхында тарыхый роль ойногон Орто Азия элдеринин көрүнүктүү инсандары, кең көз караштагы, мыкты жөндөмдүү, мамлекеттик ишмерлер, агартуучулар, окумуштуулар болгондугу таң калыштуу эмес

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия тарабынан республиканын аймактарында жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча 2014-жылдын сентябрында негизинен ислам чөйрөсүнө тиешелүү төмөнкү көйгөйлөр аныкталган:

- диний агымдардын, анын ичинде радикалдык жана экстремисттик агымдардын идеологияларын жайылтуудан чочулоо;
- айрым имамдардын билим деңгээлинин төмөндүгү;

- ислам укуктук мектептеринин (мазхабдардын) да жана диний көз караштардын (акыйда) да өкүлдөрүнүн ортосундагы пикир келишпестик;
- дин ишмерлери менен ар кайсы өлкөлөрдө билим алган окумуштуулардын ортосундагы пикир келишпестиктер;
- динди кылмыш иштерин жаап-жашыруу катары колдонуу;
- балдарда жана өспүрүмдөрдө диний билимдерди жана баалуулуктарды өнүктүрүүнүн каражаттарынын жана механизмдеринин жоктугу;
- диний предметтерди светтик мектептерге, светтик предметтерди – медреселерге жана башка диний билим берүү мекемелерине киргизүү көйгөлөрү;
- ыйык Рамазан айындагы диний иш-чаралардын талаштуу даталары боюнча наразычылыктар;
- өлкөнүн түштүгүндөгү этноконфессиялык чыңалуу, аялдарга карата зомбулук жана басмырлоо.[15]

Чынында эле, өлкөнүн чек арасын басып өтүп башка өлкөлөргө кетип жаткан жарандардын көзөмөлдөн чыгып кетиши, ошондой эле чет активдүү жигердүү миссионердик жана каржылык таасирлер ислам коомчулугунун катмарланышына жана ар кандай агымдардын жана кыймылдардын жактоочулары арасында таасир үчүн идеологиялык күрөшкө алып келиши мүмкүн.

Бул процесс динге ишенгендердин арасында диний сабаттуулуктун жана жигердүүлүктүн, активдүүлүктүн өсүшүнө алып келиши мүмкүн, бирок динди өз алдынча таануу аракетиндеги динге ишенгендердин жана интернет имамдардын дин таануу тууралуу дискуусияларына катышуусунан улам, динге ишенгендердин аң-сезиминде башаламандык жана туура эмес маалымат алуу коркунучу бар. Бул исламды эки ача түшүнүүгө жана

[15] КР ДИМК.-2015. - КР ДИМК диний кырдаалды мониторинги. - сент. 2014.

интрепретациялоого, ошондой эле жамааттын ичиндеги пикир келишпестиктерге жана чыр-чатактарга алып келиши мүмкүн.

Бул кесепеттерди азайтуу үчүн диний агымдарды жана маалыматты көзөмөлдөө боюнча натыйжалуу иштерди жүргүзүү, ошондой эле жана динге ишенгендердин арасында сынчыл ой жүгүртүүнү жайылтуу керек, мына ошондо алар маалымат булактарын жана диний маселелер боюнча ар кандай көз караштарды аң-сезимдүү баалай алышат. Мындан тышкары, чыр-чатактарды жана талаш-тартыштарды азайтуу үчүн исламдагы ар кандай агымдар менен кыймылдардын ортосунда диалогду жана түшүнүүнү жайылтуу маанилүү.

Мусулман коомчулугунун жамааттарга бөлүнүшүнүн себептеринин бири болуп республиканын жарандарынын ар кандай каналдар аркылуу ар кандай ислам окуу жайларына мамлекеттин көзөмөлүсүз чыгып кетиши, салттуу эмес идеологияны киргизүү, чет өлкөлүк ислам эмиссарларынын активдүү миссионерлиги, чет өлкөлүк демөөрчүлөрдүн финансылык таасири саналат. Кыргызстандын ислам мейкиндигинде ар кандай агымдардын жана кыймылдардын тарапкерлеринин ортосунда акылдар үчүн идеялык күрөш жүрүп жатат. Бир жагынан, бул диний сабаттуулуктун өсүшү болсо, экинчи жагынан, талкууга өз алдынча дин тааныган адамдар (интернет имамдары, буга чейин бул талкуулар ислам таануучулардын тар чөйрөсүндө гана жүргүзүлүп келген) катышып, динге ишенгендердин аң-сезимине баш аламандык алып келүүдө.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан постсоветтик Борбор Азия мамлекеттеринин ичинен өз жарандарынын диний билим алуу максатында чет жакка чыгуусуна тыюу салбаган, бөгөт койбогон жалгыз өлкө болуп саналат. Практика көрсөткөндөй, окууларын аяктагандан кийин алар барып билим алган өлкөнүн диний идеологиясынын жана менталитетинин алып жүрүүчүлөрү жана үгүтчүлөрү гана болбостон, мекенине кайтып келгенден кийин алар Кыргызстан эли үчүн жат жашоо образын, ырым-жырымдардын карама-

каршы ыкмаларын, сырткы көрүнүштү жана жүрүм-турумду таңуулашакт, бул конфессиялык негизде конфликттик өзөктү камтыган материалды билдирет.

Студенттердин так статистикасынын жана каттоонун жоктугу, ошондой эле Кыргызстан менен билим алып жаткан өлкөлөрүнүн ортосундагы диний көз караштар менен каада-салттардагы айырмачылыктар студенттердин диний ишенимдерине тийгизген таасири жана аларды ар кандай секталарга же кыймылдарга кошулуп кетүүсү тууралуу кооптонууну жаратууда. Ошондой эле дин концепциясы бурмаланган окуу жайларда билим алуу жана радикалдуу экстремисттик уюмдардын тармагына аралашып кетүү коркунучу бар.

Демек, ислам иденттүүлүгү адамга мусулмандардын глобалдык жамаатына таандык болуу сезимин, руханий өнүгүүнү, Куранга жана Пайгамбарыбыздын сүннөтүнө негизделген адеп-ахлактык принциптерди берет деп жалпылап айтууга болот. Чыныгы ислам иденттүүлүгү бар адамдар, негизинен, тынчтыкта жана ынтымакта жашоону каалаган мыйзамга баш ийген жарандар болуп саналышат.

Бирок, билим алуу жана карьералык өсүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн чектелиши, светтик баалуулуктарды чектелген форматта түшүнүү, бүтүрүүчүлөрдүн билиминин жана көндүмдөрүнүн эмгек рыногунун талаптарына ылайык келбеши алардын мамлекетке болгон нааразычылыгына жана светтик маданияттан жана баалуулуктардан аобочолонууга алып келет. Исламдык идентификациясы бурмаланган айрым адамдар башка диндерге же калктын башка топторуна түз көз караншта болбошу мүмкүн. Ислам билиминин төмөн деңгээли жана ислам билим берүү мекемелеринин аз квалификациялуу окутуучулары бурмаланган иденттүүлүктү шартташы ыктымал. Радикалдар саясий максаттарына жетүү үчүн исламдык иденттүүлүктү өз пайдасына колдонушу мүмкүн. Бул светтик мамлекетте дестабилизацияга алып келиши мүмкүн.

Ошондуктан светтик коомдо диалогду жана өз ара сый-урматты илгерилетүү зарыл. Өз ара сый-урмат, толеранттуулук жана диалог

принциптери сакталса, светтик мамлекет исламдык иденттүүлүгү бар адамдар менен бирге ийгиликтүү жашай алат.

Жаштардын позитивдүү иденттүүлүктү жана жарандык жоопкерчиликти калыптандырууга өбөлгө боло турган сапаттуу ислам билимин алууга жетишүүсүн камсыз кылуу зарыл. Диний экстремизмдин жана радикализмдин алдын алуу үчүн ар түрдүү диний көз караштагы жаштардын ортосунда диалог үчүн шарттарды түзүү кажет. Мамлекет калктын радикалдашуусуна алып келген шарттар менен күрөшүшү керек – калктын жашоосунун бекем экономикалык негизи элди саясаттан алыс, оолак болуусун шарттайт жана радикалдык идеяларга каршы иммунитетке ээ кылат.

Баарлашуу чөйрөсүнүн интернет-мейкиндикке, Фейсбукка, социалдык тармактарга ж.б. өтүшүнүн шарттарында азыркы кыргыз менталитетинин жалпы жарандык маданиятынын баалуу парадигмалары калыптанып жана кайра пайда боло турган принципиалдуу жаңы социалдык тармактарды түзүү актуалдуу. Санариптештирүү жана тармактык маданиятты өнүктүрүү адамдардын дин жөнүндө маалыматты текшерилбеген булактардан көбүрөөк алышына алып келет, бул кооптонууну жана кандайдыр бир коркунучту жаратат.

Коомдун жана мамлекеттин муктаждыктарын эске алган окуу программаларын иштеп чыгуу зарыл. Медресенин бүтүрүүчүлөрүн азыркы коомдо жашоо үчүн зарыл болгон билим жана көндүмдөр менен камсыз кылуу үчүн медреседе светтик билим берүүгө көмөктөшүү. Ар түрдүү диний ишенимдеги адамдардын ортосундагы толеранттуулукту жана өз ара сый-урматты өнүктүрүү үчүн конфессиялар аралык диалогго көмөктөшүү

Светтик предметтерди киргизүү бүтүрүүчүлөрдү өлкөнүн социалдык турмушуна интеграциялап, алардын келечеги үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берет.

# БАП 2. ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК БИРДИКТҮҮ СТРУКТУРА КАТАРЫ

## 2.1. Жарандык иденттүүлүктүн структуралык компоненттери (когнитивдик, баалуулук (аксеологиялык), эмоционалдык (коннотативдик), аракеттик (жүрүм-турум)

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн алкагында жарандык иденттүүлүк социалдык иденттүүлүктүн бир түрү катары каралат, буга байланыштуу изилдөө категориясынын мазмундуу компоненттери катары төмөнкүлөр изилденет [ 60]:

– **когнитивдик (таанып-билүүчүлүк)** – жарандык жалпылыкка таандык

экендиги, жарандык, жарандардын ортосундагы өз ара мамилелеринин мүнөзү, ошондой эле жаран менен мамлекет жөнүндө билимдер, идентификациялоочу белгилер, бул бирикменин негиздери жана принциптери жөнүндө (саясий, маданий, аймактык ж. б.) түшүнүктөрдүн болушу, мисалы, мамлекеттик символика, мамлекеттин негизги мыйзамы, жарандын укуктары жана милдеттери жөнүндө, элдин мамлекетти башкарууга катышуу формалары жөнүндө, өлкөнүн тарыхы жана каада-салттары жөнүндө;

– **баалуулук (аксеологиялык)** – таандык болуу фактысына оң же терс мамиленин болушу, инсандык маңыздын болушу же жоктугу, ошондой эле жалпы адамзаттык маанилүүлүктүн аңдоо, жана инсандын баалуулуктар системасына камтылышы;

– **эмоционалдык (коннотативдик)** – билимдердин жана бекемделип калган көз караштардын рефлексивдүүлүгү, коомдук окуяларга карата өздүк мамиленин болушу, өз көз карашын жана ой-пикирин так билдирүү жана аргументтештирүү жөндөмдүүлүгү, жарандык жалпылыкты мүчөлүк топ катары кабыл алуу же кабыл албоо, мисалы, өз өлкөсү үчүн сыймыктануу же уялуу катары эмоционалдык тажрыйба түрүндө;

– **аракеттик (жүрүм-турум)** – жүрүм-турумда жарандык позицияны ишке ашыруу, социалдык-маанилүү ишмердүүлүккө катышуу, өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна катышуу, кабыл алынган чечимдер жана алардын кесепеттери үчүн жоопкерчилик, бул учурда жарандык акцияларга, социалдык долбоорлорго, шаарды көрктөндүрүү боюнча ишембиликтерге, митингдерге катышуу, коомдук тартипти сактоо жана башкалар сыяктуу жарандык мазмундагы аракеттер жана жоруктар мисал боло алат.

Жарандык иденттүүлүк тарыхый жактан калыптанат жана анын «коомдук чөйрөсүнүн» калыптануу даражасына карабастан, ар кандай коомдо орун алат. Ар бир коом үчүн жарандык иденттүүлүктүн өзүнүн спецификалык касиеттери мүнөздүү, алардын калыптанышына туруктуу социалдык-маданий сапаттар, саясий, улуттук, диний, экономикалык, маданий жана башка

өзгөчөлүктөр, тарыхый жактан калыптанган менталдуулук таасир этет.

Жарандык иденттүүлүктүн негизинде ошол коом үчүн жалпы инструменталдык жана терминалдык максаттарга жана баалуулуктарга, анын ичинде өлкө, мамлекет, Ата Мекен сыяктуу баалуулуктар комплекстери аркылуу аралашып кошулуу аркылуу интеграцияга карата социумдун интенциясы орун алат. Мамлекеттеги жарандуулук, жарандык иденттүүлүк жана жарандардын укуктары менен эркиндиктери, эң оболу мамлекеттүүлүктүн жаңы формаларын издөөнүн зарылдыгы, жарандардын мамлекетке карата милдеттерин жана мамлекеттин функцияларын өз жарандарына карата өзгөртүү маселеси курч болгон социалдык-саясий өзгөрүүлөр мезгилинде актуалдуу болуп турат. [ 240 Юшин]

Жарандык жалпылыкка таандыктыгын билүү же аңдап-түшүнүү бул бирикменин идентификациялоочу белгилери, принциптери жана негиздери жөнүндө, жарандык жана жаран менен мамлекеттин жана жарандардын ортосундагы өз ара мамилелеринин мүнөзү жөнүндө түшүнүктөрдүн болушун болжолдойт. В.Н. Ефименконун пикири боюнча, аларга тигил же бул аймакты ээлеген мамлекеттин образы, ошондой эле өзүнүн маданияты, тили жана каада-салты менен мамлекетти жердеген элдер кирет [133, 252].

Бирок, Т. Водолажская тарабынан субъекттин жүрүм-турумунун тигил же бул тибин, баарлашууда жана ишмердүүлүктө өзүнүн жарандык позициясын ишке ашырууну; анын жарандык активдүүлүгүн, коомдук мааниси бар социалдык ишке катышуусун аныктайт [201]. Ошондуктан, төмөнкү түзүмдүк компоненттердин жыйындысы катары инсандын жарандык иденттүүлүгүн көрсөтүү артыкчылыктуу кабыл алынган:

- белгилүү бир социалдык жалпылыкка таандык (тиешелүү) экендигин билүү;
- өзүнүн таандыктыгын кабыл алуу же кабыл албоо;
- ошол таандыктыкка карата позитивдүү, амбиваленттүү же терс мамиле;
- баарлашууда жана ишмердүүлүктө байкалган, белгилүү бир

социалдык жалпылыктын катышуучусу үчүн мүнөздүү болгон өзүн-өзү таанытуу, өзүн-өзү көрсөтүү.

Түзүмдүк компоненттерди аныктоого карата көз караштардын биримдигинин артыкчылыктуулугуна карабастан, жарандык иденттүүлүктүн өзүн да жана анын айрым компоненттерин ар кандайча кабылдоо жана түшүнүү орун алып келет.

А. А. Логинова инсандын жарандык иденттүүлүгүнүн төмөнкү түзүмдүк компоненттерин жана мазмунун сунуштайт:

- когнитивдик («жарандык иденттүүлүк» кубулушу жөнүндө, жаран, жарандык жалпылык жөнүндө, мамлекеттик символика жөнүндө, жарандын укуктары жана милдеттери жөнүндө, элдин мамлекетти башкарууга катышуу формалары жана башкалар жөнүндө билимдер);
- баалуулук (Мекенге, Ата Мекенге, жаран катары адамга оң мамиле кылуу; Мекенди, Ата Мекенди сүйүүгө тарбиялоо, Ата Мекендин тарыхын, өзүнүн жана башкалардын маданиятын, башка элдерге карата сый мамиле, аларды урматтоо);
- аракеттик (баарлашууда жана ишмердүүлүктө жарандык позицияны ишке ашыруу, жарандык активдүүлүк; социалдык маанилүү ишмердүүлүккө катышуу) [150].

Изилдөөчүлөр жалпы маданий баалуулуктарды өздөштүрүүгө түрткү берип, жана баалуулуктарга багыт алып, аларга болгон мамилени (ар кандай жарандык билимдер, алардын жеке мааниси катары таанылышында чагылдырылган, инсандык жана жалпы адамзаттык маанини аңдап түшүнүү) камтыйт.

Эмоционалдык-баалоочу компонент изилдөөчүлөр тарабынан билимдин жана көз караштардын рефлексиясы, коомдук-саясий окуяларга карата өздүк мамиленин болушу, өз көз карашын жана пикирин так билдирүү жана аргументтештирүү жөндөмдүүлүгү, белгилүү бир мамлекеттин жарандарына алардын өзүнүн таандыктыгын кабыл алуусу же

кабыл албоосу катары көрсөтүлөт.

Инсандын жарандык иденттүүлүгүнүн практикалык компонентинин мазмунун инсандын жарандык тарбиясынын деңгээлине ылайык социалдык-адеп-ахлактык милдеттерди аткара билүүсү түзөт. Бул компонент социалдык пайдалуу, жарандык ишмердүүлүктө көрүнөт, ал социалдык тажрыйбага ээ болуу үчүн зарыл шарт болуп саналат [285, 71].

Инсандын жарандык иденттүүлүгүнүн мазмунунда жалпы адамзаттык баалуулуктарга маанилүү орун берилет. Мында В.Л. Бенин белгилегендей, көп учурда жалпы адамзаттык баалуулуктар деп гуманитардык баалуулуктар гана түшүнүлөт. Ошону менен бирге, окумуштуунун пикири боюнча, илимий жана практикалык билим жалпы адамзаттык баалуулуктардын маанилүү курамдык элементи болуп саналат [38].

Жарандык иденттүүлүктүн компоненттеринин мазмунун ачып берүү менен, А.Г.Асмолов [21] жетектеген илимий жамаат эмоционалдык компоненттин эң маанилүү түзүүчүлөрү «өз өлкөсү» үчүн уялуу, «өз өлкөсү» менен сыймыктануу болуп саналаарын көрсөтөт. Өз өлкөсүнө сыймыктануу жарандык таандыктыкка болгон мамиленин баалуулук катары маанилүү көрсөткүчүн билдирет. Жарандык коомчулукка таандык экендиги жөнүндө билүү ар дайым эле толук, адекваттуу жана ырааттуу көз караштардын болушун шарттай бербейт.

В.Ю. Журавлеванын изилдөөсүнө ылайык, өнүккөн мамлекеттерде өзөктүү символикалык элементтердин топтому жарандардын катышуусу үчүн моралдык негизди түзөт, ошондой эле өзүнүн кадыр-баркын билүү жана өзүн-өзү сыйлоо сезимдерин конкреттештирет, лоялдуулукка үндөйт. Түзүлгөн мамлекеттердин алдында ушундай символдук идентификациялык катарды издөө көйгөйү пайда болот, анын жардамы менен жарандар өздөрү жөнүндө ой-пикирлерин билдирүүгө мүмкүнчүлүк алышмак.

Саясий коомчулук лингвистикалык, диний жана этникалык жактан бир нече түрдүү топторду камтыган учурда, жаңы жарандык иденттүүлүккө ээ болуунун оңой эмес процесси дагы татаалдашат [ 86 Журавлева].

Саясий институттарды модернизациялоо коомдун баалуулук системасын жаңыртууга караганда азыраак убакытты талап кылары белгилүү.

М. С. Тюрин бүтүндөй коомдук системанын трансформациялык процесстеринин шарттарында жарандык иденттүүлүктүн калыптанышын жана анын улуттук (этностук) иденттүүлүк менен өз ара байланышын кароодо эки негизги мамиле-ыкманы колдонууну сунуштайт. Биринчисине ылайык – индивиддин өзүн-өзү аныктоосунун негизи болуп анын улуттук идентификацияланышы саналат, ал кийин коомдун жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүн модернизациялоо мезгилинде жарандыкты калыптандырат. Экинчиси –жетиштүү өнүккөн жарандык коом шартында жарандык иденттүүлүк жеке (анын ичинде этникалык) деңгээлдерди жеңип, социалдык идентификациянын эң жогорку деңгээлине айланат дегенди билдирет [239].

В.Ю. Журавлева жарандык иденттүүлүк феноменин талдоого социалдык иденттүүлүктү жана аң-сезимди аныктоочу башкы фактор катары карп чыгып, булар постмодерндик чакырыктарга жооп берүүгө аргасыз болгон маалыматтык коомдун заманбап шарттарында ашыкча саясатташкан, чектелген жана архаикалык болуп саналат деп эсептейт.

Жарандык иденттүүлүктүн негизги мүнөздөмөлөрүнө жүргүзүлгөн талдоо анын калыптанууга тийиш болгон төмөнкү маанилүү компоненттерин түзүүгө мүмкүндүк берди:

Инсандын иденттүүлүгүнүн түзүмүндөгү **когнитивдик компонентке** туура келген улуттук аң-сезим өзүнүн өлкөсүнүн маанисин жана тарыхый фактологиясын билүүнүн жана түшүнүүнүн; аны мекендеген элдердин маданияттарынын көп түрдүүлүгүнүн жана өлкөнүн жалпы улуттук маданиятындагы алардын ролу өз ара аракеттенүүнү аңдап-түшүнүүнүн негизинде калыптанат.

**Эмоционалдык-баалоочу** компонент менен байланышкан улуттук сезимдер өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: өзүнүн өлкөсүнүн элине улуттук жактан таандык болуу сезими, анын каада-салттарына жана баалуулуктарына

катыштыгы бар экендигин билүү, улуттук сыймыктануу жана кадыр-барк сезими; өзүнүн өлкөсүнө жана элине карата атуулдук (патриоттук) сезимдер; өзүнүн өлкөсүнүн бардык этносторуна, алардын каада-салттарына, маданияттарына болгон сый-урмат сезими; улуттук толеранттуулук сезими; улуттук-спецификалык эмоциялар, маанай, эрк.

**жүрүм-турум компоненти** өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган ченемдер, улуттук үрп-адаттары, каада-салттар, калыптанып калган көз караштар, адамды тигил же бул маданий жалпылыкка кошууга мүмкүндүк берүүчү «кандай болуу керек» же «кандай болбоо керек» принциби боюнча адамдардын өз ара аракеттенүүсүнүн типтүү жана улуттук тамырланып калган жана маданияттар аралык өз ара аракеттенүү деңгээлинде социалдык мамилелерди жакшыртууга даярдык.

Айткандарды түшүндүрүп берели. Улуттук аң-сезим улуттук жамааттын өзүнүн тарыхын жана маданиятын, анын эл аралык геосаясий мамилелердеги ролун билүүдөн калыптанат жана инсандын ошол улуттагы мамилелер жана өз ара байланыштар тутумундагы өзүнүн орду жөнүндө түшүнүгүн камтыйт.

Улуттук аң-сезим адам баласынын акыл калчаган, аң-сезимдүү иш-аракеттери үчүн жооптуу болгон инсандын **когнитивдик компоненти менен байланыштуу** (лат. cognitio – аң-сезим). А.Н.Леонтьев белгилегендей [149] аң-сезимдин категориясы өзүнө конкреттүү инсандардын психикасын жана коомдук аң-сезимди өз ара байланыштырат – башкача айтканда, улуттук аң-сезим инсандын улуттук иденттүүлүгүнүн жекече маданий-спецификалык компонентин жана анын коомдук, жалпы улуттук компонентин өзүнө интеграциялайтт деп айтууга болот.

Когнитивдик деңгээлде адам баласы өзүнүн аракеттерине жана жоруктарына, башка адамдардын баалоочу мамилесин, ушул коомдо кабыл алынган канондорду жана социалдык ченемдерди жетекчиликке алуу менен, маанилик жактан баа берет.

Билим берүү чөйрөсүндө маданияттын когнитивдик блогун калыптандыруунун механизми актуалдуу маданият менен топтолгон маданияттын биримдиги жана өз ара аракеттенүүсү же «маданий эс тутум» катары В.Л. Бениндин изилдөөлөрүндө ачылган.

Актуалдуу маданият деп, автор маданияттын ошол учурда ошол коомдо түздөн-түз иштеп жаткан жана күнүмдүк көрүнүштөрдө көрсөтмөлүү чагылдырылган бөлүгүн түшүнөт. Изилдөөчү туура белгилегендей, маданий эс тутум «кийинкиге калтырылган», бирок прогресс менен өчүрүлбөгөн, азыркы өнүгүү деңгээлинин негизин түзгөн жана зарыл болгон учурда «унутулгандардан» алынган билимдерди билдирет»[36]

Биздин баамыбызда, маданий үлгүлөрүнүн чыныгы ишмердүүлүктөгү өзгөчөлүктөрүн жана көрүнүштөрүн изилдөөнүн негизинде башка студенттердин актуалдуу тажрыйбасынын бир бөлүгү болуп калат дегенде жатат.

Бул учурда бардык студенттерге берилүүчү жалпы улуттук маданий тажрыйба алардын ар биринин жеке өздүк когнитивдик жүгүнүн бир бөлүгү болуп калат.

Жүрүм-турумдук калыптанып калган көз караштарынын, стереотиптик маданий образдардын баалуулук негиздеринин реалдуу ишмердүүлүктөгү өзгөчөлүктөрүн жана көрүнүштөрдү изилдөөнүн натыйжасында студенттердин маданий-спецификалык жана жалпы улуттук жарандык иденттүүлүк компоненттеринин өз ара журулушуусу жүрөт.

Көптөгөн изилдөөчүлөр белгилегендей, мамлекеттин өнүгүшүнүн бардык этаптарында элдин бирдиктүү аң-сезимин иштеп чыгуу өтө татаал жана азыркыга чейин аяктай элек процесс болуп саналат. Көпчүлүк изилдөөчүлөр билим берүүнүн гуманисттик мазмунун ишке ашыруучу баалуулук факторуна таянган мындай билим берүү системасынын жарандык иденттүүлүктүн калыптандырууда мааниси жогорку экендигин таанyйт.

Ошондой эле бир катар авторлордун эмгектеринде көп этностуу элдин улуттук аң-сезимин калыптандыруучу педагогикалык каражаттардын

кризисинин шартында (А.Н. Джуринский) баалуулук фактору мыкты орус жана советтик педагогикалык тажрыйбаны жана коомдун өнүгүшүнүн азыркы перспективаларын байланыштырган бириктирүүчү өзөк болууга тийиш.

Улуттук аң-сезимди калыптандыруу гуманисттик баалуулуктар аркылуу ишке ашырылат жана жарандуулук, «жарандык гуманизмди» тарбиялоо салттары менен тыгыз байланышкан (П.П. Блонский, П.Ф. Каптерев, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский, К.Д. Ушинский жана алардын жолун улантуучулар). Г.Я. Гревцеванын эмгектеринде белгиленгендей, «В.А. Сухомлинский «жарандык», «патриотизм» түшүнүктөрүнүн мазмунун башка жалпы адамзаттык баалуулуктар: улуттук аң-сезим, инсандын кадыр-баркы менен биримдикте кароо менен терең адеп-ахлактык маани менен толтурган» [ 74].

В.А. Сухомлинский, мугалимдин башкы милдети – өсүп келе жаткан муунду жоопкерчиликке, абийирдүүлүккө, ыймандуулукка, берилгендикке, жөнөкөйлүккө, жан аябастыкка, өзүмчүл болбоого, жамандыкка каршы турууга, бекем болууга, ишенимдүүлүккө, эки жүздүүлүктү кабылдабоого, чыккынчылыкка, кайдыгерликке, арамдыкка каршы турууга тарбиялоо деп эсептеген [111].

Эгерде улуттук аң-сезимдин маңызы өзүнүн жана башка улуттардын ойлору, көз караштары, идеялары, түшүнүктөрү, белгилүү бир улуттук жамаатка өзүнүн таандыктыгын аңдап билүүсү болсо, анда улуттук сезимдин негизинде эмоциялар, тажрыйбалар, толкундоолор, эмоционалдык-эрктүүлүк умтулуулары турат.

Ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрү инсандын иденттүүлүгүн калыптандырууда сезимдердин ойногон чоң ролу жөнүндө маалымдайт.

Этно-улуттук сезимдердин гипертрофиялык өнүгүшүндө улуттук снобизм, шовинизм, башка элдерге карата сабырсыздык, этноцентризм, ксенофобия пайда болуу коркунучу бар.

Жарандык иденттүүлүктүн эмоционалдык-сезимдик компонентинин негизин түзгөн улуттук сезимдерди калыптандыруу студенттердин эмоционалдык «тартылуусун», алардын социомаданий жана жарандык көйгөйлөрдү жеке керт башынан өткөрүшүн талап кылат, бул билим берүү чөйрөсүндө кинематография каражаттары менен эмоцияга боелгон инсанга багытталган дискурстарды моделдештирүүнүн, тренингдик технологияларды колдонуунун жана студенттердин сезимдерин жана мурунку тажрыйбаларын козгогон, аларда башка маданияттардын өкүлдөрүнө эмпатияны жана жалпы улуттук маданиятка оң мамилени жараткан башка методикалык ыкмаларды колдонуунун эсебинен жетишилет.

Улуттун өкүлдөрүнүн жүрүм-турумунун мотивдерин жана стилин түшүнүү үчүн маанилүү элемент болуп улуттун же этностун жашоо-турмушунун бай тажрыйбасынын негизинде калыптанып келген улуттук үрп-адаттар жана каада-салттар, аттитюддар (бир нерсеге карата мамиле), күтүүлөр, жүрүм-турумду жөнгө салуучу катары моралдык-этикалык жана адеп-ахлактык ченемдер кызмат кылат.

Мисалы, О.А.Коряковцев «адамды анын аң-сезимине гана таасир этип тарбиялоого болбойт. Толук кандуу тарбиялоо ой менен аракеттин, ишенимдин жана иш-аракеттин, аң-сезимдин жана жүрүм-турумдун биримдигинин негизинде мүмкүн болот» деген ойду баса белгилеген[162].

Жарандык иденттүүлүктүн **иш-аракеттик компоненти** ишмердүүлүктө жүрүм-турумдун калыптанып калган көз караштарын, мамилелерин жана үлгүлөрүн, жалпы улуттук баалуулук багыттарынын негизинде адамдардын өз ара аракеттенүүсүндө ишке ашырылуучу социалдык ролдордун, мамилелердин, байланыштардын типтүү моделдерин ишке ашырат.

Бул компонент өзүнүн өлкөсүнүн жыргалчылыгы үчүн аракеттенүүгө жөндөмдүүлүктү жана даярдыкты билдирет жана өзүнүн элинин, улутунун жана мамлекетинин өкүлү катары адам баласынын социалдык-маданий жана коомдук чөйрөлөрүндө жүзөгө ашырылуучу реалдуу аракеттерди камтыйт.

Жарандык иденттүүлүктүн жүрүм-турум компонентин калыптандыруу студенттерди ар түрдүү маданияттардын өкүлдөрүнүн биргелешкен иш-аракеттеринин коммуникативдик-жүрүм-турумдук практикасына кызыктырып тартуу аркылуу ишке ашырылат. Бул чыныгы жашоо-турмушта улуттун өкүлдөрүнө өзүнүн өлкөсүнүн жарандык жана баалуулук мамилелерине ылайык иш алып барууга, аларды жеке өздүк же биргелешкен иш-аракеттерде жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берет.

Берилген улуттук иденттүүлүктүн түзүмдүк компоненттеринин мазмунунун негизинде, анда улуттук аң-сезимде, улуттук сезимдерде жана жүрүм-турумда чагылдырылган этностор менен маданияттардын өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуучу инсандык сапаттардын комплекси көрсөтүлөөрү да анык.

Студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууда билим берүү системасынын максаттуу ролу өтө жогору экендигин көз жаздымда калтырууга болбойт. И.Г.Долинина окуучулардын саясий маданиятын калыптандырууда, саясий аң-сезимин өнүктүрүүдө, аларда жалпы адамзаттык жана жарандык баалуулуктар системасын калыптандырууда билим берүүнүн ролун баса белгилейт [ 78 ]

Чет өлкөлүк университеттерде жогорку билим берүү системасында студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптанышына чоң басым жасалат. Атап айтканда, Австралия, Канада жана АКШ өлкөлөрүндө жарандык коомдо жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун баалуулук негиздери – демократия, плюрализм, укуктар менен мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги, этномаданий жана социалдык-маданий айырмачылыктарды эске алуу – университеттердин расмий документтерине киргизилген.

Тескерисинче, билим берүү системасында жарандык иденттүүлүктү максаттуу түрдө калыптандыруунун жоктугу студент жаштардын алар үчүн жаңы чөйрөгө көзөмөлсүз аралашуусуна, андан ары маргиналдашуусуна алып келиши мүмкүн, бул инсандын өзүн улуттук коомчулук менен толук

идентификациялабай калышына, коопсуздуктун же керек болуунун туруктуу сезимине ээ боло албагандыгынан кабар берет.

Буга мисал катары сырттан кабыл алган мигранттар, бир жагынан жаңы коомдо өздөрүн «өз» катары сезишпесе, экинчи жагынан, өзүнүн мекенине келгенде мекендештеринин сынына кабылып, өз маданиятынын каада-салттарына жана нормаларына убактылуу кайтып келүүгө аргасыз болушкандыгын карасак болот.

Бул учурларда «мигранттардын биринчи жана экинчи муундарынын чыр-чатагы» деп аталган эки маданий дүйнөнүн ортосундагы жашоо процессиндеги жарандык иденттүүлүктүн ажырымы пайда болот, анын маңызы салттуу этномаданий баалуулуктарды көптөгөн өлкөлөрдүн улуттук билим берүү системалары этибарга албай, евролык «борбордук» жашоо образын, менталдуулукту жана баалуулуктарды гана туура деп тааныйт.

Натыйжада, этникалык ар түрдүү топтордун студенттери өздөрүнүн маданиятын талап кылынбаган, керексиз экендигин, жаңы коомдо кандайдыр бир деңгээлде жек көрүндү сезишет, ошондуктан көп учурда үй-бүлөлүк чөйрөдөн алыстап, ажырым жаратып, өздөрүн руханий вакуумга кармашат, же болбосо «өздөрүнүн этно-улуттук баалуулуктарын коргоого умтулушат, экстремисттик улутчул уюмдардын таасирине кабылышат» [ 10 Али] .

Биздин оюбузча, жаштардын мындай маргиналдашуусунун себептери билим берүү мекемелеринде жүргүзүлүп жаткан «мультикультурализмдин» ырааатсыз саясатында жаткандай. Аларга төмөнкүлөр кирет: инсандын иденттүүлүгүнүн этномаданий компонентине көңүл бурбоо, иммигранттардын социалдык-маданий компетенцияларын калыптандыруу технологияларынын жетишсиз иштелип чыгышы, алардын үй-бүлөлөрүнүн иштерине кызыкдар эместиги.

Биздин коомдо жарандык иденттүүлүктү ийгиликтүү калыптандыруу жаштарды алар жашаган өлкөгө карата лоялдуулукка тарбиялоону гана талап кылбастан (бул өлкөнүн өнүккөн социалдык системаларынын жеткиликтүүлүгү, бардык жарандарга бирдей укуктарды берүү, өзүн-өзү

көрсөтүүнүн социалдык мүмкүнчүлүктөрүн алмашууга карата), ошондой эле мекендештикти: улуттук коомчулук жөнүндө билимге жана түшүнүктөргө ээ болууну, мекендештерге жана алардын тагдырына эмпатия сезимин жана бул өлкөнүн жыргалчылыгы үчүн өздөрүнүн жарандык аракеттери үчүн жоопкерчиликти өнүктүрүүнү талап кылат.

В.В. Сергеев «жарандуулук» түшүнүктүн ар кандай аныктамаларын карап, функцияларын жана структуралык элементтерин, калыптануу этаптарын, өзгөчөлүктөрүн жана иштөө факторлорун бөлүп көрсөтүү талдайт [213].

Окумуштуу жарандык активдүүлүктүн деңгээли боюнча жарандуулуктун үч деңгээлин бөлүп көрсөтөт: биринчиси – жарандык сапаттар (абийир, аң-сезим, жоопкерчилик); экинчиси – жарандык позиция (адамдын жаран катары анын айланасында болуп жаткан окуяларга карата белгилүү бир мамилеси); үчүнчүсү – жарандык компетенттүүлүк – жарандык статусу менен шартталган укуктарды ишке ашырууну жана милдеттерди аткарууну камсыз кылуучу механизм.

В. В. Сергеевдин пикири боюнча башка жарандардын эркиндиктерин жана укуктарын урматтоо; жарандын өзүнүн жүрүм-туруму жана тандоосу үчүн жеке жоопкерчилиги; мамлекет жана коом алдында юридикалык жана моралдык милдеттенмелерди аңдап билүүсү; өзөгүндө жеке тандоо эркиндиги, жарандардын тең укуктуулугунун идеалдары турган аракеттик жана сынчыл мамиле кыла билүү; башка жарандар, бийлик жана жарандык бирикмелер менен позитивдүү диалог жүргүзүү жөндөмдүүлүгү.

Ю. М. Резник чыныгы жарандуулук, жалпы, уруулук эмес, жеке кызыкчылыктарын билдирүүгө, ошондой эле курч коомдук көйгөйлөрдү чечүү үчүн түзүлгөн жарандык коомдун бирикмелерине катышуу [201]

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн алкагында патриотизм жана жарандык жарандык иденттүүлүктүн элементтери катары каралат, демек, аларды талдоо үчүн төрт компоненттүү структура колдонулат, б.а. коннотативдик, аксеологиялык, когнитивдик жана жүрүм-турум аспектилерин деталдуу

изилдөө.

Жарандуулук жана мекенчилдик, айрыкча, алардын тыгыз өз ара байланышы социалдык жалпылыктардын жана инсандын баалуулук багыттарын жана мамилелерин көрсөтүүгө өбөлгө түзөт, алардын социалдык өнүгүүсүнүн сапатын көрсөтөт.

Жарандык иденттүүлүктүн элементтери катары изилдөө социалдык консолидация маселесинин ракурсунда актуалдаштырылып жаткандыгын баса белгилеп кетүү керек. Социологдор социалдык биримдик деп жалпы баалуулуктардын тилектештик байланыштары менен бириккен коомдун белгилүү бир абалын билдирет [52, 197, 203].

Жарандык коомдун ар кандай аныктамалары бар, аларды жалпысынан эки багытка бириктирүүгө болот. Биринчиден, бул өнүккөн демократия, укуктук мамлекет, бийликтин бөлүштүрүлүшү аркылуу ар бир жаран эркиндик жана теңдик принциптерине ылайык көз карандысыз жашоо образына талапкерлене ала турган либералдык чарбалык система менен мүнөздөлгөн коомдун белгилүү бир тиби [76].

Экинчиден, жарандык коом – коомдун жашоо-турмушунун экономикалык, саясий, социалдык жана руханий чөйрөлөрүндө ыктыярдуу түрдө түзүлгөн баштапкы мамлекеттик эмес структураларды; мамлекеттик эмес мамилелердин жыйындысын жана эркин инсандардын, уюмдардын жана жарандардын ассоциацияларынын ишмердик чөйрөсүн камтыган адамдык жалпылык [199 полит.энц]

Бул эки дефиниция бири-бирине антогонисттик эмес, бирок илимий ойдун жана коомдук практиканын өнүгүшүнө ылайык, биринин артынан бири белгилүү бир тарыхый ырааттуулукта иштелип чыккан «жарандык коом» категориясынын ар кандай аныктамалары катары оурн алып келет.

Жарандык тууралуу пикирлер, түшүнүктөр төмөнкүлөрдү: белгилүү бир аймакты ээлеген мамлекеттин образын, социалдык мамилелердин жетектөөчү тибин, баалуулуктар тутумун, ошондой эле өзүнүн маданияты, тили жана каада-салты менен ошол аймакта жашаган элди (же элдерди)

камтыйт. Жарандык иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн аныктоочу негизги, өзөктүү шарт болуп инсандык маңыз жана баалуулук компонент саналат. Баалуулук жана эмоционалдык компоненттер үстөмдүк кылып, когнитивдик компоненттин мазмунуна олуттуу таасир этиши мүмкүн.

Ошол эле учурда, окумуштуулар жарандык иденттүүлүктүн калыптанышы жарандык таандыктык фактысы менен гана эмес, ошол таандыктык менен байланышкан мамиле жана тажрыйба менен аныкталаарын белгилешет. Базалык идентификациялоочу механизм болуп патриотизм жарандык коомчулукка берилгендик сезими, анын маанилүү баалуулук катары таанылышы эсептелет [341, 14-15].

Ошондой эле А. Г. Асмолов «жарандык иденттүүлүк» түшүнүгүнүн негизги өзгөчөлүктөрүн сунуштайт:

1. Жоопкерчилик. Адам индивид менен байланышкан жана жеке жоопкерчилик тарткан социалдык бүтүндүктүн бир бөлүгү катары кабылданат (бул байланыш ар кандай формада чагылдырылышы мүмкүн: жалпы тажрыйба, жалпы ишеним, социалдык келишим ж.б.).
2. Маданияттардын диалогу. Инсан бул маданий салттарды түшүнөт, өзүн маданияттын алып жүрүүчүсү катары кабылдайт, бирок ошол эле учурда өзүнүн маданиятын бирден бир мүмкүн болгон жана бирден бир туура катары кабыл алууга болбойт, аны адекваттуу кабыл алуу анын башка маданий салттар менен «туугандык жана коңшулук» татаал жана көп жагынан карама-каршы мамилелерин түшүнүү менен гана мүмкүн болот.
3. Өнүккөн укуктук аң-сезим жана укуктук ченемдердин «антропоцентристтик» аң-сезими (аларды тилектештик, боорукердик, кайрымдуулук түшүнүктөрү менен байланыштыруу). Бардык жарандар катуу аныкталган укуктук талаада жашашат жана бул укуктук талаанын чектерин сырттан таңууланган эмес, ички мааниге ээ, жана эмоционалдык интуицияны да талап кылуучу,

адамдардын мамилелеринин бардык татаалдыгын эске ала албайт, [21].

Жарандык жана этникалык иденттүүлүктүн өз ара тыгыз байланышы жана өз ара көз карандылыгы, жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүү зарылдыгы инсандын жарандык иденттүүлүгүнүн мазмунундагы этникалык, улуттук жана жалпы дүйнөлүк компоненттердин өз ара байланышы жөнүндө маселени көтөрөт.

M. Yates жана J. Youniss практика менен калыптанып келе жаткан жарандык иденттүүлүктүн ортосундагы күчтүү байланышты баса белгилешет. Ошондуктан, окуучулардын социалдык активдүүлүк көндүмдөрүн өнүктүрүү чет өлкөлүк билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүнүн алдыңкы багыттарынын бири болуп саналат. Бул учурда аудиториядан тышкаркы иштердин көп түрдүүлүгү колдонулат.

Көптөгөн өлкөлөрдө студенттерге коомго активдүү катышууга мүмкүнчүлүк берилет. Бул студенттерге өзүн коомдун толук кандуу мүчөсү катары сезүүгө мүмкүндүк берет. Алар уюштуруу иштери боюнча көндүмдөргө ээ болушат, чечим кабыл алууну үйрөнүшөт, адамдык кадыр-баркты урматтоо, башка бирөөнүн пикири, азчылыктын башка пикирге болгон укугун таануу принциптерин жетекчиликке алууга мүмкүндүк берет.

Е.М.Арутюнова белгилегендей, билим берүү системасы жарандык коомдо жана укуктук мамлекетте жашоону гана эмес, ошол коомду жана бул мамлекетти түзүүнү да билген адамдарды даярдашы керек [20ХЪ].

Жогорку билим берүү деңгээлинде, даярдоо багытына карабастан, жарандык сапаттарды калыптандырууга олуттуу орун берилет.

Мамлекеттик стандарт бүтүрүүчүгө карата төмөнкүлөр сыяктуу компетенциялардын болуу талаптарын бекиткен:

- маданияттын адамдын жашоо-тиричилигинин формасы катары маанисин түшүнүү;
- тарыхый мурастарды жана маданий каада-салттарды кабыл алуу.

Инсандын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча иштин

негизги багыттары катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

- руханий-адеп-ахлактык жана баалуулук-маңыздык билим берүү (тарбия берүү) – студенттерде руханиятты жана адеп-ахлакты, гуманизмдин негизги баалуулуктарын, өзүн-өзү сыйлоо сезимин калыптандыруу, бул адеп-ахлак нормаларын дайыма карманууда жана алардын бузулушуна жол бербөөдө, өзү үчүн жана айланасында болуп жаткандарга, социалдык активдүүлүктө жоопкерчиликте болууда чагылдырылышы керек;
- тарыхый билим берүү (тарбия берүү) – Кыргызстандын тарыхындагы негизги окуялар жөнүндө билимдерди калыптандыруу;
- саясий-укуктук билим берүү
- патриоттук- коомдук иш-чараларга катышуу, Мекенге болгон сүйүү сезимин жана өз элине жана Ата Мекенге таандык экендиги үчүн сыймыктануу сезимин калыптандыруу;
- кесипке багытталган билим берүү (тарбия берүү) – окуучуларда дүйнөнүн кесиптери жана адамдын эмгектик предметтик-өзгөрүүчү ишмердигинин мааниси жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу; адамдардын эмгегин сыйлоону жана материалдык жана руханий маданият предметтерине аяр мамиле жасоону, жаратман эмгекке өзүнүн ак ниет жана жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандырууга багыт алуу;
- экологиялык билим берүү

## 2.2. СТУДЕНТ ЖАШТАРДЫН ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮ: КООМДУН ЗАМАНБАП СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ ТРАНСФОРМАЦИЯСЫНЫН МААНИЛҮҮ ЭЛЕМЕНТИ КАТАРЫ

**Бул параграфта изилдөөнүн** экинчи милдетинин чечилиши, илимий изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана методдорун ачыктоо маселелери каралат.

Азыркы учурда жарандык иденттүүлүк маселелери Кыргызстанда эң олутттуу маселелердин бири, ал социалдык реалдуулуктун жогорку

кыймылдуулугу, туруксуздугу жана өзгөрүлмөлүүлүгү менен мүнөздөлөт.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасы көп улуттуу жана көп конфессиялуу мамлекет болуп саналат. Бул контекстте мамлекет башчысы тарабынан 2021-2026-жылдар аралыгында Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү концепциясын тууралуу Жарлыкка кол коюлушу жарандык жана социалдык жоопкерчиликти андан ары арттыруу үчүн натыйжалуу курал болуп кызмат кылат [1].

Бул концепцияга байланыштуу Кыргызстанда ошол жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу биздин өлкөнү байырлаган элдердин андан ары өнүгүшүнүн, каалаган коом үчүн зарыл болгон туруктуулукту, этностор аралык жана конфессиялар аралык тынчтыкты камсыз кылууга жөндөмдүү өнүгүүнүн негизги шарттарынын жана багыттарынын бири болуп саналарын баса белгилеп кетүү керек. Бирок, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу – өзү өтө татаал милдет экендигин жана иш жүзүндө ага жетүү жөнөкөй декларациялоо, жакшы каалоолор жана ал тургай этностор аралык жана конфессиялар аралык тынчтыкты сактоо зарылдыгы менен камсыз кылынышы мүмкүн эместигин эске алуу керек, ар кандай заманбап көп этностуу жана көп конфессиялуу коом тышкы күчтөрдүн оюнунун курмандыгы болуп калышы мүмкүн экендиги айтпаганда да белгилүү нерсе.

Түпкүлүгүндө, жарандык иденттүүлүк иденттүүлүктүн башка бардык формаларынан – уруулук, этникалык, улуттук, диний жана башка көптөгөн формаларынан, анын ичинде иденттүүлүктүн бир нече формаларын камтыганда да – иш жүзүндө эң татаал жана ушул себептен эң туруктуу жана ага жетишүү кыйын болуп саналат.

Ар түрдүү элдердин ортосундагы интенсивдүү жана барган сайын тездетилген маданий өз ара аракеттенүү менен мүнөздөлгөн, глобалдаштыруунун заманбап процессинде, аларды идентификациялоо маселеси кыйла татаалдашууда, анткени адамдар бир эле учурда өзүлөрүнүн маданияттарынан тышкары да башка маданияттардын таасирин сезишет.

Ааламдашуу процесси адамдын экономикалык ишмердүүлүгүнүн

олуттуу активдешүүсү менен шартталат, бирок, өнүгүүгө түрткү берген экономика бул процессти жокко чыгарбайт. Социалдык, саясий, диний, руханий, маданий сыяктуу маанилүү чөйрөлөр олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болууда.

Экинчи жагынан, башталышы XX кылымдын экинчи жарымына туура келген, азыркы учурда уланып келген маалыматтык революциянын аркасында жалпы адамзаттын болмушун түп-тамырынан бери өзгөрттү.

Маалыматтык революциянын натыйжасында мейкиндик кыйла кыскарып, цивилизациялар менен маданияттардын ортосундагы чек аралар кыйла жоюлуп кетти. Ар бир адам кандайдыр бир мааниде дүйнөнүн жараны болуп калды же кандай болгон күндө да мындай мүмкүнчүлүккө ээ болду. Социалдык жана маданий өз ара аракеттенүү процесси жыл сайын гана эмес, кээде ай сайын ылдамдап барат. Коомдук глобалдык болмуштун мейкиндиги тыгыздалып гана тим болбостон, аралашып, аргасыздан бир тектүү болуп чыга келет.

Коомдогу жаштарды идентификациялоо көйгөйүнүн ар кандай аспектилерин жана чектерин чагылдырган теориялык концепцияларды жана практикалык илимий иштелмелерди талдоо, бул иште берилген көйгөйлөрдү изилдөө үчүн белгилүү бир теориялык-методологиялык өбөлгөлөр катары түзүлгөн деп айтууга мүмкүндүк берет.

Ошол эле учурда, социалдашуунун, жаштардын социалдык жана маданий идентификациясынын азыркы теорияларынын алкагында, алардын жарандык идентификациясы маселеси дээрлик каралбайт.

Албетте, өзгөрүп жаткан, кыймылдуу, динамикалуу, системалык кризистин кысымына кабылган социумда социалдык реалдуулук жарандык иденттүүлүктү ишке ашыруунун жаңы параметрлерин жана талааларын пайда кылат, алардын негизинде жаңы социалдык практикалар калыптанат. Бул социалдык тажрыйбалар барган сайын социалдык көбөйүүнүн негизи болуп баратат.

Жаштардын жарандык иденттүүлүгү социалдык практикалардын

идентификациялык базасынын комплекстүү көйгөйү катары жана, демек, жаштардын социалдык интеграциясы жана социалдык кайра жаратуусу азырынча өзүнчө изилдөө предмети боло элек.

Жаштардын жарандык иденттүүлүгүн изилдөөгө арналган көйгөйлөр жетиштүү изилдене элек, жарандык иденттүүлүк жөнүндө маселе концептуалдык негизде коюла элек. Бул жагдайлар биздин изилдөөнүн максаттарын шарттады.

Бул изилдөө төмөнкү маселелерди чечүүнү максат кылат: жаштардын жарандык иденттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин аныктоо; жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн абалын жана динамикасын аныктоо (педагогикалык окуу жайдын студенттеринин мисалында); объективдүү жана субъективдүү факторлордун катышын талдоо жана жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн негизги тенденцияларын аныктоо.

Жарандык иденттүүлүк тарыхый жактан калыптанат жана анын “коомдук чөйрөсүнүн” калыптануу даражасына карабастан, ар кандай коомдо орун алып келет. Ар бир коом үчүн жарандык иденттүүлүктүн өзүнүн өзгөчө касиеттери мүнөздүү, анын калыптанышына туруктуу социалдык-маданий сапаттар, саясий, улуттук, диний, экономикалык, маданий жана башка өзгөчөлүктөр, тарыхый жактан калыптанган менталдуулук таасир этет.

Жарандык иденттүүлүктүн негизинде социумдун ошол коом үчүн жалпы инструменталдык жана терминалдык максаттарга жана баалуулуктарга, анын ичинде өлкө, мамлекет, Ата Мекен сыяктуу баалуулуктар комплекстери аркылуу кошулуу менен интеграциясына карата интенциясы орун алган.

Мамлекеттеги жарандыктын, жарандык иденттүүлүктүн жана жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин актуалдуу көйгөйлөрү, баарынан мурда мамлекеттүүлүктүн жаңы формаларын издөөнүн зарылдыгы, жарандардын мамлекетке карата милдеттерин жана мамлекеттин функцияларын өз жарандарына карата өзгөртүү маселеси курч болуп калган социалдык-саясий өзгөрүүлөр мезгилинде актуалдуу болуп келет.

Жарандык иденттүүлүк феномени адамдын өзүнүн тигил же бул мамлекеттин жарандарынын жамаатына таандык экендигин аңдап билүүсүн, индивид үчүн өтө маанилүү болгон өлкөнүн социалдык жана саясий жашоосуна катышуусун билдирет; бул болсо жамааттык субъект катары жарандык иденттүүлүктү мүнөздөгөн жарандык коомчулуктун белгисине негизделет.

Идентификациянын табияты өзү өтө татаал, жана натыйжада, анын калыптануу процесси да өтө татаал. Аны өз каалоо менен табуу, ээ болуу мүмкүн эмес жана кимдир-бирөөнүн же жагдайдын каалоосу боюнча иденттүүлүктү өзгөртүү да мүмкүн эмес, бирок алардын бүтүндөй жыйындысы аны конкреттүү инсандын жашоосунда өмүр бою калыптандырат, ага дайыма конкреттүү деталдарды, толуктоолорду киргизип турат.

С.Хантингтон [249] иденттүүлүк «так аныктама берилбеген жана стандарттык өлчөө методдоруна баш ийбеген анык эмес топтом» деген ойду айтканы бекеринен эмес болсо керек [3, 49-б.]. Ал эми белгилүү америкалык психолог, «иденттүүлүк кризиси» термининин автору Э.Эриксон иденттүүлүктү «кеңири жайылган, тараган, тамырлаган» жана ошону менен бирге «тумандуу, бүдөмүк, элес-булас» сыяктуу эпитеттер менен мүнөздөгөн [4, 25-28-бб].

Ар бир иденттүүлүк акыры жеке өздүк иденттүүлүккө барып такалат, же ошол сыяктуу эле инсандын иденттүүлүгүнө келип такалат. Иш жүзүндө инсандын жарандык иденттүүлүгү социалдык иденттүүлүктүн бирин билдирет. Инсандын калыптанышынын жана эволюциясынын көп кырдуу процессинде: гендердик, этникалык, улуттук, диний, кесиптик ж.б. сыяктуу иденттүүлүктөрдүн көптүгү калыптанат. Иденттүүлүктөдүн көптүгү жашоонун өзүнүн көп кырдуулугун жана бирдей эместигин, ошондой эле коомдук турмуштун көп кырдуу мүнөзүн чагылдырат.

Көптөгөн этникалык компоненттерден турган жалпылык, көп учурда, бир тектүү, этникалык бир тектүү жамаатка салыштырмалуу начарыраак ички

туруктуулукка, бекемдикке ээ. Моноэтикалык (же моноулуттук) мамлекетте жарандык иденттүүлүк этникалык (же улуттук) иденттүүлүккө тете, барабар. Калкы бир нече же көптөгөн этностордон, элдерден турган мамлекет белгилүү бир улуттун бекемделген үстөмдүгүнүн негизинде коомдук мамилелерди куруу менен өзүнө зарыл болгон ишенимдүү туруктуулукка жана жарандык тынчтыкка жетише албасы да анык.

Ошентип, жарандык иденттүүлүк негизинен белгилүү бир коомдук компромисстин, макулдашуунун натыйжасы болуп саналат жана ар кандай компромисс сыяктуу эле, ал белгилүү бир ички конфликттик потенциал менен мүнөздөлөт. Адамдар бири-бирине «жол берүүдөн», «макул болуудан» оолактап тургандыгы белгилүү жана андайга жол берүү дайыма коомдун ичинде калыптанган күчтөрдүн балансын чагылдырат.

«Маданий элемент – деп жазган англис тарыхчысы жана философу А.Тойнби [235], – цивилизациянын жанын, канын, лимфасын, маңызын билдирет; ага салыштырмалуу экономикалык жана саясий пландар жаратылыштын жана цивилизациянын кыймылдаткыч күчтөрүнүн жасалма, маанисиз, кадыресе жөнөкөй «жаратуулары» болуп көрүнөт» [6, 279-б.].

Конкреттүү бир маданияттын шарттарында иденттүүлүктүн бардык формалары түптөлөт жана калыптанат, жана ошого жараша маданият иденттүүлүктү гана жаратпастан, аларды конкреттүү мазмун менен толтуруучу болуп саналат.

Тарыхый жактан алганда, этникалык фактордун жана аны менен этникалык иденттүүлүктүн улуттук иденттүүлүктү калыптандыруудагы ролун баалабай коюуга мүмкүн эмес. Маңызы, инсандын калыптануусундагы жана жашоосундагы этносту жаратуучу факторлордун ролу, алардын көп сандуулугу жана ар түрдүүлүгүнө байланыштуу өтө жогору, мында ар кандай жагдайларда жана конкреттүү шарттарда тил, дин, менталитеттин тигил же бул өзгөчөлүктөрү, каада-салттар ж. б. негизги катары чыгышы мүмкүн.

Эми азыркы учурдагы Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун тажрыйбасына жана көйгөйлөрүнө токтололу.

Алгач кыргыздар өзүнүн тарыхынын басымдуу бөлүгүн көчмөн турмушту башынан кечирип келишкенин, өзүнчө, бири-биринен көз карандысыз уруулар жана уруулардын тобу катары жашап келгенинен сөз баштасак болот.

Б.Аманалиев [11] жазгандай: «Курамында кыркка жакын уруусу бар XIX кылымдагы кыргыз коомчулугунун социалдык мамилелери өтө татаал көрүнүштү билдирип келген. Патриархалдык уруулук түзүлүштүн мүлктүк мамилелеринен феодализмдин мүлктүк мамилелерине өтүү Кыргызстанда узакка созулган» [9, 3-б.].

Дал ушул себептен улам, кыргыз иденттүүлүгү бүгүнкү күнгө чейин, биринчи кезекте, тууганды байланыштын негизинде түзүлүп, оң жана сол «канат», ичкилик деген аталышка ээ болгон үч топтун бирине таандыктыгы, ал эми экинчи кезекте – жогоруда аталган топтордун биринин чегинде белгилүү бир урууга же уруу тобуна таандыктыгы менен аныкталат [9, 223-б.].

Совет доорунда гана кыргыздар отурукташуу жашоо образына ыкчам жана артка кайрылбастан өткөн мезгилде кыргыздын улуттук иденттүүлүгү калыптана баштаган, ага байланыштуу сандык деген факторду да айта кетүү кажет.

Алсак, 1926-жылы Кыргызстанда 668,7 миң кыргыз жашаса, 1999-жылы 3128,1 миң кыргыз жашаган [10, 50-б.]. Азыркы учурда Кыргызстандын калкынын жалпы саны 2022-жылдын 20-октябрына карата 7 миллиондон ашык адамды түзөт [11], ошол эле учурда 2021-жылы кыргыздар 4896182 (73,77 %), өзбектер – 985358 (14,85%) болгон. Республикада кыргыздар менен өзбектерден тышкары өлкөнүн калкынын үчтөн бир бөлүгүн түзгөн 90дон ашык ар улуттун өкүлдөрү жашайт.

Өлкөдө кыргыздардын байкалаарлык басымдуулук кылышы кыргыздардын этникалык иденттүүлүгүн сактоого кепилдик бергендей. Ал эми жарандык иденттүүлүккө келсек, ал артыкчылыктуу түрдө формалдуу мүнөзгө ээ, анткени кыргыз маданияты себептердин бүтүндөй комплексинен, эң башкысы – сандык фактордон улам, Кыргызстанда жашаган башка

улуттардын жана этностук топтордун өкүлдөрү үчүн алардын маданий жана лингвистикалык интеграциясы үчүн негиз болуп саналбайт.

Саясий илимдердин доктору Дж.А.Омукеева [184], улуттук иденттүүлүк катары, сыягы, жарандык иденттүүлүктү туюндуруп, мындай деп жазат: «Адамдардын социалдык жалпылыгынын, улуттук иденттүүлүгүнүн жаңы тибин калыптандыруу мамлекетибиздин бардык социалдык, этникалык топторунун жакындашуусунун объективдүү процессине өбөлгө түзөт.

Кыргызстан эли деген коомчулуктун калыптанышы – Кыргыз Республикасындагы коомдук жана улуттук мамилелер системасынын жетилгендигинин маанилүү көрсөткүчү. Бул жалпылыкта адамдарды жалпы Ата Мекен – Кыргыз Республикасы бириктирип турат, жалпы максат – мамлекеттин гүлдөп-өсүшүнө жана руханий экономикалык өсүшүнө жетишүү.

Улуттук иденттүүлүк көйгөйлөрүн чечүүдө мамлекеттин саясаты жарандардын абсолюттук көпчүлүгүнүн кызыкчылыктарын коргоого багытталууга жана алар тарабынан колдоого алынууга тийиш. ... Улуттук идентификацияны калыптандыруу саясаты жалпы мамлекеттик улуттук саясаттын стратегиясына кошулуп жазылышы керек. Андагы акценттерди этностук тегиздиктен этникалык топтор да, ошондой эле жалпы эле бардык кыргызстандыктар да туш болгон көйгөйлөрдүн максаттуу комплексине которуу керек» [13, 56-б.].

А бирок, чыныгы жашоодо, иш жүзүндө, жарандык иденттүүлүк социалдык, маданий элементтердин белгилүү бир туруктуулугуна ээ. Анын деңгээлдери маданияттын салттуу түрлөрү менен байланышкан, алардын туруктуулугу глобалдык дүйнөлүк процесстер менен конфронтацияга алып келет.

Кыргызстан үчүн анын маданий, улуттук иденттүүлүгү менен глобалдашуунун азыркы процесстери маданияттардын өз ара аракеттенүүсүнүн жана аларды улантуунун жардамы менен жеңүүгө мүмкүн болгон оңой эмес сыноо болуп саналат.

**Бул изилдөөдө изилдөөнүн конкреттүү максаттарына жараша өзгөрүп турган төмөнкү методдор колдонулган. Төмөндө жарандык иденттүүлүктү изилдөө үчүн колдонулган бир нече методдор берилди:**

1. Анкета жүргүзүү: Бул маалыматтарды чогултуунун эң кеңири таралган методдорунун бири. Анкеталарда жарандык аң-сезим, саясий жана социалдык маселелер боюнча маалымдуулуктун деңгээли, жарандык укуктарга жана милдеттерге болгон мамиле ж.б. сыяктуу суроолор камтылган. Анкеталар ири сандагы студенттер арасында бөлүштүрүлгөн, бул өз учурунда маалыматтардын кеңири көлөмүн камтууга мүмкүндүк берди.

2. Топтук жана фокус-топтук интервьюлар: Бул методдор изилдөөнүн катышуучуларынын жарандык иденттүүлүккө карата пикирлерин, көз караштарын жана тажрыйбаларын тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берди. Топто талкуулоо аркылуу же интервью форматында талкуулоо аркылуу катышуучулардын көз карашында жана аң-сезиминде айырмачылыктар аныкталып, ошондой эле кошумча контекстуалдык маалыматтар алынган.

3. Сапаттык изилдөөлөр: Бул метод этикалык учурлар, кырдаалдарды талдоо сыяктуу терең сапаттык изилдөөлөрдү камтыйт. Бул методдор катышуучулардын жеке өздүк окуяларын, контекстин жана турмуштук тажрыйбаларын карап чыгуу аркылуу жарандык иденттүүлүктү тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

4. Байкоо жана катышуу: Бул метод жарандык иденттүүлүк калыптанган чөйрөдө изилдөөчүнүн активдүү байкоосун жана катышуусун камтыйт. Байкоо жүргүзүү жүрүм-турумга, өз ара аракеттенүүгө жана жарандык иденттүүлүктү реалдуу убакытта көрсөтүүгө карата түз мүмкүндүк берет.

5. Контент-анализ: Бул метод тексттер, кеп, медиалык билдирүүлөрдү ж.б. сыяктуу жазуу жана вербалдык материалдарды талдоо үчүн колдонулат. Изилдөөчүлөр бул материалдардын мазмунун жарандык иденттүүлүккө байланыштуу өзөктүү темаларды, образдарды, символдорду, аргументтерди жана көз караштарды баса белгилөө менен талдай алышат. Бул ар кандай контекстте жарандык иденттүүлүктү көрсөтүү жана таанытуу жолдору

жөнүндө сапаттуу түшүнүк алууга мүмкүндүк берет.

6. Социалдык медианы изилдөө: социалдык медианы талдоо жарандык иденттүүлүк контекстинде адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерди жана өз ара аракеттерди изилдөөгө мүмкүндүк берет. Бул метод социалдык тармактардын түзүлүшүн жана динамикасын талдоону, негизги акторлорду жана жамааттарды идентиикациялоону жана социалдык байланыштардын жарандык иденттүүлүктү калыптандырууга тийгизген таасирин изилдөөнү камтыйт.

Изилдөөнүн ар кандай методдорун айкалыштыруу жарандык иденттүүлүктү тереңирээк жана ар тараптуу түшүнүүгө алып келиши мүмкүн экендигин белгилей кетүү маанилүү. Сапаттык жана сандык методдорду, ошондой эле ар кандай маалымат булактарын бириктирген комплекстүү мамиле-ыкма жарандык иденттүүлүк жана анын коомдо калыптанышы жөнүндө тереңирээк жана көп кырдуу көз карашты камсыздай алат.

Жүргүзүлгөн сурамжылоо ЖОЖдордун студенттеринде жарандык иденттүүлүк жөнүндө түшүнүктөрдүн туруктуулугун, интенсивдүүлүгүн жана мазмунун аныктоого өбөлгө түзөт. Жаштардын жарандык иденттүүлүгү постсоветтик коомдун глобалдык социалдык-маданий көйгөйү болуп саналат. Акыркы жылдары иденттүүлүктү изилдөөгө болгон кызыгуу туруктуу өсүп келүүдө. Себеби топторду идентификациялоо аркылуу азыркы жашоонун маанилүү белгилери, коомдун, социалдык жана этникалык топтордун абалдары изилденет.

Бул маселени изилдөөнүн алкагында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин 1- жана 2-курстарынын студенттеринин арасында сурамжылоо жүргүзүлгөн. Сурамжылоого 117 студент катышкан. Студенттерге 12 суроо сунушталган, бул бөлүмдө жарандык иденттүүлүккө байланыштуу алты маселе талданды.

**1-диаграмма. Сиз жашаган өлкө, т.а. Кыргызстан менен болгон байланышыңыз кандай деңгээлде деп ойлойсуз?**




Сиз жашаган өлкө, т.а. Кыргызстан менен болгон байланышыңыз кандай деңгээлде деп ойлойсуз? деген суроого сурамжылоого катышкандардын 45,5% байланыш орто деңгээлде деп жооп беришкен. Бул алардын Кыргызстан менен байланышта экенин көрсөтүп турат, бирок, балким, аларга өлкөнүн жашоосуна активдүү катышууну же терең түшүнүүнү талап кылышы мүмкүн. Сурамжылоого катышкандардын 31,3%ы Кыргызстан менен тыгыз, бекем байланышта экендигин белгилешкен. 7,1% респонденттер Кыргызстан менен эч кандай байланышты сезишпейт.

Бул өзүнүн өлкөсү менен идентификациянын төмөндүгүн жана байланыштын жоктугуна же коомдук турмушка аз тартылышына таасир этүүчү факторлордун болушу мүмкүн экендигин көрсөтүшү мүмкүн. 6,3% катышуучулар алардын Кыргызстан менен байланышы абдан күчтүү экенин айтышкан. Бул терең жана позитивдүү жарандык иденттүүлүктү жана өзүнүн өлкөсүнүн жашоосуна активдүү катышууну көрсөтөт. 5,4% катышуучулар үчүн жооп берүү кыйынга турду.

**2-диаграмма. Сиз төмөнкү топтордун кайсынысы менен тыгыз байланышыңызды сезесиз?**




Сиз төмөнкү топтордун кайсынысы менен тыгыз байланышыңызды сезесиз? деген суроого сурамжылоого катышкандардын 84,1% үй-бүлөсү менен тыгыз байланышта экенин айтышкан. Бул үй-бүлөнүн маанилүүлүгүн

баса белгилеп турат. Сурамжылоого катышкандардын 51,4% алар окуган группалаштары менен тыгыз байланышта экенин билдиришкен. Бул жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда билим берүү чөйрөсүнүн жана жамааттык тажрыйбанын маанилүүлүгүн көрсөтүшү мүмкүн. 20,6% Кыргызстандын бардык жарандары менен байланышы бар экенин билдиришкен.

Сурамжылоого катышкандардын 15,9% кошуналар менен тыгыз байланышты, жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда коңшулук коомчулуктун жана өз улутундагы адамдар менен байланышты белгилешкен. 19,9% өз улутунун өкүлдөрү менен тыгыз байланышты белгилешкен. Катышуучулардын 5,4% «башка» деген категорияны тандашты.

Бул алардын жарандык иденттүүлүгүнө таасир эткен жеке өздүк жана уникалдуу факторлорду чагылдырышы мүмкүн. Экинчи суроонун маалыматтары боюнча тыянактар, үй-бүлө менен байланыш эң маанилүү экенин көрсөтүп турат, бул болсо жеке байланыштардын жана жакын мамилелердин маанилүүлүгүн баса белгилейт.

Ошондой эле, билим берүү чөйрөсү жана социалдык топтор, мисалы, тайпалаштар жана кошуналар коом менен байланышты чыңдоодо роль ойной турганы байкалат. Катышуучулар, ошондой эле, улуттук иденттүүлүктүн маанилүүлүгүн белгилешти.

Жалпысынан, сурамжылоонун маалыматтары адамдардын өлкө менен болгон байланышын кандай кабыл алаарын жана алардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууга кандай топтор жана факторлор таасир этерин жакшыраак түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Бул жыйынтыктар сурамжылоого катышкандардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууда үй-бүлөнүн, билим берүү чөйрөсүнүн, улуттук таандыктыктын жана коңшулук байланыштардын маанилүүлүгүн баса белгилейт.

**3-диаграмма. Сиз, биринчи кезекте, өзүңүздү ким деп эсептейсиз?**




3-суроого: Сиз, биринчи кезекте, өзүңүздү ким деп эсептейсиз? Деген суроого жооптор төмөнкүдөй берилген. Сурамжылоого катышкандардын 21,9%ы гана өздөрүн өзүнүн өлкөсүнүн жараны деп эсептешет. Сурамжылоого катышкандардын 56,1%, биринчи кезекте, өздөрүн өз улутунун өкүлдөрү катары идентификациялашат.

Бул алардын иденттүүлүгүн калыптандырууда этникалык жана маданий байланыштардын маанилүүлүгүн баса белгилейт. 12,3% өздөрүн өз өлкөсүнүн жашоочулары деп эсептешкенин белгилешкен. 6,1%, биринчи кезекте, өздөрүн өз дининин өкүлдөрү катары эсептешет. Диний иденттүүлүктү жана алардын өзүн-өзү аныктоосун калыптандырууга тийгизген таасирин байкоого болот. 2,7% «башка» дегенди тандашкан.

**4-диаграмма. Кайсы тараптын колдоосуна көбүрөөк ишенесиз?**




4-суроо: Кайсы тараптын колдоосуна көбүрөөк ишенесиз? Сурамжылоого катышкандардын 80,4% салттуу маданияттарда үй-бүлөлүк мамиле-байланыштын жана колдоонун маанилүүлүгүн тастыктаган, үй-бүлөсүнө көбүрөөк ишенерин айтышкан. Сурамжылоого катышкандардын 46,7%, биринчи кезекте, өздөрүнө ишенишет. 12,1% негизги таяныч катары туугандарын тандашкан. 6,5% гана мамлекеттин колдоосуна ишенишет. Бул жарандык иденттүүлүк контекстинде өз өлкөсүнүн Өкмөтүнө жана институттарына ишенимдин төмөн деңгээлин көрсөтүшү мүмкүн. 1,9% өзүнүн

улутунун өкүлдөрүнө ишенүүнү артык көрүшөт.

**5-диаграмма. Сиз үчүн, биринчи кезекте, Кыргызстандын атуулу болуу деген эмнени билдирет?**




5-суроого: Сиз үчүн, биринчи кезекте, Кыргызстандын атуулу болуу деген эмнени билдирет? деген суроого (жooптун 3 вариантын тандоо) 65,8% - мекенди сүйүү, 60,5% - өлкөнүн өнүгүшүнө салым кошуу, 35,1% - кыргыз тилин билүү, 32,5% - кыргыз элинин тарыхын билүү, 29,8% - кыргыз элинин маданиятын билүү, 27,2% - өз элин сүйүү, 8,8% - өзүнүн тарыхый тамырын (жети ата-бабасын) билүү, 1,8% - башка деп жоопторду беришкен.

Бешинчи суроонун негизиндеги тыянактар респонденттердин көпчүлүгү үчүн Кыргызстандын атуулу болуу өз Мекенин сүйүү жана анын өнүгүшүнө салым кошуу дегенди билдирет. Бул өлкөгө болгон терең сүйүүнү жана анын өнүгүү процессине активдүү катышууну каалагандыкты көрсөтөт. Жооптор кыргыз тилин, кыргыз элинин тарыхын жана маданиятын билүү атуулдук иденттүүлүктү калыптандырууда маанилүү экендигин көрсөтүп турат.

**6-диаграмма. «Кыргыз Республикасынын жараны» деген Сиз үчүн эмнени билдирет?**




Алтынчы суроого берилген жооптордун негизиндеги тыянактар респонденттердин көпчүлүгү үчүн «Кыргыз Республикасынын жараны» деген макам Кыргызстанды өзүнүн мекени деп эсептөөнү жана Кыргыз Республикасынын паспортуна ээ болууну билдирерин көрсөтүп турат. Бул өлкөгө болгон сүйүүнүн жана жарандын расмий статусунун маанилүүлүгүн көрсөтүп турат. Өлкөнүн тарыхын, маданиятын жана каада-салттарын билүү, ошондой эле кыргыз тилин билүү да жарандык иденттүүлүктүн маанилүү аспектилери болуп эсептелет. Айрым респонденттер шайлоого катышууну жана бийликти колдоону Кыргыз Республикасынын жараны болуунун маанилүү аспектилери катары да белгилешкен.

5- жана 6-суроолордун маалыматтарын жалпылоо менен, респонденттердин көпчүлүгү үчүн жарандык иденттүүлүк мекенди сүйүү, өлкөнү өнүктүрүүгө активдүү катышуу, тарыхты, маданиятты жана тилди билүү, ошондой эле Кыргызстанды өз мекени катары сезүү сезими жана жарандык статустун болушу менен байланышкан деген тыянак чыгарууга болот. Бул факторлор сурамжылоонун катышуучуларынын жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууда маанилүү ролду ойнойт жана жарандык иденттүүлүктү жана улуттук биримдикти чыңдоого багытталган тиешелүү стратегияларды жана программаларды иштеп чыгууга негиз боло алат.

Социалдык өзгөрүүлөр өзгөрүлмөлүү коомдогу жаштардын социалдык ролу жана функциясы менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөөгө түрткү берет. Саясий системанын жана бийлик түзүмдөрүнүн алмашышы, экономикалык реформалар жана коомдун башка маданияттарга ачыктыгы менен байланышкан маданий процесстер коомго жана жаштарга олуттуу

таасирин тийгизди.

Жаштардын көпчүлүгү коом тарабынан ээ болгон экономикалык жана саясий эркиндиктерди маанилүү баалуулук катары кабыл алышат, бирок ошол эле учурда жүргүзүлүп жаткан реформалардын социалдык кесепеттерин ачык эле кабыл алгысы келбегендинин демонстрациялашат.

Калктын олуттуу бөлүгүнүн жашоо деңгээлинин төмөндөшү, кылмыштуулуктун өсүшү, саясий жана экономикалык коллизиялар, терроризм, маданий шок, моралдык жана адеп-ахлактык ориентирлердин жоголушу – ушу факторлордун баары социалдаштыруунун позитивдүү негиздерин бурмалоо жана бузуу менен жаштардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна таасир этет. Буга байланыштуу болуп жаткан социализациялаштыруунун четке обочолонуулары жаштардын конструктивдүү социалдык байланыштарды жана мамилелерди, баалуулуктарды жана ченемдерди (нормаларды) сактоосуна жана жаратуусуна тоскоолдук жаратууда.

Жаштар өлкөдөгү кылмыштуулуктун деңгээлине, коррупцияга жана криминалитеттин таасиринин өсүшүнө катуу тынчсыздануусун билдирип келишет, бирок ошол эле учурда кылмыштуу коомчулук барган сайын коомдук ченемдерди (нормаларды) таңуулап келет.

Жүрүм-турумдун референттик моделдерин жана үлгүлөрүн тандоо алардын легитимдүүлүгү менен эмес, алардын турмуштук ийгиликке жетишүү үчүн технологиялуулугу жана натыйжалуулукгу менен шартталат. Конструктивдүү инновациялык ченемдерди (нормаларды) жана баалуулуктарды кабыл алуу менен катар деструктивдүү касиеттин социалдык жүрүм-турум үлгүлөрүн өздөштүрүү жүрөт.

Азыркы коомдун көп маданияттуу талаасын өздөштүрүү менен жаштар ата мекендик тарыхтын жана маданияттын баалуулугун жана маанилүүлүгүн вербалдык түрдө таанышат, бирок иш жүзүндө бул предметтерди билүүнүн төмөнкү деңгээлин көрсөтүшөт жана массалык маданияттын примитивдүү стандарттарын жетекчиликке алышат. Буга катарлаш эле «душман»

образынын ар кандай терс проекцияларынын негизинде бекемделген этномаданий иденттүүлүктүн жогорку даражасы орун алып келет.

Коом башынан кечирип жаткан курч социалдык көйгөйлөр мамлекет, өлкө жаштар үчүн терминалдык баалуулук болбой калышына алып келди.

Жаш муундун жарандык иденттүүлүгүнүн ушул жана башка карама-каршылыктары изилдөө муктаж. Изилдөөнүн актуалдуулугу жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууну изилдөөгө концептуалдык мамилелерди иштеп чыгуу зарылдыгы менен да тастыкталат.

Кыргызстанда ар бир эл, ар бир индивид сыяктуу эле, бүгүнкү күнгө чейин диний жүрүм-турум, маданий өзгөчөлүктөр камтылган "түпкүлүктүү эл" сыяктуу белгилүү бир архетиптерди сактап келет.

Азыркы учурда, жарандык иденттүүлүк көйгөйү илимий чөйрөдө да, адамдардын күнүмдүк жашоо-турмушунда да өтө маанилүү маселелердин бири болуп калды. Ошентип, иденттүүлүктүн логикасын жана анын кризистерин жана көйгөйлөрүн изилдебестен, жыйырма биринчи кылымдын дүйнөсүн, айрыкча жарандык идентификация кризиси өзгөчө курч болгон көп маданияттуу жана ар түрдүү этникалык калктуу заманбап чындыкты түшүнүү кыйла кыйындап барат.

Глобалдаштыруу процесстери ассимиляцияга, улуттук маданияттын жана жергиликтүү этностордун басмырланышына, космополитизмдин өнүгүшүнө жана улуттук иденттүүлүктөн баш тартууга алып келет деген көз караш бар. Бирок, жаңы формаларды жана идеяларды өздөштүрүү ар кандай салттуу маданияттар дуушар болгон өзүн-өзү өнүктүрүүгө да тиешелүү экенин эске алуу керек. Андан сырткары, глобалдык коммуникациянын жүрүшүндө да, ошондой эле ар кандай этностор жана элдер өз ара аракеттенген өлкөнүн ичиндеги локалдык коммуникацияда да өзүн байытуу үчүн өнүгүү жана өз ара аракеттенүү үчүн тышкы да, ички да стимулдар зарыл. Глобалдашуунун акыркы жылдары киргизилген жаңы формаларды кошо алганда, өзүнүн өздүк инсандыгын, өзгөчөлүгүн сактап, байытууга жана жарандык иденттүүлүктү бекемдөөгө мүмкүн болгон синтезди издөө керек.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу үчүн бакубатчылыктын татыктуу деңгээли, улуттук экономиканын, маданияттын жогорку потенциалы, билимдин жеткиликтүү жана сапаттуу деңгээли, өлкөнүн ичинде ар түрдүү этностордун ортосундагы өз ара сый-урмат, ошондой эле коңшу жана өнөктөш-өлкөлөр тарабынан да улутка болгон сый-урматтын болуусу зарыл. Бул үчүн өлкөнүн өнүгүү багытынын векторун белгилеген, ички жана тышкы саясаттын мүнөзүн аныктаган, жалпы мамлекеттик деңгээлде баалуулук ориентирлерин койгон, аларды мектептерде жана университеттерде жаштарга билим берүү жана тарбиялоо деңгээлине трансляциялаган так, түшүнүктүү жана ачык идеология керек.

Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышы дүйнөнүн азыркы учурдагы көп түрдүүлүгү, массалык коммуникация жана чек аралардын практикалык жоктугу менен татаалдашат, ал эми улуттук иденттүүлүктүн жоголушу жеке өздүк баалуулук ориентирлеринин гана эмес, мамлекеттин суверенитетинин да жоголушуна алып келет. Ошентип, жарандык иденттүүлүктү жана өнүккөн жарандык коомду, анын институттары менен калыптандыруу маанилүү актуалдуу маселе болуп саналат, аны өнүктүрүүгө мамлекеттик деңгээлде Өкмөт гана эмес, Кыргызстандын ар бир аң-сезимдүү жараны да катышышы керек.

## 2.3 Кыргызстанда жалпы жарандык идентттүүлүктү калыптандыруу контекстиндеги этникалык жана диний факторлордун катышы

Бул параграфта Кыргызстандагы студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун контекстинде этникалык жана диний

факторлорунун айкалышынын маселелери каралган.

Кыргызстан[16], сыяктуу ар кандай этникалык жана диний тектеги адамдар жанаша жашаган көп этностуу жана көп конфессиялуу мамлекеттерде жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу маселеси айрыкча актуалдуу болуп келет.

Бир жагынан алганда, глобалдашуу жана маданий, салттуу, этностук баалуулуктардын нарксызданышы, экинчи жагынан – этностук жана диний аң-сезимдин өсүшү менен мүнөздөлгөн азыркы кыргызстандык коомдун трансформациясынын шарттарында этностук жана диний иденттүүлүктүн ролу актуалдаштырылууда. Азыркы коомдун туруктуу жана гармониялуу өнүгүшүнүн маанилүү фактору болуп саналган этностук жана диний иденттүүлүктөрдүн ролу аныкталды.

Көп жылдар бою этностор аралык мамилелер чөйрөсүндө карама-каршылыктар жана көйгөйлөр топтолуп келген, мамлекеттин натыйжалуу жана системалуу, анын ичинде 1990-жылдагы этностор аралык чыр-чатактын себептерин жоюу боюнча, саясатынын жоктугунан улам 2010-жылдын июнунда Кыргызстандын түштүгүндө кайгылуу окуялардын кайталанышына алып келди [1 указ]

2012-жылдын 1-февралында Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасында коомдук коопсуздукту чыңдоо боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” Жарлыгы чыккан, ага ылайык 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо Концепциясы улуттук жана көз карандысыз эксперттердин катышуусу менен иштелип чыккан [3 конц.ед]

Бул Концепциянын максаты – өзүнүн этномаданий иденттүүлүгүн сактоо менен Кыргыз Республикасынын бардык этностук жамааттарын бириктирген жалпы жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү жана илгерилетүү үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү.

---

[16] Эскертүү: в Кыргызской Республике в настоящее время проживает более 110 этносов. /https://www.stat.kg/ru/opendata/category/312/

Концепцияны ишке ашыруунун жүрүшүндө жарандык коом институттары менен биргеликте биринчи кезектеги иш-чаралар Планын ишке ашырууга каралган каражаттардын алкагында жалпы суммасы 6 млн. 104 миң сомго 16 чакан долбоор грант түрүндө каржыланган [6 отчет]

Үч жылдын ичинде спорттук мелдештерден тартып конференцияларга чейинки миңдеген ар кандай иш-чаралар өткөрүлгөн. Программа бардык региондорду, ар кандай мамлекеттик жана коомдук түмүздөрдү камтыды, бардык этникалык топтор тартылды.

Эң башкысы, өлкөдө биринчи жолу этностор аралык саясатты жүргүзүү менен алектенген атайын мамлекеттик түзүм – жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик түзүлдү[17]. Мамлекеттик түзүм биринчи жолу этностор аралык чөйрөдөгү саясат боюнча адистеше баштады жана бул саясат үчүн жоопкерчилик мамлекеттин, тагыраагы Өкмөттүн түздөн-түз милдети болуп калды.

Бул долбоорлор Кыргыз Республикасында этностор аралык мамилелерди чыңдоонун башкы идеясына ээ болгон, айрыкча, эне тилдерин үйрөнүү, улуттук маданияттардын ар түрдүү чөйрөлөрүнө окутуу, этностор тарабынан өздөрүнүн иденттүүлүктөрүн, тарыхын, маданиятын, каада-салттарын жана үрп-адаттарын жайылтуу үчүн шарттарды түзүүгө тиешелүү долбоорлорго каражаттар бөлүнгөн.

Ишти улантуу үчүн 2018-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан өлкөнүн экономикалык өсүшүн жана каржылык туруктуулугун камсыздоого, бардык социалдык милдеттемелерди аткарууга жана республиканын стратегиялык багыттарына, өнүгүү артыкчылыктарына жетишүүсүнө багытталган Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн «Биримдик. Ишеним. Жаратмандык» программасы бекитилген [7 укр.гр.ед.].

Программада Кыргызстан келечекте экономикасы күчтүү, жашоо сапаты жогору, атаандаштыкка жөндөмдүү адамдык капиталы бар жана

[17] https://soros.kg/wp-content/uploads/2018/12/Research-report_Sulaimanov.pdf

дүйнөлүк маданиятка жаңы салым катары таанылган эркин өлкөгө айланышы керектиги белгиленген. Анда «кыргыз элинин уникалдуу баалуулуктарын жана өз өлкөсү менен сыймыктанган кыргызстандыктардын туруктуу жарандык коомчулугу» калыптанат[1указ]

Бул документте «учурда көрүлүп жаткан аракеттерге карабастан, жалпы улуттук баалуулуктарды жана маанилерди калыптандыруу жана аларды натыйжалуу трансляциялоо көйгөйү, өлкөнүн жашоочуларынын жүрүм-турум мамилелерине карата өлчөнүүчү таасир олуттуу маселе бойдон калууда»[18] деп белгиленген. Бул документте жогоруда айтылгандарга тоскоол жаратуучу себептер берилген:

– бөлүнгөн тилдик жана маданий мейкиндиктердин тарых баяны;
– мамлекеттик коммуникациялардын начар маалыматтык жана жетиштүү өнүкпөгөн функциясы;
– карама-каршылыктуу глобалдык поп-маданиятты өнүктүрүү;
– мамлекет тарабынан базалык баалуулуктар системасын калыптандырууга болгон эксклюзивдүү мүмкүнчүлүктү жоготуу;
– Кыргызстан элинин жана этносторунун учурдагы маданий-баалуу мурастарына негизделген жалпы жарандык баалуулук багыттарын биргелешип иштеп чыгуу жана жайылтуу процесстеринде билим берүү, маданий өнүктүрүү, илим институттарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын инерттүүлүгү;
– ар кандай максаттуу топтор, натыйжалуу каналдарды жана инструменттерди тандоонун үчүн жыйынтык материалдардын сапатын камсыз кылуунун базалык принциптеринин жоктугу[19].

Программада Кыргызстанда кыргызстандыктардын чечилбеген жана учурда тынчсыздандырган күнүмдүк көйгөйлөрүнүн, ошондой эле заманбап мамлекетти түптөө процесстерине коомчулуктун катышуусунун төмөнкү деңгээли, жалпы улуттук баалуулук жана жарандык багыттардын негизинде

[18] Программа. 8-б.
[19] Программа. 8-б.

салыштырмалуу начар мобилизациялануу фонунда социалдык чыңалуу туруксуздуктун туруктуу фактору бойдон кала берээри белгиленген.

Төмөнкү деңгээлдеги укуктук аң-сезим, укуктук нигилизм жана майда укук бузууларга, элементардык моралдык-этикалык эрежелерди сактабоо фактыларына жарандардын жана жергиликтүү жамааттардын чыдамдуулугу жана сабырдуулугу өзгөчө тынчсызданууну жаратууда. Ушуга байланыштуу, Кыргызстан зордук-зомбулук кыймылдарынын, уюшкан кылмыштуулуктун коркунучтары үчүн алсыз бойдон калууда жана этностор аралык, конфессиялар аралык жана социалдык-саясий карама-каршылыктардын негизинде чыр-чатактык (конфликттик) потенциалын сактап калууда[20].

Бул программаны ишке ашыруу процессинде жарандык жана жарандык активдүүлүк, үй-бүлө институту, жергиликтүү жана улуттук деңгээлде ак ниет коңшулук, өз ара жардамдашуу жана волонтердук салттар, ресурстарды сарамжалдуу жана акыл-эстүү башкаруу, курчап турган айлана-чөйрөнү урматтоо, билим алууга умтулуу сыяктуу жүрүм-турумдун базалык нормаларын (ченемдерин) бекемдөөгө мүмкүндүк берген маданий катмарды, прогрессивдүү баалуулуктарды терең изилдөө, жеткиликтүү ачып берүү жана туруктуу илгерилетүү үчүн шарттар түзүлөт.

2021-жылы 2021-2026-жылдар аралыгында «Кыргыз жараны» – Кыргыз Республикасында жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүү Концепциясы[21], кабыл алынган, ал мурунку программанын логикалык уландысы болуп саналат.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы да ишке ашырылууда, ал өлкөнүн суверенитетин жана анын бакубаттуулугун бекемдөөгө багытталган маданий, этностук жана диний айырмачылыктарга карабастан Кыргызстан жарандарынын – Кыргыз жараны бирдиктүү коомчулугун түзүүгө багытталган.

[20] Программа. 8-9-бб.
[21] Концепция развития гражданской идентичности – «Кыргыз жараны» в Кыргызской Республике на период 2021-2026 годы //http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/430346/10?cl=ru-ru

Өлкөнүн өз алдынча өнүгүшүнүн жүрүшүндө бийликтин саясий катмары тарабынан «иденттүүлүк» түшүнүгүнүн мазмуну дайыма өзгөрүп турган. Эгерде биринчи президенттин маалында, ал демократиянын жана эркиндиктин универсалдуу баалуулуктарын өнүктүрүү аркылуу билдирилсе, ал бийликтен кулатылгандан кийин бул мазмундун түрү өзгөртүлгөн.

Өлкөнүн биринчи Президенти А.Акаев көп улуттуулукка, жарандуулукка жана биримдикке басым жасоого аракет кылган. 2010-жылдагы окуялардан кийин «иденттүүлүк» түшүнүгүн мазмунун сыйымдоо этноикалык баалуулуктарга (улуттук иденттүүлүккө), мамлекеттин туруктуулугуна, ошондой эле экстремизмдин жайылышына жана укук тартибинин бузулушуна жол бербей турган ченемдерге ыктай баштады.

Биздин азыркы коом, социологиялык сурамжылоолор көрсөткөндөй, биринчи кезекте, өздөрүн үй-бүлөсү, ошондой эле жыныстык жана гендердик өзгөчөлүктөрү менен байланыштырышат. Ошол эле убакта коомдун көпчүлүк бөлүгү өзүнүн жарандык иденттүүлүгүн сезишпейт. Жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн баалуулугунун айрым өзгөчөлүктөрү Ош шаарында байкалган.

Кыргызстан жаштарынын баалуулуктар чөйрөсүндөгү изилдөөлөр көрсөткөндөй, Кыргызстандын Түштүк райондорунда төмөнкүдөй иденттүүлүктөр басымдуулук кылат: үй-бүлө, этностук, динчилдик, жыныстык тиешелүүлүк.

Ааламдашуу жана укуктук баалуулуктардын таасири астындагы шарттарда этникалык салттуу иденттүүлүк олуттуу сыноолорду баштан кечирүүдө. Ал салттуу нормалардын (ченемдердин) жана баалуулуктардын бузулушуна туш болот.

Натыйжада, жеке адамдарда же социалдык топтордо кандайдыр бир ыңгайсыздык сезими пайда болот, атүгүл светтик көп улуттуулук тенденцияларына каршылык көрсөтүү сезими жаралат.

Мындай мамиленин көрсөткүчү болуп айрым бир формалдуу нормалар (ченемдер) (мисалы, паспорттогу улуттук теги жөнүндө жакында гана алынып

салынган саптын болушу) саналат. Кыргыз Республикасынын саясий жана коомдук ишмерлери улуттук иденттүүлүк жөнүндө кеп кылганда, алар көбүрөөк даражада этникалык таандыктыкты карашат. Натыйжада, этникалык жамааттардын жана азчылыктардын бир бөлүгү «автономиялануу» тобокелдигине дуушар болушат, анткени алар ресурстарды толук бөлүштүрүү же чечим кабыл алуу процессине кошула алышпайт.

Мындан тышкары, коомдун ортосунда гендердик-жыныстык мүнөздөгү татаал жана бирдей эмес өз ара байланыш бар, ал дагы көйгөйлүү кырдаалдарды жаратат. Кыргызстандык аялдардын азыркы абалы корголбогон абалда. Патриархалдык каада-салттардын күчтүү таасирине кабылган аялдар жашаган аймактарда, алардын радикалдуу диний уюмдардын ишине аралашуусуна жана мүчө болушуна негиздер жаралат.

Жаштарды жарандык иденттүүлүктү таануудан баш тартуу үчүн биздин учурдагы реалдуулукта кандай негиздер бар:

**Биринчиден**, коом жалпы коомчулукка түшүнүктүү жана коомчулук тарабынан кабыл алынуучу Кыргызстандын өнүкгүү миссиясын, максаттарын, аларга жетүү жолдорун жана баалуулуктарын так аныктап түзбөгөндүгүндө.

Айрым бир жаштардын же топтордун баалуулуктары башкалар менен өз ара аракеттенүүнүн учурдагы нормаларына (ченемдерине) жана эрежелерине жарым-жартылай же толугу менен камтылбайт. Социалдык чындыкта, көптөгөн иденттүүлүктөрдүн так иерархиясы жок болгондуктан, жарандык жамаат түптөлбөйт экен.

Ушуга байланыштуу, кыйла түзүмдөлгөн, жөнөкөйлөштүрүлгөн баалуулуктар жана мыйзамсыз диний уюмдар сунуш кылган иденттүүлүктүн эң сымбаттуу модели жаштар үчүн эң жагымдуу жана ынанымдуу көрүнөт. Андан тышкары, алардын теократиялык халифат сыяктуу мамлекетти куруу образы мыйзамсыз диний окуулардын таасири астында калган жаштарга ары кызыктуу, атүгүл адилеттүү көрүнөт.

**Экинчиден,** адамдын же социалдык топтун позициясын өзгөртүү үчүн аракеттүү (таасирдүү) социалдык механизмдердин жоктугу байкалат. Жаштар

коомдун социалдык түзүмүнө өздөрүнүн тиешелүүлүгүн, ошол түзүмдүн мүчөсү экендигин сезишпейт. Жергиликтүү бийлик алардын «үнүн» угууга кызыкдар эмес же алардын керектөөлөрүн өздөрүнчө интерпретациялашат.

Эгерде жаш адам мыйзамсыз диний уюмга кирсе, көпчүлүк учурда алар өздөрүнүн бул уюмдагы орду жөнүндө билет, чечимдерди кабыл алуу процессине катыша алат жана «карьералык» жана статустук өсүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**Үчүнчүдөн,** экономикалык туруксуздук, жакшы жашоо шарттарынын жана ресурстардын бирдей эмес бөлүштүрүлүшү адамды өзүнүн жашаган жамаат менен байланыштырууга, анын мүчөсү катары өзүн сезүүгө кызыкдар эместигин жаратат. Биздин оюбузча, бул негиз азыркы Кыргызстандын шартында эң маанилүү негиздердин бири болуп саналат.

Экономикалык ресурстарды бирдей эмес же адилетсиз бөлүштүрүү жаш адамды чечим кабыл алуу процессинен, өзүнүн бакубат жашоосун өркүндөтүүдөн жана ишкердик өнүгүүдөн алыстатат.

Жаштарды өз жамааттарына диний мотивдер менен кызыктырып тартуу менен экономикалык жактан туруктуу жамааттар түптөлөт. Жакынкы Чыгыштагы согуштук аракеттерге катышуу үчүн жаштарды үгүттөөдө жана «жалдоодо», алардын өздөрүнө, ошондой эле, алар курман болгон учурда, үй-бүлөлөрүнө жашоо-тиричилигинин жакшы жакка өзгөрүшү, жыргалчылык, бакубат жашоо убадалат.

Көпчүлүк мыйзамсыз диний уюмдар эл аралык булактардан жетиштүү көлөмдө каржылангандыктан, жетиштүү каржылык мүмкүнчүлүктөргө, эркин каражаттарга ээ болушу мүмкүн.

**Төртүнчүдөн,** жогорку билим берүү системасы да жаштардын социалдашуусунун натыйжалуулугунун начардыгынан жапа чегип келет. Ресурстардын чектелгендигинен, жарандык коомду өнүктүрүүнүн бирдиктүү көз караштын жоктугунан улам, адамдарда жарандык иденттүүлүк дүйнө таанымын жандандыруу мүмкүн болбой жаткандай. Мунун көрсөткүчү болуп жаштардын укуктук сабатсыздык саналат.

Мамлекеттик билим берүү жана жарандык агартуучулук системанын фонунда, айрыкча региондордо радикалдуу диний уюмдардын диний агартуусу адамдардын кабылдоо көз карашынан алганда абдан жөнөкөй, кадыресе жана кызыктуу сымал көрүнөт. Алардын окуулары мамлекет учурда кабылган татаал абалдын себептерин жөнөкөй тил менен түшүндүрөт жана ресурстарды калыптандыруучу факторлорду максатка ылайык башкарууну тыкыр караштыруу керек.

Бул өз ара байланышкан негиздерди сактоо жаштарды туура багыттагы иш-аракеттерге карата ишмердүүлүгүн уюштурууга мүмкүндүк берип, мамлекетке каршы жана мыйзамга каршы тенденциялардын ролун төмөндөтөт.

Ошентип, азыркы Кыргызстанда жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу көйгөйү мамлекеттин эң маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

Иденттүүлүктүн, анын кризистеринин жана көйгөйлөрүнүн логикасын изилдебей туруп, көп маданияттуу жана ар түрдүү этностук калкы бар азыркы кыргызстандык чындыкты түшүнүү кыйын, мында жаштарды идентификациялоо маселеси коомдун жашоосунун диний чөйрөсүнүн динамикалык өнүгүшүнөн, мурдагы этностор аралык мамилелерде көйгөйлөрдүн болушунан улам өзгөчө курч байкалат.

Жогоруда белгиленген көйгөй Кыргызстандагы студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу контекстиндеги этникалык жана диний факторлордун катышын аныктоо максатында илимий изилдөөнү талап кылат. Студенттик жаштарды изилдөө объектиси катары алуу жаштардын максимализминен, социалдык адилетсиздикти кабылдоонун курч сезиминен, протесттик маанайдагы потенциалынын болушунан улам, ал деструктивдүү саясатчылардын же улуттук жана диний радикалдардын колунда ачык тирешүүгө баруучу курал болуу калышы мүмкүн экендиги фактысынан келип чыкты.

Бул көйгөйдү изилдөө алкагында Кыргыз Республикасынын ар кайсы

жогорку окуу жайларында билим алып жаткан студент жаштарга сурамжылоо жүргүзүлгөн.

Изилдөөнүн объектиси катары бакалавриаттын 2-3-4-курстарынын студенттери, ошондой эле магистранттар каралды. Бул студенттердин жана магистранттардын социалдашуу процесси рынок шарттарындагы адеп-ахлактык баалуулуктардын, диний артыкчылыктардын, салттуу карама-каршылыктардын өзгөрүлгөн атмосферасында өткөндүгүн белгилей кетүү керек.

Ушуга байланыштуу, жаштар коомдо болуп жаткан оң жана терс процесстер үчүн аярлуу топ болуп саналат. Ошону менен бирге, студент жаштар турмуштук активдүүлүгү, шамдагайлыгы жана кабыл алуучулугу жогору болгондугу менен мүнөздөлөт, алардын баалуулуктарда багыт алуу процесси аягына чыга элек болот, өзгөрүүлөргө дуушар болушу мүмкүн.

Коомдук чөйрөнүн таасири астында, көпчүлүк жаштарда алар өмүр бою алып жүрө турган, жүрүм-турумдук көз караштардын моделдери бекемделет. Ошондуктан, жалпысынан алганда, студенттик курак дүйнө таанымды, дүйнө кабылдоону өнүктүрүүнүн, баалуулук багыттарын калыптандыруунун чечүүчү мезгили болуп саналат.

Эмпирикалык изилдөө жүргүзүү үчүн биз студенттердин этникалык жана диний иденттүүлүгүн аныктоого багытталган атайын анкета иштеп чыктык. Сурамжылоого 610 студент катышкан. Студенттерге 21 суроо берилди, анын жыйынтыгында жарандык иденттүүлүккө байланыштуу алты маселе талданды.

Бул анкетанын жардамы менен гендердик жана этникалык, регионалдык, диний, кесиптик перспектива сыяктуу идентификациялык мүнөздөмөлөргө байланыштуу изилдөө үлгүлөрүнүн спецификалык мүнөздөмөлөрү да аныкталды.

Сурамжылоого катышканда респонденттердин арасында эркектер азыраак (18,9%), ал эми аялдар көбүрөөк (81,1%) бөлүгүн түзөт. Сурамжылоо социалдык-гуманитардык жана педагогикалык факультеттерде жүргүзүлгөн,

алардын негизги бөлүгүн пайыздык көсөткүч менен алганда аялдар түзөт. Респонденттердин негизги бөлүгү (87,9%) 18-22 жаш курактык топко кирет, бул ушул курактык категориядагы жаштардын илимий изилдөөлөрдө жогорку активдүүлүгүн көрсөтүп турат. Бирок, 23-26 (4,2%) жана 27-30 (7,9%) топтор кыйла аз санда көрсөтүлөт, бул улуу курактагы топтордун изилдөөлөргө анчейин активдүү катышпагандыгын көрсөтөт.




Сурамжылоого катышкандардын көбү, кайсыл бир динди кармanасыңарбы деген суроого өздөрүн кайсыл бир динди кармана тургандыктарын билдиришкен, бирок алардын арасында ырым-жырымдарды кармануунун практикасынын деңгээли ар башка, бул багыт алуулардын карама-каршылыгын көрсөтүп турат. Бул жаштар арасында диний ишенимдерди интерпретациялоонун жана практикалоонун ар түрдүүлүгү тууралуу күбөлөп турат.




Алынган маалыматтардын негизинде төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот: сурамжылоого катышкан студенттер күчтүү диний иденттүүлүккө ээ, алардын негизги бөлүгү – 70,3% өздөрүн мусулман катары

идентификациялай тургандыктарын билдиришкен. Биздин оюбузча, бул изилдөөгө катышкан студент жаштардын басымдуу бөлүгүнүн ислам динин кармануусу, бул сурамжылooого тартылган респонденттердин этникалык курамы менен шартталган.

Бул Кыргызстанда этностук жана диний окшоштуктарды бири-бирине дал келтирүү көз карашы орун алгандыктан болушу мүмкүн. “Мен кыргызмын – мен мусулманмын, мен орусмун – мен православ динин карманам ж.б.”

Ошондой эле бул исламдын Кыргызстандагы жаштардын жашоосуна, балким светтик мамлекеттин шартында маңызды издөө жана таандыктыкты издөө менен, тийгизген таасири жөнүндө күбөлөп турат.

Сиз өзүңүздү биринчи кезекте ким (кайсы идентүүлүккө Сиз өзүңүздү кошуп келесиз) деп эсептейсиз?
490 ответов




Респонденттердин салыштырмалуу азыраак пайызы (8,6%), биринчи кезекте, өздөрүн кыргыз деп идентификациялашкан. Бул диний тиешелүүлүккө караганда, этникалык таандыктык негизги ролду ойнобойт дегенди билдирет. Респонденттердин аз гана бөлүгү (13,4%) өздөрүнүн иденттүүлүгүн Кыргызстандын жараны катары белгилешкен, бул болсо атуулдуктун жана мамлекетке болгон берилгендиктин деңгээлин чагылдырат.

Респонденттердин өтө аз саны (0,6%) өздөрүн этникалык мусулман катары аныкташкан. Бул диний таандыктык көп учурда этникалык атрибут эмес, маданий атрибут катары кабылданарын көрсөтүшү мүмкүн. Респонденттердин бир аз пайызы (1,6%) жооп тандоодо кыйынчылыкка туш болушкан, бул сунушталган варианттардан алардын биринчи кезектеги инсандыгын аныктоодо кыйынчылыктар тууралуу айтышы мүмкүн. Айрым

бир респонденттер (2,9%) жооп беришкен жок, бул так идентификациянын жоктугунан же жеке өздүк маалыматтарын ачыкка чыгаргысы келбегендиктен болушу мүмкүн.

Сурамжылоонун натыйжалары адамдын өзүн-өзү аныктоого таасир этүүчү факторлордун ар түрдүүлүгүн баса белгилейт. Иденттүүлүк көп кырдуу жана контекстке жана жеке өздүк тажрыйбага жараша өзгөрүшү мүмкүн экенин эске алуу маанилүү.

«Элиңиздин этникалык маданияты жана каада-салттары менен байланышыңыз канчалык даражада күчтүү» деген суроого, диний таандыктыктын жана этникалык иденттүүлүктүн өз ара байланышы жөнүндө суроолорго берилген жооптордон пикирлердин ар түрдүүлүгүн көрүүгө болот. Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү өздөрүн бири-бири менен тыгыз байланышта деп эсептешет (22,7%), ал эми азыраак бөлүгү өздөрүн бири-бирине карама-каршы деп эсептешет (0,4%).




Бул сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү үчүн этникалык иденттүүлүктү калыптандырууда диндин маанилүүлүгүн көрсөтүшү мүмкүн. Бул диний жана этникалык иденттүүлүктүн татаал жана өз ара байланышкан табиятын чагылдырат. Дин көп учурда диний практикага гана кызмат кылбастан, баалуулуктарды жана каада-салттарды калыптандыруу менен, маданий жана этникалык иденттүүлүктүн маанилүү бөлүгү болуп саналат.

Ошондой эле, респонденттердин ири бөлүгү (22,7%) диний таандыктык жана этникалык иденттүүлүк жарым-жартылай байланышкан деп эсептешет.

Бул эки аспект өз ара аракеттениши мүмкүн, бирок сөзсүз түрдө эле бири-бирине дал келе бербейт деген түшүнүктү чагылдырышы мүмкүн. Респонденттердин өтө аз саны (0,4%) диний таандыктык жана этникалык иденттүүлүк бири-бирине карама-каршы келет деп эсептешет. Бул жеке өздүк тажрыйба же өзгөчө ишеним менен байланыштуу болушу мүмкүн болгон кызыктуу көз караш.

Респонденттердин азыраак бөлүгү (11,6%) кыргыз болуу мусулман болуу дегенди түшүндүрөт деген пикирди билдиришкен. Бул этникалык иденттүүлүктүн калыптанышына диний аспектилердин күчтүү таасиринен кабар бериши мүмкүн. Респонденттердин олуттуу пайызы (12,7%) үчүн суроого жооп берүү кыйынга турду. Бул диний жана этникалык иденттүүлүктүн ортосундагы байланышты аныктоодо кыйынчылыкка туш болуу тууралуу билдириши мүмкүн. 21,8% респондент суроого жооп берген жок, бул алардын жеке каалоолорунан же өз пикири менен бөлүшкүсү келбегендигинен улам болушу мүмкүн.

Сурамжылоонун жыйынтыктары диний тиешелүүлүк менен этникалык иденттүүлүктүн ортосундагы байланыштын ар түрдүүлүгүн баса белгилейт. Бул аспектилер жеке өздүк тажрыйбага жана маданий контекстке жараша өзгөрүшү мүмкүн экенин эске алуу маанилүү.

«Сиздин диний таандыктыгыңыз өзүңүздүн социалдык чөйрөнүңүздү тандоого канчалык таасир этет» деген суроого, сурамжылоого катышкандардын көбү диний көз карашына карабастан бардык адамдар менен баарлашарын айтышкан (55,4%), бул социалдык байланыштарды диний көз карашка карабастан кеңири кабыл алууну билдирет. Бирок, өзүнүн диний жамаатынын чегинде гана баарлашууну каалагандар да бар (5,2%), бул жалпы диний ишенимдердин негизинде социалдык байланыштарды түзүүнү чагылдырышы мүмкүн.




Баарлашууда социалдык чөйрөнү тандоонун эркиндиги толеранттуулукту жана айырмачылыктарды сыйлоону чагылдырат, ошондой эле байланыштарды жана социалдык чөйрөнү түзүүдө ишенимдин жалпылыгынын маанилүүлүгүн да баса белгилейт.

Бул маалыматтар жаштардын жеке өздүк каалоолорун жана көз караштарын баса белгилөө менен, азыркы коомдогу маданият, дин жана социалдык мамилелердин ортосундагы өз ара байланыштардын татаалдыгын чагылдырат.

“Кыргызстандагы учурдагы ар кандай диний жана этникалык каада-салттарга кандай карайсыз” деген суроого калктын пикирлерине карата кызыктуу көз караш сунушталды. Респонденттердин көпчүлүгү (26,2%) коомдогу маданий жана диний көп түрдүүлүккө ыйгарылган, баалуулук тууралуу кабарлап турган, каада-салттарга оң көз караште экендигин билдиришти.




Бул ар кандай маданий жана диний практикаларга карата сый мамилени

жана таандык болууга даярдыкты баса белгилеши мүмкүн. Бирок, буга карабастан, респонденттердин анча көп эмес пайызы – 3,1% терс көз карашын билдиришкен. Бул коомдогу маданий жана диний каада-салттар жаатында белгилүү бир чыр-чатактардын же карама-каршылыктардын болушунан кабарлап тургандай. Респонденттердин ири бөлүгү – 35,6% ар бир адам, диний же этникалык каада-салттарга, эгер алар коомго зыян келтирбесе, катышуу укугун колдой тургандыгы тууралуу пикири да кызыктуу.

Бул жеке өздүк эркиндик менен коомдук коопсуздуктун ортосундагы тең салмактуулукка умтулууну көрсөтөт. Жооп берүү кыйынчылыгына туш болгондор – 6,4% жана жооп берүүдөн баш тарткандар – 10,4% түзөт, бул суроого так көз карашты билдирүүдөгү кыйынчылык тууралуу кабарлашы ыктымал. Балким, бул маданий жана диний ар түрдүүлүк жөнүндө көз караштарда белгисиздиктин же бүдөмүктүн деңгээлин чагылдырат.

Сурамжылоонун жыйынтыктары маданий айырмачылыктардга толеранттуу жана сый мамиле жасаган коомду түзүү үчүн коомдо диалогдун жана өз ара түшүнүшүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт. Маданий мурастарды сактоо менен коомдук гармонияны камсыз кылуунун ортосундагы тең салмактуулукту сактоо менен ар бир адамдын укуктары менен эркиндиктерин урматтоону улантуу маанилүү.

“Сиздин оюңузча, Кыргызстанга жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу эмне үчүн керек” деген суроо кыргызстандык коомчулуктун жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун максатка ылайыктуулугу тууралуу ар түрдүү пикирлерин чагылдырат.




Сурамжылоого катышкандардын төрттөн бир бөлүгүнөн көбүрөөгү – 26,2% жарандык иденттүүлүк – бул активдүү жарандык катышууну стимулдаштыруу жана диний жана этникалык таандыктыгына карабастан, коомдун ар бир мүчөсүнүн укуктарын урматтоо куралы катары көрүшөт. Бул коомдогу инклюзивдүүлүккө жана тең укуктуулукка умтулууну күбөлөп турат.

Респонденттердин 22% жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу социалдык тилектештикти бекемдейт деп белгилешкен, ал эми 20% бул чыр-чатактарды жеңүү жана толеранттуулукту жогорулатуу үчүн маанилүү деп эсептешет. Сурамжылоого катышкандардын 14,3% пикири боюнча жарандык иденттүүлүк социалдык тилектештикти бекемдөөгө жана адилеттүү жана гармониялуу коомду өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Бул суроого жооп берүүдө кыйынчылыкка туш болгондордун же белгилүү бир маанидеги жооп бербегендердин ири үлүшү – 29,4% барабар, бул респонденттердин коомдогу жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун ролун аңдап-түшүнүүдө же баалоодо кыйынчылыкка туш болгондугун көрсөтүшү мүмкүн.

Ошентип, жүргүзүлгөн эмпирикалык изилдөө Кыргызстанда студент жаштардын өзүн-өзү аныктоосу дүйнө таанымдык карама-каршылыкты көрсөткөнүн күбөлөп турат.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу үчүн бакубатчылыктын

татыктуу деңгээли, улуттук экономиканын, маданияттын жогорку потенциалы, жеткиликтүү жана сапаттуу билим деңгээли, өлкөнүн ичинде ар түрдүү этностордун ортосундагы өз ара сый-урмат, ошондой эле коңшу жана өнөктөш-өлкөлөр тарабынан улутка болгон сый-урмат зарыл. Бул үчүн өлкөнүн өнүгүү багытынын векторун аныктаган, ички жана тышкы саясаттын мүнөзүн аныктаган, жалпы мамлекеттик деңгээлде баалуулуктарга багыт берүүчү багыттарды коюп, аларды мектептерде жана университеттерде жаштарга билим берүү жана тарбиялоо деңгээлине трансляциялаган так жана ачык идеология керек.

Жарандык иденттүүлүктүн конкреттүү компоненттерин калыптандыруу милдеттерине ылайык, учурдагы технологиялардын кеңири арсеналы төмөнкүдөй түзүмдөлгөн.

Жарандык иденттүүлүктүн когнитивдик компоненти көбүнчө өлкөнүн курамына кирген ар кандай этномаданий топтордун тарыхын жана салттарын изилдөө, алардын маданий мурастарын изилдөө аркылуу калыптанат. Бул үчүн интерациялык, биографиялык жана тематикалык дискуссиялар, талкуулар, аналитикалык конфликттин, маданияттар аралык өз ара аракеттенүү кырдаалдарында компромисс табуу жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн, аналитикалык жана чыгармачылык иштерди жазуунун технологиялары колдонулат

Жарандык иденттүүлүктүн эмоционалдык-сезимдик компоненти, анын мотивациялык түзүүчүсү иш алып баруунун жамааттык биримдик, маданий сензитивдүүлүк, синемалогия технологиялары тренингдери, башкача айтканда документалдык жана көркөм фильмдер менен иштөө, семинар-дискуссияларды өткөрүү сыяктуу тренингдик жана инсанга багытталган интерактивдүү формаларын колдонуу аркылуу ири даражада калыптанат.

Студенттердин жарандык иденттүүлүгүнүн жүрүм-турум компоненти студенттердин университеттин жашоосуна катышуусу, анын актуалдуу көйгөйлөрүн изилдөө жана аларды чечүү үчүн илимдин заманбап жетишкендиктерин колдонуу, ошондой эле студенттердин жеке

жетишкендиктерин жергиликтүү жана улуттук жамааттардын жашоосун жакшыртуу үчүн колдонуу аркылуу өткөн мезгил менен азыркы учурдун байланышын түзүүгө багытталган долбоордук иштердин технологиясынын жардамы менен калыптанат (гранттарды изденип алуу).

Студенттин инсандыгына комплекстүү таасир этүүнүн натыйжасы инсандын өзүнүн көп маданияттуу өлкөсүнө калыптанып калган аң-сезимдүү тиешелүүлүгү болуп саналат, ал төмөнкүдөй деңгээлдерде чагылдырылат:

1. улуттук аң-сезим - студенттердин өздөрүн көп этностуу өлкөнүн жарандары катары аңдап-таануусу, анын маданий-тарыхый мурастарына кызыгуусу, жалпы улуттук тилди кабыл алуусу, жарандык тилектештикти, жамааттык жоопкерчиликти күчөтүү;

2. улуттук сезимдер - өз өлкөсүнө эмоционалдык берилгендик сезимин, улуттук кадыр-баркты, сыймыктанууну жана атуулдукту күчөтүү;

3. социалдык-жүрүм-турумдук деңгээлде, улуттук ченемдерди сактоо жана ишке ашыруу, гуманисттик багыттардын жана цивилизациялуу жалпы адамзаттык жүрүм-турум ченемдеринин негизинде өлкөнүн жыргалчылыгы үчүн мекендештер менен өз ара аракеттенүүгө умтулуу жана жүзөгө ашыруу болуп саналат.

# БАП 3. СТУДЕНТ ЖАШТАРДЫН ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН КОНЦЕПТУАЛДЫК НЕГИЗДЕРИ

## 3.1. Студент жаштар өзгөчө социалдык феномен катары

Студенттердин жарандык иденттүүлүк көйгөлөрүн изилдөөнүн актуалдуулугу, эң алды менен, азыркы коомдогу жаштардын мааниси менен аныкталат. Бул эл аралык жана улуттук мүнөздөгү жогорку деңгээлдеги документтерде чагылдырылган. БУУнун Башкы Ассамблеясынын юбилейлик 50-сессиясынын 1995-жылдагы резолюциясында: «Бардык өлкөлөрдөгү жаштар өнүгүү максаттары үчүн негизги адам ресурсу катары да, ошондой эле социалдык өзгөрүүлөрдүн, экономикалык өнүгүүнүн жана техникалык

прогресстин негизги коштоочулары катары каралат» деп белгиленген.

Бүгүнкү күндө коомдун стратегиясы өзүнүн өнүгүү перспективасында жаш муундун кандайча көрө тургандыгын так, анык түшүнүүгө негизделиши керек. Ошол эле учурда жаштар саясатынын башкы максаты – жаштардын толук кандуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон социалдык шарттарды, аларды социалдык коргоо системасын, алардын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө жана өзүн-өзү таанытууга түрткү берүү системасын түзүү гана эмес, ошондой эле жалпы эле коомду «жашартуу» процессин баштоодо турат.

Жаштардын инновациялык жүрүм-турумунда, социалдык чыгармачылыгында, коомдун каада-салтын улантууга даяр экендигинде социумдун келечектеги өнүгүүсүнүн өбөлгөсү жаткандыгын түшүнүүгө коомдун көңүл чордонунун бурулушу зарыл.

Мамлекеттин учурдагы жетекчилиги тарабынан алдыга озунган инновациялык өнүгүүнүн принциптерине негизделген өлкөнүн социалдык-экономикалык системасын реформалоо боюнча масштабдуу милдеттер коомдо консенсус болбосо, өлкөнү өнүктүрүүнүн башка милдеттерин чечүүнүн негизи болуп саналган социалдык туруктуулукту камсыз кылуу контекстинде бириктирилбесе, ишке ашырылышы мүмкүн эмес.

Демек, тез глобалдашкан дүйнөнүн, азыркы мамлекеттүүлүктүн ачык-айкын чакырыктары болгон маданиятты батышташтыруу процесстеринин таасири астында улуттук маданияттарды жокко чыгаруунун реалдуу коркунучунун шарттарында жарандык иденттүүлүктү сактоо, реформалоо процессинин башкы актору катары чыга турган социалдык топторду социалдаштыруу процессинин мааниси өсүүдө.

Мамлекеттик жаштар саясатын иштеп чыгуунун, ченемдик-укуктук жөнгө салуунун жана ишке ашыруунун практикалык жагына да, ошондой эле аны изилдөөнүн чыныгы академиялык багыттары боюнча да актуалдуулук берип турган коомдун азыркы абалынын бир аспектиси азыркы социум тарабынан жаштарга карата чакырыктар системасынын болушу саналат.

Азыркы коомдо, анын ичинде глобалдашуу процесстери менен

байланышкан экономикалык, саясий жана социоменталдык мүнөздөгү бир катар объективдүү жана жекече акторлордон улам, жаштар тобокелдик зонасында болуп калды.

Бул процесстин өзгөчө мааниси – жаштар азыркы социумдарды өнүктүрүүнүн башкы ресурсу катары чыга тургандыгында.

Батыш жана Чыгыш Европа мамлекеттеринде жаштардын статусун, аларды социалдаштыруу процессин, мамлекет тарабынан корголгон жана ресурстук жактан камсыз кылынган өзгөчө укуктарды жана милдеттерди жөнгө салуучу улуттук мыйзамдар пайда болууда, аларды изилдөө бүгүнкү күндө да өз маанисин жогото элек.

*Жүргүзүлгөн талдоонун алкагында коом менен бийликтин өз ара аракеттенүү системасын деформациялаган өткөөл процесстер бир катар кризистер менен коштолот, алардын бири иденттүүлүк кризиси болуп саналат.*

Ар бир муун негизги, өзөктүү каада-салттардын жана баалуулуктардын алып жүрүүчүсү болуп саналат, ошондой эле өзүнүн активдүү ишмердүүлүгүнүн стадиясында социалдык-маданий жаратуунуен субъектиси катары чыгат. Социалдык-маданий мурасты кабыл алуу жана андан ары трансляциялоо – бул динамикалык жана татаал механизм болуп саналат, ал эми ар кандай бузулу, кадыресе нормадан оолактоо социалдык иденттүүлүктүн кризисине алып келиши мүмкүн.

Социомаданий улантуучулуктун нормалдуу абалы муундар аралык мамилелердин контекстинде базалык баалуулуктардын туруктуу биримдиги болуп эсептелет. Р.Ю. Шишкованын [259] айткандары менен макул бололу, ал, атуулдук – жарандык иденттүүлүктүн калыптанышын камсыз кылган өзгөчө базалык баалуулук, деген пикирди айткан.

Коомдук системанын иштөө процессиндеги муундардын ролун анализдөөнүн алкагында, айрыкча трансформациялоо, модернизациялоо жана демократиязациялоо этабында жаштарды изилдөөгө өзгөчө көңүл бурулат.

Биологиялык жана социалдык курамдардын өз ара байланышы жөнүндө

В.В. Павловскийдин [188] концепциясына ылайык инсандын жарандык сапаттарын калыптандыруу 16-17 жаштан тартып 29-30 жашка чейин үч этапта жүрөт. Биринчи этап жаңы «жетилген» жашоонун башталышы, жаңы стандарттар, жүрүм-турум үлгүлөрү, баалуулуктар жана күтүүлөр, анын ичинде коом менен да байланышкан.

Экинчи этапта, жаш адам барган сайын коомдун «кадыресе, жетилген» мүчөсү статусун алуу максатында коомдун жашоосунун ар кандай чөйрөлөрүн өздөштүрүү процессине аралаша баштайт.

Үчүнчү этаптын аягында бул курактык топтун өкүлдөрү калктын чоң кишилеринин бир бөлүгү болуп калышат, ошону менен, биринчи кезекте, коомдун андан ары өнүгүшүнө жана кийинки «муунду» даярдоого жооптуу социалдык коомчулуктун бир бөлүгү болр башташат. Демек, негизги жарандык сапаттарды калыптандыруу, жарандык баалуулуктарды жана ориентирлерди өздөштүрүү жаштык дооруна туура келет.

Жаштар – коомдун белгилүү бир социалдык-куракты катмары, ал аркылуу цивилизациянын ар кандай түрүнүн, бүтүндөй коомдун коомдук мамилелеринин бүткүл жыйындысы кайра жаралат. Бул жалпылыктын айырмалоочу белгиси – өзүнүн бир кылка эместигинен, бүткүл ар түрдүүлүгүнө карабастан, ал инсандык, физиологиялык жана социалдык калыптануу процесстери менен мүнөздөлөт.

Кайсыл бир тарыхый мезгилдердеги социалдык, руханий, саясий жана экономикалык шарттарга жараша, бул куракты топ цивилизациялуу өнүгүүгө тоскоол болушу да мүмкүн, ошондой эле салым кошушу да ыктымал.

Адамдын инсандык сапаттарынын жыйындысынын өнүгүү деңгээли коомдук прогресстин социалдык чен-белгиси (критерийи) болуп саналат. Коомдун андан аркы өнүгүүсү жаштар тигил же бул тарыхый инновацияларды жана баалуулуктарды (материалдык, адеп-ахлактык, руханий) кантип өздөштүргөнүнөн жана кабыл алганынан, аларды чыгармачылык менен өздөштүргөнүнөн түздөн-түз көз каранды ( Коврижных)

Азыркы этапта илимде жаштарды изилдөө менен алектенген бир нече изилдөө багыттары түптөлүп калган, алсак:

- *жаштардын философиясы* – жаштардын жашоо-турмушунун онтологиялык маселелерин, анын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өзгөчөлүктөрүн, бул курактык топтун конкреттүү-тарыхый коомдогу ордун жана ролун, анын ар кандай курактык баскычтарынын генезисин жана маанисин, ошондой эле аны изилдөөнүн гносеологиялык жана логикалык-методологиялык көйгөйлөрүн изилдеген философиялык илимдин өзгөчө тармагы; ( Павловский [188])

- *ювенология*

- жаштардын социологиясы

Жаштарды социологиялык изилдөөнүн төмөнкү багыттарын бөлүп карашарын белгилей кетүү керек: *психоаналитикалык*, мында жаштыкты иликтөө, негизинен, жаш адамдын инсандыгынын жаш курактык психофизикалык өзгөчөлүктөрүнө негизделет (И. Кон [138], С. Иконникова [100] ж. б.); *структуралык-функционалдык*, индивиддер тарабынан толтурулган позициялардын системасы катары жаштардын тобун талдайт.

Ошентип, азыркы этапта жаштардын коомдук турмушка катышуусун социологиялык талдоо анын системалык талдоодо каралат, мисалы, постсоветтик муундагы жаштардын жүрүм-турум багыттары (М.А. Ядова [275]), жаштар чөйрөсүндөгү лидерлик жана аутсайдерлик (В.П. Бабинцев [24], И.В. Бояринова [47] Е.В. Реутов [201]), азыркы жаштардын баалуулук багыттары (В.Е. Семенов [208]) ж. б. каралган.

Жаштардын жаш курагы, бир жагынан, коомдун жашоо-турмушунун ар кандай компоненттерин кабыл алып-өздөштүрүү үчүн эң жакшы мезгил; экинчи жагынан, коомдун көйгөйлөрүнө эң чоң кызыгуу пайда болгон жана эң башкысы, өзүн көрсөтүүгө жана коомдук мамилелерде өз ордун табууга жигердүү умтулуу жаралган жашоонун өзгөчө учуру. ( Ольшанский [182])

Илимий ой жүгүртүүдө “жаштар” категориясынын жалпы кабыл алынган аныктамасы жок, бирок талдоо үчүн анын негизги өзгөчөлүктөрүн

бөлүп көрсөтүү кажет:

- спецификалык психологиялык жана социалдык белгилерге эгедер болгон, мындай өзгөчөлүктөрдүн бар экендигин ошол жаш курагы менен гана эмес, алардын ошол учурдагы руханий дүйнөсү, коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык абалы калыптануу, бекемдөө мезгилинде болуп жаткандыгы менен да аныктоого мүмкүн болгон, чоң коомдук топ;

- коомдогу ар кандай баалуулуктарды туруктуу активдүү кайра баалоодон турган өзгөчө социалдык-психикалык сапаттардан улам адамдардын жаш курагына карата эмес, өзгөчө чыгармачыл жана социалдык-психологиялык категориясы катары чыккан инсандардын тобу.[22]

Жаш муундун жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүүнүн жана калыптандыруунун негизги механизмдери аң-сезимдүү кабылдоо, кайталап тууроо жана идентификациялык мүнөздөмөлөрдү зарыл түрдө кабыл алуу болуп саналат. ( Шишкова Р.Ю. [259])

Азыркы жаштардын айырмалоочу социалдык сапаты негизги социалдык баалуулуктарды, ориентирлерди, жүрүм-турум үлгүлөрүн ж.б. мурастоо жана кайра жаратуу жөндөмүнө гана байланыштуу болбостон, коомдук мамилелердин социалдык түзүмүн активдүү өркүндөтүүгө жана өзгөртүүгө катышуу болуп саналат. Жаштар коомдук жашоо-тиричиликтин катышуучусу катары трансляциялык, инновациялык жана кайра жаратуучу функцияларын аткарышат. Жаштар коомго ыңгайлашып эле тим болбостон, социалдык ишмердүүлүктүн субъектисине айланган социалдык демилге – бул ювентизация менен социалдашуунун катышынын оптималдуу жолу болуп саналат. ( Соц.мол. Лисовская [150]).

Е. В. Слуцкий [217] жаштар менен коомдун өз ара мамиле-катыштарын шарттуу түрдө төмөнкүдөй типтерге бөлөт:

- өз ара аракеттенүүнүн *авторитардык тиби* коомдун, мамлекеттин жана калктын «кадыресе, жетилген» топторунун өсүп келе

---

Анын көп сандуулук, социалдык-саясий активдүүлүктүн жогорку потенциалы, социалдаштыруучу институттарга кошулуусу сыяктуу мүнөздөмөлөрү, бул талап кылынган баалуулуктарды жана жүрүм-турум моделдерин интенсивдүү киргизүүгө мүмкүндүк берет, жаштарды коомдук

изилдөөлөрдүн өзгөчө категориясына айландырат, аны талдоо башкаруучу режимдер үчүн да, оппозициядагы күчтөр үчүн да тактикалык жана стратегиялык мааниге ээ.

Жаштар бир жагынан мамлекеттик-бийлик системасын азыктандырган өзгөчө ресурс, экинчи жагынан коомдук-саясий процесстердин субъектиси болуп саналат. Мунун баары сүрөттөлүп жаткан жалпылыкты мамлекеттин ичиндеги социалдык жана саясий туруктуулуктун маанилүү факторуна айлантат.

Сунушталган концепцияда жарандык иденттүүлүктүн калыптанышынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аны өнүктүрүүнүн *социалдык-маданий шарттары* белгиленип бөлүнүп турат. *Биринчи* маанилүү шарты, биздин пикирибиз боюнча, саясий системанын өзгөчөлүктөрүн жана бийликтин позициясын, анын мүнөзүн жана туруктуулук даражасын эске алуу болуп саналат.

Албетте, саясий системанын абалы, адамдардын жарандык позициясынын маанилүү консолидациялоочу ролун түшүнүү бүтүндөй коомдун жарандык чөйрөсүн калыптандырат, демек, өлкөнүн жаш муундарынын жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү шарттайт.

*Экинчи* маанилүү шарт деп, биз өздүк жарандык позицияны жана жаш муундун өзүнүн иденттүүлүгүн өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө карата мотивациясын эсептейбиз..

Жарандык мотивациянын динамикасы чыныгы чен-белгилерди (критерийлерди) жана көрсөткүчтөрдү эске алуу менен ар кандай социалдык практикалардын саясий процессинин ар кандай деңгээлдеринде ар кандай өлчөмдөрдө жайгаштырылган жарандык аң-сезимдин көрүнүштөрүнө, ошондой эле өзүнүн өздүк жарандык позициясына карата рефлексивдүү мамилеге таасир этүү процессинде гана мүмкүн болот.

*Үчүнчү* шарт – бул инсандын жарандык иденттүүлүгүн түптөө процессине катышкан үй-бүлөгө жана башка насаатчыларга жарандык

иденттүүлүктү калыптандыруу механизмдерин түшүндүрүү болуп саналат.

Чоң кишилерде бул процесстерге карата активдүү даярдыкты, бүгүнкү күндөгү формалдуу, кайдыгер мамиледен баш тартууну өнүктүрүү маанилүү.

Мындай шарттарда билим берүү жана жаштар саясаты системалары жарандык социалдаштыруунун жана коомдун жарандык билиминин эң туруктуу институттары болуп калышы мүмкүн.

*Төртүнчү* маанилүү шарт катары биз жарандык иденттүүлүктү түптөөгө карата интегративдик мамилен-ыкманы карайбыз. «Үй-бүлө – мамлекеттин жаштар саясаты – билим берүү – коомдук институттар» – бул жаш муундун жарандуулугун системалуу калыптандыруунун мейкиндиги, ал жаш муундун атуулдук аң-сезимин жогорулатуу жана активдүү жарандык коомду калыптандыруу сыяктуу маанилүү социалдык-саясий милдеттерди чечүүгө түздөн-түз таасир эте алат. Системаны түзүү үчүн теориялык-методологиялык моделди иштеп чыгуу зарыл.

*Бешинчи* шарт – өлкөдөгү социомаданий трансформациянын өзгөчөлүгүн сөзсүз эске алуу; жарандык иденттүүлүктүн калыптануу модели коомдун жана мамлекеттин социомаданий таасирине багытталган мобилдүү, ийкем, «жандуу» болушу керек.

*Алтынчы* шарт – социалдык колдоонун, экономикалык жана саясий аракеттердин конкреттүү механизмдерин иштеп чыгуу, алар жаш муундарды идентификациялоонун башаламан процессин рационалдуу нукка буруута, багыттоого өбөлгө түзөт.

Сунушталган концепция социалдык-маданий трансформация шарттарында жарандык иденттүүлүктүн калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүгүн билдирет.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу процесси үчүн көп улуттуу мамлекеттин ата мекендик тажрыйбасын, тарыхый, маданий, социалдык, саясий, экономикалык жана конфессиялык өзгөчөлүктөрүн пайдалануу мыйзам ченемдүү болуп саналат.

Бул учурда жалпы калктын жана айрыкча жаштардын жарандык

иденттүүлүгүн өнүктүрүүгө терс таасирин тийгизген аспектиде, анын айрым өзгөчөлүктөрүн сөзсүз түрдө эске алуу зарыл, алсак:

- ар кандай өздүк жана өздөштүрүлгөн институттардын жана каада-салттардын айкалышы;
- социалдык-саясий процесстерди демилгелөөдө коомдун эмес, мамлекеттин жетектөөчү ролу;
- мамлекетти трансформациялоо жана коомду модернизациялоо процесстеринин ар тараптуу багыттуулугу.

Ошону менен бирге, биздин оюбузча, инсандын жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө болгон бир катар өзгөрүүлөрдү бөлүп көрсөтүү зарыл: баалуулук багыттарынын жана маданий системалардын ар түрдүүлүгү; философиялык концепциялардын жана илимий көз караштардын көп түрдүүлүгү; диний плюрализм; маалыматты жайылтуу жана сунуштоо-берүү чөйрөсүндөгү инновациялар.

Жогоруда айтылгандардын негизинде жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун стратегиясы мамлекеттик жаштар саясаты менен билим берүү саясатынын спецификасын, ошондой эле жарандын инсандыгын, анын жарандык аң-сезимин калыптандырууга багытталган жаш муундун социумдун маанилүү сегменти катары өзгөчөлүктөрүн эске алууну талап кылат деген тыянак чыгарууга болот.

Бул процесс ар бир адамдын жоопкерчиликтүү тандоосун аныктайт жана бүтүндөй коомдун жарандык маданиятын жогорулатат.

Биздин оюбузча, жаштар менен мамлекеттин кызматташуу процесси мамлекет тарабынан демилгелеши керек. Бүгүнкү күндө ал өзгөртүлүп жатат жана жеке байланыш механизмдеринен тартып долбоордук механизмге жана жаштар парламентаризмине чейин чоң спектрге ээ, аларды өнүктүрүү жана өркүндөтүү зарыл.

*Мисалы, социалдык колдоо адамды Интернеттеги кандайдыр бир социалдык топко (чат, форум ж.б.) киргизүү-кошуу аркылуу жүргүзүлөт. Ар кандай жамаат сыяктуу эле, Интернет колдонуучуларынын субмаданияты*

*айрым колдонуучулар карманган баалуулуктардын, стандарттардын, тилдин, символдордун жыйындысына ээ. Мындай топко кошулуу менен, адам белгилүү бир колдоого ээ болот, бул өз кезегинде позитивдүү социалдык иденттүүлүктүн калыптанышына өбөлгө түзөт («өзүбүздүн арабыздагы өз адам»).*

Демек, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу идеологиялык жүктү көтөрбөйт жана активдүүлүк, өз алдынчалуулук, чечим кабыл алуу жөндөмдүүлүгү, жоопкерчилик, демилгелүүлүк ж. б. сыяктуу инсандык сапаттарды калыптандырууга багытталган.

**Жарандык тарбиянын максаты – студентте активдүү жарандык позицияны калыптандыруу**, аны өлкөнүн коомдук турмушуна аң-сезимдүү, жоопкерчиликтүү катышууга тартуу жана өз элинин жыргалчылыгы үчүн социалдык чындыкты өзгөртүү. Биздин терең ишенимибизде, эгерде балдардын жана жаштардын адеп-ахлактык жана физикалык саламаттыгын коргоочу мыйзамдар кыйла натыйжалуу болсо, мамлекеттик колдоо чаралары да олуттуу натыйжаларды берет. Бул үчүн, биздин оюбузча, төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

– ата мекендик адеп-ахлактык жана маданий каада-салттардын жана баалуулуктардын негизинде үй-бүлөнүн, коомдук-саясий жана маданий чөйрөнүн, бийлик органдарынын, жаштар жана билим берүү саясатынын адеп-ахлактык-тарбиялык функцияларын күчөтүү;
– жаштардын чөйрөсүндө руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарды сиңирүү (калыптандыруу) үчүн социалдык көрнөк-жарнак каражаттарын пайдалануу;
– үй-бүлөнүн тарбиялык таасирин, анын балдарды социалдаштыруудагы ролун жогорулатууга мүмкүндүк берүүчү механизмдерди өнүктүрүү;
– студент жаштардын физикалык, психикалык жана руханий-адеп-ахлактык саламаттыгына жана өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтык продукциядан укуктук коргоону камсыз кылуу;

– билим берүү жана жаштардын бош убактысын өткөрүү чөйрөсүндө коопсуз социалдык инфраструктураны өнүктүрүүнү камсыз кылуу.

Тилекке каршы, бүгүнкү күндө жаштардын катышуусун технологиялаштыруу тенденциясы инсандын өзүн-өзү аңдап-түшүнүүсүнүн бир бөлүгү катары жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу контекстин жана азыркы жаштардын өзгөчөлүктөрүн эске албаган, жөнөкөй кадыресе ишмердүүлүктү билдирет. Мына ошондуктан, жаштарда жарандык иденттүүлүктүн калыптанышынын моделин иштеп чыгуу абдан маанилүү.

Практикалык тажрыйбанын рефлексиясы жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда мамлекеттин ролу жөнүндө тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

Мамлекеттик жаштар саясаты мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан үй-бүлөнүн, билим берүү системасынын, маданият жана спорт чөйрөсүнүн, жаштардын коомдук бирикмелеринин, өкмөттүк эмес уюмдардын, ар кандай саясий партиялардын жана башка юридикалык жана жеке жактардын өнөктөштүк катышуусу менен түзүлүп жана ишке ашырылууга тийиш. Мамлекеттик жаштар саясатынын милдеттеринин бири жаңы муундун жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүүдө болушу кажет.

Сунушталган концепция жарандык иденттүүлүк феноменин конкреттүү социалдык-саясий контекстте адам баласынын белгилүү бир мамлекеттик жалпылык менен байланышы же окшоштугу процессинин аң-сезимдүү натыйжасы катары түшүнүүнү билдирет.

Адамдын жарандык иденттүүлүгүнүн түзүмүндө үч компонент бар: когнитивдик, баалуулук-мотивациялык жана ишмердүүлүк (аракет кылуу).

Алгачкы эки компонент жаш муундун «руханий активдүүлүгүнүн» калыптанышына өбөлгө түзөт: алсак, базистик баалуулук багыттары, анын ичинде – мекенчилдик, этикалык, укуктук, саясий билимдер, коомдун материалдык жана руханий маданияты, мамлекет тарабынан кабыл алынган коомдук көз караштар, мамилелер жана мыйзамдар түрүндөгү адеп-ахлак

ченемдеринин (нормаларынын) системасы (адеп-ахлактык мааниде).

Ишмердүүлүк (аракет кылуу) компоненти «иш-аракеттердин активдүүлүгүн» өнүктүрөт: инсандын реалдуу жүрүм-туруму, анын социалдык-адеп-ахлактык милдеттерди аткаруу жөндөмү, өзүнүн ишмердүүлүгүндө коомдук баалуулуктарды өздөштүрүүсү.

Бардык үч компонент, биринчи кезекте, балдар жана жаштар менен тыгыз байланышта болгондугуна карабастан, азыркы учурда ар бир өлкөнүн жаштар саясатынын приоритеттеринин арасында жаштардын сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруу, дене тарбияны жана массалык спортту өнүктүрүү маанилүү орунду ээлейт (расмий документерден шилтеме).

Аймактарда мамлекеттик жаштар саясатынын бул багытын ишке ашырууда көптөгөн көйгөйлөр бар, алар көп жагынан методологиялык, ченемдик-укуктук жана технологиялык, алдын-алуу (профилиатика) ишинин негиздеринин толук иштелбегендиги менен шартталган.

Профилактиканын (алдын-алуунун) субъекттери өздөрүнүн ролун жетиштүү даражада так көрө алышпайт, профилактиканын (алдын-алуунун) башка субъекттеринин ролу, функциялары жана ыйгарым укуктары жөнүндө бүдөмүк түшүнүккө гана ээ.

Мунун натыйжасында иш-аракеттердин координацияланбагандыгы, тийиштүү ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн жоктугу көйгөйү келип чыгат. Бул көп учурда жаштар саясатын ишке ашырып жаткан кадрлардын кесипкөйлүгүнүн деңгээлинин төмөндүгү менен байланыштуу.

Алкоголизмдин, баңгиликтин жана токсикоманиянын алдын-алуу жана жаштар арасында сергек жашоо образын пропагандалоо чөйрөсүндө иштеген адистерди даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасы азыркыга чейин калыптана элек. Көп учурларда окутуунун бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бербеген маалыматтык-лекциялык форматы колдонулуп келет. Окутуунун интерактивдүү формалары (тренингдер, ишкердик оюндар) өтө сейрек колдонулат.

Айрыкча муниципалдык билим берүү системасында иштеген адистердин

квалификациясын жогорулатуу боюнча иш чабал (начар) уюштурулган. Саналып өткөн учурда болуп келген объективдүү көйгөйлөр жаштар саясатынын бул тармагында жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардын натыйжасын минималдаштырат.

Жаштардын бош убактысын уюштуруу боюнча ишмердүүлүк төмөнкүдөй максаттарды көздөйт: инсандын өзүн-өзү аныктоосу, анын өзүн-өзү көрсөтүүсү үчүн шарттарды түзүү; жарандыкты жана социалдык позитивдүү багыттарды калыптандыруу; жалпы жана укуктук маданияттын жогорку деңгээлин тарбиялоо; антикоомдук, антимамлекеттик жана укукту бузуу иш-аракеттерине жол берилбестигине туруктуу ынанымдуу көз караштарды түзүү.

Билим берүү мекемелеринин окуучулары жана студенттери үчүн эс алууну уюштуруу чөйрөсүндөгү жаштар саясаты боюнча мыйзамдар маданий-агартуу жана спорттук-ден соолукту чыңдоо мекемелерин, мекеменин менчик ээси белгилеген тартипте жеңилдетилген тариф боюнча төлөм жүргүзүү менен, ал эми жетим балдар, ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн акысыз, пайдаланууга карата гана артыкчылыктуу укук берет. Бирок жогоруда белгиленген максаттарга жетүү үчүн методикалык негиз да, ошондой эле жакшы уюштурулган процесс да керек.

Жаш адамдын, анын социалдашуу процессиндеги, инсандыгынын атуулдук жана жарандык негиздерин калыптандырууда массалык спорт менен маданияттын ролун баалабай коюуга мүмкүн эмес. Дал ушул негиздер ар бир адамды улуттук идентификациялоого өбөлгө түзөт, аны өздөштүрүүсүз жана кабыл алуусуз жарандык жана атуулдук аң-сезим калыптана албайт.

Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышынын маанилүү социалдык-маданий шарттарынын бири тарыхый эс-тутум болуп саналат. Ар бир коомдун өзүн-өзү аңдап-билүүсү тарыхтан башталат. Анын символикалык мааниге ээ болгон окуялары жалпы элдин жана айрыкча, ар бир адамдын жарандык иденттүүлүгүнүн маңыздык негизин түптөйт.

Биздин аң-сезимибиз, анын ичинде тарыхый аң-сезим да, күнүмдүк

жашоо-турмуштун реалиялары да, ошондой эле адабият, искусство жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу трансляцияланган образдар да таасирге кабыла тургандыгы талашсыз факт.

Дал ушул жаш муун, ар кандай жаңылыктарга эң мобилдүү жана ыкчам, ийкем кабыл алуучу катары, башкаларга караганда баалуулуктук жана дүйнө таанымдык кайра түзүүлөргө көбүрөөк кабыла тургандыгын түшүнүү өтө маанилүү, ошол эле убакта жаштар өздөрү үчүн да, ошондой эле коом үчүн да жаңы болгон реалдуулукка тартылган болот, алар ал чындыкты насаатчылардын максаттуу жардамы жок эле, капысынан өздөштүрүшөт.

Заманбап маалыматтык технологияларды жайылтуу жаңы мүмкүнчүлүктөрдү гана ачпастан, ошондой эле жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү чөйрөсүндө жаңы көйгөйлөрдү жаратууда. Жаңы медианын пайда болушу адамдарды идентификациялоонун заманбап системаларына белгилүү бир түзөтүүлөрдү киргизип жатат. Жаңы интерактивдүү медиалар этнос жана маданият менен байланышпаган иденттүүлүктүн жаңы формалары жөнүндө маселени көтөрүп келишет, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун натыйжалуулугу көбүнчө процесстин аксиологиялык багытынан көз каранды, ал «өзүн-өзү түзүүчү, өзүн-өзү өзгөрткөн жандык» болуу катары түшүнүлөт.

Биздин пикирибиз боюнча, жаш муундар үчүн жарандын *жеке өздүк тажрыйбасы жана байкалган жүрүм-турум үлгүлөрү алардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуу каражаты болуп саналат*, бул чыныгы саясий, экономикалык, социалдык чындыкка, анын тенденцияларына жана карама-каршылыктарына кайрылууну билдирет.

Саламат аң-сезимди, адашууларды, мифтерди камтыган жеке өздүк тажрыйба бул учурда жарандык билим берүү жана тарбиялоо процессинде илимий түшүнүүнү талап кылат. Жеке өздүк жана социалдык тажрыйбаны когнитивдик кайра иштеп чыгуу өнүгүүнүн тереңдеги механизмдерин, өлкөдө жана дүйнөдө болуп жаткан окуялардын чыныгы маанисин түшүнүүгө мүмкүндүк берет

Ошондой эле, азыркы Кыргызстан үчүн жарандык иденттүүлүктүн калыптанышы көп маданияттуу чөйрөдө жүрүп жатканы ачык көрүнүп турат. Жаштарды чындыкка багыттоонун жаңы жолдору керек экени анык. Массалык стандарт салттуу топтук маданияттын баалуулуктарынан айырмаланып, жеке өздүк иденттүүлүктү бекемдебейт, «Мен киммин?» жана «Мен ким мененмин?», «Мен эмнеге умтулушум керек жана эмне үчүн?» деген суроолорго даяр жоопторду бербейт. Жаштар «өздөрүн издөөгө» аргасыз болушат жана аларга бул учурда коом жана мамлекет жардам берүүгө тартылат.

Ошентип, жарандыкты калыптандыруу жана жаштардын атуулдугун өнүктүрүү үчүн улуттук сыймыктын жалпы предметтеринин болушу олуттуу мааниге ээ.

**Биздин пикирибиз боюнча, мамлекеттин милдети – башкы маселеде турат, алсак, өлкөнүн жаранынын социалдык аң-сезиминин калыптанышына жана өнүгүшүнө, ошондой эле анын өзүнүн коомдук жана кесиптик маанисин түшүнүүгө жардам берүү.**

Мындан тышкары, жаштардын чөйрөсүнүн өзүндө коомдук жана саясий институттардын интеллектуалдык компетенттүүлүгүнө жана алардын маалыматтарына ишенбөөчүлүккө байланыштуу социалдык активдүүлүктүн жана баарлашуунун жаңы формаларын издөө жүрүп жатканын эстен чыгарбоо керек, ал, албетте, жаш жарандардын идентификацияланышына тасир этүүчү, формалдык эмес кыймылдардын кеңири жайылышында ачык байкалат.

Г.М. Андреева туруксуздук кырдаалында коомдук-саясий талдоону талап кылган массалык аң-сезимге мүнөздүү негизги процесстерди бөлүп көрсөткөн: а) калыптанган социалдык стереотиптердин (туруктуу көз караштардын) глобалдык бузулушу; б) баалуулуктар системасынын өзгөрүшү жана в) иденттүүлүк кризиси [Андреева]

Саясат таануу, психология, философия жана башка гуманитардык илимдер жаатындагы изилдөөлөр, бизди, социалдык иденттүүлүк (Биз кимбиз?), анын ичинде жарандык иденттүүлүк олуттуу түрдө социалдык

статуска, тагыраак айтканда – инсандардын, индивиддин социалдык ресурсуна, өзүнүн жашоосун өз алдынча камсыз кылуу, мамлекет жана жарандык коом менен өзүн бирдейлештирүүнүн методдорун жана ыкмаларын тандоо мүмкүнчүлүктөрүнүн потенциалынан көз каранды экендигине ынандырат.

С. Г. Климова, иденттүүлүк кризисин изилдеп жатып, өзгөрүлүп жаткан коомдо адамдар мурунку иденттүүлүгүнөн бошонушат, алар тигил же бул жамаат сунуштаган жеке өздүк баалуулуктардын дал келүүсүнө багыт алуу менен жаңы жалпылыктарды салыштырууга, тандоого, түзүүгө аргасыз болушат деген жыйынтыкка келген. Жеке адам же индивид коомду «өзүнүкү» катары ал анын максаттары менен төп келгендиги үчүн гана эмес, ошондой эле аларга жетишүүнүн жолдору ал үчүн моралдык жактан алгылыктуу болгондуктан улам тааныйт[Климова].

Чет элдик жана ата мекендик тажрыйбага таянган бир катар изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде адамдын туруктуу идентификациядан баш тартуусу да кайсыл бир даражада аң-сезимдүү тандоо экени белгиленген. Азыркы мезгилдеги адам белгилүү бир маданиятка жана салтка байланган салттуу коомдун адамынан айырмаланып, бир жерде токтоп калбайт жана ар кандай фиксациядан, «байланып калуудан» качат. Азыркы адамдын иденттүүлүгүн «бул жерде – жана – азыр – иденттүүлүк» деп аныктоого болот [Климова].

С. Ю. Ивanoванын пикири боюнча, адамдын «өзүн-өзү жоготуусу» эмес, жеке тандоонун мазмуну бекитиле турган бекем, туруктуу каркастын жоктугу көйгөй болуп саналат. **Азыркы дүйнөдөгү жагдайларга байланыштуу жарандык иденттүүлүк көп учурда мындай каркас болуп саналбайт.**

Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышынын негизги факторлору – адамдын дүйнөгө карата активдүү мамилеси, өзүнүн кызыкчылыктарын институционалдык жолдор менен локалдаштыруу жана коргоо жөндөмүнө байланыштуу саясий активдүүлүк; социалдык реалдуулук кубулуштарына карата өз алдынча мамилени белгилөө жөндөмдүүлүгү, өз алдынча чечим

кабыл алууга даярдык; өз аракеттерин эстеп калууга жана алардын мүмкүн болуучу кесепеттерин аңдап-түшүнүүгө негизделген келечектүү жоопкерчилик; биргелешкен ишмердүүлүктүн ар кандай формаларына, жалпы максаттардын жана баалуулуктардын тегерегинде тилектештикке жөндөмдүүлүк болуп саналат.

Ошол эле учурда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун башкы шарты ар бир жарандын рационалдуу жана этикалык жактан негизделген эрежелерди сактоосу менен байланышкан социалдык ишеними, бул эрежелердин аткарылышына жана натыйжалуулугуна ишенүүсү, башка катышуучулардан өз ара милдеттенмелердин аткарылышын күтүүлөрү болуп эсептелет.

Жарандык иденттүүлүк кризиси баалуулуктардын, сезимдердин, эрежелердин ж.б. татаал системасынын айрым элементтеринин жоголушу же мындайча айтканда, күчсүздөнүшү менен байланыштуу. Демек, жарандык иденттүүлүктү калыптандырууну аны жаңы деңгээлде калыбына келтирүү, кайтаруу тегиздигинен кароо зарыл. Биз бул көбүнесе мурункуга дал келбеген (мисалы, совет мезгили үчүн мүнөздүү) иденттүүлүктүн жаңы формасы болоорун билишибиз керек.

Ошентип, инсандын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун бардык социалдык-маданий шарттары жөнүндө кеп кылуу менен, биз ар бир башкаруучу (бийлик жүргүзүүчү) режим коомго таасир этүү рычагдары катары объективдүү шартталган социалдашуу процессине жана жаш муундун кийинки жарандык активдүүлүгүнө талап кылынган идеологиялык багыт берүүгө мүмкүндүк берүүчү кошумча институттарды түзүшү керек деген тыянакка келебиз.

Жыйынтыгында ар бир ушундай тарбиялык-мобилизациялоочу система жөнгө салынган механизмге айланат.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун негизги технологияларын атап өтөлү:

1. *Социалдык долбоорлоо технологиясы*, мында социалдык долбоор – бул социалдык маанидеги максатка жетүү үчүн зарыл болгон өзгөрүүлөрдү башкаруунун чыгармачыл методу, бул долбоордун авторлорунун баалуулуктарын жана алардын учурдагы чындыкка болгон мамилесин чагылдырат.
2. *«Студент жаштардын толеранттуу аң-сезимин жана жүрүм-турумун калыптандыруу»* программасы. Программа студент жаштардын толеранттуу аң-сезим жана жүрүм-турум көз караштарын түптөөгө чөйрөсүндөгү негизги милдеттердин чечилишин камсыз кылууга багытталган иш-чаралардын комплекси болуп саналат.
3. Программа: «*билим берүүнүн социалдык-маданий модернизациясынын шартында инсандын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу».* Программанын максаты: жалпы жана жогорку билим берүү системасында иштеген педагогдордо студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү, стратегиялары, тактикасы жана каражаттары жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу.
4. *«Дебат» технологиясы* – көйгөйдү чечүү ыкмасы туура экендигине башкаларды ынандыруу технологиясы. Дебаттарды өткөрүү – бул өзүнүн позициясын так жана логикалык ырааттуу түрдө билдирүүгө, ынанымдуу фактыларды жана далилдерди табууга үйрөтүүнүн натыйжалуу каражаты. Ошондой эле, алар коомдук пикирге таасир этүү же жүргүзүлүп жаткан саясатты өзгөртүү жөндөмүнө ишеним сезимдерин өрчүтүшөт.
5. *«Жарандык форум» технологиясы* – бул олуттуу, коомдук маанилүү маселелерди талкуулоо аркылуу жаштардын коомдук турмушка катышуу жолдорунун бири. Технологиянын маңызы – багыттуу диалог процессинде кандайдыр бир коомдук маанилүү көйгөйдү чечүү үчүн үч-төрт ыкманы кылдат, тыкыр жана көп тараптуу талдоо. Жарандык форумду уюштуруу жана алып баруу технологиясы – диалогдук

байланыш технологиясы. Жарандык форумдун катышуучулары башка адамдардын идеяларын кабыл алууга ачык болууга тийиш. Форумдун жүрүшүндө маселени ар тараптан талкуулоого, аны чечүүгө сунушталган ар кандай мамилелердин кесепеттерин талкуулоого мүмкүнчүлүк пайда болгону абдан маанилүү. Бул учурда, катышуучулардын бири бир нерсе боюнча өзүнүн оюн, көз карашын өзгөртө алат. Форумду өткөрүүнүн жыйынтыгында катышуучулар сөзсүз түрдө эле бир пикирге келиши керек эмес. Аны өткөрүүнүн максаты – биргелешкен иш-аракеттер үчүн жалпы негизи, өзөктүү табуу. Жарандык форум жалпы жамааттын кызыкчылыгын көздөгөн жана аны чечүү үчүн адамдардын биргелешкен аракеттери зарыл болгон татаал маселелерди талкуулоо үчүн колдонулат.

Ошентип, жарандык иденттүүлүктү жана мекенчилдикти калыптандыруу системасын натыйжалуу ишке ашыруу жаштар менен иш алып барган кадрларды максаттуу даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу шартында гана мүмкүн экендиги анык. Билим берүүнүн мазмунундагы акыркы жылдардагы өзгөрүүлөр азыркы Жарандын атуулдугун жана жарандыгын өнүктүрүү үчүн оптималдуу шарттарды камсыз кылуу менен байланышкан негизги суроолорго түшүнүктүү, так жооп бере алган жок деп эсептейбиз.

Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу узак мөөнөттүү процесс, бирок «үй-бүлө – билим берүү – коом» бирдиктүү системасын куруу менен жана аны калыптандыруунун натыйжалуу механизмдерин аныктоо менен сезилерлик натыйжага жетишүүгө болот. Бул маселеде маанилүү роль калктын жаш муунунун жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун моделине таандык болот. «Үй-бүлө – билим берүү – коомдук институттар» – демек, жаш муундун жарандыгын системалуу түптөө, айрыкча, актуалдуу болуп саналат, анткени ал жаштардын коомдук-саясий активдешүүсүнүн негизинде жарандык коомду өнүктүрүүнүн маанилүү социалдык милдетин чечүүгө түздөн-түз таасир эте алат.

## 4.2. Азыркы Кыргызстандын шарттарындагы кыргыз жараны концепциясынын ишке ашыруу тажрыйбасы

Маданий ар түрдүүлүктү сактоого багытталган “Кыргыз жараны” концепциясы жалпы элдин биримдигин бекемдейт. Азыркы күндө Кыргызстанда жашагандардын жалпы жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууну көздөгөн “Кыргыз жараны” концепциясы жүзөгө ашыруу иш-аракеттери жигердүү жүрүүдө. Республикабызда жашаган ар бир этностун өз тилин жана маданиятын сактоо, өнүктүрүү жана ошону менен катар жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандырууга карата ар тараптуу иш-чараларды, иш-аракеттерди жана ишмердүүлүктү жүргүзүү аталган документтин өзөгүн түзөт.

«Кыргыз жараны» концепциясы - бул укуктук негизге ээ болгон документ. Учурда илим, маданият, идеология тармагында иш алып барган мамлекеттик мекемелер, коомдук уюмдар жана жарандык активисттер бул концепциянын негизинде алгылыктуу иш жүргүзүп жаткандыгын байкоого болот.

Жарандык иденттүүлүктү максаттаган «Кыргыз жараны» концепциясы боюнча университеттерде атайын окутуу курстары, илимий багыттагы ар түрдүү иш-чаралар: конференциялар, семинарлар, кереге отурумдар, жолугушуулар жана баарлашуулар байма-бай өтүп жаткандыгы, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу, телекөрсөтүүлөр жана радиоуктурууларды даярдоо, социалдык тармактар аркылуу коомчулукка жеткирүү иши колго алынгандыгы бул багытта жасалып жаткан кадамдар жалпы улуттук идеологияны түптөөгө негиз болгондой.

Мамлекеттик катчы С.Касмамбетов да өз сүйлөгөн сөзүндө: «Өлкө жарандарынын этникалык ар түрдүүлүгүнө карабай ынтымагы бекем, бир максатты көздөгөн коомду куруу – концепциянын негизги максаттарынын бири. Ошондуктан концепцияны ишке ашырууда мындан ары дагы коомдук уюмдардын көмөгү, алардын иликтөө жана талдоо иштеринин жыйынтыгында

келип чыккан сунуштамалары жана мамлекеттик органдар менен эриш-аркак иш алып баруусу маанилүү», – деп баса белгилеген.

Бул концепция мамлекеттин этникалык саясатынын биринчи стратегиялык документи болду, ал анын негизги багытын – Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди бекемдөөнү аныктады. “Кыргыз жараны ким экенин”, жарандык өзүн-өзү таануунун этностук же башка иденттүүлүктөн айырмасы кандай экендигин түшүндүрүү жана ЖМКлар аркылуу калктын бардык катмарында кыргыз жараны деп өзүн таануу түшүнүгүн калыптандыруу маанилүү болуп саналат.

Кыргызстандыктардын ан-сезиминде, өздүк ички туюмунда кыргыз жараны деп өзүн таануу жөнүндө бирдиктүү түшүнүктү калыптандыруу, коомдун, өлкөнүн жана мамлекеттин социалдык биримдигин бекемдеп өнүктүрүүдөгү ролун жана кыргыз жараны концециясынын бардык аткаруучуларынын аны жүзөгө ашыруудагы милдеттемелерин жогорулатуу – бул стратегиялык концепциянын эң башкы максаты.

Эксперт Санжар Тажиматов да бул концепциянын иштелип чыгышынын бир катар өбөлгөлөрүн баса белгилөө менен, учурдун зарылдыгы катары баалаган. Калктын каада-салтына жана турмуш-тиричилигине негизделген концепциянын идеясынын пайда болушу тууралуу кенен маалымат берген.

Концепциянын авторлошу, эксперт Чынара Эсенгул бул концепция өзүнүн маңызы менен өтө уникалдуу экендигин жана “Кыргыз жараны” деп аталышынын өзү өлкөнүн аталышы – Кыргыз Республикасы деген сөздөн келип чыккандыгын жана этностук таандыктыгын сактоо менен бардык этностук коомчулуктарды бириктирген жалпы жарандык өзүн таануу аталышы болуп саналарын белгилеген.

Бир катар көрүнүктүү инсандар да аталган концепциянын негизги максаты Кыргыз Республикасынын бардык этностук жамааттарын өздөрүнүн этномаданий бирдейлигин сактоо менен бириктирип турган жалпы жарандык бирдейликти өнүктүрүү жана илгерилетүү үчүн жагымдуу чөйрөнү өнүктүрүү

экендигин белгилеп келитшет.

Кыргыз жараны концепциясын ишке ашыруу боюнча мамлекеттик деңгээлде бир катар олуттуу жана маңызында натыйжалуу иш-аракеттер, иш-чаралар жана иш-мерчемдери максатталып, аларды ишке ашыруу боюнча тиешелүү документтер таризделип мекемелерге түшүрүлгөн. Арийне, бул багыттагы иштерди алып баруу дароо жемишин бере албайт, а бирок ар тараптуу, ыраттуу жана системалуу жигердүү ишмердүүлүк өз жыйынтыктарын жакынкы келечекте тартуулайт.

Бардык муниципалдык, мамлекеттик кызматкерлер, аскер кызматкерлери, этностук, диний коомчулук, жаштар жана балдар ж.б. бириктирүү менен ар бир мамлекеттик, ведомстволук мекемелер, уюмдар, агенттикттер ж.б. биргелешип аракеттенишсе, олуттуу натыйжаларга жетишүү мүмкүн.

Ар бир мекеме: КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты улуттук комиссиясы, КР Билим берүү жана илим министрлиги, КР Ички иштер министрлиги, КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик ж.б. өз ишмердүүлүгүнүн багытына, милдеттенмелерине жана иш алып баруу деңгээлине жараша тийиштүү иш-чараларды алып барат, ар биринин өзүнө тиешелүү милдеттемелери Концепцияда так таризделген.

Адатта, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу институту үй-бүлө болуп келген. Инсандын алгачкы социалдашуусу, социалдык нормаларды (ченемдерди) жана баалуулуктарды кабыл алуусу, жарандык жүрүм-турум үлгүлөрүн өздөштүрүүсү үй-бүлөдө жүрөт. Бирок муундар аралык өз ара мамиле-катыштардын тартыштыгы орун алган коомдо үй-бүлө балдардын жана неберелердин жарандык калыптанышына карата өзүнүн таасирин жоготууда. Өлкөдө жана жалпы дүйнөдө болуп жаткан окуяларга баа берүү боюнча жаш муундун ата-энелеринин позициясы көп учурда карама-

каршылыктуу келет. Мындан тышкары, улуу муундагылар бул темада кичүүлөр менен кантип сүйлөшүүнү билбейт.

Барган сайын көп учурда биздин балдардын тарбиячысы катары массалык маалымат каражаттары, Интернет, курчап турган социум болуп барат. Буга байланыштуу өсүп келе жаткан жаш муундун маалыматты адекваттуу баалоону билбестиги, маалымат булактарынын сапатына жана ишенимдүүлүгүнө сынчыл мамиле кыла албастыгы көйгөйү жаралат. Биз өлкөбүздүн жаш муундарында жарандыкты калыптандыруу көйгөйүнө туш болуп жатабыз, анткени бул процесс ЖМК аркылуу начар көзөмөлдөнөт жана күтүүсүз натыйжага ээ, ал эми үй-бүлөдө жаранды тарбиялоо системасыз болуп саналат жана көп учурда коомдун жана мамлекеттин муктаждыктарына жооп бере албайт.

Бул шарттарда мамлекет, билим берүү системасы, коомдук-саясий уюмдар, ЖМК, маданият жана спорт чөйрөсү ж.б. жаштардын аң-сезиминдеги жана жүрүм-турумундагы терс тенденцияларга бөгөт коюу менен, коомдо жарандык маданиятты бекемдөө үчүн аларга мүнөздүү каражаттарды пайдалануу менен жана үй-бүлө менен жарандык коомдун ортосундагы байланыштыруучу тогоо (звено) болуу менен, жарандык социалдаштыруунун жана жарандык билим берүүнүн интегративдүү өтө туруктуу институту болуп калышы мүмкүн.

Жаштардын жарандык иденттүүлүгүн коомдук-мамлекеттик система формасында системалуу калыптандыруу процессинин жогоруда аталган катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсү биз изилдеп жаткан тема боюнча керектүү болгон билимдерди ата-энелер жамаатына жеткире алат, анткени дал ушул жерден идентификациялоо процесси башталат.

Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышынын деңгээли бул процесс жүрүп жаткан социомаданий чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүнөн, курчап турган социумдун таасиринен, социалдык мамилелердин өнүгүшүнөн жана алардын өзгөчөлүктөрүнөн көз каранды.

# КОРУТУНДУ

Кыргызстандын жаштарынын жарандык иденттүүлүгүн комплекстүү карап чыгуунун негизинде диссертацияда төмөнкүлөр аныкталды:

- Жарандык иденттүүлүктүн философиялык-методологиялык негизи;
- Студенттердин жарандык иденттүүлүгүнүн түптөлүшүнүн өзгөчөлүктөрү каралды;
- Жарандык иденттүүлүктүн түптөлүшүнө социомаданий трансформациянын тасири аныкталды;
- Жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүүдө мамлекеттик бийликтин ролу каралды;
- Жарандык иденттүүлүктүн түзүмдүк жана мазмундук мүнөздөмөлү ачылды;
- Жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышынын мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталды, жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун модели иштелип чыкты.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө илимий гипотеза тастыкталган, алсак, мамлекеттик жаштар жана билим берүү саясатын жүзөгө ашырууда: жарандык иденттүүлүктүн интегративдик маңызы жана анын калыптанышына интегративдик мамилени; жарандык коомдун өнүгүүсүнүн жана анын саясий туруктуулугунун инсандын калыптанган жарандык иденттүүлүгүнөн көз карандылыгын; студент жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун объективдүү процессинин жөнгө салуучусу катары мамлекеттин ролун; жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу процессинде мамлекеттик саясаттын субъекттеринин жана коомдун өз ара аракеттенүү системасынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек болгон кыргыз коомунун социалдык-маданий трансформация кырдаалында жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышы өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө, түзүмүнө, мазмунуна, мыйзам ченемдүүлүктөрүнө, өнүгүү практикасына ээ .

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча бир катар тыянактарды

чыгарууга болот:

1. Жарандык иденттүүлүк адамдын конкреттүү социалдык-маданий контекстте белгилүү бир жарандык коом менен бирдейлигинин аң-сезимдүү процесси катары, ал коомдун баалуулуктарын кабыл алуу, анын өнүгүшүнө активдүү позитивдүү таасир этүү катары жана жарандык коомдун туруктуулугунун индикатору катары мүнөздөлөт. Жарандык коомду калыптандыруу процессинде коомдун өзү да, мамлекет да, айрым жарандар да, алардын ортосундагы мамилелер да бир убакта социалдаштырылат жана демократиялаштырылат.

Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышын изилдөөдө интегративдик мамиле-ыкманы колдонуу бул процессти интегративдик кубулуш катары трансдисциплинардык позициялардан, анын калыптанышынын интегративдик негиздерин эске алуу менен түшүнүү болуп саналат. Бул учурда инсан жарандык коомго интеграцияланып, анын калыптанышына жана өнүгүшүнө таасирин тийгизген интегративдик көрүнүш катары каралат. Социомаданий трансформация да азыркы жаш муундун жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн интегративдик чөйрө болуп саналат, демек, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу социалдык бириктирүү технологиялары аркылуу жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун интегративдик структураларын куруу аркылуу трансдисциплинардыкка негизделип ишке ашырылат.

2. Инсандык калыптануу мезгилинде жарандык иденттүүлүктүн эң интенсивдүү калыптанышы байкалат, ал негизинен жарандык коомдун социалдык жана саясий кайра түзүлүшүнүн перспективаларын аныктайт. Мамлекетте жана жарандык коомдо инсандык идентификациянын ролун баса белгилөөгө багытталган коомдук-мамлекеттик системаны түзүүнүн демилгечиси жана жаштардын жана билим берүү саясатын модернизациялоо аркылуу студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун объективдүү процессин жөнгө салуучу катары социалдык-маданий трансформация мезгилинде мамлекеттин ролу өзгөчө маанилүү болуп саналат.

3. Идентификациялоонун башаламан процессин рационалдуу нукка

багыттоого өбөлгө түзүүчү социалдык колдоонун, экономикалык жана саясий аракеттердин конкреттүү механизмдерин иштеп чыгуу мамлекеттик саясаттын маанилүү милдети болушу керек

4. Жарандык иденттүүлүктүн түзүлүшү жана мазмуну, жарандын, мамлекеттин жана коомдун өз ара мамилелеринин мүнөзү, маданият, тил жана каада-салттар жөнүндө билимдер өздөрүнчө өтө таасирдүү боло бербейт. Адам жана мамлекет үчүн жалпылыктын бул элементтеринин инсандык мааниси, коомдук баалуулуктардын системасына кириши маанилүү болуп саналат, бул жарандык иденттүүлүктүн когнитивдик, баалуулук-мотивациялык жана аракеттик компоненттеринде чагылдырылат.

5. Түзүлгөн жарандык иденттүүлүк жарандык иденттүүлүктүн бардык компоненттеринин калыптанышы менен аныкталат. Когнитивдик жана баалуулук-мотивациялык компоненттер студенттин «руханий активдүүлүгүн»: базистик баалуулук багыттарын, анын ичинде – атуулдукту, этикалык, укуктук, саясий билимдерди, коомдун материалдык жана руханий маданиятын, адеп-ахлак ченемдерин калыптандырууга көмөктөшөт, ошондой эле өзүнүн жарандык аракеттерин жана өзүнүн жарандык позициясын өз алдынча баалоого мүмкүндүк берет. Аракеттик компонент «руханий активдүүлүккө» багытталган «иш-аракеттердин активдүүлүгүн»: инсандын реалдуу аң-сезимдүү жүрүм-турумун, анын социалдык-адеп-ахлактык милдеттерди аткара билүүсүн, коомдун жана мамлекеттин жыргалчылыгы үчүн өзүнүн ишмердүүлүгүндө коомдук баалуулуктарды өздөштүрүүсүн өнүктүрөт. Жаштардын асоциалдашуусуна жана деструктивдүү жаштар жамааттарынын пайда болушуна жол бербөө, бөгөт коюу үчүн инсандын «руханий активдүүлүгүн» өнүктүрүү «иш-аракеттердин активдүүлүгүн» өнүктүрүүдөн мурда болушу керектиги түшүнүктүү нерсе.

6. Көп улуттуу мамлекеттин ата мекендик тажрыйбасын, Кыргызстандын тарыхый, маданий, социалдык, саясий, экономикалык жана конфессиялык өзгөчөлүктөрүн пайдалануу «кыргыз жараны» жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу процесси үчүн мыйзам ченемдүү болуп саналат. Калыптануу

процесси жарандык иденттүүлүктүн түзүмүнүн бардык компоненттерин калыптандырууга багытталган бирдиктүү коомдук-мамлекеттик системага таянуу менен түзүлүшү керек.

7. Жарандык иденттүүлүктүн калыптанышы саясий процесстердин динамикасын жана жарандык коомдун өнүгүү багытын, саясий туруктуулукту болжолдоого мүмкүндүк берет.

Мындай божомол Кыргызстандын студенттеринин жарандык иденттүүлүгүнүн когнитивдик жана баалуулук-мотивациялык компоненттеринин багыты менен аныкталган инсандын социалдык жана саясий иш-аракеттеринин негизинде гана жүзөгө ашырылышы ыктымал. Иденттүүлүк бүгүнкү күндө туруктуу маңызды билдирбейт, демек, аны билим берүү жана тарбиялоо каражаттары менен өнүктүрүүгө мүмкүн.

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү стандарттарына жана программаларына ылайык билим берүү максаттарына багытталган бир катар сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет:

1. студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу жана ага байланыштуу темалар боюнча тажрыйба алмашууга мүмкүндүк берген конференцияларды жана семинарларды өткөрүү;

2. окуу программаларын жарандык иденттүүлүктүн маданий-спецификалык жана жалпы улуттук компоненттерин эске алуу менен кеңири көп маданияттуу көрүнүштү калыптандыруучу методикалык мазмундуу материалдар менен толтурууну камсыз кылуу;

3. эне тили мамлекеттик тил менен дал келбеген студенттер жана алардын үй-бүлөлөрү үчүн тил курстарын жана дискуссиялык билингвалдык клубдарды уюштуруу;

4. өлкөдө жашаган ар кандай этностордун маданияттарындагы жалпы гуманисттик баалуулуктарга жана каада-салттарга, алардын улуттук

коомдун өнүгүшүнө кошкон салымдарына басым жасоо (бардык билим берүү сабактарынын материалына);

5. башка маданияттардын өкүлдөрүнүн стереотиптик образдарын кайра аңдап түшүнүүгө багытталган аналитикалык рефлексивдүү технологияларды өздөштүрүү;

6. студенттердин маданий-биографиялык жана тарыхый тажрыйбаларын азыркы учурдун социалдык-инсандык жана жалпы адамзаттык, улуттук жана глобалдык көйгөйлөр боюнча талкуулардын контекстине интеграциялоо;

7. бардык жалпы билим берүү жана маданий-спецификалык дисциплиналардын материалында студенттердин когнитивдик полицентрдик базасын кеңейтүү;

8. өлкөнү өнүктүрүү үчүн коомдук маанилүү максаттарда студенттердин кесиптик компетенцияларга ээ болуусуна максаттарды коюу;

9. студенттерди гуманисттик багыттагы коомдук-жарандык, ыктыярчылар, экологиялык, кесиптик багыттагы ишмердүүлүккө тартуу;

10. студенттерди-бардык этностордун өкүлдөрүн коомдук-маанилүү гуманисттик багыттагы ишмердүүлүккө тартууга багытталган этнографиялык изилдөө конкурстарын, гранттарды уюштуруу;

11. улуттун курамындагы элдердин биримдигине жана ар кандай этностордун өкүлдөрүнүн өлкөнүн өнүгүүсүнө (аскердик-атуулдук, эмгек, илимий, чыгармачылык) кошкон салымына арналган иш-чараларды (этно-фестивалдарды, маданият күндөрүн) өткөрүү.

## АДАБИЯТ:


1. Указ Президента КР от 10 апреля 2013 года УП №74 “О Концепции укрепления единства народа и межэтнических отношений в Кыргызской Республике”. 1-б.

2. КР Конституциясы.- Конституция КР.Кабинет Министров Кыргызской Республики (www.gov.kg).
3. Концепции укрепления единства народа и межэтнических отношений в Кыргызской Республике на 2013-2017 гг.// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/61588?cl=ru-ru
4. Концепция развития гражданской идентичности – Кыргыз жараны – в Кыргызской Республике на период 2021–2026 годы [Электронный ресурс]. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/430346/10?cl=ru-ru&mode=tekst .
5. КРнын Министрлер Кабинетинин 2023-.ж.,23-майындагы №251 буйругу.
6. Отчет КР на 55-й сессии Комитета ООН по экономическим, социальным и культурным правам, Женева, 1 июня 2015 //https://tbinternet.ohchr.org› DownloadDraft.
7. Указ Президента КР «О Концепции государственной политики Кыргызской Республики в религиозной сфере на 2014-2020 годы» от 14.11.2014, http://www.president.kg/ru/news/ukazy/4901
8. Укрепление гражданского единства, на основе общегражданской идентичности «Кыргыз жараны» //из Программы развития Кыргызской Республики на период 2018-2022 гг. «Единство, доверие, созидание» П.п.6.6.

1. Абельс, Х. Интеракция, идентичность, презентация [Текст]. Введение в интерпретативную социологию: пер. с нем. яз. / Х. Абельс; [ под общ. ред. Н. А. Головина, В. В. Козловского]. – СПб.: Алетейя, 2000. – 272 с.
2. Абушенко, В. Л. Идентичность [Электронный ресурс] // Новейший философский словарь / сост. и гл. науч. ред. А. А. Грицанов. – Минск: Книжный Дом, 2003. - URL: http://opredelenie1.ru/noveys-hiy-filosofskiyslovar/i/identity/(дата обращения 18.09.2023 г.)
3. Абросимова, К.А. Анализ сущности понятия «Гражданская идентичность» [Текст] / К.А. Абросимова // Сборники конференций НИЦ Социосфера, 2014. – №. 5. - С. 42-45.
4. Агеев, В.С. Межгрупповое взаимодействие: социально-психологические проблемы[Текст] / В.С. Агеев. - М.: Изд-во Моск. унта, 1990. - 390 с.

5. Агеев, В.С. Межгрупповое поведение [Текст] / В.С. Агеев. - М.: Изд-во Моск. ун-та, 1988. - 240 с.
6. Азимов, Т.Г. Идентичность как глобальная проблема современности: политологические аспекты [Текст] : автореф. дис. ... канд. полит. наук / Т.Г. Азимов. – М., 2000. – 24 с.
7. Азметова, Р.Ф. Структура этнических и гражданских идентичностей в Башкортостане [Текст] / Р.Ф. Азметова // Человек. - 2007. - № 5. - С. 57-60.
8. Айтматов Ч.Т. Национальное и глобальное в культуре. Единство и разнообразие в культуре.// Центральная Азия и культура мира.-Б.,1997.-№2-3 .-174с.
9. Акимова, М.К. Роль гражданской идентичности в структуре социального капитала [Электронный ресурс] / М.К. Акимова, С.В. Персиянцева // Гуманитарные научные исследования. - 2015. - № 6. - Режим доступа : http://human.snauka.ru/2015/06/11812 , свободный. – Дата обращения : 16.01.2023.
10. Али М. Брик Лейн. М. : Росмэн, 2005. 56-б.
11. Аманалиев Б. Общественная психология и религиозные предрассудки. – Фрунзе: Илим, 1970. – 85 с.
12. Амирханова, С. В. Становление идентичности молодежи в современном российском обществе риска [Текст]: автореф. дис. ... канд. социол. наук / С. В. Амирханова. – Казань, 2009. – 24 с.
13. *Андреева Г. М.* Социальная психология. Москва: Изд-во МГУ, 1988. 429-б.
14. Арутюнян, С. Ф. Концептуальный анализ феномена идентичности и особенности ее формирования, развития и проявления [Текст]: автореф. дис. … д-ра психол. наук / С. Ф. Арутюнян. – Ереван, 2007. – 42 с.
15. Ахметшина, Г. Х. Патриотическое воспитание как фактор формирования гражданской идентичности учащейся молодежи [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук / Г. Х. Ахметшина. – Казань, 2015. – 28 с.
16. Арутюнов С.А. Этничность - объективная реальность.// Этнографическое обозрение.-1995.-№5.
17. Арутюнова, Е. М. Формирование государственно-гражданской идентичности молодежи: на примере московских студентов : дис. канд. социол. наук : 22.00.01 [Текст] / Е. М. Арутюнова. – М., 2007. – 154 с.
18. Арутюнян, Ю. В. Этносоциология [Текст] / Ю. В. Арутюнян,Л. М. Дробижева, А. А. Сусоколов. – М. : Аспект-Пресс, 1999. – 272 с.

19. Арутюнян, С. Ф. Концептуальный анализ феномена идентичности и особенности ее формирования, развития и проявления [Текст]: автореф. дис. … д-ра психол. наук / С. Ф. Арутюнян. – Ереван, 2007. – 42 с.
20. Арутюнова, Е.М. Формирование государственно-гражданской идентичности молодежи (на примере московских студентов) [Текст] : дис. … канд. соц. наук / Е.М. Арутюнова. – М., 2007. - 154 с.
21. Асмолов, А. Г. Формирование гражданской идентичности как ключевая задача образования в социокультурной модернизации России : монография [Текст] / А. Г. Асмолов, О. А. Карабанова, М. С. Гусельцева идр. ; под науч. ред. А. Г. Асмолова. – М. : ФИРО, 2012. – 251 с.
22. Ачкасов, В. А. Этническая и национальная идентичности в современном мире [Текст] / В. А. Ачкасов // Вестник СПбГУ. – Сер. 6. – 2012. – Вып. 1. – С. 85–91.
23. Ачкасов, В.А. Политика идентичности мультиэтничных государств в контексте решения проблемы безопасности [Текст] / В.А. Ачкасов. - Спб.: Изд-во С.-Петерб. Ун-та, 2012. - 232 с.
24. *Бабинцев В.П., Бояринова И.В., Реутов Е.В*. Лидерство и аутсайдерство в молодежной среде региона // Социологические исследования. 2008. № 3. 42-87-б.;
25. Баженова, О. С. Этническая идентичность в контексте социально-экономического развития [Текст] / О. С. Баженова // Социально-гуманитарные знания. – 2011. – № 1. – С. 335–341.
26. Бадмаев, В.Н. Феномен национальной идентичности (социально-философский анализ) [Текст] : дис. ... д. филос. наук / В.Н. Бадмаев. - Волгоград, 2005. - 292 с.
27. Балич, Н.Л. Социальная идентичность: теоретико-методологические основания социологического анализа [Текст] / Н.Л. Балич // Социологический альманах. - 2013. - №4. – С. 214-220.
28. Баранова, Т.С. Теоретические модели социальной идентификации личности [Текст] / Т.С. Баранова / Социальная идентификация личности. - М.: Институт социологии РАН, 1993. – 11 с.
29. Баталов Э. Я. Русская идея и американская мечта. М.: Прогресс-Традиция, 2009. 12-14-б.
30. Батырев, Д.Н. Проблема национальной идентичности в глобализирующемся мире (социально-философский анализ) [Текст] : дис. … канд. филос. наук / Д.Н. Батырев. – Элиста, 2009. - 196 с.

31.Баталов Э. Я. Русская идея и американская мечта. М.: Прогресс-Традиция, 2009. 12-14-б.
32.Бауман З. Индивидуализированное общество. М., 2002. С. 17.
33.Безгина, Н. В. Гражданская идентичность как компонент в социальном становлении человека [Текст] / Н. В. Безгина // Известия Тульского университета. – 2014. – № 2. – С. 177–186.
34.Белинская, Е.П. Идентичность личности в условиях социальных изменений [Текст] : дис. ... д. псих. наук / Е.П. Белинская. - М., 2006. - 479 с.
35. Беляева, Л.А. Толерантность в структуре гражданской идентичности личности / Л.А. Беляева, Ю.А. Семенова // Философия образования. - 2010. _ №2. - С. 240-246.
36.Белякова, Е.А. Конструирование этнической идентичности в современной России [Текст] : автореф. дис. … канд. соц. наук / Е.А. Белякова. - Саратов, 2007. - 20 с.
37.Безгина, Н. В. Гражданская идентичность как компонент в социальном становлении человека [Текст] / Н. В. Безгина // Известия Тульского университета. – 2014. – № 2. – С. 177–186.
38.Беннигсен А. Мусульмане в СССР.-Париж, 1983.-С.4.
39.Бергер П. Общество в человеке//Социологический журнал. 1995. №2. С. 162-180;
40.Бергер П. Приглашение в социологию: Гуманистические перспективы. М., 1996;
41.Бергер П., Лукман Т. Социальное конструирование реальности. Трактат по социологии знания. М.( 1995;
42.Бокарев, В. А. Трансформация и развитие социально-политических ориентаций учащейся молодежи московского мегаполиса на рубеже XX-XXI вв. [Текст] : автореф. дисс. … д. фил. наук / В.А. Бокарев. – Москва, 2009. - 51 с.
43.Болтыков, О. В Дидактические основы формирования гражданской идентичности курсантов военного вуза [Текст] / О. В. Болтыков // Актуальные проблемы физической и специальной подготовки силовых структур. – 2016. – № 3. – С. 12–15.
44.Большаков А.Г., Зазнаев О.И. Формирование гражданской идентичности: проблемы, современное состояние, перспективы //Исторические, философские, политические и юридические науки, культурология и искусствоведение //

Вопросы теории и практики: В 3 ч. Ч. II. Тамбов: Грамота, 2012. № 12 (26).
